Лаборатория, возглавляемая проф. А.А.Алдашевым, многие годы плодотворно занималась изысканием новых антигельминтных препаратов из местного сырья и изучением их фармако-токсикологических и антигельминтных свойств в тесном научном сотрудничестве с химиками - синтетиками и практическими ветеринарными врачами. Характерным для научной деятельности Абдулхая Алдашевича и его учеников являлось стремление идти новыми путями и завершать научный поиск созданием лекарственных средств. Абдулхаем Алдашевичем и его учениками был предложен ряд эффективных антигельминтиков против аноплоцефалятозов овец как препарат КММН, вермицид и другие.

Круг научных интересов профессора Алдашева А А не ограничивался только вышеописанным. Он первопроходец и создатель цикла словарей по кыргызской научной терминологии в области биологии, зоологии, ветеринарии и зоотехнии, которые апробированы Терминкомом НАН КР, используются при написании специальной литературы, учебников, научных работ, популярных статей и других произведений на кыргызском языке. В многотомной «Кыргызской Советской энциклопедии», отраслевых энциклопедиях все специальные термины по вышеуказанным отраслям знаний принадлежат профессор Алдашеву А.А. На основе его терминологических разработок изданы 9 словарей русско-латинско-кыргызских терминов и «Краткая энциклопедия биологических терминов номенклатура животных».

**Момун АРЗЫБАЕВ,**
**ученик, заведующий кафедрой биотехнологии КНАУ им.К.И.Скрябина, доктор ветеринарных наук, профессор.**

# ПО СТОПАМ ДЕДА



Дед Азымбаев Алым родился в 1920 году в Пржевальске, учился там. Когда началась война, ему исполнился 21 год, а ушел на фронт в 22 года. В семье он был старшим сыном, дома оставались отец, мать, младший брат и сестренки. Бабушка рассказывала, что он не любил говорить о войне.

Когда дети просили его рассказать о ней, он отвечал: «Я не хочу даже думать о том, что кто-то еще увидит такое в своей жизни». Несколько случаев все-таки дедушка рассказал детям. Вот один из них: «Это было весной 1944 года. Шел бой, немцы отступали, дедушка с другими солдатами оказался на болотах. Немцы расстреляли многих солдат.

Так продолжалось двое суток, многие были убиты, ранены, но все-таки наши победили в бою. Дедушка был ранен, попал в госпиталь г. Москвы. Там ему удалили одно легкое. Он был демобилизован. Был награжден орденом Великий Отечественный войны 1 степени, медалью «20, 30, 40 лет Победы ВОВ", медалью «40, 50, 60 лет Вооруженных Сил СССР».

Приехав домой, поступил на учительские курсы, женился на бабушке. День Победы встретил в кругу семьи. Война закончилась, а сколько отцов и братьев не вернулось домой, сколько детей осталось без отцов и матерей. В то время деда направили в Нарынскую область директором детского дома. Он 20 лет обучал, воспитывал вместе с бабушкой детей-сирот.

Мама рассказывала мне, когда дедушка уезжал в г. Пржевальск, за его машиной бежали мальчишки, которые плакали и просили их не покидать. Дедушка не выдержал, остановил машину и забрал троих, позже он усыновил их. Впоследствии один из них стал преподавателем мединститута, кандидатом медицинских наук, двое работали в МВД.

Дед был директором универсальной базы, начальником гор. ДО-

ААФ, вышел на пенсию, но продолжал работать. Воспитал семерых детей, пятеро из них пошли по стопам родителей, стали педагогами, успешно трудятся в нашей области. Они гордятся своим отцом!

Я горжусь своим дедом! Мой дед – герой, как сказал один генерал: «Один день пребывания на войне - это есть геройство». Я считаю, что каждый, кто побывал на войне, защищал свой народ и свою землю и есть Герой. В будущем хочу стать военным, хочу, чтобы мои дети гордились мною, а внуки будут гордиться своим дедом. Великая Отечественная война коснулась семьи моего дедушки. Азымбаев Алым - мой дедушка по материнской линии.

Он воевал в 1942-1944 г.г. в Белорусии, был призван в г. Каракол Иссык-Кульской области. Войну закончил в 1942 году в госпитале города Москвы. Воевал в Белоруссии. День Победы встретил у себя на родине в г. Пржевальске, где учился на курсах учителей.

Награды орден Отечественный войны 1 степени, медаль «20 лет победы в ВОВ», «30 лет Победы в ВОВ», «40 лет Победы в ВОВ». «50 лет Вооруженных сил СССР», «60 лет Вооруженных сил СССР», «70 лет Вооруженных сил СССР», «Ветеран труда», «За добросовестный и долголетний труд». Значки победителя социалистического соревнования 1974, 1976 г.г.

**Субанкул уулу Абай,**
**ученик 8 «Б» класса сш. с. Кызыл-Жар,**
**Ак-Суйского района.**

## АЙЫЛДАШТАРЫНА «УМАР АКЕ» АТАЛГАН

Атабыз Айылчинов Умар 1920-жылы Жети-Өгүз районуна караштуу Желе-Дөбө айлында туулган. Орто мектепти бүткөндөн кийин Ысык-Көл айыл чарба техникумунун ветеринария факультетинен 1936-жылы окуй баштайт.1940-жылы техникумдун дипломун алат. Андан соң Москвадагы аскердик - ветеринардык академиясында окуп жаткан учурда Улуу Ата Мекендик согуш башталат. Атабыз «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» дегендей күлгүн

курагын бүгүнкү урпактарынын бейпилдигине арнап, элин, жерин коргогон кыргыздын эң улуу инсаны болгон. Ленинградта аскер чек ара кызматын өтөп жаткан учурда жарадар болот, Ленинград блокадасында калган (колу жана бутунан жарадар болгон). Алтай крайындагы аскердик госпиталга жиберилген, ал жерден аскер кызматына жараксыз деп өзүнүн туулуп өскөн жерине жөнөтүлөт.



Согуштан келгенден кийин Ысык-Көл областтык зооветеринардык башкармасында жетектөөчү адис болуп иштей баштайт. Талды-Суу райондук зооветеринария бөлүмүнүн башчысы, 1947-жылдан баштап Тоң райондук айыл чарба башкармасынын бөлүм башчысы, партиянын Ысык-Көл областтык комитетинин айыл чарба бөлүмүнүн башчысы, партиянын Ананьево райондук комитетинин айыл чарба жана МТСтер боюнча секретары болуп туруп, 1955-жылы Ысык-Көлдөгү республикалык маанидеги эң ири асыл тукум 54 жылкы заводунда райкомдун деңгээлиндеги партиялык комитеттин биринчи секретарлыгына шайланып, бир нече жылдар бою уюткулуу бул чоң уюмду жетектеген. Умар Айылчиевдин андан кийин иш сапары чарбачылыкка ооду. Кыргыз ССР Министрлер Советинин Иш башкармасында чарбачылык боюнча үчүнчү участкасынын башкаруучусу болуп туруп, Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, эмгектин ардагери катары пенсияга чыгып, туулуп өскөн жеринен орун очок алды да, Жети-Өгүз чөлкөмүндө чарбалар аралык ветеринардык кызматтарды аркалады. Атабыз бир нече мамлекеттик сыйлыктарынын, Ардак грамоталарынын ээси. Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин грамотасы менен сыйланган (г.Фрунзе 16-апрель 1954-жыл)

Кыргыз ССРнин Жогорку Советинин грамотасы менен (1-февраль 1951-жыл), «За трудовую доблесть» (1947), «Двадцать лет Победы в ВОВ 41-45 г.г.» (1965), «50 лет Вооруженных Сил в СССР» (1970), «Тридцать лет Победы в ВОВ 41-45г.г.» (1975),

«Орден Отечественной войны I степени» (1995), «50 лет Победы в ВОВ 1941-1945г.г.» (1995), 1996-жылдын 19-февралында Россия Федерациясынын «Жуков» медалы менен сыйланган.

Атабыз биз сыймыктанган ата болгон. Ал 2000-жылы 3-ноябрда 80 жаш курагында бул дүйнө менен кош айтышты. Желе - Дөбө айылындагы өзү жашаган көчөгө «Умар Аке» ысымы коюлду, атам тирүү кезинде эле ага туугандары, айылдаштары Умар аке деп кайрылышчу. Атабыз тууган, уругуна «Умар-Аке» аталган, үй бүлөөсүнө кадырлуу ата болгон. Үйдүн куту - ырыскылуу Жамыйла энебиз менен бактылуу өмүр сүрүшкөн. Умар-аке менен Жамыйла эне экөөнүн балдары: Шераалы, Искендер, Гулчахра, Гулсара, Аскар, Сайкал, Рада, Айнура, Айна, Эркин жана небере-чөбөрөлөрү. Биз балдары Умар-аке жана Жамийла энебизди ар дайым сыймыктануу менен эскеребиз.

**БАЛДАРЫ.**

## ЭР ЭМГЕГИН, ЭЛ БИЛЕТ



Бул муундагы адамдардын тагдыры негизинен бири-бирине суунун эки тамчысындай окшош. Алардын дээрлик бардыгы жокчулуктун, ачарчылыктын, согуштун азабын аябай эле тартышкан. Барга жарылып сүйүнбөгөн, жокко күйүнбөгөн мүнөздөрү ушундай кырдаалда калыптанган. Канткен күндө да атамдын ошол кездеги өз курбуларынан айырмаланган бактысы атасы Акимкан бар эле. Ал киши өз заманынын билимдүү, иштерман адамдардын бири болгон. Өткөн кылымдын 29-жылдарында «Тамчы» совхозунун пайдубалын түптөп, экономикасын жогорулатууга барандуу салымын кошкон. Кийинчерек 1938-жылдан 1948-жылга чейин Ысык-Көл районундагы Куйбышев колхозун башкарып келген.

-Бирок мен башкарманын баласы болуп эркелеген жокмун,- деп эскерет атам. –Ошол замандагы азап-тозокту эл менен кошо

тарттык. Бала болсок да чарбанын мүлдө түйшүгү мойнубузга үйүлгөн. Соконун атына минип, толгон-токой гектар жер айдадым. Жазгы талаа иштери бүткөндөн кийин башка жумуштарга аралашып, азыркыдай резина өтүк жок, кызыл ашыкты кызаңдатып, жылаң аяк эгин сугаруу, дан бышкан учурда аны оруп-жыйноо, кырманда моло таш менен бастыруу, деги койчу, тестиер чагыбызда биз аткарган жумуштарды баштан аяк санап чыксак өзүнчө эле тизме. Колхоз жумушунан тышкары үй оокатынын түйшүгү да мойнубузда. Эс алыш аз, ошол жылдары ачарчылык элдин кендирин кесип, чарба иштеринен маяна табуу дегеле түшкө кирбеген нерсе эле.

-Атамдын эч нерсеге алмаштырбай турган ыйык нерсеси бар эле,-дейт атам. Ал 1943-жылы Сталинден алган телеграмма болчу. Муну менен ал өмүр бою сыймыктанып жүрүп өттү.

Каардуу турмуш атамдын билим алсам деген умтулуусунун отун өчүрө алган жок. Ал учурда азыркыдай айыл сайын мектептер жок. Көздөгөн максатына жетүү үчүн Темировкага жөө барат. Кийинчерээк Балыкчыга келип окуп, жетинчи классты бүтүрөт. Кезегинде бул да чоң эрдик эле.

Окуп, билим алууну көксөгөн атам 1947-жылы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтунун студенти болуп калат. Мугалимдик эмгек жолун Чырпыкты мектебинен баштап, кийинчерээк Темировкадагы мектепте эмгектенип, беш жылга жакын убакыт комсомолдун облусттык комитетинин үгүт жана насаат бөлүмүндө башчы, лекторлор тобунун жетекчиси болуп иштеген. Бул жылдар атам үчүн чымырканып иштөөнүн, ийгиликтерди жаратуу мезгили эле. Өзүнүн жоопкерчиликти жогору тутуусу, терең билими, адамгерчилиги менен атам 1957-жылы Бүткүл дүйнөлүк жаштардын Москвада болуп өткөн фестивалында Кыргызстандык делегацияны башкаруу вазипасын аткаруу урматына туш келет. Бул анын узак жылдар бою чымырканып иштеген эмгегинин алгачкы үзүрү эле.

Чынында эле атамдын өлкөбүздүн билим берүү тармагындагы эмгеги албан. Анын качандыр бир кездеги окуучулары азыр республикабыздын ар тарабында жашап жана эмгектенип жатышат.

Атам партиялык жана чарбалык кызматтарда да үзүрлүү эмгектенген. Ал партиянын Балыкчы райкомунун кабинет башчысы, партиянын Ысык-Көл өндүрүштүк комитетинин уюштуруучу-инспектору, Ысык-Көл районундагы Карл Маркс атындагы колхоздун парткомунун катчысы, элдик контролдун райондук комитетинин төрагасы, Ысык-Көл районундагы Фрунзе атындагы колхоздун башкармасынын төрагасы, Балыкчы шаарындагы №22-кесиптик–техникалык окуу жайынын директорунун орун басары, «Билим» коомунун жооптуу катчысы, «Автовнештранс» бөлүмүнүн профсоюзунун төрагасы болуп иштөө менен өзүнө тагылган милдеттерди ар намыстуулук жана жогорку жоопкерчиликте орундатып турган.

Эр эмгегин эл билет. Ишен Акимкановдун мына ушундай жигердүү эмгеги жана өрнөктүү өмүрү өкмөт тарабынан жогору бааланып, ал бир нече жолу СССРдин жана республикалык деңгээлдеги медалдар менен Ардак грамоталарына татыктуу болгон. Балыкчы шаарынын ардактуу жараны, азыр да коомдук турмушка активдүү катышып келет. Шаардагы аксакалдар сотунун төрагасы. Айрым коңшу-колоңдордун чатактарын, тентектердин жоруктарын өзү тескеп, тартипке чакырып турат. Атам мыкты жетекчи жана уюштуруучу гана эмес өзүнүн жеке турмушунда да үлгүлүү адам. Ал Токтобүбү Абдракманова экөө беш уул-кызды тарбиялап, чоңойтту. Азыркы күндө алардын бардыгы белдүү кызматкерлер, жоопкерчиликтүү жетекчилер, очор-бачар, бала-бакыралуу адамдар. Ата-энеге мындан артык эмне керек. Биз балдары өз кезегинде мына ушундай даңазалуу өмүр жолун басып өткөн атабызга жана энебизге чың ден соолук жана бакыбат турмуш каалайбыз.

**Кубан АКИМКАНОВ, уулу.**

## ЛЕНИНГРАДДЫ КОРГОГОН

Акматов Токтосун 1919-жылы Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районуна караштуу Дархан айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

Толук эмес орто билимди айылдык мектептен алгандан кийин,

★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★



1938-жылы Фрунзедеги педагогикалык техникумуна кирип окуган. 1940-жылы Советтик Армияга чакырылып танкисттер мектебин бүтүрүп, танкисттер полкунда кызмат өтөөгө жиберилген.

Танкисттер мектебин бүтүргөндө лейтенант чини ыйгарылган. 1941-жылдын июль айында согушка Ага лейтенант чини менен кирген. 1943-жылы 22-июлда блокадада калган, баатыр шаар Ленинградды коргоодо танкада күйүп каза болгон.

Кызмат өтөгөн жеринен Ата-Мекенин коргоп жатып эрдик көрсөтүү менен баатырларча курман болгондугу жөнүндө аскер бөлүгүнөн кара кагаз (извещение) кабары келген. Сөөгү Ленинград областынын Минск районунун Поречье айылына коюлган.

**Черик АКМАТОВ,**
**иниси.**

# АК ЖЕРИНЕН КАМАЛГАН



Үркүндө атам 11 жаштагы тестиер бала экен. Ошондуктан атам 1916-жылдары эл башынан өткөн кыйынчылыктар, азап тозоктор анын эсине өчпөс болуп калган окшойт, каңырыгы түтөө менен кийин бизге айтып берер эле.

-Бейкүнөө канчалаган өмүрлөр кыйылды. Көптөгөн адамдардын сөөгү ашуу, белдерде калып ит кушка жем болду. Бейпил турмуш кечирип жаткан эл бардык мал, мүлкүнөн ажырап, Кытайга качып барып, кыйын күндөрдү баштарынан өткөрүштү. Биздин эл Турпанга барганда жан айласы үчүн жергиликтүү байларга, колунда бар адамдарга

*****************************************

жалданып иштешти, малай болушту. Эгер совет бийлиги болбогондо элдин көргөн күнү не болот эле - деп кала турган.

Бөтөн эл, бөлөк жерде жүрүп ачып-арыган атамдар 1918-жылы Турпандан Ысык-Көлгө-туулуп өскөн жерине кайтып келишет. Арабча окуп, кат тааныйт. 1926-жылы партиянын катарына кабыл алынат. Ошентип жергебизде жаңы бийликтин чыңалышы үчүн кызмат кыла баштайт. 1937-жылга чейин көл өрөөнүндөгү кедейлер комитетинде иштеп, кедей кембагалдардын укугун коргоо боюнча чечкиндүү иш жүргүзөт.

Кедейлердин таламын талашып, аларды коргоо, колдоо боюнча жүргүзгөн иш аракеттери бай манаптарга жакпайт. Алар атамды кантип жок кылуунун айла-амалдарын ойлонушуп, акыры атамды улутчул Туран партиясынын мүчөсү, советтик түзүлүштүн душманы деген чагым менен карматышат. Бейкүнөө бир жыл абакка камалып, далай кыйноолорду, кыстоолорду башынан кечирет.

Ошондо Тенти Орозбаев, Аалы Токомбаев менен бир сутка бир камерада отургамын - деп калчу. Бир жылдан кийин 1938-жылы атам акталып түрмөдөн чыгып айылга келет. Көп өтпөй айылдыктар атамды - Сталин атындагы колхоздун башкармасынын төрагалыгына шайлашат. Пайдубалы жаңы түптөлө баштаган чарбанын ишин алга жылдыруу оңойго турбайт. Иш илгерилеп колхоз калыптана баштаганда согуш башталып атам аскерге алынат. 1942-жылы согушка кирет. Курск догосундагы айыгышкан салгылаштарга катышып, душман огунан оор жаракат алат. Ошого байланыштуу 1943-жылдын октябрында айылга келет. Ошол жылдын январында атама Карл Маркс атындагы колхоздун башкармасынын төрагасынын кызматын аткаруу милдети жүктөлөт.

Эр бүлөөнүн баары кан майданга кетип, айылдагы чарбанын иши жаш балдар менен кары картаңдардын жана аялдардын күчү менен араң жүргүзүлүп жаткан мындай кырдаалдан чыгуу онойго турбасын түшүнгөн атам белсене ишке киришип, күндөп, түндөп тыным албайт. Башкарманын баласымын дебей мен дагы өзүмдүн курбалдаштарымдай эле колхоздун жумушунда жүрдүм. Талаадан машак терип, кырманда молоташ сүйрөгөн өгүз, аттарга минип, апийим эгип, отоп, соконун атына миндим. Кыскасы өзүм теңдүү

балдар эмне иш кылышса алардын арасында мен да жүрдүм.

Кийин атам Ворошилов атындагы колхозго башкарма болуп бир нече жыл иштеди. Колхоздор ирелештирилгенде бухгалтер, кампачы болуп өмүрүнүн акырына чейин элине ак эмгек өтөө менен бир нече медалдар менен Ардак грамоталар өңдүү өкмөттүн жогорку сыйлыктарынын ээси болгон.

**Арзим АБДЫКАДЫРОВ,**
**уулу, эмгек ардагери.**

# ГОРДИМСЯ ОТЦОМ



Амерханов Метхат родился в 1920 году в семье учителей - математиков. С 1927 по 1934 год учился в школе. Затем с 1934 года по 1939 год обучался в Пржевальском педагогическом училище и до начала войны работал в начальных классах с. Маяк Иссык-Кульской области. В 1941 году, вернувшись в г. Пржевальск, Метхат начал работать. В 1942 году его призвали в армию и он ушел на фронт, защищать Родину. 4 февраля 1943 года получил сквозное осколочное ранение правого плеча с повреждением нерва. Лечился в разных госпиталях. Военно - врачебная комиссия признала его негодным к строевой с переосвидетельствованием и его отправили домой.

Вернувшись в Прииссыкулье в 1944 году, он устроился в обком КП Киргизии инструктором в отдел пропаганды и агитации, затем заведующим финансово - хозяйственным сектором обкома партии. С 29 сентября 1966 года - начальник отдела, филиала завода имени Кирова. В дальнейшем работал в городских организациях. Умер в 1980 году. Имел награды: «За участие в обороне Ленинграда», «За доблестный труд в ВОВ. 1941-45 гг.», «30 лет победы 1941-45гг.», «40 лет победы 1941-45 гг.», удостоверение Президиума Верховного

Совета СССР: «50 лет Вооруженных Сил», «60 лет Вооруженных Сил», «Отличник ГО СССР».

**Дети АМЕРХАНОВА.**

## КЫРГЫЗДЫН АЛГАЧКЫ ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯСЫ – БИР ТУУГАН АРБАЕВДЕР



Асан Арбаев 1907-жылы Ысык–Көл областынын Түп районунун Миң–Булак айылында туулган. 1916-жылкы кыргыздардын көтөрүлүшүнөн башталган жаңжалда, баскынчы-каракчылардан үй-бүлөсү көпчүлүк кыргыздар менен Кытайга кетүүгө аргасыз болгон. Чет жерде өзүнүн балдарын ачарчылыктан сактап калыш үчүн Меке чоң эне, бир топ балдарын колунда бар бай үй-бүлөлөргө тараткан, ал эми бир жарым жылдан кийин чоң эне өз жерине кайтып келүүнү чечкен. Ал балдарын Кытайдан чилдей тараган жеринен көптөгөн кыйынчылыктарга кабылуу менен чогулткан, бирок шартка байланыштуу бир уулун жана бир кызын чет жерде калтырууга аргасыз болгон. Кайрылып келе жаткан жол да абдан оор болуп эки айга жакын созулган, ошентип чоң эне балдары менен Түп районунун Ой-Булак айылынын тушунан Казакстан тарабынан тоолорду ашып түшүп көптөгөн азап тозокторду чегип Ысык-Көлгө кайтып келген.

1917-1920-жылдары Асан Жети-Суу улусунун ар кайсы манаптарынын жана байларынын малын багып жүргөн. 1920-1924-жылдары Каракол (Пржевальск) балдар үйүндө бир туугандары менен чогуу тарбияланган. Алар менен бирге Кыргыздын атактуу инсандары болгон Молдогазы Токобаев, Мукай Элебаев, Беккулу Элебаев, Касымалы Жантөшев, Курмангалы Каракеев, К. Абылов, бир туугандары Султан, Үсөн, Абдрахман жана башкалар да тарбия-таалим, алгачкы билимдерин алышкан. 1924-жылы Түптөгү совхоз-техникуму ачылган, ал жерди монастыр деп аташкан, себеби мурда

монахтар жашашкан. Ушул мектепке жетимдерди жана окуйм дегендердин баарын топтогон. Кыргыздардын алгачкы баш көтөргөн адамдары ушул мектепте тарбияланган. Андагы тарбиялануучулар алгачкы ветврач, зоотехник, агроном ж.б. айыл чарба кесибинин техникумдук билимине ээ болушкан. Татарча, арабча жакшы билген мугалимдерден сабак алышкан. Асан ата араб тилин түзүк билип, кезеги келгенде куранды толук түшүнүп, окуп калгандыгы да ушул монастырдагы мугалимдер себепчи болгон. Техникумду ийгиликтүү аяктагандан кийин Фрунзе (Бишкек) шаарындагы рабфакка окууга тапшырат, ал жерде 1927-жылдан 1931-жылга чейин окуйт. 1931-жылдары Нарын районунда МРК «Азияхлеб» башкармалыгында жетекчи болуп иштейт. 1934-жылдын сентябрынан 1936-жылдын январына чейин Москва шаарындагы Советтик курулуш жогорку курстарында окуган. Окууну ийгиликтүү аяктагандан кийин Баткен райисполкомунун председатели болуп дайындалат. Ошол кызматта эмгектенип жаткан кезинде 1937-жылы Кыргыздын чыгаан уулдары менен чогуу репрессияга кабылган. Ар кандай жалган күнөөлөрдү таңуулап, көрбөгөн азап-тозокторду көрүп, ден–соолугунан ажырап, акыры акталып чыккан. Ошондой болсо дагы, өмүрүнүн акырына дейре Совет бийлигине, өз мамлекетине чын дили менен кызматын өтөп, чыныгы мекенчил болгондугун далилдеген. 1939-жылы гана аны реабелитациялаган. 1939-жылдан 1941-жылга чейин Фрунзе (Бишкек) исполкомунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенет. 1941-1943-жылдары Ысык-Көл областынын кинофикация башкармалыгын жетектейт. 1943-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып, Улуу Ата Мекендик согушка маршал И.С.Конев жана генерал Н.Ф.Ватутиндин командачылыгы алдында 1-Украина фронтунун 52-Армиясынын курамындагы аткычтар ротасынын командири кызматында катышкан. Ага лейтенант Арбаев Асан Корсунь-Шевченко, Львов-Сандамир операцияларына түздөн-түз катышып, Польшанын–Краков, Котовице, Ченстохов, Оппельн шаарларын бошотконго катышат. Шаарлардын бирин бошотуудагы салгылашууда оор жарадар болуп, Лигниц шаарындагы госпиталда дарыланган (1-топтогу согуштун

майыбы). Толук дарыланып бүтпөй эле, өзүнүн бөлүгүнө фронтко суранып кайтып барып, алдыңкы отряддардын курамында салгылашуулар менен фашисттерден-Подстам, Берлин шаарларын бошотуп, 1945-жылдын 24-апрелинде Советтик Армиянын курамында, ага лейтенант Арбаев Асандын ротасы Магдебург шаарында Эльба дарыясына чыгып, ал жерде генерал Бердли баштаган Америкалык армиянын алдыңкы отряддары менен кездешкен.

Согуш учурунда орден, медалдар менен сыйланган. 1947-жылы Советтик Армиянын катарынан демобилизацияланып, өз жерине кайтып келген. Согуштан кийин Арбаев Асан Ысык-Көл областынын Облглавлитин башкарган. 1962-жылы 14-апрелде репрессиядан жана согуштан алган оор жаракаттарынан 54 жаш курагында Каракол (Пржевальск) шаарында дүйнөдөн кайткан.

Жолдошу Бахматова Аимкан Каракол (Пржевальск) педагогикалык институтун аяктагандан кийин, ошол эле жерде окутуучу болуп иштеген. Каргашалуу тагдырга байланыштуу эрте дүйнөдөн кайткан, бирок Асан атабыздын бактысына Советаалы жана Гүлкаир аттуу балдары төрөлгөн. Асан атанын уулу Советаалы 1947-жылы туулуп, орто мектепти Фрунзе (Бишкек) шаарынан бүткөндөн кийин, Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн, медучилишенин техник-стамотолог кесиби боюнча окуп, билим алып, ошол кесипте эмгектенген. Пенсияга чыгардын алдында Ысык-Көл областынын Өзгөчө Кырдаалдар Министрлигинин мекемесинде (МЧСте) кызмат өтөгөн. Азыркы учурда ардактуу эс алууда. Советаалынын жолдошу, Арбаева Какенбүбү. Алар үч балалуу болушкан. Улуу кызы Бактыгүл, уулдары Батырбек жана Бактыбек. Асан атанын кызы Гүлкаир, 1951-жылы туулган. Орто мектептин сегиз жылдык билими менен Фрунзе (Бишкек) шаарындагы медициналык училищенин эмчи эже бөлүмүн аяктаган. Ж.Баласагын атындагы КУУнун биология факультетине тапшырып, аны ийгиликтүү аяктагандан кийин, илим-изилдөө мекемелеринде иштеген. Ысык-Көл областындагы белгилүү хирург Керимбаев Абдыш Керимбаевичке турмушка чыгып, Жанара кызын тарбиялап, өстүрүүдө. Азыркы учурда Гүлкаир Асановна Ысык-Көл областы

боюнча СПИД боюнча адис, Каракол шаардык поликлиникасынын лабораториясынын башчысы.

Жогоруда айтылгандай Асан ата эрте эле жолдошунан ажырап, экинчи жолу Бурмакан энеге баш кошуп, үч балалуу болушкан. Алар Советбек, Сапарбек, Калысбек. Асан атанын уулу Советбек, 1957-жылы туулган, Каракол шаарындагы №4 С.М.Киров атындагы орто мектепти «эң жакшы» жетишкендикте аяктагандан кийин, Саратов шаарындагы Жогорку аскер командалык Ф.Э.Дзержинский атындагы окуу жайын бүтүргөн. Кыргызстандын аймагында ички иштер багытында аскер кызматын өтөгөн. Полковник чининде, Кыргыз адилет министрлигине караштуу аскер департаментинде штабдын начальниги жана командирдин биринчи орун басары кызматында иштеп, ардактуу эс алууга чыккан. Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн, Адилеттик министрлигинин жана коргоо министрлигинин орден, медалдары, Ардак грамоталары менен сыйланган. Аскер кызматындагы өзгөчө жетишкендиктери үчүн министр тарабынан менчикке пайдаланууга «Карабин» мылтыгы жана «Макаров» тапанчасы менен сыйланган. Учурда 2010–жылдын 7–апрелинен кийин Кыргыз Республикасынын ИИМ Ички Аскерлеринин колбашчысы кызматын аткарууда. Жолдошу Зинат Москвадагы текстил институтун бүтүрүп, көп жылдары ошол багытта эмгектенген. Алардын Айжамал жана Айжан аттуу эки кызы бар.

Асан атанын уулу Сапарбек 1959-жылы туулган. Орто мектепти аяктагандан кийин, Фрунзедеги (Бишкектеги) М.Куренкеев атындагы музыкалык училищени аяктаган. Жолдошу Айым, уулу Саламатты тарбиялап, өстүрүүдө.

Асан атанын кичүү уулу Калысбек 1961-жылы туулган. Каракол (Пржевальск) шаарындагы №4 С.М.Киров атындагы орто мектебин бүтүрүп, Пржевальск мамлекеттик педагогикалык институтунун, табигый география факультетин ийгиликтүү аяктап, география жана биология мугалими кесибине ээ болгон. Советтик Армиянын катарында Кавказда аскер кызматын өтөгөн. Көп жылдары Ысык-Көл областынын, Каракол шаарынын орто мектептеринде мугалим болуп иштеген. Агартуу тармагындагы ийгиликтери үчүн Билим

берүү министрлиги, Кыргыз өкмөтү тарабынан Ардак грамоталары жана «Агартуунун отличниги» төш белгиси менен сыйланган, бокс боюнча мастерликке кандидат. Учурда К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин табият таануу факультетинин биология кафедрасынын ага окутуучусу. Кандидаттык диссертациянын үстүндө эмгектенет. Жолдошу Махабат, Каракол шаарындагы медициналык училищаны аяктаган. Эки уул Төлөгөн, Шерболот жана эки кыз Аделя менен Аруукени тарбиялап, өстүрүүдө. Уулу Төлөгөн Бишкектеги Техникалык университетинин тоо-геология факультетинин студенти. Спорттун чебери. Баскетбол боюнча алтын, күмүш медалдардын ээси, шахмат боюнча Республиканын өз курагындагылар арасында чемпиону, көптөгөн спорт мелдештеринин жеңүүчүсү. Жогоруда баяндап өткөн атабыз Асан Арбаевдин басып өткөн жолу балдарынын, урпактарынын жалпы Кыргыз журтунун жаркын элесинде сакталып калат деп ишенебиз.

*** ***

**Эмгек деген башат экен соолбос,**
**Эмгек деген алтын экен чирибес.**

***Кубанычбек Маликов.***



Султан Арбаев химия боюнча жогорку билимдүү биринчи Кыргыз Республикасынын мектептерине эмгек сиңирген мугалими, «Кыргыз Республикасынын эл агартуусунун отличниги», жалпы химия кафедрасынын биринчи башчысы, кыргыздардан биринчи доцент деген илимий даражадагы окумуштуу, Каракол (Пржевальск) педагогикалык институтунун (азыркы К. Тыныстанов атындагы ЫМУ) башатында турган биринчи директору.

Согуштун алды, согуштун учуру жана согуштан кийинки мезгилде бул кишинин

ысмы республиканын калкына бир топ кеңири белгилүү болгон. Анткени, ал ошол кездеги жападан-жалгыз жогорку окуу жай – Кыргыз педагогикалык институтунун директорунун кызматында 1940–жылдан 1951–жылга дейре, башкача айтканда, пединститут университетке айланганга чейин үзүрлүү иштеген. Илимпоздордун ичинен доцент наамына жетишкен биринчи кыргыз (1937-жыл) аталып, илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү өз заманынын артыкча кадыр-баркын билдирген эң жогорку баага – Ленин ордени менен сыйланууга татыган. 1946-жылы дагы кыргыздан биринчи болуп ага Кыргыз ССРинин мектептерине эмгек сиңирген мугалим деген ардактуу наам берилген.

Жөнөкөйлүк, кайрымдуулук адамды жогору көтөрбөсө, пастатпайт тура. Султан Арбаевичтин студенттерге, окутуучуларга, жалпы эле өзүнө иши түшүп кайрылган кишилерге жасаган адил-ак мамилеси, айткан сөзүнө туруктуулугу, анан эң негизгиси– билимдин кадырын жетик түшүнгөн даанышмандыгы өтө оор жылдарда тарбиялап чыгарган мыкты педагогдор менен окумуштуулардын канат-бутагы кең жайылган тагдырларынан улам да ыраазы кылбай койбойт. ***«Султан агай элибизде биринчи «химия» деп сүйлөгөн окумуштуу, ошондо мугалимдердин арасында жалгыз кыргыз эле, - дейт көрүнүктүү химик-окумуштуу, академик Какин Сулайманкулов. – Жетекчи болуп иштеп жүргөндө, деги эле адамга үнүн көтөрүп сүйлөгөнүн көргөн эмесмин. Анын окуучуларынын ичинен 3 академик, 8 химия илимдеринин доктору, 40тан ашык химия илимдеринин кандидаттары чыккан, андан сырткары, биология илими боюнча да жактагандар бар»***

Кытайдын улуу даанышманы Конфуций «Эмне үчүн булак дарыяга куят, дарыя деңизге куят, деңиз океанга куят? Анткени, ар бир кийинкиси жапыз болот, терең болот. Сен дагы ошондой болсоң, адамдар сага агалып келет»,-деп айткан экен. Ушунун сыңарындай, улуусу болобу, кичүүсү болобу, кыргызы болобу, орусу болобу – бардык адамдар андан кеңеш, жардам сураганы, же тек гана сыр билги, акылгөй киши катары, качан болбосун дайрадай агылып келип турушкан. А мунун өзү көп адамдарда жок, не деген

сонун феномен!

Султан Арбаев 1908-жылы Ысык-Көл областынын Түп районундагы Миң-Булак айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Бармактай чагынан тагдыр сыноосу аны музда да, ташта да бастырып, ачарчылык, каатчылык азаптарын тарттырат. 1916-жылдагы Үркүндө Кытайга качышып, ал жерде атасынан, дагы көп бир тууғандарынан ажырайт. Жети баласы менен шорлогон бечара энеси Кытайда төрөгөн эгиз баласынын бирөөнү – эркегин бирөөлөргө калтырып, Жамийла деген түгөйүн жонуна көтөрүп келген экен. 1918-жылы Ысык-Көлгө кайткан сапарда жээр тамак жогунан Кадыйча деген кызын падыша аскеринин солдатына сатууга аргасыз болушат. Айтымда, Кадыйча абдан сулуу, бир туугандарынын өлбөстүгү үчүн өз тагдырын курман кылган зирек кыз болуптур. Кийин Султан ата Алматыда окуп жүргөндө, ушул бир тууганын көп издейт. Эки жыл издөө салат. Акыры табат. Кытайдан кайрылып келгенден кийин Султан ата колунда бар байлардын алдында малай болуп күн көрөт. 1920-жылдан 1924-жылга чейин Пржевальск (Каракол) балдар үйүндө тарбияланат. Татаал жана үзүрлүү өмүр жолу 1926-жылы балдар үйүнөн, андан кийин айыл чарба мектебинен башталат. Түптөгү айыл чарба мектеби (совхоз техникум, Ак-Булуң айылы), ал жерди мурда монастыр деп аташкан себеби, мурда монахтар жашашкан. Ушул мектепте жетимдерди жана окуйм дегендердин баарын топтогон. Кыргыздардын ошол кезде баш көтөргөн адамдары ушул мектепте тарбияланган. Алар Султан Арбаев жана анын замандаштары Мукай Элебаев, Беккулу Элебаев, Аалы Токомбаев, Молдогазы Токобаев, Касымаалы Жантөшев, Курмангалы Каракеев, өзүнүн бир туугандары Асан, Үсөн, Абдрахман да ушул мектепте тарбияланган. Татарча, арабча жакшы билген мугалимдерден сабак алышкан. С.Арбаевдин араб тилин түзүк билип, кезеги келгенде, Куранды кыргыз тилине кыскартып, атеистик тарбияга тууралап биринчи которуп калышына да ушул монастырдагы мугалимдердин өрнөгү себепчи болгон.

1926-жылы айыл чарба мектебинин окуучусу, анын активдүү комсомолдору катарында Наркомпростун жолдомосу менен Алма-Атага зооветеринардык техникумга жиберилет. С.Арбаев зооветери-

************************************

нардык техникумда эң алдынкы студент болгондуктан, аны техникумду бүтө электе Казак университетине которот. Ошол кезде кадр жетишсиз, жогорку билимдүүлөр аз болгон. Султан Арбаев Университеттин табият таануу жана математика факультетинин химия бөлүмүнө кирет. 1928-жылдан 1931-жылга чейин университеттин студенти, ошондой эле ВКП(б)нын мүчөлүгүнө кандидат болот. 1931-жылы университетти ийгиликтүү аяктайт. Химик деген адистик ал убакта кыргыздардын түшүнүгүнө сиңе элек, дегеле «чоочун» кесип экендигин, ал эми ага ээ болгондор ушул казак агаиндердин тузун татып, колдоосун көргөн «алматылык бүтүрүүчүнүн» аты менен гана биринчи аталып жаткандыгына таңдануунун да, күдүктөнүүнүн да зарылдыгы жок. Себеби, мезгил ошондой болгон. Кыргыз улан-кыздары бир эле химия илими эмес, гуманитардык жана табият таануу илимдеринин башка тармактарынын «шаарын» салууну да, чын-чынын айтканда, «нөлдөн» башташкан.

Султан Арбаевич мына ушул улуу жоопкерчиликти алдемедей кылдат түшүнгөн. Алматыдан университетти бүтүп келгенден кийин бизде эч кандай жогорку окуу жайлар болгон эмес. Болгон окуу жайлар ФЗУ (фабрично-заводское училище), ШКМ (школа коммунистической молодежи) болгон. Ал эки жыл бою ушул мектептер үчүн китеп жазып жана китептерди кыргызчага которуп, терминдерди топтоп иштей баштайт. Андан кийин 1932-1940-жылдары Комвузда мугалим болуп иштейт. Анда азыркыдай университет, институт, кафедра деген болгон эмес, тек гана табият таануу кабинети болгон. Аны С.Арбаев жетектеген, кийин биохимия кафедрасы деп аталат. Анын алгачкы эмгеги 1933-жылы «ФЗУ үчүн химия» деген ат менен жарык көргөн. 1934-жылы завод-фабрикалардын болочок жумушчуларына арналган «ФЗУ жана ШКМ үчүн физика», 1936-жылы «Колхоздор жана осоавиахимчилер үчүн химия» деген эмгектери чыгат. Ушул эле эмгектери менен катар, кыргызча которулган китептери окуучу жаштардын колуна тийген. Атап айтканда, алар: «Орто мектептер үчүн химия» (автору Верховский) жана «Сырттан окуган класстар үчүн табият таануу китеби», «Термины по химии с формулами» эмгеги чыгат. Ошол убакта кыргызча эмес орусча да

китептер аз болгон. Ошентсе да Султан Арбаевдин эмгеги жогору бааланып 1937-жылы доцент деген наам ыйгарылган (Кыргыздардын арасынан биринчи болуп).

1949-жылы Кыргыз мамлекеттик басмасынан Д.М.Кирюшкиндин жети жылдык орто мектептин 7-классы үчүн «Химия» китеби (27 басма табак) С.Арбаевдин котормосунда жарык көрдү. Ошол эле китеп 1955-жылы Р.Суртаев жана С.Арбаевдин котормосунда Кыргыз мамлекеттик окуу педагогикалык басмасынан экинчи жолу басылып чыкты.

Ал эми 1950-жылы «Орто мектептер үчүн органикалык химия» (автору Левченко) китептерди которот, бул китептерин мектеп окуучулары жана студенттер кеңири колдонушкан. Ошону менен катар эле өзүнүн эмгектери чыккан. 1951-жылы «Методика решений задач по химии в средней школе», 1953-жылы «О новых элементах» деген эмгектери чыгат, алар дагы кеңири колдонулган. 1958-жылы «Создание мира и образование жизни», 1958-жылы «Политерма растворов хлоридов натрия сахарозы и воды» деген эмгектери жарык көрөт. 1959-жылы «Методика преподавания синтетических высокомолекулярных соединений» жана «Методика решений химических задач» деген эмгектери чыгат.

Анын согушка чейинки жана согуштан кийинки мезгилде жазылган 70 басма табактан ашуун негизги 37 илимий эмгеги бар. Ал эми которгон эмгектери 270 басма табакты түзөт. Көбүнчө химия сабагын окутуунун методикасына көңүл буруп, жазган эмгектеринин басымдуулугу методика болгон. Эгер мугалим өз предметин жакшы, терең билсе, түшүндүрүүдө методикасы кенен жана бай болсо, окуучу, студенттер да андай предметти оңой, ташка тамга баскандай кабыл алаары айдан ачык. Ушунун баарын таланттуу педагог таразалап көрүп, методикага көбүрөөк басым жасаган.

Мындай бир окуя. Бул Султан Арбаевичтин өмүрүнүн акыркы мезгили–1960-жылдардын биринчи жарымында болуптур. Сыягы, азыркы Улуттук университеттин биология факультетинин деканы болуп иштеп турган учуруна туура келген өңдөнөт. Ал химия сабагын кыргыз тилинде окутуу өзгөчө айылдык жаштарга чоң пайда берээрин эске алып, 47 басма табак көлөмүндөгү «Обшая химия для

вузов» деген Москвадан чыккан китепти көз майын коротуп отуруп которуп чыгат. Анан республиканын ошол кездеги биринчи жетекчиси Т.Усубалиевдин уруксаты керек болуп, бүт документтерин даярдап алып, ал кишиге барат. Анда партиянын камчысы күчтүү, орус тилинин доорону жүрүп турган кез эле. Т.Усубалиев китептин кыргызча чыгышына каршы болуп койгон экен.

Ушундан кийин, Н.Гогольдун өзүнүн «Өлүк жандар» деген чыгармасынын 2-китебин, Алыкул Осмонов «Лирика» аттуу ыр жыйнагын жазып, даярдап бүтүп алышып, ички кыжаалат – жан дүйнө кризисинин айынан көздү жуумп өрттөп жиберишкен сыңары, терс жоопко териккен Султан Арбаевич да үйүнө келип, ошончо эмгегинин кол жазмасын, машинкага басылган нускаларын да мештеги күйүп жаткан отко бирден барактап өрттөп жиберген деп эскерет улуу кызы Зейнеп Султановна. Кандай өкүнүч, кыргыз тили, кыргыз жаштары деп күйгөн окумуштуу үчүн кандай трагедия!

Султан Арбаев ошону менен токтолуп калбастан, андан ары дагы эмгектерин жазат. 1960-жылдары «Твердые фазы политерма хлоридов калия, натрия сахарозы и воды», 1962-жылы «Взаимосвязи сахарозы с натрием, калием, кальцием, магнием» аттуу монография (И.Дружинин жана З.Бакасова менен бирге жазган) жана «Атеистическое воспитание молодежи по химии» деген эмгектери жарык көрөт. Ошону менен катар эле «Синтетикалык була жана пластмасса» деген полимерлер жөнүндөгү котормосу жана 1963-жылы «Химический толковый словарь» башка авторлор менен чогуу жазылган эмгектери чыгат. 1966-жылы каза болгондон кийин «Химия терминдеринин орусча-кыргызча сөздүгү» чыккан. 1963-жылы ден соолугуна байланыштуу персоналдык пенсияга чыгат. Султан Арбаев ооруп жүргөн кезинде деле сабак берип жүргөн, өмүрүнүн акыркы жылдарында медициналык китептерди да которот.

Султан Арбаев «Развитие сахарной промышленности Киргизии» деген темада кандидаттык ишин Кайыңдыдагы Новотроицкий жана Кайыңды кант заводдорунун иш тажрыйбасынын негизинде жазган. Анын артында зор эмгектери, өстүрүп тарбиялаган окуучулары калды: химия илиминин докторлору, академиктер, член-корр. Сулай-

манкулов К., Усубакунов М., Иманакунов Б., Адылов С., Молдобаев С., Кыдынов К. жана башкалар.

Султан Арбаев кыргыз тилин баалаган жана кыргыз жаштарына химия илимин кыргыз тилинде окутууга, жаштардын патриоттук сезимин ойготууга көп күч жумшаган кыргыздын мыкты окумуштуу, котормочу, үлгүлүү окутуучусу жана насаатчысы катарында кыргызстандын тарых баракчасында сакталат. Кыргызстанда химияны окутууну түптөгөн, алгачкы окумуштуу, жол башчы.

**Жакшы адамды жоготпой,**
**Жаш кошуп турса жашына.**
**Же болбосо, чиркин ай,**
**Жаратылыш тилди алса,**
**Андай асыл адамдан,**
**Анда-санда бирди алса.**
**Жалпы журтка керектүү,**
**Жакшы адам өлбөй тим калса!**–деп, жазымыштын чындыгын арман кылып ырдаган экен атактуу төкмө Ысмайыл Борончиев. Замандаштары: «кыргыз Менделееви», «кыргыз Макаренкосу» деп урмат-сый менен атаган доцент Султан Арбаевдин жаркын элесине карата да ушунун өзүн эле айтууга болот. Ал онокот оорудан жөнүгө албай, 57 жашында, 1965-жылы дүйнөдөн өткөн.

***Кайран киши көзү тирүүсүндө профессор наамын алган эмес. Бирок, химия, биология илимдерин өркүндөткөн көп сандаган шакирттери, алардын ичинде академик Какин Сулайманкулов, профессор Мира Ботбаева сыяктуу чыгаан илимпоздор анын эбак эле мындай кызмат даражасына татып, эбак эле «химиядагы Тыныстанов» болгонун бир ооздон сыймык менен белгилеп жүрүшөт.***

Көч баштоочу деген – көч баштоочу. Кезегинде улуттук алфавитти, окуу китептерин түзүп, биринчи улуттук гезитти чыгарышкан: Ишеналы Арабаев, Кусейин Карасаев, Сыдык Карачев, Касым Тыныстановду биз урмат менен атап жүрөбүз. А алардын катарында эле алгачкы химия окуу китептерин түзгөн Султан Арбаевди не үчүн унуткарып, не үчүн «билмексенге» салууга тийишпиз?

Жолдошу Халлима апа 1915-жылы туулган. Казак Республикасынын Талды-Курган облусунун тургуну, педагогикалык институттун география факультетин аяктаган, төрт баланы тарбиялап өстүрүшкөн. Кыздары Зейнеп, Альфия, Анара жана уулу Кубан. Кызы Зейнеп, биология илимдеринин кандидаты, илимдин ага кызматкери, доцент, профессордун милдетин аткаруучу. Кызы Альфия эт өндүрүп иштетүү кесиби боюнча политехникалык институтунун технология факультетинин ийгиликтүү аяктагандан кийин Кайынды, Жалал-Абад шаарларындагы эт комбинаттарында инженер-технолог болуп эмгектенген. Эт-сүт өндүрүү министрлигинин алдынкы ишмери болгон, учурда ардактуу эс алууда. Кызы Анара Кыргыз Мамлекеттик медициналык институтунда окуп, врач-акушер-гинеколог кесибине ээ. Фрунзедеги (Бишкектеги) курортология институтунда, Фрунзедеги медициналык училишеде окутуучу, Фрунзедеги райондук поликлиникада физиотерапия кабинетинин башчысы болуп иштеген. Учурда ардактуу эс алууда. Уулу Кубан Кыргыз айыл чарба институтунун ветеринария факультетин бүтүргөн. Ошол эле окуу жайында 1993-жылдан кафедра жетекчиси. 1994-1995-жылдары факультетте илимдин ага кызматкери, 1998-жылы доктордук диссертацияны жактаган жана 1999-жылдан профессор. Ушул аралыкта 4 илимдин кандидатын даярдаган. Арбаев Кубандын 70тен ашык илимий макалалары жана усулдук көрсөтмөлөрү илимий журналдардан басылып чыккан, ошондой эле ветеринардык паталогия боюнча справочник-сөздүгү чыгарылып, учурда кыргыз жана казак тилдерине которулууда.

Мезгилде–согуштун алды, согуштун учуру жана согуштан кийинки жылдарда Кыргыз педагогикалык институтунун жетекчиси катары, илимдин жана педагогиканын чыгаан өкүлдөрү Калканбай Сартбаев, Нурахым Альпиев, Саймасай Ташыбеков, Г.А.Сухомлинов, А.Г.Зимма, Б.Кулдашев, Ф.А.Турдаков ж.б. менен үзөңгүлөш иштеген көрүнүктүү окумуштуу, котормочу, таланттуу педагог, өрнөктүү устат «эң биринчи химик» атыккан улут патриоту Арбаев Султан жөнүндө баян ушундай.

Ырас эле, «Өткөндөр баркталмайын, тирүүлөр даңкталбайт»!

**************************************

*** ***



Арбай уулу Үсөн (Асан Арбаевдин эгиз түгөйү) 1907-жылы Ысык-Көл облустунун Түп районуна караштуу Миң-Булак айылында туулган, Улуу Октябрь Революциясына чейин колунда бар бай-манаптардын алдында иштеген. 1916-жылдагы үркүндө үй–бүлөсү менен Кытайга качып, ал жерде атасынан, дагы көп бир туугандарынан ажыраган. 1918-жылы Ысык-Көлгө кайткан. Кытайдан өз жерине кайрылып келгенден кийин, колунда бар байлардын малын баккан. 1920-жылдан 1924-жылга чейин Пржевальск (Каракол) балдар үйүндө, өзүнүн бир туугандары Асан, Султан, Абдрахман менен чогуу тарбияланган. Түптөгү айыл чарба мектебинен (совхоз техникум, Ак-Булуң айылы) окуп билим алып, өз айылына кайтып барып, агартуу ишинде эмгектенген.

Улуу Ата Мекендик согуш башталганда өз айылында колхоздо актив болуп иштеген. 1942-жылы фронтко өз каалоосу менен арыз жазып кеткен.

1942–жылы Фашисттик германиянын аскерлеринин башкы максаты болуп Кавказды басып алуу эле. Ал максатка жетүү үчүн душман тез арада Сталинград шаарын басып алууну көздөгөн. Эң мыкты жабдылган бир миллиондон ашык сандагы душмандын армиясы Сталинградка чабуул жасаган. Арбаев Үсөн 1942–жылдын август айында Маршал Рокоссовский командачылык кылган Сталинград фронтунун генерал-лейтенант В.И.Кузнецов башкарган 63–армиясынын 126–аткычтар дивизиясынын 16–аткычтар ротасынын курамында байланышчы болгон. 1942–жылдын 19–августунда душман 6–чы жана 4-чү танкалык армиясынын күчү менен кайтадан Сталинградка чабуул койгон. Шаарга жакын жерде согуш күчөгөн. Ушул катуу согуш учурунда душмандын аскерлери Калачтан түндүгүрөөк жерден коргонуу чебин жарып өтүшүп Волганын түндүгүн көздөй бет алышкан. Коргонуу чебинен өтөөрү

менен душман шаарды асмандан авиация менен бомбалай баштаган. Шаар көз ирмемде урандыга айланып, кыйраган. Түнкүсүн болсо, шаар эбегейсиз зор отко окшоп күйүп жаткан. Ошол учурда Арбаев Үсөндүн ротасы менен байланыш үзүлгөн. Байланышты калыбына келтирүү үчүн ротанын байланышчыларынын арасынан өз ыктыяры менен 6 жоокерден турган топ командирлердин буйругун аткарууга даяр болушкан. Алардын алдына командованиенин штабы менен байланышты камсыз кылуу милдети коюлган. Шаардын урандыларынын, жамгырдай жааган душмандын огунун арасынан өтүп, байланышты камсыз кылуу абдан оор тапшырмалардын бири эле. Тандалган топ көп кыйынчылыктар менен байланышты камсыз кылган. Тапшырманы аткарууда атайын топтун жоокерлеринин бардыгы курман болуп, катардагы жоокер Арбаев Үсөн оң бутунан жана колунан оор жаракат алып, эсин жоготкон. Урандылардын арасында кансырап калган жоокерди чалгындан кайтып келе жаткан жоокерлер капысынан таап, коопсуз жерге алып чыгышкан. Көрсөткөн каармандыгы үчүн жогорку командование тарабынан орден жана медалдар менен сыйланган. Госпиталда дарыланып, бутунан ажырап, колунан майып болуп, баатыр жоокер өз жерине кайтып келген.

Улуу Ата Мекендик согуштун I–топтогу майыбы, өз айлына согуштан кайтып келип, пенсияга чейин почта кызматында эмгек кылган. Улуу Ата Мекендик согуштун жана эмгектин ардагери Арбаев Үсөн жети уул – кызды тарбиялап өстүргөн. Уул-кыздары, небере-чөбөрөлөрү мамлекетибиздин ар кайсы кызмат тармактарында үзүрлүү эмгектенип, өлкөбүздүн өнүгүп–өсүшүнө чоң салымдарын кошуп жатышат. Арбаев Үсөн 1974–жылы Түп районунун Миң–Булак айылында, согуштан алган оор жаракаттарынан, 67 жаш курагында дүйнөдөн кайткан.

***          ***

Аралбай уулу Абрахман. 1906-жылы Ысык-Көл областынын Түп районунун Миң-Булак айылында туулган. 1914-1918-жылдары байлардын алдында кызмат кылган. 1916-жылкы кыргыздардын көтөрүлүшүнөн башталган жанжалда үй-бүлөсү менен көпчүлүк

менен Кытайга кетүүгө аргасыз болгон. Көптөгөн азап тозокторду чегип 1918-жылы Ысык-Көлгө кайтып келген.



Арбай чоң ата каза болгондон кийин анын үй-бүлөсүн Аралбай чоң ата карап, агасынын балдарын өз балдарына кошуп асырап алган. Аралбай алардын улуусу эле.

1918-1924-жылдары Караколдогу балдар үйүндө бир туугандары менен чогуу тарбияланган. Алар менен бирге Кыргыздын атактуу инсандары болгон Молдогазы Токобаев, Мукай Элебаев, Беккулу Элебаев, Касымалы Жантөшев, Курмангалы Каракеев, К. Абылов, бир туугандары Асан, Султан, Үсөн жана башкалар да тарбия таалим, алгачкы билимдерин алышкан. 1924-1927-жылдары Түп районундагы Монастырдагы (Светлый-Мыс, Ак-Булуң айылы) айыл чарба техникумунда окуп, активист болгон. Өзгөчө жетишкендиктери үчүн комсомолдун путевкасы жана билим берүү элдик комиссариатынын жолдомосу менен ал, 1927-жылы (Оренбург) Чкалов шаарындагы рабфакка окууга жиберилген. 1932–жылы рабфакты ийгиликтүү аяктап өз жерине кайтып келген. 1932-жылы Кыргыз басмасында иштеген, «Коммунист» журналынын катчысы болгон, корректордун да кызматын аткарган. 1934-1940-жылдары окуу адабиятынын редактору жана башкы редактору болгон. 1941-1942-жылдары басманын директору, 1942-жылдан 1944-жылга чейин Биринчи Май райком партиясынын экинчи катчысы болуп иштеген. 1944-1945-жылдары Республиканын Коммунистик партиясынын Борбордук Комитетинин басма секторунун жетекчиси, редактору болуп эмгектенет. 1944-1946-жылдары «Кыргыз Мамлекеттик басмасынын» директорунун милдетин аткаруучу, 1946-1947-жылдары Жалал-Абад областы боюнча «Кызыл Кыргызстан» гезитинин атайын кабарчысы. 1947-1949–жылдары Жалал-Абад шаарындагы областтык басманын башчысы, ал эми 1949-1951-жылдары «Большевик жолу» гезитинин бөлүм башчысы, редактордун орун басары, 1951-1953-жылдары көркөм адабияттын редактору, ошол эле бөлүмдүн ага редактору болгон. 1953-1971-жылдары балдардын көркөм адабиятынын редактору жана ага

редактору болуп иштейт.

1931-жылдан баштап орусчадан кыргызчага адабий китептерди которуп, котормочу да болгон. Ал төмөнкү чыгармаларды которгон: «Ташкент город хлебный», «Поднятая Целина», «Прыгаюшая лягушка», «80 лье под водой», «Чайка», «Мой класс», «Радуга», «Болгарка», «Дети капитана Гранта», «Таинственный остров», «Пятнадцатилетний капитан», «Волшебник изумрудного города», «Деревянные солдаты Урфин Джюса», «Огненный бог Марранов» ж.б. Өзүнүн кол жазма чыгармалары «Чоң энемдин жомоктору», «Алгачкылар» 1-2-китептери, «Унутпайм» ж.б.

Күжүрмөн эмгеги үчүн Аралбаев Абдрахман төмөнкү мамлекеттик сыйлыктар менен сыйланган – Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин грамотасы, Кыргыз ССРинин Ардак грамотасы, «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн», «Күжүрмөн эмгеги үчүн», «В.И.Лениндин 100 жылдыгыга карата күжүрмөн эмгеги үчүн»- медалдары ж.б. Кыргыз Республикасынын жана СССРдин Жазуучулар союзунун мүчөсү болгон.

Аралбаев Абдрахман 1984–жылы Каракол шаарында 78 жаш курагында дүйнөдөн кайткан. Кыргыздын биринчи интелигенттеринин бири, чыгаан уулу Аралбаев Абдрахмандын жаркын элеси дайыма биз менен.

**Кубан АРБАЕВ,**
**К.И.Скрябин атындагы КУАУ,**
**ветеринария илимдеринин доктору, профессор.**

**Совет АРБАЕВ,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Ички Аскерлеринин кол башчысы, полковник.**

**Калысбек АРБАЕВ,**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун ага окутуучусу.**

**Муслим АРБАЕВ,**
**фермер.**

# ЭМГЕГИ ЭЛДИН ЭСИНДЕ

Атам Асаналиев Казыкени замандаштары тубаса журналист болчу деп калышат, анткени газетага кабар жазууну ал тестиер

кезинде баштаган экен. Он үч жашында илгерки балдар гезити «Кыргызстан пионерине» мектеп турмушунан макала жазсам чыгып калды. Ошондон баштап ага, андан кийин башка газеталарга айылда, мектепте болгон жаңылыктар менен жакшылыктарды жазып жиберип турдук,-деп калчу эле атам, теңтуштары кайдан жүрүп кабарчылыка аралашып кеткенсиң?-деп сурап калышканда.



Мектепти аяктагандан кийин райондук, областтык жана республикалык газеталар менен байланышы күчөп, газета бетинде аңгемелери, публицистикалык, сатиралык чыгармалары, макалалары байма-бай басылып турган. Анан 1943-жылы облустук «Ысык-Көл правдасы» (азыркы «Ысык-Көл кабарлары») газетасынын редакциясында бөлүм башчысы болуп иштейт. Ошол кезде ал газетанын редактору, белгилүү жазуучу Касымалы Баялинов болчу. Анткени ал кишиден жакшы тарбия алып, чыгармачылык жактан көп нерселерди үйрөнөт.

Ошол жылы Талды Суу району уюшулуп атамды редакциянын обкому жаңы уюшулган райондун партиялык комитетинде иштөөгө жиберет. Ал жерде бөлүм башчы болуп иштейт. Ошол кезде райондо газета чыгаруу маселеси алдыга коюлат, бул иште тажрыйбасы бар деп партиянын райкому атамды редакциянын ишин уюштурууга чектешет. «Колхоз туусу» деген ат менен 1944-жылдын февралынан баштап чыга баштайт. Редактор катары атам редакциянын ишин талаптагыдай жолго коюу, газетанын окумдуулугун, ага жарыяланган материалдардын таасирдүүлүгүн жогорулатууга көп күч аракет жумшайт. Андан кийин, Түп райондук «Колхоз жолу» газетасында редактор, кийинчерээк Балыкчы шаарынан чыга баштаган «Заря коммунизма» газетасында редактордун орун басары болуп кызмат өтөгөн.

1965-жылдан тарта Түп районундагы Талды-Суу айылдык Кеңешинин аткаруу комитетинин төрагасы болуп ардактуу эс алуу-

га чыкканга чейин эмгектенген. Кеңешке караштуу айылдардын маданий, жана социалдык жактан өсүп өнүгүүсүнө, элдин ынтымагын жана биримдигин чыңдоого көнүл бурган. Буга атам төрага болуп иштеп турганда Кеңештин курамына кирген 6 айылга китепкана үчүн имараттарды салдырган. Мындан тышкары айылдардын катарында соода, медициналык жактан тейлөөнү, жаш муундарга билим-тарбия берүүнү жакшыртуу жаатында айтарлык иштерди жүргүзгөн. Кеңеште иштөө менен катар калемин колдон түшүрбөй газета-журналдар менен, журналисттер союзунун мүчөсү катары эл арасында байма-бай болуп, алардын жашоо турмуштары, коомдук турмуштагы оор-кыйыштар жөнүндө басылмаларга жазып жүрдү. Республикалык «Советтик Кыргызстан» (азыркы «Кыргыз Туусу») газетасынын активдүү сырт кабарчысы катары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы, областтык «Ысык-Көл правдасы» газетасынын 10 миңинчи саны чыкканда партиянын Ысык-Көл областтык комитетинин Ардак грамотасы менен Ата журт алдында сиңирген эмгеги үчүн 7 медалы, Республиканын Жогорку Кеңешинин дагы 2 Ардак грамотасы жана башка сыйлыктар менен сыйланган. Атам Казыке Асаналиевдин көзү өтсө да, анын аткарган барандуу иштери али да элдин эсинде.

**Мелис АСАНАЛИЕВ,**
**баласы, К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун окутуучусу.**

## МОГ СДЕЛАТЬ ОЧЕНЬ МНОГО...

Арынов Жапар родился в 1923 году в селе Кереге-Таш Ак-Суйского района в семье колхозника. Отец Жангарачев Арын одним из первых вступил в колхоз, а затем в партию. Работал в сфере сельского хозяйства. Мать его Жангарачева Дейилде с момента организации колхоза неоднократно избиралась в довоенные и послевоенные годы председателем Кереге - Ташского сельского совета. Своей принципиальностью, компетентностью, мудростью и справедливостью она пользовалась уважением и авторитетом среди односельчан.



Всем своим детям они дали хорошее образование, воспитали настоящих патриотов. Жапар после окончания средней школы уходит на фронт добровольцем. После прохождения ускоренных курсов младших командиров был направлен на Сталинградский фронт и был назначен командиром взвода. Гитлеровцы предполагали, взяв Сталинград пойти вверх по Волге на Куйбышев, Казань, Горький и таким образом, обойдя Москву с тыла, занять ее. 21 немецкая дивизия и 15 итальянских и румынских дивизий под командованием генерал - полковника фон Паулюса обрушились на город.

Героические защитники Сталинграда приковали к себе основные силы противника, дав возможность Красной Армии подготовиться к контрудару. Попав в самое пекло войны, Арынов Ж. не растерялся, не струсил, а как настоящий джигит командовал взводом, подвергался обстрелу, удерживал до последнего патрона оборону. Сколько их там полегло, молодых солдат? Сколько неизвестных героев похоронено на Мамаевом кургане? В декабре в ходе ожесточенных боев Арынов был ранен. За проявленный героизм и мужество награжден медалями «За оборону Сталинградского тракторного завода», «За оборону Сталинграда» и именным оружием. После выписки из госпиталя его направляют на курсы по подготовке техников. По завершении курсов направляется в авиационный полк - техником. Войну закончил в Прибалтике. За участие в освобождении прибалтийских городов и сел награжден орденом «Красной Звезды», медалью «За взятие Кенигсберга».

После демобилизации из армии поступает в Пржевальское педагогическое училище, после окончания которого работает учителем, затем в 1953 - 1955 годах избирается секретарем Ново - Вознесеновского районного комитета, работает заведующим областным отделом народного образования, в последующие годы работает методистом облоно, зав. Тюпским отделом народного образования, председе-

дателем колхоза, а с 1965 года и до конца своей жизни работал учителем истории в средней школы имени Алышбаева. Неутомимым тружеником, пропагандистом новых идей и методов обучения в школе.

Он вырастил и воспитал трех сыновей и троих дочери. Они все получили высшее образование и работают в разных отраслях народного хозяйства.

Он мог бы внести очень много новаторских идей, но раны, полученные на войне, сказались и в 1983 году его не стало, но память о нем будет жива.

**Дети и внуки АРЫНОВА.**

# Я ГОРЖУСЬ СВОИМ ДЕДОМ



Я горжусь своим дедом прежде всего за то, что он, Асанбаев Жапаралы, был участником Великой Отечественной войны и с Победой вернулся домой. В ноябре 1944 года в возрасте 18 лет был призван в ряды Советской Армии. Целых шесть лет он прослужил в рядах Советской Армии. Только в 1950 году был демобилизован из рядов Советской Армии. Самые лучшие, молодые годы он защищал свою великую Родину-СССР и малую Родину- с. Кавак Джеты-Огузского района Иссык-Кульской области. По его воспоминаниям это были самые яркие и незабываемые годы жизни. Несмотря на разные политические перемены, его любимым девизом были «За Родину!», «За Сталина!» Самым лучшим праздником для него был День Победы! И мы, его дети и внуки, хорошо помнили об этом, задолго до праздника чистили ему медали, готовили его парадный костюм, рассматривали армейский альбом, приобретали венки к обелиску.

В школьном дворе с. Кавак Джеты-Огузского района есть обелиск погибшим участникам ВОВ, где высечена фамилия его брата,

Асанбаева Жапара, погибшего под Сталинградом.

В День Победы, все жители села, не сговариваясь, шли на митинг, который всегда открывал наш дедушка. Я помню, еще в детстве, живых участников войны в селе было пятеро, потом их стало трое, а сегодня нет никого в живых. Очень жалко и горько, что в год 65-летия Победы в нашем селе не осталось бывших фронтовиков.

Мой дедушка Асанбаев Жапаралы родился 12 февраля 1926 года в селе Кавак Джеты-Огузского района Иссык-Кульской области Киргизской ССР в семье крестьянина-бедняка. Дедушка еще при жизни, неоднократно подчеркивал, что он родом из простой крестьянской семьи, так как прадедушка Бектуров Асанбай, до 1920 года батрачил у киргизских баев и манапов и не имел своего хозяйства. Прадедушка умер рано и моему дедушке, как единственному, оставшемуся в живых сыну, приходилось быть всегда за главного. И действительно, он всегда помогал и поддерживал двух сестер. Сегодня их нет в живых, но мы всегда помним и гордимся ими; старшая сестра дедушки Асанбаева Рахима трижды избиралась депутатом Верховного Совета Киргизской ССР, младшая Асанбаева Жумакуль всю свою жизнь проработала учительницей в сельской школе.

**Я горжусь своим дедом**, ведь он обыкновенный парень из маленького кыргызского села дошел до Берлина и был участником встречи на Эльбе. До конца войны в качестве командира пулеметного отделения принимал участие в боях по ликвидации немецкой группировки южнее Берлина, а затем в наступательных операциях на реке Эльба. «В июле 1945 года наша дивизия снялась из Германии, и маршем проходя через Польшу в августе 1945, прибыла в г. Лида Белорусской ССР. В июне 1948 года, был назначен в штаб стрелковой Криворожской дивизии старшим писарем. В октябре 1949 был переведен в военную прокуратуру, где мне присвоили воинское звание «гвардии старшина» и назначили старшим писарем (секретарем) военной прокуратуры дивизии, а затем был утвержден народным заседателем военного трибунала»-вспоминал дедушка о своих армейских передвижениях.

Он был очень грамотным, образованным, волевым и справедливым человеком, одним словом, высокой и яркой личностью. По тем

временам, он имел блестящее образование. Окончил Пржевальское педучилище, трехгодичную Республиканскую Высшую партийную школу при ЦК КП Киргизии с отличием, Киргизский государственный университет по специальности «История» на «хорошо» и «отлично». Перебирая личный альбом и документы дедушки, мы также обнаружили, что он еще в 1947 году с отличием закончил вечернее отделение дивизионной школы партийного актива 48-й гвардейской стрелковой Криворожской дивизии.

**Я, горжусь своим дедом** за то, что он прекрасно говорил и писал на русском языке. Я навсегда запомнила, как о нем отзывался его друг и соратник по партии Бейше Жапаров. С юмором, в то же время с уважением, он рассказывал нам о вступительных экзаменах, когда наш дедушка, единственный из всех поступающих в Высшую Партийную Школу в 1953 году, получил оценку «отлично» за диктант по русскому языку. «Мы на него смотрели с восторгом и удивлением, как на какой-то поразительный экземпляр» - говорил Бейше Жапарович.

Сегодня я учусь на втором курсе ИГУ им. К. Тыныстанова на бюджетном отделении факультета русского языка и литературы, думаю закончить с отличием, как когда-то мой дедушка. Твердо уверена в том, что он был бы рад моему выбору и будущей профессии.

**Я горжусь своим дедом** за то, что он всегда был комсомольским, партийным лидером, социально активной личностью, в возрасте 21 года он стал коммунистом, чем он гордился всю свою жизнь. О добросовестном отношении к трудовой деятельности свидетельствуют и его многочисленные правительственные награды, как боевые, так и трудовые. Мой дедушка был награжден орденом Отечественной войны, одиннадцатью медалями, грамотами и Почетными грамотами, в том числе Верховного Совета Киргизской ССР и ЦК ЛКСМ Киргизии. Но самыми дорогими, по его воспоминаниям, были медали «За Отвагу», «За взятие Берлина и Победу над Германией в ВОВ 1941-45 гг.» и орден «Отечественной Войны».

**Я горжусь своим дедом** тем, что улица в с.Кавак Джеты-Огузского района еще при жизни была названа его именем. Мой

дедушка прожил честную, яркую жизнь. За свою послевоенную жизнь он работал на должности зав.сектором партучета Джеты-Огузского райкома партии, инструктором Иссык-Кульского обкома партии, в 1957 году избирался секретарем Джеты-Огузского РК КП Киргизии, секретарем партбюро колхоза имени Шевченко и (1958-1960 гг.), «Ульгу» (1964-67 гг.) председателем колхозов им. Фрунзе (1960-1963 гг.) и «Ульгулю-Джаш» (1972-1977 гг.). В 1978 году был избран председателем исполкома Торт-Кульского сельского Совета.

К нашему большому сожалению, сегодня его нет рядом с нами, умер наш дедушка Асанбаев Жапаралы, в 2002 году в возрасте 76 лет. Вечная СЛАВА и ПАМЯТЬ всем участникам Великой Отечественной Войны! Мой дедушка останется в наших сердцах навсегда! Шестеро его дочерей, один сын, 15 внуков, 5 правнуков будут всегда помнить, и гордиться своим отцом и дедом Асанбаевым Жапаралы.

**Акылай ЖАПАРАЛИЕВА,**
**студентка, внучка.**

## ЭГЕР СОГУШ БОЛБОГОНДО...

***Көктүн көркү күн менен,***
***Чөптүн көркү гүл менен.***
***Эрмектешип олтурса,***
***Элдин көркү үн менен.***

***Күлмүңдөп тийген күн сулуу,***
***Күн жокто, айлуу түн сулуу.***
***Көгөрүп көркү ачылса,***
***Көйкөлүп өскөн гүл сулуу.***

Бул ыр саптарды менин атам Асипов Асангазы жазган. Ал 1920-жылы табияты өтө кооз, жайында келсең салкын, кышында келсең жылуу, адамдары да кең пейилдиги менен айырмаланган Ысык-Көл облусунун Түп районуна караштуу Талды-Суу айылында төрөлгөн.



Атасы Токторбаев Асип айылдын акылман, мыкты адамдарынын бири болгон, айылында ферма башчысы болуп иштеген жана 1925-жылы бул кишинин аракетинин негизинде эң алгачкы кооператив ачылып, элижуртуна өнөр-жай жана азык-түлүк товарларын сатып, элди тейлеп ыраазы кылган. Атам Асангазы мектептин 7-классын бүтүргөндөн кийин «Кыргызстан пионерии» газетасында жооптуу секретарь, андан кийин жооптуу редактордун орун басары болуп иштеген. Айылдаштарынын, жолдошторунун, туугандарынын айтуусунда атам ыр жазганга шыктуу, шайыр, тамашакөй, комузчу, ырчы, жолдоштукту, тууганчылыкты баалай билген, улууларды урматтап, сыйлаган, кичүүлөргө үлгү болгон инсан экен. Жолдоштукка бек экенин төмөнкү ыр саптарын окуп көрсөң болот.

**АКУН, МУКАШКА**

**25.06.1942-жыл.**

***Ойногон, колтукташып бирге басып,***
***Гүл үзгөн көк ишберден, көңүл ачып,***
***Жүрүшүп, бир атанын балдарындай,***
***Бир жатып, бирге турган кучакташып.***

***Досторум Акун, Мукаш эсимдесиң,***
***Түшүмдө жаткан сайын кезигесиң.***
***Алдейлеп, ак бешикке бөлөп баккан,***
***Таалайлуу Талды-Суунун жериндесиң.***

«Кыргызстан пионери» газетасында иштеп жаткан учурда өзүнүн көптөгөн ырларын «Аюу менен түлкү» деген жомогун газетага чыгарып, «Алтын күн» аттуу романын, «Айна» аттуу поэмасын, «Акен» аттуу романын жаза баштаган, кыргыздын макал-

лакаптарын топтогон. Өзүнүн «22 жашка» деген ырын төмөндөгүдөй жазган:

***Өткөн күн желдей билинбейт,***
***Кызыгы көзгө илинбейт.***
***Жыл өтсө келип жаңылып,***
***Өзгөргөн турмуш билинбейт.***

***Жаштык- жыргал, нурга оронуп гүлдөгөн,***
***Жаштык- дарак жай кезиндей бүрдөгөн.***
***Жаш кыялы асманга учуп айланып,***
***Жаштык мастай, эчтекени билбеген.***

***Быйыл толдум 22 жашыма,***
***Алдым кагаз ойлор түшүп башыма.***
***Өткон жылдын бир элеси барбы деп,***
***Суроо берип, жүрок турат ашыга.***

***Көз алдыма элестеди нечен күн,***
***Бирге баскан тамашалуу айлуу түн.***
***Олтурганда сөздөн улай сөз чыгып,***
***Көнүл ачып, күлкүлүктүү чыккан үн.***

***Жаштык кезим жердин асыл гүлү го,***
***Сайрап турсам, созүм булбул үнү го.***
***Ата-энемди ардактасам, сыйласам,***
***Алардын мен тиктеп турган күнү го.***

Бул ырды жазгандан бир жылдан кийин 1943-жылы Ата Мекенин коргоо үчүн согушка кеткен. Айылда ата-энеси, өмүрлүк жолдошу Аденова Асипкан, жалгыз карындашы Зина (кыргыздын белгилүү Эл акыны Байдылда Сарногоевдин жубайы) жана төрт айлык кызы мен калганбыз. Фронттон бош убактысы боло калганда аманчылыгын билгизип кат жазып турчу экен. Акыркы каты

★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★

Саратов шаарынан келип, андан кийин дайынсыз болуп калган. Атасы Токторбаев Асип көп жерлерге кайрылып, издөө салган. Бирок курман болгондордун арасында да, согуштан кайтып келгендердин арасынан да аты аталган жок. Атасы, энеси (Чаңканбай кызы Мөкөл) жалгыз уулу Асангазыдан өмүрлөрү өткөнчө үмүттөрүн үзбөй жүрүп, чоң атам Асип 101 жашында, чоң энем Мөкөл 97 жашында, ал эми энем Асипкан согуш учурунда колхоздо бригадир болуп иштеп жүрүп катуу ооруга чалдыгып, өмүрлүк жолдошун согуштан аман-эсен кайтып келишин жараткандан тилеп жүрүп, 1946-жылы дүйнөдөн кайтышкан. Атамдын алдына койгон чоң максаттары, ойлогон ойлору, тилеген тилеги каргашалуу согуштун кесепетинен аткарылбай калды. Аман болсо, кыргыз элине атагы чыккан залкар акын болот эле деп элдер көп кеп кылышат. Атама арнап, эстелик катары Талды-Суу айылындагы Орджоникидзе атындагы колхоздо көп жылдар бою парторг болуп иштеген, комузчу, көптөгөн күүлөрдүн автору Акимкан Сыдыков «Асангазы» деген күүсүн чыгарса, белгилүү журналист Асаналиев Казыке «Кайрылбай калган куш» деген аңгемесин чыгарган. Ал эми «Кыргыз Эл артисти», белгилүү манасчы Уркаш Мамбеталиев (Мамбетаалы Асип чоң атамдын кичүү иниси) агасы Асангазынын тамашакөйлүгүн, кылган тамашаларын, оюнкарактыгын айтып каткырып күлүп калат. Согушка 23 жашында кетсе да көптөгөн чыгармалардын автору болуп, элге таанылып калган экен. Жаш болсо да белгилүү акын, адамдык касиеттерди жогору баалаган, эл үчүн кызмат кылган инсан болгондугу үчүн мен атам менен өтө сыймыктанам. Дүйнөдө согуш болбосун! Жергебизде тынчтык болуп, атамдай болгон жаш жигиттер өз мекени үчүн дайыма кызмат кылышып, элибиздин турмушу жакшы болуп, адамдардын адамкерчиликтүү болушун каалайм. Ар дайым тынчтык болсун!

**Айна АСАНГАЗИЕВА,**

**кызы, эл агартуунун отличниги, усулчу-мугалим.**

★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★

# ДОБРОВОЛЕЦ



Я горжусь своим отцом! Его нет среди нас, но я хочу снова и снова говорить с ним. Я хочу рассказать о нем всем людям, дав ему еще немного мгновений жизни. Я хочу сказать о своей сыновней любви.

У моего деда Токбаева Асаке было три сына - Асакеевы Бейше, Абыш и Амантур. Асакеев Бейше перед началом войны окончил Пржевальский педагогический техникум и был направлен в Талас, работал в школе в селе Кировка, летом 1940 года привез в дом отца на Иссык-Куль невесту из Таласа, получил благословение и вернулся в село Шекер, где его выбрали председателем сельсовета. Спустя год его призвали на фронт. По рассказам моего отца и дочери Бейше, якобы он передал ключи и печать сельского совета смышленому подростку Чингизу Айтматову.

Похоронка на Бейше пришла в начале 1942-го из-под Сталинграда. Второй сын Абыш ушел весной 1942 года и пропал без вести, последнее письмо дед получил из-под Курска. Мой отец, Амантур - 1924 года рождения, не взирая на мольбы родителей, ушел на фронт добровольцем осенью 1942 года. Окончил школу разведчиков войск НКВД, участвовал в боевых операциях на территории Белоруссии, Украины, Польши.

Помню один из многих его рассказов. Как-то в разведке он заметил провод, висевший на дереве. Предупредив всех о своей находке, начал встряхивать ветки и листья, налипшие к проводу. Осмотрев, нашел вход в схрон. Было принято решение: быстро открыть замаскированный вход и проникнуть внутрь. Что и было сделано отцом и его товарищем. Внутри схрона сидели три диверсанта в камуфляжной форме, один из них работал с радиопередатчиком. От неожиданности они оцепенели и после предупредительной очереди из автомата были взяты в плен.

Войну отец закончил на территории Чехословакии. Вернулся

домой в 1946 году, единственный из троих братьев, ушедших защищать Родину. На груди у него красовались орден Отечественной войны II степени, медали «За отвагу», «За боевые заслуги», «За освобождение Праги» и «За победу над Германией в Великой Отечественной войне 1941-1945 гг.».

После войны отец окончил университет и до конца жизни работал в школах Иссык-Кульской области преподавателем истории и обществоведения, завучем, директором, воспитывал детей в духе преданности и верности Отчизне.

Многие люди Киргизстана вспоминают его добрым словом за кропотливый, благородный учительский труд.

**Сталбек АСАКЕЕВ,**
**сын.**

## 9-МАЙ КҮТКӨН МАЙРАМЫ ЭЛЕ



Биздин атабыз Атанаев Ашымбай 1914-жылы Ысык-Көл районундагы Долинка, азыркы Кара-Ой айылында төрөлгөн. Ата-энеси менен кыргыздын башына келген Үркүндө кытай жерине качып барышып, ал жакта 2-3 жылдай жашоо кечирген. Совет өкмөтүнүнү жеңиши да угулуп, кедей-кембагалдарды өз мекенине чакыруу келгенде атабыздын үй-бүлөсү казакстан аркылуу өз жерине келүүгө кам урушуп эки айдан кийин жолго чыгышпат. Атасы Атанай Алма-Ата шаарына жакын жердеги тоо этегине келип калган учурда капыстан ок жаңылып, каза болот. Чоң атабыздын сөөгүн  каза болгон жерине коюп, чоң энебиз Эркеч чиедей жаш балдары менен Чоң-Кеминге түшөт. Кеч күз болуп, аба ырайы да кескин сууктап калгандыктан ошол жерде Чоң-Кеминде кыштап калууга аргасыз болот. Балдарын багуу үчүн ошол жерлик Мырзалы деген кишиге

турмушка чыгат. Мырзалы атабыз Эркеч энени жакшы коруп калгандыктан балдарын жакшы карап, келечегинде энебиз ал атабыздан Курманбүбү аттуу кыздуу, Бакас аттуу балалуу болушуп эриш аркак жашашат. Мырзалы чоң атабыз 1929-1930-жылдары каза болуп, түйшүк атабыздын мойнуна түшөт. Ал учурда атабыз 17 жаштардагы бала экен. Бул кабар Ак-Талаа районунда сот болуп иштеп турган аталаш эжеси Алмадайга жетип, эжебиз Долинкада жашаган атабыздын бир тууган таякеси, уругу Черик Кылычбайды алып Чоң-Кеминге барышат. Ал жерде Мырзалы атабызга куран окутуп, элдин батасын алып бир туугандарын Долинкага көчүрүп келет. Атабыз Долинкага келгенге чейин эле Чоң-Кеминден үч класс билим алып, сабатын жойгондугу атабыздын жаңыдан келген таш таман трактордо иштөөсүнө өбөлгө түзөт. Ошентип атабыз Ашымбай айылда алгачкы тракторист болуп, бүгүнкү күнгө чейин эл оозунда аңыз кеп болуп айтылып келет.

Эжеси Алмадай кыргыз аялдарынан чыккан алгачкы билимдүү, Коммунисттик партиянын мүчөсү, Ош, Жала-Абад, Нарын облустарында сот, кийин Новый-Путь колхозунда партиялык уюмдун секретары, ферма башчысы болуп иштеген аялдардан болгон. Кийин ардактуу эс алууга чыккандан кийин да райондо сот заседатели болуп да турган. Көптөгөн орден, медалдардын, Ардак грамоталардын ээси да болгон.

1941-жылдарда атабыз атайын бронь менен трактористтердин бригадири болуп ооруктa калган. 1942-жылы өз курагындагылардын бардыгы согушка кеткендигинен улам райондук аскер комиссариатына согушка жөнөтүү тууpaсында арызды бир нече ирет жазып жатып согушка кеткен. Алгач алар Алма-Ата шаарында согушка даярдыктан өтүп, Воронеж шаарына 1 Украиналык фронттун аткычтар дивизиясында замбиректин наводчиги кызматын өтөгөн.

-Согуш бул алаамат, кыйроо, кан төгүү, жоготуу. Мунун барын өз көзүм менен ушул согушта көрдүм. Совет адамдарынын эрдигин, мөндүрдөй эжааган октон тайманбай Мекен үчүн, жер үчүн баскынчыларга карата чабуулунда даана көрүнүп турду. Командирдин:- Мекен үчүн, Сталин үчүн алга деген чакырык

командасынан кийин окопто жаткан солдаттардын душманды көздөй чуркаганы али да көз алдымда турат. Ок тийип кулаганы канча, болбой эле душмандын плацдармын ээлеп алган учурлар көп эле жолу болду. Ушундай салгылаштын биринде жарадар болдум. Госпиталда жатып сакайып чыгып, кайрадан согушка кирдим. Согушту Варшава шаарынанан аяктадым. Мыкты куралданган душманга туруштук берип. Совет соолдатынын майтарылбас эрдигине таазим этип ушул бүгүнкү күнү да куран түшүрүп, аларга таазим этем – деп калар эле атабыз.

Варшавадан кийин такшалган солдаттардан куралган дивизия миллитаристтик японияга каршы Чита шаарына келишет. Бирок бул мезгилде япон тарап багынгандыгын билдирип, согушту токтотушат. Ошентип атабыз 1946-жылы айлына кайтып келет. Согушта көрсөткөн эрдиктери үчүн атабыз "II даражадагы Ата Мекендик согуш" ордени, «За отвагу», "Жеңиш", "1941-1945-ж.ж. Улуу Ата Мекендик согуштагы көрсөткөн эрдиги үчүн», «Жеңиштин 20, 30, 40, 50 жылдыгы», «Эмгектин ардагери» жана башка медалдары менен сыйланган.

Атабыз төшүндөгү орден, медалдарынын бардыгын тагынып алып чыкканда атабыз менен сыймыктанып, биз дагы атабыздай эл ишенимине жараган балдардан болгубуз келер эле. Атабыз 7 эркек, 4 кыздуу болуп, энебиз Акылкан менен 50 жылдай бирге түтүн булап, өмүр кечиришти. Балдарынан окумуштуу, инженер, врач, аскер кызматкери-полковник, фермери, технологу, мугалими жана башка кесиптегилери чыкты. Атабыздын небере-чөбөрөсү ушул күнү 80дей. Арасында бийлик бутактарында, прокуратура, СНБ, коргоо жана башка министрликтерде иштегендери, чет мамлекетте окугандары да бар. Энебиз Бостерилик Абдыкерим деген адамдын кызы болгондуктан таякелерибизге бат-бат каттап, бүгүнкү күнгө чейин алар менен ынтымагыбыз жакшы. Телеком тармагында көп жыл жетекчи болуп иштеген Бекжан, Казакстанда айыл чарба министринин орун басары болуп иштеген Бексултан, ата үйүн ээлеген Базаркул таякелерибиз эжесинин көзү жок болсо да бизге акыл кошуп турган, бир тилектеги адамдар.

9-май атабыз жактырып, күткөн майрамы эле. Ушул күнү

Ананьеводогу Стамбай күйөө баласы менен карындашы Курманбүбү эжебиз куттуктап келер эле, өзүнчө майрам болчу. Ал күнү сакал-мурутун алып, галифе шымын, төшү орден, медалга толгон костюм-кителин, хром өтүгүн жылтырата майлап айылдагы, райондогу ардагерлер жолугушуу-парадына, майрамына барар эле. Андан келгенде атабыздын жүзүнөн кубанычтын белгиси ыроолоп турчу. Колуна кармаган кызыл гүлүн бизге берип жатып:-Эми согуш болбосун. Согуш кайгы, муң. Кудайдан тилегеним тынчтык күндө жашап, өмүр кечиргиле,-деп ар бирибиздин башыбыздан сылап, тилек кылчу. Атабыз 1996-жылы 3-майда каза болду. Кийин атабыздын бул сөзүнүн маанисин түшүнүп, чексиз ыраазы болуп жүрбөйбүзбү.

**Кылычбек АТАНАЕВ,**
**уулу.**

# МАМА БЫЛА ПЕДАГОГОМ



Мама Ахметова Хадича родилась 30 мая 1902 года в г.Каракол в семье бедняка. Отец, Гизитдин Ульмаскул уулу, брал книги у богатых людей, имевших свои лавки и на ручной тележке возил на базар, по улицам и продавал их. Так он содержал семью. Он знал грамоту, умел читать и писать на арабском языке. В народе его звали «книжник Ногой». Хадича до 8 лет воспитывалась в семье, а в 1910 году ее отдали в частное медресе учительнице Таировой Жамиле, которая учила детей арабскому алфавиту. В 1915 году открылась Туземная школа и Хадича перешла в эту школу. Здесь обучали и русскому языку. Учительницей была Софья Бенедиктова. В 1916 году умер отец и Хадича ушла из школы, а в 1917 году умерла от тифа мама и девочка осталась круглой сиротой. Хадича пошла в семью Фатых-бая нянчить его детей. В 1918 году тетя 16-летнюю Хадичу выдала

замуж за Ахметова Валия.

В этом же году она с мужем устроилась в детской дом. Муж сначала работал по хозчасти, потом преподавал, она была воспитательницей и учителем. Здесь супруги проработали до 1920 года. В сентябре 1920 года обоих определили учителями в Арашанскую школу Джеты-Огузской волости. В сентябре перевелись в школу с.Ырдык. В 1924 году уехали в с.Темировку Кунгей-Аксуйской волости, где проработали до 1927 года, а затем в Джеты-Огузскую волость в школу Тилекмата. В 1929 году Хадича потеряла мужа, осталась с четырьмя детьми и свекровью. В 1927 году начался переход на латинский алфавит. Во время летних каникул посещала курсы переподготовки учителей.

В 1940 году поступила на заочное отделение Пржевальского педучилища. В 1946 году с семьей (остались сын Газиз и дочь Динар) переехала в г. Пржевальск, где начала работать в средней школе имени Кирова. В 1954 году из-за болезни ушла с работы. Умерла 11 февраля 1989 года.

Х. Ахметова была награждена грамотой «Ударник второй пятилетки» в 1935 году, Почетной грамотой Верховного Совета Киргизской ССР, являлась отличником народного просвещения, имела медаль «За доблестный труд в период ВОВ 1941-1945 г.г.», орден «Ленина», юбилейную медаль в ознаменование «100-летия со дня рождения В.И.Ленина». Её имя занесена в энциклопедию КР.

***      ***

# ДОМОЙ ПРИСЛАЛИ ПОХОРОНКУ

Ахметов Газиз Валиевич родился 18 июля 1926 года в г. Пржевальске Иссык-Кульской области, в семье служащего. В 1933 году поступил в первый класс начальной школы с.Джеты-Огуз Джеты-Огузского района. В 1934 году окончил начальную среднюю школу имени Ленина в с. Шалба Джеты-Огузского района. После окончания средней школы поступил в финансово-экономический техникум г.Фрунзе, который окончил в 1941 году, и был направлен на работу

налоговым инспектором в Тонское райфо, а затем был переведен инспектором в Джеты-Огузское райфо, где он проработал до 20 сентября 1943 года.



В этом же году был призван в Армию. Первое время обучался стрелковому делу, а затем служил стрелком на 4-м Украинском фронте. 15 декабря 1944 года в Чехословакии, в районе г. Кошицы был тяжело ранен. Почти до мая скитался по госпиталям, а тем временем домой прислали похоронку. Но спасибо работникам сельсовета, которые не стали вручать ее маме фронтовика.

Газиз Валиевич вылечился в госпитале, вернулся домой. Отдохнув немного, он пошел работать в школу учителем физики и математики. В 1946 году переехал в г.Пржевальск и осенью поступил в Пржевальский государственный двухгодичный институт, на физико-математическое отделение. В 1951 году окончил Фрунзенский педагогический институт (заочно). Преподавал физику, математику в средней школе имени Кирова г.Пржевальска. В 1954-57 г.г. был завучем начальных классов, в 1962-64 г.г. - директором, в 1964-67 г.г. - завучем школы. Работал в старших классах. Умер 24 ноября 1967 года.

Имел следующие награды: медали «За доблестные военные заслуги». «За победу над Германией в ВОВ 1941-45 г.г.», а в мирное время был удостоен медалей «За доблестный труд», «За труд в ознаменование 20-летия Победы».

**Дети АХМЕТОВА.**

# СЫЙЛЫККА – АЛТЫН СААТ

Менин чоң атам Байтереков Шерикбай 1910-жылы Түп районуна караштуу Чоң-Тогузбай айылында туулган. Уруусу боюнча Тогузбай. Чоң атам Түп районунун комиссариатынан 1941-жылы октябрь айында согушка кеткен. Ал биринчи Украиналык фронтунун 333 гвардиялык артиллеристтик полктун 45 мм

★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★



замбиректин октоочусу болуп баштаган. Ал полктун командири Павлов деген адам болгон. Согуш учурунда 3 жолу жаракат алган. Биринчи жолу 1942-жылдын март айында сол далысына ок тийип жарадар болсо, госпиталдан кийин аткычтар полкунда аткыч болуп согушка кайра катышкан. 1944-жылы дагы бир жолу жарадар болот.

Согуш учурунда немец солдаттарын туткунга түшүргөн эрдиги үчүн командование тарабынан алтын саат жана бир нече ордендер менен сыйланган. Бирок акыркы жолу 1945-жылы Будапешт шаарын алууда он тизесинен оор жаракат алып, башка жарадар солдаттар менен бирге поезд аркылуу Владивосток шаарына жеткирилип, госпиталда дарыланган. Жеңиш болгонун госпиталдан угуп, абдан кубанган. 1946-жылы мекенине кайткан. Ак-Суу районундагы Сары-Камыш айылында мал багып иштеп, чоң энеме үйлөнүп Түп районунун Чоң-Тогузбай айылына көчүп келишип. көп жылдар бою айылда дыйкан чарбасында үзүрлүү эмгектенди. «Ветеран труда» медалы жана Улуу Ата Мекендик согуштун жеңишинин 25, 30-жылдык юбилейине карата «Двадцать пять лет Победы в Великой Отечественной войне 1941-1945г.г.», «Тридцать лет Победы в Великой Отечественной войне 1941-1945г.г.» медалдары менен сыйланган.

Жубайы Жүгөрү кызы Бүбүзайра экөө 6 баланы: 4 кыз, 2 эркекти татыктуу тарбиялап өстүрүшкөн. Чоң атабыз 1995-жылы 85 жаш курагында кайтыш болгон. Атабыздын жаркын элеси балдарынын, неберелеринин, чөбөрөлөрүнүн, туугандарынын эсинде дайыма сакталат. Мен жана менин туугандарым Улуу Ата Мекендик согушта Мекенин немецтик фашисттерден коргоп, эрдик көрсөткөндүгү үчүн чоң атабыз менен абдан сыймыктанабыз.

**Нурайым БАЙТЕРЕКОВА,**
**чөбөрөсү, Караколдогу №2 орто мектебинин**
**7 «В» классынын окуучусу.**

# ЖАКШЫ САПАТТАРЫ МЕНЕН ЭСТЕ КАЛДЫ



Ар ким өз атасы менен сыймыктанат. Мен дагы мына жашым алтымышка чукулдап калса дагы атам Бокбаев Данапия менен сыймыктанып, анын арбагына таазим кылып келем. Атам менен курбалдаш өскөн адамдарга чай берип, алардын колуна нечен ирет суу куюп берген учурларым көп болду. «Атаң өлсө да, атаңды көргөн өлбөсүн»-деген мааниси терең сөз бекеринен жаралбаса керек. Алардан атам туурасында көп сурар элем.

Атам 1891-жылы азыркы Дархан айылына караштуу Чычкан-Башы деген жерде төрөлүп, атасы Бокбай каза болгонго чейин ошол жерде жашап, балалык курагы өткөн экен. Чоң атамдын эки уул, төрт кызы болгон. Кыздары Нарынга, Жети-Өгүзгө, Ак-Дөбөгө, Кичи-Жаргылчакка турмушка чыгышып, ошол айылдарда жашашты. Улуу баласы Алдаш жаштайынан эле тың чыгып, тээ кытай тараптан кездеме, тамак-аш алып келип, бир уруу журтту бага турган. Көргөн-билгендердин, атамдын айтуусуна караганда Алдаш атабыздын Кытайда достору болуп, алар дагы Көл жергесине көп келип, каттап турар эле дешет. Кийинчерек орустар келип, Кытай менен болгон чек араны жаап, кайтарууга алышат. Туугандарынын жашоо шарты төмөндөп, тамак-аштан кем карч боло баштаганда Алдаш атабыз аргасыздан жашыруун өтүп, кесибин уланта баштайт. –"Баягы заман кетип, жаңы заман орной баштады. Элиңе жардам бергениң, мага жардам бергениң. Ошондой болсо да ары-бери жүргөндө абайла,

балам", - деп чоң атам Бокбай баласына айтыптыр. Алдаш ата

ошол учурда Ак-Суулук Олжобай баатырдын Токсоба деген баласынын кызы Ускага жаңы үйлөнгөн учуру экен. Уска энем 1970-жылдары менин колумдан үзүлүп, карылыктан каза болду. Токсонго жашы келсе да баягы жаш кезиндеги узун бою, чап жаак, кара тору , бакырайган сулуу өңү өчпөй үзүлө берди. Өлөр өлгүчө жанынан чыгарбай, акыл-насаатын, жомоктордун түрүн айтып, багып чоңойткон энем болчу. Ошондон улам ал кишини «Баккан эне» дээр элем. Алдаш ата кайсыл бир кытайга барганында орустарга жеткирген «узун кулак» адамдардын айынан чек арадагы орустардын огунан улам шейит кетиптир. Агасынын минип жүргөн атын кийин атам таанып, кайсыл бир орустан кайра алганын көп айтаар эле. Бул мезгилде орус байларына жалданып иштеп, жеңеси экөө оокат кылышкан. Андан кийин жеңеси баласындай болуп калган Данапияга, сүйлөшүп жүргөн кошуна орус байында тикмечи болуп иштеген Ак-Теректик Кулунчак деген адамдын Уултай деген кызын алып берген. Уултай ак жуумалынан келген, сулуу аял болгон. Көп бала төрөсө да бирөөсү да аман болбоптур. Эң кичүүсү Бекташ 10 жашка чыгып, оорудан каза болгондо өтө кайгырып, катуу аза күткөн дешер эле. Андан кийин 1947-жылы менин энем Зымыйга үйлөнүп андан 8 бала, 3 эркек, 5 кыздуу болгон. Ошол учурда эле атам туугандарынын, эл-журттун оозуна алынып калган чыгаан мергенчи болуптур. Үркүндө жолдо ачка калган туугандарын тоо текелердин эти менен багып келгенин ушул бүгүнкү күнгө чейин айтып калышат. Кийинчерек эле мен эс тартканы атам тоодон келгенде туугандарыбыз жумалап үйдө болушуп, өзүнчө той болчу. Шыралга деп келген кайберендердин этинен, аарыдан жаңы эле тартылган балдан алып кетишчү.

Үркүн учурунда атам дагы эл катарлуу кытай тарапка үркүп барып келген. Андан кийин Совет бийлиги орноп, атам мергенчилик ишин улантып, райондогу аң-терилерди даярдоочу конторада иштеген. Кийинчерек ички иштер эл комиссариатында иштеп турганда согуш башталып, атайын мамлекеттик бронь менен 1941-жылдын күз айларында Советтик Кызыл Армия үчүн аң-терилерди даярдоочу атайын уюшулган топ менен Түркмөнстандын, Казакстандын, Өзбекстандын чөлдөрүнөн териси баалуу айбанаттарды кармоодо эмгектенген. Архивдик маалыматтарга

караганда ал айлык план тапшырмасын 150-180 пайызга чейин аткарып турган.

–Ал учурда биз көрбөгөндү көрдүк. Өлүп калгандар көп болду. Багым бар экен, жериме аман келдим. Согушка суранып бир нече ирет кат да жаздым. Бирок бизди бул дагы фронт деп улуксат беришкен жок. Бутум шишип, баспай калган күндөр болду. Тажикстандын тоолорунда суукка кабылып, өпкөмө суук тийгенден кийин, иштегенге жараксыз деген документтин негизинде 1944-жылдын кеч күзүндө бошотулдум. Айылга келсем бирин-серин согуштан адамдар келе башташыптыр. Согуш али бүтө элек. Ден соолугум бир аз жакшы болгондон кийин жергиликтүү аскер комиссариатына барып согушка сурандым. Сизде өзгөчө мамлекеттик бронь болгондон кийин эч жибере албайбыз деген жооптуу жиберишти. Бирок, ал жооп кагаз келгенде бутумду жылан чагып 5-6 ай кыймылсыз төшөктө жатып калгам. Согуш аяктагандан кийин мамлекет кылган эмгектеримди жогору баалап Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Грамотасы менен сыйландым. Германиянын үстүнөн болгон жеңиштин медалын алдым. 1956-жылы Москвадагы ВДНХнын биринчи ачылышына делегат кылып жиберишти, ал жактан ВДНХнын алтын медалына татыктуу болдум. Иш үстүндө түшкөн сүрөтүмдү чоң кылып Москвадагы ВДНХнын көргөзмө залына илишти. Кийинчерек ал жерге баргандар сенин сүрөтүңдү көрдүк деп айтып жүрүштү. Эмгек эч качан жерде калбайт, бүгүнбү же эртеңби ал бааланат,-деп көп айтаар эле атам раматылык.

Атамдын бул айткан сөзү али да мага кубат берип тургансыйт. Ардактуу эс алууга чыкканда жөн жатып албастан райондогу аң-терилерди даярдоо конторасынын «Ала-Тоо», «Куйбышев», Үлгүлүү-Жаш» колхоздору боюнча мергенчилердин бригадири болуп иштөө менен, өзүнүн сүйүктүү кесиби мергенчиликти, ит агытып, куш салууну, бүркүт кармоону, мүнүшкөрлүктү да таштабай, кесип кылып келди. Мүнүшкөрлүк боюнча атактуу манасчы Саякбай Каралаев менен алакада болуп, ал киши үйгө көп келип турган. Ошондо да жарыктык XX кылымдын Гомери аталган Саякбай атабыз мүнүшкөрлүк боюнча сүйлөшүп бүткөндөн кийин, бир, эки сааттай Манастан айтып, айылдыктардын черин жазып

кетчү дешет уккандар. Атактуу манасчынын үйүбүзгө келгенинен улам кыргыздын алгачкы көркөм фильми «Салтанаттын» дагы биздин үйдө тартылышы ушундан улам болгон иштир деп ойлойм. «Чехословакия», «Кытай», «Болгария» деген көп түс менен чыккан журналдарда сүрөттөрү көп болгондугу чет элдик, советтик жана республиканын фото жана теле кабарчылары көп келишип, атамды ар кандай сүрөттөргө, киного тартышчу. Бүгүнкү күнү да ошол тартылган кинолор теледен көрсөтүлүп, өзүм алтымышка чукулдап калсам дагы атамдын аркасы менен тээ менин 5-15 жаштагы курактарымды көрүп, атама чексиз ыраазы болуп, аны менен сыймыктанам. Бүгүн ошол сүрөттөрдүн бирөөсүн ушул китепке берип жатам.

Атам айылда биринчи аарычылыкты колго алып, адамдарга үйрөтүп, өзү 50дөй бал челек кармаар эле. Мектепте окуп жүргөндө ошол аарылардын балын ала турган учурда «медогонун» тегеретчүмүн. Чоң апам Уултай балдан таттуу шарап ачытып, кошуна-колоңго, туугандарга берип, балдын «сезонун» ачып, белгилөөчү. Алма багыбыз да чоң болуп, атамдын багбанчылык жаатында да түшүнүгү мыкты эле, кыйыштырууну биринчилерден атам баштаганын өзүм эс тартып калгандан улам жакшы билип калдым. Атам ак көңүл, иштемчил, барбаландаган, берешен, кишиге катуу сөз айтпаган, ойлонуп сүйлөгөн, адамды кыжаалаттан чыгара билген, чечкиндүү адам эле. Уюштургучтугу, рационализаторлугу да мыкты болчу. Атам мага ушул жакшы сапаттары менен алигиче эсимде калды. Атам катуу оорудан кийин каза болуп, 1974-жылдын 1-майында сөөгүн жерге жашырдык. Анда мен Калининград облусунда армиялык кызматымды аткарып жаткам. Жолдун алыстыгынан улам сөөк коюу аземине бир сааттай кечигип калып, ушул бүгүнкү күнгө чейин бөксөм толбой келет. Ал эми 1999-жылы айыл калкы жаңы түптөлгөн көчөгө атамдын атын беришти. Азыр «Данапия ата» көчөсүндө 60-70тей үй бар, негизинен жалаң жаштар. Атам сыйланган тармактык, облустук, райондук маанидеги Ардак грамоталар, медалдар бүгүн да үйүбүздүн текчесин байытып турат.

**Төлөмүш БЕКБАЕВ,**
**баласы, журналист.**

# МНЕ ЕГО ОЧЕНЬ НЕ ХВАТАЕТ



Вот и нет его, того человека после смерти которого жизнь обрела иной смысл. Как жаль, что мы очень поздно начинаем понимать, что нужно сделать добро ближним, ценить их и прощать их слабости. Я любил отца и его мне очень не хватает, ведь он ценил мои достижения, мог в нужную минуту помочь своими советами и не только. В моем сердце и в памяти моих детей, внуков отца, останется образ доброго, умного, честного, служившего своему народу человека, Человека с большой буквы. Хотелось бы много доброго сказать об отце, но вся его прожитая жизнь и дела, которые сделал он ради народа, Родины и ради семьи, говорят сами за себя. Я любил и люблю отца беззаветной сыновьей любовью.

Родился Баяманов Карыбай 20 июня 1921 года Зындан Ак-Суйского района Иссык-Кульской области. В 1929 году поступил учиться в среднюю школу № 5 с. Чельпек, в 1939 году с отличием окончил среднюю школу №°5 г. Фрунзе. За годы учебы в школе был участником известного Всесоюзного Физкультурного парада на Красной площади в1939 году.

С 31 ноября 1940 года он служил в рядах Советской армии. С началом Отечественной войны он служил в Сталинградском направлении, сначала рядовым наводчиком, а после командиром орудия. В дни Сталинградской битвы, в 1942 году вступил в ряды Коммунистической партии, которую он ценил, был верен до конца своей жизни. В ходе боев получил контузию, несмотря на это он воевал до окончания Великой Отечественной войны, затем демобилизовался в звании старшего сержанта и прослужил в рядах Советской армии вплоть до 1946 года. В 1956 году поступил учиться в Высшую партию школу при ЦК КП Киргизии и в 1960 году, с отличием закончил ее. С 1946 по 1981 годы он работал на различных

руководящих должностях в партийных и советских органах.

За годы фронтовой и трудовой деятельности был награжден различными государственными наградами, орденами и медалями, в том числе орденом Великой Отечественной войны и медалью за участие в Сталинградской битве.

Неоднократно был делегатом республиканских, областных, районных комсомольских и партийных съездов и конференций. До конца своей жизни активно участвовал в общественной жизни села, был представителем совета ветеранов. После него остались дочь и двое сыновей, двенадцать внуков и шестнадцать правнуков.

**ВНУКИ.**

# ЭМГЕГИ ЭЛГЕ СИНГЕН АДАМ



Өз замандаштарындай эле атам Совет бийлигинин пайдубалын түптөөдөгү, тап күрөшүндөгү кыйынчылыктарды башынан өткөргөн адам. 15 жашында 1920-жылы комсомолго өтүп, комсомолдук ячейкада жана Маман айылдык кеңешинин катчысы болуп иштейт. Чыйрак. өз ишине берилген, уюштуучу жаш улан айылдагы коммунисттердин көз жаздымында калбай, алар атамды өз катарларына–КПССке мүчө кылып кабыл алышат. Ошондон баштап атама коюлган талап да жогорулайт. 1925-1920-жылдары Жети–Өгүз жана Чолпон–Ата болуштуктарындагы жаштар комитеттерин жетектеп, иште өзүнүн жакшы жактарын көрсөтөт. Ушундан улам атам адегенде Ысык-Көл, андан кийин түштүктөгү Алай, Гүлчө райондорунда комсомолдун райкомдорунун биринчи катчысы болуп үч жыл иштейт. Ошентип атамдын жалын курак жаш кези комсомолдо иштөө менен өтүп, көптү көрүп, көптү билип ишке такшалат. Өмүрүнүн 12 жылы комсомолдук иштер менен болгон. 1932-1951-жылдары партиялык,. советтик жетекчи кызматтарды аркалап,

Алай, Гүлчө, Караван райондорунун аткаруу комитеттеринде жооптуу катчы, төрага, Ысык-Көл жана Тянь-Шань областтарында партиянын обкомдорунда жооптуу кызматтарда, кийин партиянын обкомунун биринчи катчысы да болуп иштегем деп калат өткөн өмүр жолуна кылчайып.

1953-жылы партиянын чакырыгы менен отуз миңчилердин катарында атам ошол кезде эң артта калган чарба болгон Түп районундагы XX-партсьезд атындагы колхозго башкарманын төрагасы кылып жиберилет. Өзүнө болгон мындай зор ишенимди аткаруу үчүн күн тынымды, түн уйкуңу унутуп билек түрүнө ишке киришет. Алды менен чарбанын артта калуусунун себеби эмнеде, аны кантип жойсо болот деген суроолорго жооп издеди. Көрсө колхоздо уюштурууучулук иштер төмөндөп, өз ара талап коюучулук, ишке жоопкерчилик менен мамиле жасоо дегендер эстен чыгып калган. Колхозчулардын турмуш деңгээли аябай начарлап кеткен.

Алды менен ошол маселелерди чечүүнү колго алат. Колхоздун адистерин талап коюучулукту, алардын иштерине күнүмдүк көзөмөлдүктү күчөтөт. Мындай аракеттер кийинки жылы эле өз тажрыйбасын берип, чарбанын өндүрүштүк тармактарында жылыштар болуп, колхозчулар эмгектерине жарым акы алышып, элдиң маанайы көтөрүлүп, өндүрүшкө болгон кызыгуулары арта баштайт. Жылдан жылга колхоздун экономикалык абалы оңолуп, өндүрүштүк базасы чыңалуу жолуна түшөт. Ошондон тарта айыл калкын маданий жактан тейлөөнү жакшыртууга киришет. Аталган чарбаны бутуна толук тургузгандан кийин кайра дагы Түп районундагы экономикасы эңшерилип эң артта калган «Мирный» деген чарбага жиберишет. Ново-Константиновка деп аталган айылда орус-кыргыз аралаш жашашчу. Аларды сен орус, сен кыргыз деп бөлүп-жарбай баарына бирдей мамиле жасап, эки улуттагы элдердин өз ара ынтымакта болуулары үчүн камкордук көргөн. Алардын күч аракеттерин жалпы ишке, колхоздун экономикалык абалын жакшыртууга, өндүрүштү алга жылдырууга багыттаган. Бул иште өзүнүн бай тажрыйбасына таянган. Адамдардын көңүлүндөгүнү таппай, алар менен жалпы тил табышпай туруп кандай гана иш болбосун аны ойдогудай алып кетүү мүмкүн

эмес. Алды менен жалпы тил табуу, элдин ой-пикирин, сунуштарын угуу, анан ошого жараша иш алып баруу, сөзсүз оң тажрыйба берээрин мен өз тажрыйбамдан таанып билемин–деп калат атам. Ошол мезгилде айылдагы 7-жылдык мектепте көп жылдар бою мугалим болуп иштеген Марья Зубкова атам жөнүндө мындай дейт:

- Биз ал кишини калыс, бей-бечарага кайрымдуу, ар ишке ак-сезимдүүлүк менен мамиле жасаган, уюштургучтугу жагынан жөндөмү артык башкарма катары кадырлап, сыйлачубуз. Анын дагы бир акртыкчылыгы «мен башкармамын» деп үй бүлөсүнүн башка колхозчулардын үй бүлөсүнөн өзгөчөлөнбөгөнү. Мисалы: аялы Мариям башкалардай эле апийим отоп, тилип, чөп чабыкта, башка кара жумуштарда иштеп, алдыңкылардын сабында жүрчү.

Мурдагы XX-партсьезд колхозун кандай оңдосо, бул чарбаны ошондой оңдоп, алдыга чыгарган экен. Ошол жылдары айылга башка эч жерде жок чоң клуб салдырат. Бул да болсо элет элинин ар тараптан өсүп өнүгүшү үчүн көтөрүлгөн камкордук эмеспи. Жогорудагыдай эмгектери үчүн атам Эмгек Кызыл Туу, Ардак белгиси ордендери, Кыргыз ССР Жогорку кеңешинин Ардак грамотасы, бир нече медалдар менен сыйланган. Эл чарбасынын жетишкендиктеринин Бүткүл союздук көргөзмөсүнө бир нече сапар катышып, анын күмүш, коло медалдарына ээ болгон.

**Нурила БОЛЧУРОВА, кызы.**



# АК ЭМГЕК ГАНА ЭРЕЗЕГЕ ЖЕТКИРЕТ

Атам Ботоев Эргеш 1924-жылы Ош облусунун Ноокат районунун Кыркол айыл кеңешинин Кызыл-Булак деген жеринде (учурда ал жер Алмалык деп аталып калган, анткени 1940-жылдан баштап ал жерден көмүр казыла баштаган) жарык дүйнөгө келген.

Ал жерде агын суу болбогондуктан, айылдын тургундары кайрак жерге буудай айда-

шып, көбүнчө мал кармашып, тиричилик кылып келишкен. Бала кезимде атам: -биз кайрак жерди ат-өгүз менен айдап буудай сээп, бирин-серин мал кармап, ошону менен жан бакчубуз,-деп айтып калчу. 1930-жылдары алар Сары-Булак деген жерден Көк-Дөбө деген жерге жайланышып калышат. Ал жерде бардыгы агын суууга байланыштуу. Көк-Дөбөнүн айланасына өрүк, алма жана башка бак-дарактарды отургузушуп, ошол жерде отурукташып калышкан. Кийин Кашкалдак айылына көчүп келишип, ошол жерде жашап калышат. Атам Кашкалдак айылындагы башталгыч мектептин биринчи классын бүтүргөн, шартка байланыштуу орто мектепти кийин 1960-жылдары толук окуп бүтүрөт. Атам жаш кезинде эмгекчил, айтканды, ойлогонду так аткарган адам эле. Улуу Ата Мекендик согуш башталганда, өз курдаштарындай эле кош айдап, эгин эгип, чөп чабат. Кийин башкалардан өзгөчөлөнүп, өзүнүн зээндүүлүгүн, жоопкерчилигин, тыкандыгын көрсөтө алат. Өзгөчө эсеп-кысапка келгенде тактыгы менен айырмалангандыгынан атабызды айылга эсепчи кылып дайындашат.

1944-жылдын январь айында атам Кызыл армиянын катарына кызмат өтөөгө чакырылып, Кызыл-Кыя шаарына кетет. Атамдын артынан узатып барабыз деп, энем менен апам айтылгыс кыйынчылыктар менен Кызыл-Кыяга жетип, атам кызмат өтөп жаткан жерди зорго табышканын, Улуу Ата Мекендик согушка узаткандарын айтып, кеп салчу. Атам согуштун азап-тозогунан өтүп, 1945-жылы май айында үйгө кайтып келет. Согуштан келип колхоздо жылкы, кой ферма башчысы болуп иштейт.

1957-1958-жылдары Кашкалдак айылындагы №8 тамеки бригадасында бригадир болуп эмгектенет. 1960-жылы биздин колхоз райондо, эң артта калган колхоз эсептелип келген. Колхоз негизинен бодо мал, кой чарбасы жана тамеки өстүрүүчүлүккө багытталган чарба болгон. 1961-жылы Ноокат райкомунун биринчи катчысы Маматказы Эргешовдун сунушу менен биздин колхозго 40-чы башкарма болуп Токтомат Зулпуев дайындалат. Ал киши өзүбүздүн жердешибиз, ошол учурда Ноокат районунун райондук «Коммунист» газетасынын башкы редактору болуп иштеп турган. Республика боюнча артта калган колхоздордун катарында жүргөн биздин колхоз 1962-

жылдан баштап, алдынкы колхоздордун катарына кошула баштайт. Колхозчулар биринчи жолу 1963-жылдын жыйынтыгы менен ар бир эмгек күнүнө 3 килограммдан буудай, 1 сомдон акча алышкан. Колхоздун тарыхында бул жылы бир гектар аянттан 21 центнерден тамеки алышкан. Ошол алдыңкы бригадалардын ичинде атам башкарган №8 бригада бар болчу. Бригадирдин балдары жана кыздары болуп, өзүбүз алдыңкылардан болуп, өзгөчө эмгек кылчубуз. Атам: -»балдарым, кыздарым мени эл алдында уят кыла көрбөгүлө. Эл алдында алдыңкылардан болгула, жакшы иштегиле, силерден эл үлгү ала тургандай болуп иштегиле, ак жүзүмдү эл алдында кир кылбагыла»,-деп айтып калаар эле. Апам да дайыма атамдын сөзүн кайталап, өзү баш болуп, элдин алдында иштеп жүрдүк. Күнүнө саат 6дан баштап, түнкү саат бир экиге чейин иштечүбүз. Азыр ошол күндөрдү эстесем өзүм да ишенбей кетем. Бир күндө 24 саат болсо, биз 20 сааттан иштечү экенбиз. Тамекинин жумушун иштеген гана адам түшүнөт, башка адамга айтсаң ишенбесе да керек. Мен ошол убакта «№III Интернационал» атындагы орто мектепте окучумун. Газета, журналдардан, тарых сабагынан капиталисттик мамлекеттерде, өзгөчө Америкада кедей-кембагалдар, негрлер пахта талаасында кандай кыйынчылыкта иштей тургандыгын укчубуз жана окучубуз. Мен ошол кезде ойлоноор элем, биздей, биздин катарыбызда иштегендердин абалы, иши, жумушу алардыкынан да оорураак болсо керек деп. 1969-жылы аталган орто мектепти аяктап, жогорку окуу жайына өткөнүмдө сүйүнгөнүмдү айтпа, окууга өткөнүмдөн эмес, жанагы күнү-түнү дебей иштеген жумуштардан, өзгөчө тамеки жумушунан кутулганыма.

Бир гана биздин үй бүлө эмес, башка үй бүлөлөр да, биздей кыйналып иштеген. Ошондой иштин жыйынтыгында, колхоз жылдан жылга көп киреше алып, байып, анын катарында колхоздо иштеген калктын да жашоо шарты жакшырып, алдыңкылары телевизор, жеңил автомашина алып, жаңы үйлөрдү сала башташты. Колхоздун экономикасы жылдан жылга өсүп, колхоздун борборунда заңгыраган маданият үйү, колхоздун башкармалыгына эки кабаттуу чоң имарат, чоң оорукана, универмаг, төрөт үйү, колхоз музейи, эки

кабаттуу мектептин имараты, спорткомплекси, жаш үй бүлөлөргө эки кабаттуу үйлөр салынды. Ош областына келген чет элдик делегацияларды биринчи кезекте биздин колхозго алып келишчү. Өз убагында ар гектар аянттан 15-16 центнер тамеки өндүргөн бригадалар, кийинки жылдары 45-48 центнерге чейин өндүргөнгө жетишти. Ошолордун катарында атам башкарган №8 бригада да бар. Атамдын эмгегин мамлекет жетекчилери жогору баалап, атамды 1966-жылы «Эмгек Кызыл Туу» ордени, 1971-жылы «Ленин» ордени, 1979-жылы «Октябрь Революциясы» ордени менен сыйлашты.

1985-жылы Улуу Ата Мекендик согушка катышып, согуштун аягына чейин фашисттик баскынчылар менен күрөшкөнү үчүн «Улуу Ата Мекендик согуш» ордени менен сыйланды. Мындан тышкары эмгеги жогору бааланып 1966-жылы СССР Жогорку Советинин VIII чакырылышына депутат кылып шайлашкан. 1985-жылы «Россия» колхозунун башкармасы Токтомат Зулпуев атамды артта калган, ар жылы планын аткара албаган Айбен айылындагы №9 бригадасына бригадир кылып которот. №9 бригаданы да атам эки жылдын ичинде алдыңкы бригадалардын катарына алып чыкты. Биз атамды күндүзү үйдө аз эле көрчүбүз, себеби, ал кышы-жайы дебей колхоздун жумушунан колу бошочу эмес.

Андай кыйынчылыкка карабастан атам менен апам сегиз баланы чоңойтушуп, баарына жогорку билим алууга шарт түзүп, балдарын үйлөп, кыздарын турмушка чыгарышты, 32 неберелүү болушкан.

Улуу агабыз Эргешов Камчыбек Фрунзе шаарындагы политехникалык институттун механикалык факультетин аяктап, өзүбүздүн колхоздо механиктен баштап, колхоздун башкы инженерине чейин иштеди. Бирок бул дүйнөдөн эрте 42-жаш курагында кайтыш болгон. Анын артында 6 уулу, 3 кызы калып, азыркы кезде баары үйлөнүп-жайланып республикабыздын булуң-бурчунда эмгектенип жүрүшөт. Андан кичүүсү Эргешов Каныбек, Жалал-Абад шаарындагы зооветеринардык техникумду, андан кийин Алма-Ата шаарындагы зооветеринардык институтту аяктап, ал да өзүбүздүн колхоздо үзүрлүү эмгектенип, көп жыл бою колхоздун башкы ветеринардык врачы, андан кийин кой фермасы болуп иштеди. Учурда жеке фер-

мер болуп эмгектенет.

Жогорку органдардын жолдомосу боюнча 1981-жылы Ош облусунун ички иштер башкармалыгында иштеп калдым. 1988-жылы иштеп жатып, Караганда шаарындагы Жогорку милиция мектебин сырттан окуп бүтүрдүм. 1981-жылдан 2000-жылга чейин Ош, Жалал-Абад областтарынын ички иштер башкармалыктарында ар кандай жетекчи кызматтарда иштеп, 2000-жылы ардактуу эс алууга чыктым. Зайыбым Асылбаева Зайрагүл экөөбүз үч уулду, алты неберелүү болдук.

Ал эми Ботоева Жамила Фрунзе шаарынын политехникалык институтунун коомдук тамак аш уюштуруу факультетин аяктап, учурда өз кесиби боюнча үзүрлүү эмгектенип келе жатат.

Эң кичүү карындашыбыз Ботоева Зулкумар Оштогу соода-сатык техникумун аяктап, союз кезинде өз кесиби менен иштеп, учурда Москва шаарында чоң супермаркет универмагында аткаруучу директор болуп иштейт.

Төртүнчү инибиз Ботоев Нурбек ата-энемден калган үйдө жашап, балдар-кыздары менен айыл чарба, мал чарба тармагында эмгектенишет.

Атам Ботоев Эргеш өз эмгеги менен жалпы Кыргызстанга болбосо да, Кыргызстандын түштүгүндө эл тааныган, эл кадырлап сыйлаган инсандардан эле.

Атам менен апам Ботоной бизге дайыма: «-Балдарым, кыздарым эл алдында адал иштегиле, эл менен бирге болгула, эл коомдун элеги, эл тез эле билип коет кимдин ким экенин, чындыкты айтып, ак эмгегиңер менен жашагыла, эл эмгегин жер жебейт, өз эмгегиңер менен жашасаңар эл баалайт, урматтайт жана сыйлайт»,-деп өз насааттарын берип, дайыма айтып калышчу.

Атам менен апамдын айткан сөздөрү, насааттары, алардын жаркын, эмгекчил элестери дайыма биз менен. Ошол насааттар, ойлор, алардын басып өткөн оор жолдору дайыма бизге дем берип, жол көрсөтүп тургандай.

**Анарбек ЭРГЕШОВ,**
**баласы.**

# ЖООКЕРДИН ЖУБАЙЫ



Дем алыш күн эле. Күйөөм экөөбүз кичинекей кызыбызды эки колунан жетелеп, Минскинин көчөсүндө баратканбыз. Күтпөгөн жерден "Согуш", "Согуш!" деген үндөр чыгып, дүрбөлөңгө түшүп калдык. Бир зым карагайдын башында радио сүйлөп жатыптыр. Заматта көп киши чогулуп, ошону тегеректеп уга баштадык. Ошол бойдон кыйлага чейин көчөлөрдө ызы-чуу басылбай турду.

...Көп узабай күйөөлөрүбүздү майданга узаттык. Алар шаардын ичин дүңгүрөтүп, музыка менен шаңдуу кетишти. Саясий жетекчи бизди жыйнап алып:

-Эми этиет болгула. Түн ичинде жарык күйгүзбөгүлө. Кружоктorго, саясий окууларга такай катышкыла, - деп эскертти. Мурда эле жоокерлердин жубайлары курал колдонгонду билүүгө тийиш дешип, мылтык, тапанча атканды, граната ыргытканды үйрөтүшкөн. Мелдештерде мылтык атуу боюнча биринчиликти ээлеп, мен бир нече жолу жеңип, кездеме менен сыйланган болучумун.

Баардык коомдук иштерге жан-дилим менен катышчумун. Офицерлердин аялдарына да башчы элем. Ошондуктан активдүү дешип, мени партиянын Минск шаардык комитетине инструкторлукка алышкан. Мурда санитардык бөлүктө медсестра болуп жүргөм.

Бат эле жарадарларды тартып келе баштады. Аларды оорукаааларга жайгаштырып, батпай калгандарын үйлөрүбүзгө бөлүштүрүп алдык. Жылаңайлак, чачтары уйпаланган жаш жигиттерди көргөндө аябай боорубуз ооруду. Жараттарын утур жаңылап таңып, үстүнө үйрүлүп түшүп, бөпөлөп багып жүрдүк.

Бирок бир күнү душман Минскинин өзүн да бомбалап, штурмалап кирди. Парашют менен десант түшүп, немецтердин шпиондору бизге аралашып да калышты. Алар дивандын артында жашырынып турушкансып, үйүбүзгө киргенден коркобуз. Шектүү киши көрүнсө эле патрульга чуркап балалууларды бир топко, баласы жок аялдар-

ды бир топко бөлүшүп, баарын машиналарга салышып, кошуна кыштактарга жеткиришти. Мурунку күнү барып, мектебиңерди бошотуп койгула. тамак-аш менен камсыз кылгыла деп колхоздун төрагасына сүйлөшүп келгенбиз. Көчүп барып, жайнап эле калдык. Колхоз ортосунан тамак ичебиз. Колхозчулар да сүт, май, жумурткаларын алып келип берип турушту.

Душмандын самолеттору ошол кыштактын үстүнөн учуп өтүшүп, шаарды бомбалашат. Бомбалардын жарылганы, зениттик артиллериянын тарсылдаган үнү, бизге угулуп турат. Өрттөнгөн самолеттор биздин кыштакка чейин далбактап келип түшүп жатышты, жабалактап чуркап барып, жарадар учкучтарды кармап берип турдук. Качып кетсе айтып, багытын көрсөтүп беребиз. Кээде өз самолетторубуз түшөт. Анын учкучуна дароо жардам көрсөтөбүз.

Кыштактын жанындагы токойго душмандын парашютчулары көп түшө баштады. Алардан көз албай, абышкалар мылтык көтөрүшүп, кыштакты айлана басып жүрүштү. Тапанчалуу аялдардан да бир тобубуз кошулдук. Бир нече шпиондорду колго түшүрдүк. Үйдө калышкан аялдар жарадар жоокерлер менен партизандарды багып жатышты. Көп узабай эркек-аял дебей кыштактагылардын көбү партизандарга кошулуп кетишти. Менин да ошолор менен кетким келди. Бирок кызымды кыя албай калып калдым.

Партизандар токойго кирип кетишкенден кийин кыштагыбыз ээнсирей түштү. Парашютчулар басып калбаса экен деп дагы чочуй баштадык. Багыбызга жараша ошол күнү түшкө жакын баягы саясий жетекчибиз келди.

-Коркпогула. Бүгүн кечинде силерди Москвага жөнөтөбүз. Өзүм узатып барам. Даярданып тургула, - деп коюп кайра кетти.

Кечки саат алтыда жүк тарткыч он тогуз машина келди. Баары тең карагайдын бутактары менен маскировкаланган. бут сунар жер жок, тыгыз отуруп алып жөнөдүк. Башка кыштактардан да машиналар чубап чыгып жатышты.

Жолдун оң жагы менен жөө аскерлер, сол жагы менен согуш техникасы, ортодо машиналарга жык толгон аялдар менен балдар баратышат. Самолеттор да узатып чыгышты.

**************************************

Бир маалда душмандын самолеттору жетип келишип, колонналы бомбалай баштады. Бирок биздин учкучтар заматта алардын мизин кайтарышып, жан аябай атышып, алар менен кубалашып кетишти. Ошол бойдон көпчүлүгү кайрылып келишкен жок. Биринин артынан бири күйүп, түтөгөн самолеттор токойго кулап жатышты. Биз машиналардан түшүп, токойду көздөй чуркадык. Жарадар учкучтардын бир тобун таптык. Аларды жөлөп-таяп, машиналарга түшүрүп алып кайра жөнөдүк.

Түн ичинде гана жол жүрөбүз. Түн сүттөй жарык. Анын үстүнө душман да ракета учуруп, жарык кылып турат. Шоферлор машиналарды жарыксыз айдашат. Күндүз токойго жашынып жатабыз. Балакет басып азыгыбыз түгөндү.

-Кыштакка барып, тамак-аш сатып келели, - деп саясий жетекчи төртөөбүздү ээрчитти. Барсак, "согуштук абал" дешип киргизишпейт. Документтерибизди көрсөттүк. Анан коё беришти. Нан, май, жумуртка, сүт сатып алдык. Кайра келсек, балдардын жүздөрү жалжылдашат. Баарын кыркалай олтургузуп коюп, ар бир жанга бир үзүм нан, бир жумуртка, бир кесим майдан тараттык. Күүгүмдө кайра жолго чыктык. Бирок душман бизди көп узаткан жок. Жайната ракета учуруп, анан аёосуз бомбалап кирди. Далай машиналардын дөңгөлөктөрү көктү карап калды. Рулду кучактай жыгылып, өлгөн шоферлор көп болду. Аман калгандарыбыз токойго кире качтык. Кээ бир самолеттор артыбыздан кууп, пулемет менен аткылашты. Жанталашып чуркап баратабыз. Бир аялдын үч баласы бар эле; колундагысы алты айлык, ээрчиткендери үч жашар, беш жашар. Колундагы баланы жерге олтургуза коюп, үчтөгү баласын көтөрө жүгүрдү. Алды жакта бир карагайдын түбүндө дагы бир ымыркай бала бакырып ыйлап жатканын көрдүм. Боргулданып тердеп калган экен, бетин ачып койдум.

Бир убакта бутум ооруганын сездим, Карасам, бир туфлийимди саз соруп калыптыр. Экинчисин өзүм ыргытып жибердим. Качып олтуруп канча жерге барганыбызды билбейм. Бир маалда эсибизди жыйып, айланабызды карасак, баягы саясий жетекчибиз жок. Ошон үчүн кымгуут түшкөн экенбиз. Ошентип жетимсиреп калдык. Көп жоокерлер биз үчүн курман болушту. Калың токойдун арасында

балдарыбызды кучактап, көпкө чейин ыйлап олтурдук. Анан:

-Акырын, немец угат, - деп шыбырашып, бири-бирибизди тыйдык. Эртең менен токойдон чыгаар замат бир кыштакка туш болдук. Мага окшоп бут кийиминен ажырагандар, бадалга көйнөктөрү тытылгандар көп экен. Ошондуктан адегенде дүкөнгө кирдик. Дүкөнчү аял бизге боору ооруп, тигиле карап калды;

-Саламатсызбы! Акчабыз жок, - дедим мен ага.

-Акчаңар жок экенин билем. Акча эмес, өзүм эмне болоорум белгисиз. Кийип көрүп, туура келгендерин алып кете бергиле, - деди ал. Ошентип, баарыбыз жаңы кийиндик.

Колхозчулар курсагыбызды тойгузуп, жол керсөтүп беришти. Жөө жүрүп олтуруп, Смоленскиге жеттик. Мен барып, шаардык гарнизондун комиссарына сүйлөштүм.

-Шаарга киргизе албайбыз. Мурда күнү немецтер бизди да бомбалап кетишти. Бизде да балдар, аялдар, жарадарлар бар. Ошолорду жөнөтө албай жатабыз. Азык-түлүк, машина берели, токтобоют кете бергиле,-деди ал. Машина мурдагыдан да тар болду. Балдарыбызды боорубузга кысып, жүрүп олтурдук. Смоленскиден узап кеткенден кийин тып сыяктанып калды. "Эми өлбөйт экенбиз" - деген ишеним пайда болду.

Москвага жеттик. Ар тараптан келишкен машиналар шурудай жыш тизилип турушат. Бир да киши машинадан түшкөн жок. Москва да кабыл албайт экен деп уктук. Элдин баары генералды күтүп турушкан экен.

Ушул учурда ыраактан эле бир башын таңып алган жоокер келатканын көрдүм. Улам бир машинанын жанына барып, бирдеме сурайт.

-Жок, жок, - дешип аялдар чуулдап жооп беришет.

-Бостериева Созулкан араңарда барбы - деп сурамжылап жүрүптүр.

-Бар, - деп кыйкырды жанымдагы аял уга коюп.

-Канакей?

-Бостериева Созулкан сиз болосузбу? - деди жоокер жаныбызга келип.

-Ооба. Эмне экен?

-Ал өйдө карады. Бети-башынын баары каткан канга боёлгон. Көздөрү эле жылтырайт.

-Сиздин күйөөңүз Касымаалы Бостериев мындан алтымыш километр жерде танкаларды кабыл алып жатат. Бир топ офицерлер бизди үй-бүлөлөрүбүздүн абалын билип келгиле деп Минскиге жиберишкен. Баранов деген майордун жетекчилиги астында машина менен баратканбыз. Жолдо немецтер бомбалашты, бир нече жолдошторубуз курман болушту, бир тобубуз оор, бир тобубуз жеңил жарадар болдук. Башчыбыз Баранов катуу жарадар болду. Анан силерди Москвага келишиптир деп угуп калдык. Ошон үчүн издеп келдим эле. Сизге жолукканым жакшы болду. Күйөөңүзгө айта барам...

-Ой, Соня сен кандай бактылуусуң. Биз болсок кайда бараткаңыбыз белгисиз. Же күйөөлөрүбүздөн дарек жок. Сен эми күйөөң менен кал, - деди жанымдагы аял.

-Кал, Созулкан, кал, - деп беш-алтоо чурулдап да жиберишти.

-Кааласаңыз ала барайын, - деди жарадар жоокер.

-Жок. Барбайм. Күйөөм бүгүн бул жерде болсо, эртең кайда, ким билет. Эл менен эле чогуу көрөм, - дедим мен.

-Бекер кыласың, бекер кыласың, - деп аялдар чурулдап калышты. Ошондо жаш болсом да, акылдуулук кылган экенмин.

-Күйөөмө салам айта барыңыз. Кызыңызды да көрдүм деңиз, - дедим жарадар жоокерге. Ал бизге честь берип коюп, шарт бурулуп жөнөдү.

-Фамилияңыз ким - деп артынан кыйкырып калдым.

-Голованов, - деди ал бизди көздөй бурулуп.

-Рахмат, жолдош Голованов. Сиз да аялыңызды аман-эсен көрүңүз.

Жарадар жоокер бизге дагы бир жолу честь берип жөнөп кетти. Биз тунжурап ойлонуп калдык. Ушул учурда кошуна машинадагы бир аял:

-Генерал келатат, - деп кыйкырып жиберди. Жылтылдаган өтүк, кызыл тилкелүү шым кийген генерал бир машинанын үстүнө ыргып чыгып, толкунданган бийик үн менен сүйлөй баштады:

-Жолдоштор. Советтик эр жүрөк офицерлердин кужурмөн курбулары. Мен силерге кыйын учурда кайрылып олтурам. Фашисттер

бизге күтүүсүздөн кол салышты. Биздин шаарлардын биринен соң, бирин басып келатышат. Муну өз көзүңөр менен көрдүңөр. Бирок душман биздин жерде узак кожоюндук кыла албайт. Жакында катылгандын катыгын беребиз. Душманга кыйраткыч сокку уруу үчүн, албетте силерден да жардам керек. Азыр мен машиналарды тезирээк бошотууңуздарды суранам. Алар майданга керек. Силер Латвиялык поездге түшүп кетесиңер. Кайда кааласаңар ошол жакка барууга болот. Москвада калууга-болбойт. Албетте, барган жериңерде да бекер жатпай, майданга активдүү жардам берериңерге ишенемин. Кана, машиналарды бошото баштагыла, жолдоштор.

Биз машиналарды бошотуп берип, жепирейген кара поездге түшүп жөнөп кеттик. Эки-үч кишилик купелери бар экен. Орун жетиштүү болду. Колдорубузга документ, бирден котелек беришкен. Күнүнө үч маал станцияларга токтоп, тамак ичебиз. Арабага окшош, поезд бизди күтүп турат. Улам алдыңкы станцияларга телеграмма жиберип коюшат. Бизге карама-каршы жалаң эле аскер эшелондору өтүп жатышты. Алар өтүп кетмейинче биз күтүп тура беребиз. Кээде станцияга түнөп да калабыз. Поезд токтоор замат солдаттар жабыла чуркап келишип, бизге учурашып, майдандын жайын сурашат. Колунда бары тамак же папиросторун беришет. Анан "орду ордуңарга отургула",-деген команда угулуп, жүгүрүп чыгышат.

Куйбышевге жакындап калдык. Куйбышевге жеткенде кимдин кайда барары белгилүү болот. Барар жери жокторду Кустанайга жиберишет. Барар жерлери барлар өз-өз жерлерине кетишет, - дешип проводниктар бизге жарыялап чыгышты. Бирок Куйбышевден бизге телеграмма келди. Анда 72 поезд түз эле Кустанайды көздөй кете берсин. Бизде кабыл алар орун жок - деп жазылыптыр. Орто Азияга барууну каалагандар жыйырма чакты үй-бүлө элек. Абдан кейип калдык. Кээ бир аялдар ыйлап да жиберишти.

-Ыйлабагыла. Поезд Куйбышевге токтойт. Секирип түшүп калабыз,- дедик.

Бирок поезд токтобой өтүп кетти.

-Эчтеме эмес. Кинелге токтойт. Түшүп калып, кайрылып келебиз,-дедим.

★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★

Кинелге да токтобой, күүгүм киргенде ары жактан бир разъездге токтоду. Түшүп калдык, айланабызды карасак, бир жүк тарткыч поезд турган экен. Ошого жармашып Куйбыпевге кайра келдик.

-Кайдан келатасыңар? - деди шаардын коменданты бизди таң кала карап. -Телеграмма алган жок белеңер?

-Алганбыз. Бирок Орто-Азияга баруучу кишилербиз. Маселен мен Фрунзеге барам.

-А-а.. Андай болсо кечирип коюңуздар. Бир суткадан кийин жөнөтөбүз. Эс алыңыздар, - деди.

Тамак берип, мончого түшүрүштү. Чын эле эвакуациялангандар көп экен. Кечинде поезд келди. Баарыбыз бата алган жокпуз. Адегенде балалууларды жөнөтүштү.

Ар бир станциядан аялдар тосуп чыгышып, май, жумуртка, сүт беришет. Майдандын жайын сурашат. Биз менен кошо ыйлап-сыктап да калышат. Бир станциядан гана кызыл кулак эки аял кирип келишип, түз эле:

- Чай сатасыңарбы - деп сурады.

-Кайдагы чай. Уруш болуп жатканын уккан жок белеңер? - дедим. кыжырым кайнап.

-Болсо болуп жаткандыр, чай да керек го? - деп коюшуп чыгып кетишти.

Капырай согуштун түйшүгүн тартпагандар да бар экен ээ. Туулган жерим Күрмөнтүгө түн ортосунда жеттим. Туугандарым немецтер Касымалы менен Созулкан жашаган шаарды басып алыптыр, деп угушуп, катуу капа болуп, муңкүрөп турушкан экен. Кызым экөөбүз менен жүз көрүшкөнгө кайраттанып калышты.

Барарым менен адегенде Түп райондук аткаруу комитетинин кадрлар бөлүмүнүн начальниги, анан райкомдун бөлүм башчысы болуп иштей баштадым. Бардык көргөн күчүбүз, эмгегибиз, ой-санаабыз майдандагы жоокерлердин тагдрына байланыштуу болду. Ошолорго азык-түлүк, жылуу кийим, байпак, мээлей, посылка жөнөткөн күнү тынчыраак уктап жүрдүк.

**Созулкан БОСТЕРИЕВА,**
**ардагер. Бишкек шаары.**

***



***

Бостериев Касымалы родился в 1907 году в селе Курменты Тюпского района Иссык-Кульской области в семье крестьянина – середняка.

После смерти отца с 1917 года работал по найму у кулаков.

В 1925 году его отправили в детский дом, где воспитывался до 1927 года. Затем поступил во Фрунзенский рабочий факультет, который окончил в 1931 году.

После окончания рабочего факультета был выдвинут на должность зав. отделом кадров Фрунзенского мясокомбината, где работал с февраля по июль 1931 года. После был командирован в город Полтаву на курсы красных директоров мясокомбинатов, где учился с августа 1931 года по май 1932 года.

1 июня 1932 года, будучи слушателем этих курсов, полтавским горвоенкоматом был мобилизирован и направлен в Киевскую артиллерийскую школу №2, которую окончил 7 ноября 1934г. С тех пор служил работал на разных командных должностях. В 13-м Горнострелковом полку 3го ГСД САВО был командирован во взвод управления артбатареи с ноября 1934 года по июнь 1935 года.

На шестимесячных курсах при Горьковской бронетанковой школе им. Сталина МВО с июля по декабрь 1935 года слушателем.

В 16 ой мехбригаде ВВО с января 1936 года по сентябрь 1938 года – командиром танкового взвода, с октября 1938 по сентябрь 1939 года помощником командира танковой роты по строевой части. В 53-й автотранспортной бригаде ЗАП ОВО с октября 1939 года по июнь 1940 года командиром учебной роты, в 30-м автотранспортном полку ЗАП ОВО с июля 1940 по июнь 1941 год помощником командира батальона по строевой части, в 100-м танковом пол-

ку 50 тд западного направления с августа 1941 года помощником командира разведроты.

С августа 1941 года по октябрь 1942 года участвовал в Великой Отечественной войне в составе: 100 танкового полка, 35 отд. тд., 29 обр. и 136 отд. т.п. на должностях командира роты, зам. командира батальона, зам. командира полка. В составе 100 тп участвовал в оборонительных операциях под Москвой с декабря 1941 года по февраль 1942 года.

Участвовал в наступательных операциях в районах: северо-восточнее Новгорода и Синавино, западнее Ладожского озера с мая по октябрь 1942 года. В этих операциях получил большой опыт в ведении наступательного боя в лесисто – болотистых условиях. В 29-й танковой бригаде Волховского фронта замкомандира танкового батальона по строевой части с апреля по октябрь 1942 года. Был легко ранен в левый бок 30 апреля 1942 года.

В военной академии бронетанковых и механизированных войск Советской Армии им. Сталина с ноября 1942 года по март 1945 года был слушателем.

В 136 отд. танковом полку 8 кд 2-го курса. На фронте с апреля по июнь 1945 года замкомандира полка по строевой части. В 136 отд. танковом батальоне 100 мех. полка 13 мех. дивизии БВО и июля 1945 года по апрель 1947 года зам. командира батальона по строевой части. С мая 1947 года по январь 1949 года являлся Талды-Суйским райвоенкомом Иссык-Кульской области. Был горвоенкомом г. Джалал-Абад, областным военным комиссаром Таласской и Иссык-Кульской области.

За участие в боях награжден двумя орденами Красного знамени, медалями «За оборону Ленинграда», «За победу над Германией». За выслугу лет награжден медалью «За боевые заслуги» указом в 1944 году, Орденом "Красной звезды» указом в 1948 году, орденом «Красная Звезда» и «Красного Знамени».

В ВКП /б/ с ноября 1930 года, принят Фрунзенским Горкомом п/б №1262729. Из ВКП /б/ не выбывал. Был выбран членом пленума Райкома КП /б/ Киргизии в 1948 году в Талды-Суйском районе, в 1950-1951 году в Тонском районе.

★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★



** ***

Бостериева Валентина Касмалиевна родилась в 1935 году в городе Горьком Российской Федерации в семье военнослужашего.

Перед войной семья жила в городе Борисов Белорусской ССР, где отец служил в военной части. В первые дни войны отец Бостериев Касымалы ушел на фронт, а дети с матерью Бостериевой Созулкан были эвакуированы в Киргизскую ССР.

В 1953 году Валентина окончила среднюю школу в городе Джалал-Абад, а в 1959 году физико-математический факультет Киргизского государственного университета.

Трудовую деятельность начала в 1959 году учителем математики в средней школе имени Кирова в городе Пржевальск, а с 1962 года до выхода на пенсию работала старшим преподавателем на механико-математическом факультете Киргизского государственного университета. Отличник народного образования.

**Валентина БОСТЕРИЕВА,**
**дочь.**

## ЫСМЫ УНУТУЛБАСА



Борончиев Турдалы 1920-жылы 20-августунда Ысык-Көл районуна караштуу Кашат айылында туулган. Партиялык-советтик кызматкер. Фрунзедеги педагогикалык окуу жайын бүтүрүп, райондогу Комсомол, Чоң-Өрүктү мектептеринде мугалим болуп иштеген. Ата Мекендик согуштун биринчи күндөрүндө жоо бетине аттанат. 1943-жылы жарадар болуп айылына кайтып келет. Москвада айыл чарба продукцияларын даярдоочулардын курсунан

билимин өркүндөтөт. 1947-1952-жылдары. Ысык-Көл райондук айыл чарба продукциясын даярдоо боюнча башкы инспектор.

Эки жыл партиянын Балыкчы райкомунда инструктор. Отуз миңчилердин катарында ирилештирилген «Оттук» колхозуна 1956-жылы жиберилет, ал чарбада 1961-жылга чейин төрага болуп эмгектенет. 1961-1963-жылы партиянын Балыкчы жана Ысык-Көл райкомдорунун инструктору, 1963-1966-жылдары Рыбачье май заводунун директору, 1969-1970-жылдары Ысык-Көл районундагы Долинка (азыркы Караой) айыл Кеңешинин төрагасы, 1970-1973-жылдары Чолпон-Ата шаарындагы «Чолпон-Ата» эс алуу жайынын директору. Партиянын областтык, райондук комитеттеринин мүчөсү, райондук, айылдык Кеңештердин депутаты болгон. Мамлекеттик көптөгөн сыйлыктардын ээси. Ысмы өзү туулуп өскөн айылдын бирине берилер астында турат. 1973-жылы катуу ооруп дүйнөдөн кайткан.

**Аскар кызы Айгүл,**
**небереси.**

## ЧТО ВСЯ СЕМЬЯ ЖИВА...



Войцеховский Николай Михайлович родился 27 октября 1923 года в с.Соколовка Ново-Вознесеновского района Киргизской ССР в большой и дружной семье.

Отец Войцеховский Михаил Францович работал председателем колхоза им.Дзержинского 25 лет. Мама- Пелагея Андреевна воспитывала детей. В семье было пять братьев и пять сестер. После окончания школы работал в колхозе.

В 1942 году мой брат был призван в ряды Советской Армии, формирование происходило в кавалерийской части в Алма-Ате. Потом перебросили в

город Заслов. В 1943 году отправили в Польшу.

В 1944 году участвовал в боях в восточной Пруссии с апреля 1944 года по декабрь 1944 года. 30 декабря 1944 года был ранен. Три месяца лежал в госпитале в восточной Пруссии. После госпиталя брата направили 218-й запасной полк в г. Брославель. 52-й танковый полк относился к северной группе войск. Вторым Белорусским фронтом командовал Маршал Рокоссовский. Потом перевели в Москву.

В период службы награжден орденом «Красного знамени», юбилейными медалями «30 лет Победы», «40 лет Победы», «50 лет Победы», «60 лет Победы», медалью «Жукова» и также медалью «Ветеран труда», Почетным знаком «Ветеран войны 1941-1945 г.г.».

В 1947 году демобилизовался. В армии он служил с одним парнем из Украины Грищенко Степаном Мартынович. Его мать, братья и сестры жили в деревне и во время бомбежки немцы сожгли всю деревню. Ему сообщили, что вся семья погибла. И он стал просить брата, чтобы он его забрал с собой домой. И стало у нас в семье 13 человек.

Но мой отец всегда настаивал: «Ищи своих родных, не может



быть, чтобы вся семья погибла». Начали посылать запросы и оказалось, что вся семья жива, они убежали в лес, выкопали времянку и так выжили. В 1950 году вся семья переехала в Киргизию. А этот солдат женился на моей старшей сестре Марии.

После армии фронтовики работали в колхозе на полях, пахали на быках, поднимали сельское хозяйство. Брат работал трактористом, поливальщиком, а в зимнее время - на заготовке леса. В 1947 году женился, воспитал трех дочерей, награжден бронзовой медалью за развитие народного хозяйства. С 1983 года находится в заслуженном отдыхе, т.е. на пенсии.

**Зинаида ВЕРБИТСКАЯ,**
**сестра, ветеран труда.**

# ЭЛДИН ТЫНЧЫЛЫГЫН КОРГОГОН



Дөнөнбаев Абдылда 1918-жылы азыркы Ак-Суу районунун Үч-Кайнар айылында туулган. 1935-жылы Каракол шаарындагы эсепчилик окуу комбинатын бүтүп, Үч-Кайнар колхозунун башкы бухгалтери болуп 1940-жылга чейин иштейт. 1940-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып, 1941-жылдын ноябрь айындагы Москва алдындагы немецтик баскынчылар менен болгон катуу салгылашууга катышып, Можайский багытындагы кармашууда оор жарадар болуп, госпиталда жатып, аскер кызматына жараксыз болуп өз мекенине кайтып келет.

1943-1944-жылдары Талды-Суу районунда партиянын аскер бөлүмүнүн башчысы болуп кызмат өтөйт. 1945-жылы Кыргызстан Борбордук партия комитетинин алдындагы бир жылдык партиялык мектепте окуп, аны бүткөндөн кийин Борбордук партиялык Комитеттин партиялык-контролдоо комитетинде инспектор болуп

******************************************

иштейт. 1946-1953-жылдардын аралыгында Ак-Талаа, Куланак, Жумгал райондорунда партиянын райондук комитетинин биринчи катчысы болуп иштейт. 1954-1957-жылдары отуз миңчилердин катарына кошулуп Жети-Өгүз районунун «Үлгүлүү Жаш» (Ак-Терек) колхозунун председатели болуп иштейт. 1958-жылдан 1979-жылга чейин (өмүрүнүн аягына чейин) Каракол шаарынын ички иштер башкармасынын Күзөт бөлүмүнүн начальниги болуп кызмат өтөгөн. Милициянын подполковниги деген чинди алган.

Өкмөт тарабынан «Ардак белгиси», "Ата Мекендик согуштун II даражадагы" ордендери жана бир канча юбилейлик медалдар менен сыйланган. Үч-Кайнар айлынын жашоочулары айылдын бир көчөсүнө Дөнөнбаев Абдылданын наамын ыйгарып коюшкан.

**ДӨНӨНБАЕВдин баласы.**

# ГОРДОСТЬ МОЕЙ СЕМЬИ



В 2010 году исполнилось 65 лет Победе Советского народа в Великой Отечественной войне. Война никого не обошла стороной, в том числе и мою семью. Я знаю о ней по рассказам моей бабушки Драгиной Зои Трофимовны по маминой линии. Мой прадед Драгин Трофим Анисимович ушел на фронт в 1941 году.

Сначала он попал на Урал, там он прошел обучение и подготовку, а уже оттуда был отправлен на фронт. Служил он в санитарных войсках. Как рассказывала бабушка, прадед был очень мягкий, добрый, отзывчивый человек, он умел сострадать людям. Видимо, это качество послужило тому, что его взяли в санитарный батальон. Когда он ушел на войну, моей бабушке было 2 месяца. Она родилась 29 мая 1941 года. В их семье было 5 детей, а бабушка самая младшая. Она еще и не знала своего отца толком. Оставив прабабушку с маленьким ребенком, он ушел

на войну. Как санитар, он помогал раненым солдатам, вытаскивал их с поля боя, помогал военным хирургам во время операции. На войне, в этой «мясорубке», часто не хватало обезболивающих медикаментов. Приходилось давать бойцам стакан спирта и ампутировать конечности солдатам. Какие надо было иметь железные нервы, чтобы все это переносить в течение 5 лет, терпеть.

Сколько раз ему приходилось это видеть, чувствовать, сострадать, помогать беспомощным бойцам. Когда бабушка рассказала нам, своим внукам, мы плакали, потому что понимали, какие ужасы видел наш прадед на войне. Но, несмотря на это, он выжил, дошел до Берлина, встретил там Великую Победу и вернулся домой. Он не мог не вернуться, ведь дома в селе Ананьево Иссык-Кульского района его ждала семья и маленькая дочь Зоя, которой уже было 5 лет. Самым ярким моментом встречи отца с маленькой дочкой было то, что прадедушка привез домой красный мешочек сахара с самого Берлина. Зоя вцепилась ручонками в него и никому не отдавала, повторяла: «Папа привез!». Это был самый дорогой подарок для дочурки.

Мой прадедушка пришел с войны с орденами и медалями. Они долгое время хранились в бабушкином сундуке: медаль «За отвагу» и медаль «За взятие Берлина» и другие. К сожалению, они не сохранились. Бабушка моя тоже работала в тылу. У нее дома был ткацкий станок. Она ткала зимними вечерами полотенца, вязала носки и варежки, отправляла их на фронт. В честь 20-летия Великой Победы Драгина Мария Никитична была награждена медалью «Труженик тыла».

Мы, молодое поколение XXI века, живем в мирной стране, под мирным небом. И никогда не должны забывать о том, что этой прекрасной жизнью мы обязаны нашим прадедам. Память о них мы должны сохранять и беречь этот хрупкий мир, чтить и помогать нашим ветеранам. Их осталось очень мало. «Если мы войну забудем - вновь придет война».

**Раиса КНЯЗЕВА,**
**сш.№7, 8 класс.**

# НЕ ДОЖИЛ ДО 60 - ЛЕТИЯ ПОБЕДЫ



***Война - жестче нет слова,***
***Война - печальней нет слова,***
***Война - святее нет слова.***
***В тоске и славе этих лет,***
***И на устах иного***
***Еще не может быть, и нет.***

Всего один год не дожил отец мужа до 60 - летия Победы. Один раз в году на День Победы он надевал костюм с орденами и медалями приходил в школу села Богатыровки, где установлен памятник погибшим односельчанам в годы Великой Отечественной войны, чтобы поклониться сверстникам, не вернувшимся домой, и тем, кто ушел из жизни в послевоенное время. Их имена высечены на мемориальной доске. Теперь там начертано и его имя. Он никогда не любил вспоминать и рассказывать о войне и о себе. По крупицам мне пришлось собрать о нем материал.

Родился и вырос он в многодетной семье в селе Ичке-Булун в семье Есеналы. Кусеин Эсенкожоев, первый детский писатель - фантаст, двоюродной брат Есеналиева Заирбека. Эсенкожо и Есеналы были родными братьями из рода Конурат. После окончания семи классов в 1940 году отец поступает в Пржевальскую школу среднего сельскохозяйственного образования при Киргизском сельскохозяйственном техникуме имени С.М.Кирова и в 1942 году с отличием оканчивает зоотехническое отделение, получив специальность зоотехника. Сохранилось свидетельство об освобождении от воинской обязанности, где написано, что с марта 1943 года по июль 1945 года служил в составе 129-ой гвардейской стрелковой дивизии, помощником командира взвода. Дивизия была сформирована в октябре 1941 года, как дивизия народного ополчения, в ноябре переименована во 2-ю Московскую стрелковую дивизию, а 19 января 1942 года в 129-ю стрелковую дивизию.

Дивизия прошла с боями от Клина до Берлина. В августе 1944 года за взятие города Белосток награждена орденом Красного Знамени, а за прорыв обороны врага севернее Варшавы - орденом Кутузова 2-ой степени. За боевые заслуги удостоена почетного наименования «Орловская». Войну закончила 8 мая 1945 года на Эльбе. Входила в состав 1-го Украинского фронта. Дивизией командовали Смирнов В.А.-генерал-майор, Бадерко А.Г.-полковник.

Отец на фронте освобождал русские, украинские, чешские народа и села, форсировал Днепр, а совсем рядом с ним воевали его двоюродные братья К. Эсенкожоев, А.Алдашев, Амантуров.С. Писали они письма друг другу или нет, мы не знаем. О том, что К.Эсенкожоев писал письма матери, сестре, редактору газеты «Красный Кыргызстан» К.Кыдырбаевой мне известно.

С сентября 1944 года дивизия ведет бои на территории Словакии и принимает участие в Карпатско - Ужгородской операции, с декабря 1944 года - на территории Чехословакии. В январе 1945 года идут ожесточенные бои за город Пршеров. 31 января 1945 года гвардии сержант Есеналиев Заирбек был тяжело ранен в левую ногу и правую лопатку, осколок проник во внутреннюю полость и в двух сантиметрах до сердца остановился, размер осколка составлял два на два сантиметра.

Осколок не был извлечен и находился в теле до последних дней жизни отца. Девять месяцев лечился он в госпиталях Чехословакии, России. После излечения был комиссован из армии. Награжден двумя медалями «За отвагу», а в 1985 году в честь 40-летия Победы над фашистской Германией - орденом Отечественной войны 1 степени.

Вернулся домой в конце августа 1945 года и с 4 сентября работает зоотехником в селе Ичке-Булун, избирается председателем колхоза имени Калинина, а затем всю свою сознательную жизни проработал главным зоотехником.

Выйдя на пенсию, он не сидел дома, продолжал работать, создал Совет ветеранов в селе Богатыровка. Выбивал средства для ремонта школы и поддержки обелиска. Одним из первых вступил в кооператив агрофирмы «Кой—Сары». Вырастил и воспитал одиннадцать детей, шестерых сыновей и пятерых дочерей, на его глазах выросли

двадцать два внука и четыре правнука. Да только не успел женить самого старшего внука. Сейчас внук работает в органах внутрених дел Российской Федерации. Его не сломила смерть жены, которая ушла из жизни в 54 года. Он нес ответственность за детей. Каждому дал возможность учиться в вузах России и Киргизии, у каждого из них свой дом, семья. Старший сын Есеналиев Б.З. прошел Афганистан, служил в органах МВД Киргизии и России, сейчас занимается преподавательской деятельностью, Есеналиев О.З. 18 лет проработал директором средней школы в с. Богатыровке, дочери работают в области здравоохранения, народного образования.

**Кульсун САБИТОВА,**
**сноха, преподаватсль Евразийского института информационных и инновационных технологий.**

# НИЗКИЙ ИМ ПОКЛОН



Проходят дни, годы и среди нас все меньше остается участников Великой Отечественной войны. Я хочу написать о своем отце Жансеркееве Базаркане, инвалиде Великой Отечественной войны. Он родился в 1913 г. в селе Темировка Иссык-Кульского района в семье крестьянина. Отец его Жансерке был уважаемым человеком в селе. Он был плотником, кузнецом и столяром. то есть обладал многими способностями. И самое главное, он изготовлял вручную кыргызские музыкальные инструменты. Например: кыл кыяк, ооз комуз. Сделанный его руками комуз из 70-ти кусков дерева, в данное время хранится в музее г. Москвы. Я помню, у нас часто гостили знаменитые комузисты Карамолдо Орозов, Чалагыз Иманкулов, артисты из г. Фрунзе и заказывали народные инструменты.

Отец закончил четырехгодичную школу в селе Темировка. Затем

поступил в педагогический техникум г. Пржевальска. После окончания техникума вернулся в родное село и начал свою трудовую деятельность учителем математики.

25 декабря 1941 года он был призван в ряды Советской армии. Сначала был направлен в Кеминский район село Быстровку, где прошел краткосрочные курсы. Затем был направлен на фронт. Был курсантом 1-го учебного артиллерийского полка и далее был направлен на Белорусский фронт 552-й истребительно-противотанковый артиллерийский полк, 2-ю батарею в звании сержанта. С 24 декабря 1942 года - командир отделения. Так как он был учителем, его привлекали к оформлению документов, т.е. был писарем, разносил донесения, письма. Он часто рассказывал о трудностях войны, было и холодно, и голодно, но несмотря на это, была одна цель: победить и вернуться на родину, на Иссык-Куль. В одном из боевых действий на Белорусском фронте 25 августа 1944 года получил тяжелое ранение в коленный сустав. В течение шести месяцев находился на лечении в госпитале. Потом вновь попросился на фронт, и наступила долгожданная победа в мае 1945 года. Инвалидом Отечественной войны он вернулся в свое родное село Темировка, где его ждали жена и двое детей, родственники. Был награжден медалью «За отвагу», «За Победу над Германией», орденом Славы 3-й степени, имел благодарности и медали в мирное время.

После кратковременного отдыха он приступил к любимой работе учителя, ведь в те годы важно было дать знания людям, поднять народное хозяйство. Было много учеников у моего отца, среди них есть и педагоги, медики, работники сельского хозяйства, партийные деятели, знаменитые люди в Кыргызстане.

Отец был одним из уважаемых старейшин в селе. К его словам прислушивались. Он имел большой авторитет среди сельчан. Был честным, требовательным к себе и другим. Многие мероприятия проходили с его участием.

В военные годы трудно было и тем, кто находился в тылу. Моя мать Рыспаева Жымыйкан, 1922 года рождения, родилась в селе Кок-Добо Иссык-Кульского района, получила восьмиклассное

образование в с. Бостери. Затем поступила в педагогический техникум г. Пржевальск и после окончания волею судьбы была направлена в школу села Темировка, преподавала кыргызский язык и литературу. Там и познакомилась с отцом. У нее был дар сказителя. Это была спокойная, добрая женщина. Молодую семью направили работать в школу села Комсомол Иссык-Кульского района. Там же отец возглавил первичную комсомольскую организацию, затем вступил в партию, работал секретарем партийной организации.

В 1951 году супруги перевелись в школу с. Кок-Добо Иссык-Кульского района, затем в колхоз Кызыл-Бирлик (Корумду), где трудились до 1957 года. В 1968 году преподавали в школе-интернате с. Темировка. В 1968 году отец вышел на заслуженный отдых, но дома сидеть не привык, работал почтальоном, учетчиком.

Брат отца Урманбетов Зайдин, 1928 года рождения также в 1941 году был призван в ряды Советской армии, но с фронта он не вернулся. Считается, как без вести пропавший.

Отец с матерью воспитали пятерых сыновей и двух дочерей. Все они работали по своему призванию. По стопам родителей пошла дочь Нургуль, закончила педагогический институт. Другие работали в разных сферах (сельское хозяйство, животноводство, служащие). Отец очень любил праздник 9 Мая. Для него этот день был самым радостным. Дети, внуки, правнуки приезжали, поздравляли родителей с радостным праздником. Отец с матерью прожили долгую, счастливую жизнь, были вместе более 60-ти лет.

Уже несколько лет, как нет родителей. Когда приезжаешь в село, чувствуешь ностальгию по тем временам, когда они встречали нас с любовью.

Но жизнь ведь продолжается. Выросли дети, внуки, правнуки. Солдаты Победы отвоевали им мир, счастливую жизнь, мы должны рассказывать об этом молодому поколению.

Хочется выразить огромную благодарность совету ветеранов г. Каракол за их инициативу. Благодаря им мы имеем возможность поделиться сокровенным в этой книге. Низкий Вам поклон!

**Аманат ЖАНСЕРКЕЕВ,**
**сын, подполковник милиции в отставке.**

# ВОСПОМИНАНИЯ О МАМЕ



Жоомартова Кашымкан родилась в 1931 году в с. Ак-Кыя Кочкорского района Нарынской области в семье крестянина-бедняка. В 1946 году, после окончания 7 классов, поступила в Пржевальский сельскохозяйственный техникум. В 1948 году окончила техникум, получив специальность агронома.

Трудовую деятельность начала в Пржевальской научно-исследовательской зонально-опытной станции в качестве агронома отдела селекции. В период с 1950 по 1951 г.г. работала агрономом - семеноводом по Тонскому районному сельхозотделу. В 1951 году, по семейным обстоятельствам, переводится на должность агронома сельхозпропаганды Пржевальского райсельхозотдела. В 1952 году согласно приказу областного сельхозуправления, начинает работать в Теплоключенской МТС в качестве участкового агронома. В том же году была утверждена вторым секретарем Пржевальского райкома комсомола.

В 1954 году работала в должности агронома Краснооктябрьской МТС, затем ее назначают по путевке ЦК КП Киргизии председателем колхоза им.Фрунзе. В 1959 году она избрана председателем Кереге-Ташского сельского совета. В 1961 году зачислена директором подсобного хозяйства Пржевальского горторга. До 1975 года работала агрономом колхоза им. Ленина, зав.библиотекой с.Сары-Камыш Ак-Суйского района.

С 1973 по 1982 год вновь работает председателем Ново-Константиновского сельского совета, Кереге-Ташского сельсовета. В 1981 году вышла на персональную пенсию. В декабре 1982 года Жоомартова Кашымкан скончалась.

За время своем трудовой деятельности она дважды избиралась членом ЦК КП Киргизии, дважды членом областного комитета КП. Была депутатом областного совета. Неоднократно избиралась депу-

***********************************

татом райсовета и сельсовета.

За трудовые заслуги награждена орденом Трудового Красного Знамени. Жоомартова Кашымкан воспитала 9 детей. Все они работают разных отраслях народного хозяйства.

**Нургуль,**
**дочь.**

## АДАМ ЭМГЕГИ ЭЧ УНУТУЛБАЙТ



Жумаев Орузбай - кезегинде каармандык менен Мекенин душмандан коргогон, андан кийин күжүрмөн эмгегин жумшап жергесин гүлдөткөн, бүтүндөй Көл өрөөнүнө белгилүү, кадыр-барктуу адам эле. Ал 1919-жылы Ысык-Көл районунун Бостери айылында кедейдин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Эне-атасынан эрте ажырап, эптеп башталгыч классты бүтөөрү менен колхоздун ар кандай жумуштарында иштеп жүргөн. 1939-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылган. Ошол эле мезгилде Ички иштер Эл Комиссарлыгынын (НКВД) атайын мектебинде окуп, аны аяктаары менен 1942-жылы Ата Мекендик согушка жөнөтүлгөн. Фронтто дивизиянын күжүрмөн газетасынын редактору, кийинчерээк аскер бөлүгүнүн инструктору болуп кызмат өтөгөн. Согуштагы каарман аракеттери, Мекенге берилгендиги бааланып, КПССтин катарына кабыл алынган.

Майдандан кайтып келип, Орузбай Жумаев өмүрүнүн акырына чейин жооптуу кызматтарды аркалап, эл чарбасын көтөрүүгө орошон салым кошту. Адегенде, партиянын Ново-Вознесеновка, андан соң Балыкчы райондук комитеттеринде айыл чарба бөлүмүн жетектеди. Иш билгилиги, уюштургучтугу менен айырмаланып, 1959-жылы Ысык-Көл районундагы «Карл Маркс» атындагы колхоздун төрагалыгына көтөрүлгөн. Ушул жерде анын нагыз чарбакерлик жөндөмү көрүнүп, кыска мезгилде эле колхозду район, об-

ласт гана эмес, республикадагы алдыңкы чарбалардын катарына алып чыкты. Колхоздун өзүнүн тегирмени, нан жана колбаса цехтери, кой кыркуу пункту, суу сактагычы иштеп турду. Кампа, жыйырмадан ашуун мал короо-сарайлар, сүт-товар фермасы, устакана, малчылар үчүн бардык шарты бар турак үйлөр тургузулду. Колхоздун ийгилиги аны жаратуучулардын эмгекчи элдин жашоо-турмуш шартына көз каранды экенин терең түшүнгөн кыраакы жетекчи, социалдык-маданий маселелерге да абдан көңүл бөлгөн.

Чарбага караштуу үч айылга жалпы узундугу 25 чакырымды түзгөн суу түтүктөрүн, 3 клуб, 3 мончо, 2 бала бакча, тиричилик комбинатын жана колхоз башкармалыгынын жаңы имаратын курдурду. Айрыкча, Чоң-Сары-Ой айылындагы 700 орундуу мектептин бүткөрүлүшү жаш муундарга көрүлгөн нагыз аталык камкордук болду. Бул жерде бардык шарттары менен 25 класс-кабинет, спорттук чоң зал, машыгуу жана теннис үчүн бөлмөлөр, 200 орундуу ашкана, 500 орундуу жыйындар залы, өнөркана- устаканалары бар эле. Жаш мугалимдерге да иштөөсүнө шарт түзүп, турак-жай курдуруп, же болбосо жер аянтын бөлдүрүп берип кам көрчү. Билим очогун тургузуп берип жөн болбостон, мектепти мыкты бүтүргөндөрдү чарбанын эсебинен жолдомо берип, жогорку окуу жайлардан окутуп турган. Бул анын мыкты кадрлар келечекке керек экенин терең түшүнгөн көрөгөчтүгү болчу.

Ошондуктан, пайдубалын өз колу менен түптөшүп, заңгырата бүтүргөн бул мектептен илимдин 15тен ашуун докторлору жана кандидаттарынын, мамлекеттик жана коомдук ишмерлердин, республиканын маданий агартуу тармактарына эмгек сиңирген кызматкерлердин, эл чарбасында жемиштүү зор эмгеги менен айырмаланган белгилүү көп инсандардын чыкканы Орузбай Жумаевдин да эмгегинин акыбети деп айтканыбыз адилеттүү. Орузбай Жумаев жалаң чарбалык жумуштарда гана чапкылап жүрбөстөн мамлекеттик жана коомдук иштерге да жигердүү аралашкан. Ал Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин Текшерүү комиссиясынын мүчөсү болгон. Ал айылдык, райондук жана Ысык-Көл областтык Советтерине депутаттыкка шайланган. Жумаев Орузбайдын өлкө менен эл

******************************************

алдында сиңирген эмгеги өкмөт жана Коммунисттик партия тарабынан убагында татыктуу бааланып келген. 1943-жылы фронтто жүрүп «Эрдиги үчүн» медалы, 1958-жылы “Бүткүл Союздук Эл чарба жетишкендиктеринин Көргөзмөсүнүн” медалы, 1960-жылы республикалык Социалисттик мелдештин жеңүүчүсүнүн төш белгиси, 1969-жылы “Эмгек Кызыл Туу” ордени, 1970-жылы "Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы менен сыйланган.

Атабыз өзүнүн үй-бүлөсүнө, үч уул, бир кызына гана эмес, чарбасынын бүтүндөй элине, алардын келечек ээлери болгон балдарына да кам көргөн жетик инсан болчу. Алдыда эл-жери үчүн жасасам деген арбын асыл ой максаттары бар эле. Тилекке каршы, узакка созулган оорудан кийин, 1971-жылдын 13-мартында 52 жаш курагында дүйнөдөн кайтты. Эл - калыс, эл-тараза. Жемиши мол мындай ак эмгек унутулбай, ар дайым ардакталып туруучу тийиш деген адилет чындыкты Чоң-Сары-Ой айылынын калкы өз демилгелери менен дагы бир жолу тастыкташты. 2009-жылдын 31 - августунда айылдын жалпы калкы жыйылып кеңешип, бул инсандын өз элине, айрыкча өсүп келе жаткан жаш муундарга көргөн камкордуктарын, эмгектерин эскеришип, кезегинде өзү курдурган жергиликтүү мектепке Жумаев Орузбайдын ысымын ыйгаруу чечимин бир добуштан кабыл алышты. Бул - атабызга ак жүрөк, албан эмгеги үчүн арбагын ыраазы кылаар адилет баа, урмат-сый экени талашсыз.

**Анара ЖУМАЕВА,**
**кызы, жогорку категориядагы врач.**

## БИЗДИ ДА ШЫКТАНДЫРАТ

Атабыз Ибраев Абылкасым өз курбалдаштары сыяктуу эле 17 жашында эмгекке аралашып, элге кызмат өтөгөн экен. Онунчу классты бүтүп, 1930-жылы Тоң районундагы Кара-Шаар айылындагы толук эмес орто мектепте мугалим болуп иштөө менен эмгек жолун баштаптыр. Кийин РайФОдо бухгалтер, комсомолдун Балыкчы райкомунда бөлүм башчысы болуп иштейт. Улуу Ата Мекендик согуш башталганда 1941-жылдын декабрь айында аскерге

чакырылып немецтик фашисттерди СССРдин, Румыниянын, Венгриянын, Австрия менен Чехословакиянын жеринен сүрүп чыгууга катышат. Бул согушта миңдеген адамдардын каны төгүлүп, коргошунга ширелгендей болуп жер энени суудай каптаганын, атабыз кайгыруу менен эскерет.



Беш жыл эл-жер, эркиндик үчүн душман менен болгон айыгышкан катуу кармаштардын чордонунда жүрүп, жөн эле жүрбөй, фашисттик жанкечтилер менен жан аябай салгылашып, ар кандай адам чыдагыс кыйынчылыктарды башынан өткөрүп жүрүп, 1945-жылдын сентябрь айында туулуп өскөн жерине жеңиш менен келет.

1945-жылы Рыбачье шаарындагы Толстой атындагы мектепте военрук, Балыкчы районундагы Социалдык камсыздоо бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп туруп, 1949-жылы Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин алдындагы эки жылдык партиялык мектепте окуп, ийгиликтүү аяктагандан кийин, партиялык, комсомолдук кызматтарда иштейт. 1951-жылы Балыкчы райкомунун катчысы, кийин айыл чарба бөлүмүнүн башчысы, райондук пландоо бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп жүрүп, 1955-жылдан 1962-жылга чейин Балыкчы районундагы Киров атындагы колхоздун, кийин Ысык-Көл районундагы Фрунзе атындагы колхоздун төрагасы болуп иштейт. Аталган чарбалардын өндүрүшүн өргө жылдыруу, айрым артта калган тармактарды, социалдык-экономикалык маселелерди талаптагыдай чечүү багыттарында талыкпай изденүү менен иш жүргүзөт.

Мен иштебеген кызмат деле калбаса керек деп калат атабыз. Чындап карап көрсөк, анын да чындыгы бардай, ага мисал: атабыз колхоздогу башкарманын төрагалыгынан кийин, Рыбачье шаарындагы турмуш-тиричилик комбинатынын, андан ушул эле шаардагы элеватордун директору болуп эмгектенет. 1970-жылдан 1983-жылга чейин шаардык соода ишканасында директордун орун басары, Ры-

бачье ПМКсында жана башка бир катар жооптуу кызматтарда иштеген. Кандай кызматта иштебесин жоопкерчиликти сезип, ар качан элге ак кызмат кылууну, адилет, калыс болууну көздөгөн. Ошондуктан анын эмгеги бааланып, эки жолу райондук Кеңешке депутат, Партиянын райкомуна мүчө болуп шайланат. «Эмгек Кызыл-Туу», «Ардак Белгиси" ордендери менен жана бир канча медалдар, республиканын Ардак грамотасы менен сыйланат. Атабыздын алган сыйлыктары биздин сыймыктарыбыз болуу менен, бизди да эл журтка, атабыздай кызмат кылууга шыктандырып турат.

**А.ИБРАЕВА, кызы.**

# ГОРДИМСЯ И ПОМНИМ



Наш дедушка Исмаилов Иса родился в городе Пржевальск 21 декабря 1920 года. Отца, который был муллой и уважаемым человеком, дедушка лишился, не успев родиться, его мать Джаханбу одна растила четверых детей. В 1937 году Джаханбу скоропостижно умерла от кровоизлияния в мозг. Окончив семилетку, начав работать, Исмаилов Иса в 1938 году женился на нашей бабушке Азизулиной Мунавар, 1922 года рождения, заочно поступив в Пржевальское педагогическое училище.

В 1941 году, когда началась Великая Отечественная война, Исмаилов Иса был призван в ряды Красной Армии для защиты Отечества от нападений немецких захватчиков, однако перед тем как уйти на фронт, по распоряжению Народного Комиссариата просвещения ему было поручено досрочно сдать экзамены в училище. Аттестат, выданный Народным Комиссариатом просвещения о присвоении звания народного учителя, вручили уже его жене Мунавар 5 января 1942 года.

Стрелком он участвовал в оборонительных сражениях в битве под Сталинградом. В сражении, когда советские войска, остановив наступление немецко-фашистской армии, перешли в наступление, дедушка получил осколочное ранение от артиллерийского снаряда и попал в госпиталь. После лечения его зачисляют в Камышловское военно-пехотное училище, однако их, курсантов, отправляют на Курскую дугу. После окончания Отечественной войны, в 1945 году, окончив военное училище, он возвратился домой в Пржевальск лейтенантом, командиром взвода.

За мужество и отвагу, проявленные в годы войны, награжден медалями «За отвагу», «За оборону Сталинграда». А также медалями «За доблестный труд, в ознаменование 100-летия со дня рождения Владимира Ильича Ленина», «Двадцать лет Победы в Великой Отечественной войне 1941-1945 гг.», «50 лет Вооруженных сил СССР», Почетным знаком «25 лет Победы в Великой Отечественной войне» награжден посмертно.

Окончив заочно в 1950 году Пржевальский педагогический институт, всю свою оставшуюся жизнь Исмаилов Иса посвятил учительствованию в школе имени Нариманова. По рассказам моей мамы - его дочери Исмаиловой Манзуры, дедушка был спокойным, мудрым и справедливым человеком. Из двенадцати родившихся детей, выжило только шестеро, которых он учил быть честными и порядочными. Друзья, товарищи, его ученики уважали и любили его всем сердцем. И когда в сентябре 1973 года после инсульта в возрасте 53 года он ушел из жизни, сотни и сотни друзей, знакомых, учеников пришли проститься с ним и проводить в последний путь.

Я ГОРЖУСЬ СВОИМ ДЕДОМ! Мы, внуки, с гордостью вспоминаем его! Память о нем навсегда останется в наших сердцах. Вечная слава тем, которые, несмотря на юный возраст, уходили на фронт, защищать свою Родину и отстояли ее ценою жизни, кровавой ценой. Люди! Пока сердце стучится - помните, какой ценою завоевано счастье, пожалуйста, помните!

**Зумрад НАРЗУЛЛАЕВА,**
**внучка, журналист.**

# БИЗ ЧОҢ АТАБЫЗГА ЫРААЗЫБЫЗ



Менин чоң атам Илипаев Кадыр 1925-жылдын 20-мартында Ысык-Көл областына караштуу Талды-Суу районунун Талды-Суу айылында туулган. 1943-жылдын январь айында Пржевальск райондук аскер комиссариаты тарабынан Ата Мекенди коргоо үчүн Кызыл армиянын катарына чакырылган. Ошол эле жылы Украина фронтунун 1133-аткычтар полкунда аткыч болуп аскердик кызматын өтөгөн 1944-жылы көрсөткөн эрдиги үчүн СССРдин Жогорку Советинин Президиумунун указы менен "Кызыл Жылдыз" ордени менен сыйланган.

1941-1945-жылдары Улуу Ата Мекендик согушта жакшы ийгиликтерди көрсөткөндүгү үчүн «Германияны женгендиги үчүн» жана «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалдары менен сыйланган.

1944-жылдын март айында Украина багытындагы фронтто оор жарадар болуп бир жылга жакын госпиталда дарыланган.

Госпиталдан айыгып өз айлына келери менен киномеханик болуп эмгектенет. Фермаларда иштеген малчыларга, талаадагы дыйкандарга, мектептеги окуучуларга кино көрсөтүү менен жаштарды патриоттук духта тарбиялоодо көп иштерди жүргүзгөн.

1985-жылы Улуу Ата Мекендик согуштун Жеңишинин 40 жылдыгына карата, согушта көрсөткөн эрдиги үчүн «Улуу Ата Мекендик согуштун экинчи даражадагы» ордени менен эки жолу сыйланган. Мындан тышкары согуштун аяктагандыгынын 30, 40, 50, 65 жылдыктарына чыгарылган медалдар менен сыйланган. Ошондой эле СССР Куралдуу күчтөрүнүн 50, 60, 70 жылдыктарына чыгарылган юбилейдик медалдарга татыктуу болгон. 1996-жылы «Жуков» атындагы медаль менен сыйланган.

Кийин электромонтер болуп иштеген. Ардактууу эс алууга жеткенче ушул тармакта иштеп, нечен алкыштарды алган. Азыр айылда

ардактуу карыя. Бизди турмушка бышык тарбиялагандын натыйжасында ар кимибиз өзүбүздүн турмушубузду туура багытта алып баратабыз. Биз чоң атабызга абдан ыраазыбыз жана акыл насаатын үй-бүлөлүк мыйзам катарында карайбыз.

**Небереси НУРДИН.**

# ФРОНТТО ЭКИ БИР ТУУГАН КЕЗДЕШКЕН



Айлыбызда өзүнүн өрнөктүү өмүр жолу менен өчпөс из калтырып, элдин урмат сыйына ээ болгон адамдар бир топ. Алардын бири биздин атабыз Шарше Исраилов деп сыймыктануу менен айта алам. Анткендиги ага толук негиз бар. Атабыз азыр 84 жашта. Кеп анын көп жашаганында эмес, анткени эл арасында адамдын ким экендиги жаш менен эмес артында калтырган из менен бааланат, - деп айтылып жүргөндөй атабыздын өткөн өмүрү бекер өткөн эмес. Башкача айтканда, артта калган ошол сексен төрт жылдын басымдуу көп бөлүгүн эл журтка ак, адил кызмат өтөө менен өткөргөн деп тарткынчыктабай эле ачык айта алабыз.

Атабыз жаштайынан эл ишине аралашып, эмгек жолун эрте баштаган. Буга бир жагынан ошол учур, болгондо да элди убайымга салып, күн тынымын, түн уйкусун алган согуш коогалаңынын учуру да түрткү болгон. Эр бүлөнүн баардыгы майданга кетип, айылдагы түйшүктүн баардыгы кары-картаңдарга, аялдар менен балтыр эти толо элек балдардын мойнунда калган. Мектепти бүтө элек болсо да атабыз колхоздо кассир, эки жыл таразакеч болуп иштейт. Анан онунчу классты бүтөөрү менен аскерге кызмат өтөөгө чакырылат. Бул 1944-жыл эле.

- Менден мурда эки агам - Акун Исраилов Жумгал районунда зоотехник болуп иштеп жүрүп, 1941-жылы, 1942-жылы экинчи агам Раймбек Исраилов согушка кеткен болчу. Алардан кат келип турчу. Бир сапар Сталинград, Түндүк Кавказ багытында согушуп жаткан

аскерлердин катарында кызмат өтөп жүргөн Акун агамдын башынан катуу жарадар болуп госпиталдамын деп жазылган каты келип, аны ата-энемдерге окуп берсем: «О кудай! Аман-эсен болуп жаратынан айыгып кетсе экен», - дешип амандыгына сүйүнүшүп, жарадар болгонуна күйүнүшкөн. Андан көп өтпөй Акун агамдан да далысынан оор жарадар болуп госпиталда дарыланып жаткандыгын билдирген кат келгенде ата-энемдин дагы «кудайлап» көздөрүнө жаш алгандыгы али да көз алдымда, - деп эскерет атабыз ошондогу оор күндөр жөнүндө кеп жүрө калганда.

Ал эми өзү ошол 1944-жылдын август айында аскерде кызмат өтөөгө чакырылат. Аны менен кошо атамдын ондон ашык курбалдаштары да майданга аттанган.

- Бизди, - дейт атам, - Григорьевкадан «Киров» пароходуна салып жөнөтүштү. Күн бүркөк. Ак баржак болуп көлдө катуу толкун. Эртеси араң Балыкчы шаарына жеттик. Ал жерде бир түнөгөндөн кийин андан ары жөө жол тарттык. Буртулдаган чаңга буттарыбыз томукка чейин бата түшөт. Жонубузда жолго үйдөн беришкен тамакаштарыбыз салынган баштык. Боомдо баратканда ошол күндөр көз алдыма тартыла түшөт. Адам каны суудай агып жаткан согушка бара жатканыбызды, андан аман кайтабызбы, кайтпайбызбы, алдыда кандай тагдыр күтүп жатат анын баарын элес албай, жолдун чаңын буртулдата кечип, болжогон жерге жетүүнү гана самап бараттык.

Ошентип Фрунзеге, андан Алматы шаарына барышып, ал жерде аскердик машыгуулардан өтүшүп согуштук курал жарактарды пайдалануунун жол жоболорун үйрөнүшөт. Анан 1945-жылдын апрель айында Алматадан 1-Белоруссия фронтунун тутумунда согуш оту алоолонуп, Берлин үчүн айыгышкан уруш жүрүп жаткан жерге келип, пулеметчу болуп согушка кирет. Ошол күндөрдү атам мындайча баяндайт:-Согуш талаасы, токой арасындабыз. Түн, жаан катуу жаап жаткан. Биздин жоокерлерге каршылык көрсөтүп жаткан немецтик аскерлердин бир ротасы курчоого алынып, акыры багынып беришти. Ошол жерден жердештерим Өмүке Ногойбаев, Темир Мамытов, Кадыр Алиев, Абдыкалый Бараканов менен жолукканымда алар: -Ой сенин агаң Акунга кезиктик. Сен жөнүндө сураганынан ушул эле чөйрөдө деп айттык дешкен. Ошондон улам мен да Акун

авамды издештире баштадым. Ошентип жүргөндө ротанын командири, ага-лейтенант (улуту грузин эле, аты эсте жок) пулеметумду башка бир жоокерге өткөртүп, сен эми байланышчы (связной) болосуң деп рота менен батальондун ортосуна байланышчы кылып койгон. Жанагы немецтик ротаны колго түшүргөндөн кийин эки кабат үйдөн түнөгөнгө орун издегиле деп калды. Биринчи кабатында биздин жоокерлерден орун калбаптыр. Экинчи кабатында бир бөлмө бош экен, ошого түнөдүк. Эртең менен карасак ал чөйрө аябай кооз экен. Караңгыда аны байкабаптырбыз. Көрсө, ал жер дача экен. Ошол жерден ротанын берген тапшырмасын аткарып, байланышка барып, кайра келе жатсам алды жагымдан онго жакын аскер адамдары бет маңдай чыгышты. Алар жакындап келгенде арасынан бирөөнүн турпаты мага тааныштай сезилип, жылуу учурады. Көрсө, ал агам Акун экен. Экөөбүз бири-бирибизди көздөй канат жая чуркай барып, кучакташып калдык. Акун авам мени жакындарына менин бир тууганым деп тааныштырды.

Алар кандай сонун кездешүү дешип, биздин кубанычыбызга ортоктош болушту. Мен чуркап барып командириме бир тууган агам менен жолугушканымды айттым. Аңгыча агам да келип калды. Ал өзү кызмат өтөп жаткан артбригаданын командири менен сүйлөшүп, менин командиримди көндүрүп ошол эле күнү өзүнүн артиллериялык дивизионуна алып калды. Ошол күнү душмандын артиллериялык аткылоосунан Сталинграддан бери агам менен чогуу келе жатышкан 40ка жакын жоокер, офицерлердин курман болушу андагыларды аябай кайгыга салып, сай-сөөктү сыздатты.

Мен берилген бир сутканын ичинде ага-сержант Юркевичтин көзөмөлүндө замбиректи пайдалануунун аки-чүкүсүн толук үйрөнүп, «артиллерист» деген аскердик кесипке ээ болдум. Биздин аскерлер немецтик-фашисттердин акыркы таянычы болгон Берлинди алууга аз калды деген жакшы кабар тарап, демибизге дем берип, душман менен аөосуз күрөшүүгө шыктандырып жатты. Ошондой күндөрдө айылдан жакшы кабар келди. Ал агамдын-Рашидбектин алган жаратынан улам аман-эсен айылга баргандыгы жөнүндө эле. 1945-жылдын 2-майында Берлиндин алынгандыгын дивизиондун командири Овчинников зор кубаныч менен билдирди. Биз



Берлиндин көчөлөрүн аралай басып, анын бириндеги үйлөргө «Биз жеңдик, иш оңунда» деген ураандар жазылган кызыл материалдарды илгенибиз эстен кетпейт. Эң биринчи жеңиш майрамын Германиянын Брандербург шаарынан майрамдадык. Агам Акун экөөбүз ошондо «Берлинди алгадыгы үчүн» медалы менен сыйландык. Сыйлангандардын арасында айылдаштарым Өмүкө Ногойбаев, Мырзакан Мамытов, Кадыр Алиев, Темир Мамытов, Бакир Маданбеков да бар эле ...

Ок аралап, от кечип жүрүп атабыз аман-эсен жеңиш менен айылга келет. Согуш оту өчкөн менен айылдарда абал кыйын эле. Көптөгөн эр-азаматтар майдандан кайтпай калган. Кол күчү, билимдүү кадрлар жетишпейт. Башкалардай эле атабыз да мына ошол кыйынчылыктарды жоюуга, жашоо-турмушту жакшы нукка салууга шымалана киришет. Тынчтык күндөрдөгү эмгек жолун 1946-жылы Жалал-Абад областынын Октябрь районундагы Кара-Булак айылындагы 7 жылдык мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштөө менен баштайт. Ал кезде атабыздын 10-классты гана бүтүргөн билими бар экен. Аны менен алыска барбасын жакшы түшүнгөн атабыз 1947-жылы Кыргызстан мамлекеттик педагогикалык институтунун географиялык факультетине кирип, аны 1951-жылы ийгиликтүү бүтүрүп келип, 1966-жылга чейин Ысык-Көл районунун бир катар мектептеринде окуу бөлүмүнүн башчысы, директор, 1966-жылдан 1970-жылга чейин райондун билим берүү бөлүмүнүн башчысы, кийин он жылга жакын Темировка айылдык кеңешинин төрагасы болуп үзүрлүү эмгек өтөгөн.

Алда нече сапар жергиликтүү кеңештердин депутаты болуп шайланган. Адамдык парзын ыйык тутуп, Ата-Журтка ак, адил кызмат өтөп жүрүп 1990-жылы ардактуу эс алууга чыкса да, али күнгө чейин эл ишине аралашып келет.

Ардагерлердин областтык, райондук кеңештердин мүчөсү, айыл

өкмөтүнүн алдындагы аксакалдар сотунун мүчөсү катары жашы өөдөлөп калганына карабай коомдук иштерге активдүү катышып келе жатат. Анын аткарган иши, айткан сөзү биз - балдары үчүн гана эмес, башкалар үчүн да өрнөк болот десек жаңылышпайбыз. Баса, атабыз камкор ата да, дегеним, биз жети бир тууганбыз. Энебиз - педагог, элге билим берүүнүн отличниги Акин Адылова экөө эч нерседен кем кылбай бапестеп багып, өстүрүп баарыбыздын жогорку билимдүү болушубузга шарт түзүп беришкен. Бир туугандардын арасында илимдин кандидаты, доцент болгондорубуз бар. Бардыгыбыз үйлүү-жайлуу, бала-чакалуу болуп, тандап алган кесиптерибиз боюнча эмгектенүүдөбүз.

Үйүбүздүн куту болушкан атабыз менен энебиздин 26 небереси, 8 чөбөрөсү бар. Элге кылган кызмат эч убакта өз баасын албай калбайт эмеспи. Атабыздын төшүндө жаркырап турган 10дон ашык орден, медалдар согушта жана согуш аяктагандан кийинки жылдарда өз милдеттерин, өзгөчө, жоопкерчилик менен аткарып тургандыгынын ачык-айкын күбөсү эмеспи. Биз ар дайым атабыздай ак эмгеги менен элге кызмат өтөөгө, анын атына шек келтирбөөгө далалаттанабыз. Анын айткан акыл-кеңештери бизге дем берип келет.

**Бекжан ИСРАИЛОВ,**
**уулу, Улуттук хирургиянын врач-хирургу.**

## ЖООКЕР-ПЕДАГОГ



Калк кадырлаган атактуу инсан Махмед Ильязов 1919-жылы 25-сентябрьда Ак-Суу районунун Чельпек айылында туулган. Жаш кезинен турмуштун катаал сыноолорун баштан өткөрүп жетилген. 1937-39–жылдары Пржевальскидеги педокуу жайын бүтүп, Жети-Өгүз

★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★

районундагы «Дархан» айылында мугалим болуп эмгектенет. Ошол жылдары анын колунан келечек жолундагы ондогон улан-кыздар билим алып, Ата-Мекенге ак кызмат өтөштү.

1939-жылы Махмед Ильязов советтик армиянын катарына чакырылып, 1941-жылыдан тарта Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. Согуш учурунда каарман жоокер катары, эл-жерин баскынчылардан коргоп, душмандын мизин кайтарган. Алдыңкы чекте болуу менен согуш майданында 1944-жылга чейин кызмат өтөгөн.

Улуу Ата Мекендик согуштагы каармандын жана эр-жүрөктүүлүгү үчүн Махмед «Улуу Ата Мекендик Согуш» орденин 1,2–даражасына, «Кызыл Жылдыз» орденине, «Согуштагы каармандын», «Германияны жеңгендиги үчүн» «Москваны коргоодогу эрдиги» жана башка медалдарга, сыйлыктарга жана алкыштарга татыктуу болгон. Ал тынчтык күндө да кайраттуу иштеп, 1944-жылы жарадар болуп, өзү туулуп – өскөн айылына кайтып келгенден кийин агартуу тармагындагы кесибин улантат.

1976-жылга чейин Челпек орто мектебинде мугалимдик ишин орнөктүү уланып, биздин коомдук татыктуу уланып, биздин коомдук татыктуу кадрларын уядан учурду. Ал билим берген балдар өлкөбүздүн өнүгүшүнө зор салым кошуп, өздөрүнүн бир кездеги мугалими Махмед Ильязовду урмат-сый менен эскерип келишти. Бүгүнкү күндө да Жоокер-педагогду Чельпектиктер гана эмес, Ак-Суу, Ысык-Көл аймагынын калкы сыймыктануу менен эстеп, анын баскан жолуна эң жогорку бааны беришүүдө.

Махмед Ильязов өмүрлүк жубайы Огулхан менен узак мезгил бирге өмүр сүрүп сегиз уул-кызды тарбиялап өстүрдү.

Каарман жоокер, калк сыйлаган педагогдун уулу Данил Ильязов бүгүнкү күндө кыргыз элине таанымал профессионал ырчы. Ал ата жолун да улантып жылдан бери К. Тыныстанов атындагы университетте үзүрлүү эмгектенип келүүдө. Данил Ильязовго «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер» деген наам ыйгарылган.

**Данил ИЛЬЯЗОВ,**
**уулу.**

# АТА ЖОЛУН ЖОЛДОДУМ



Ишмухамедов Фахритдин Гайнитдинович 1894-жылы 15-сентябрда Каракол шаарында 4 жылдык татар мектебинин мугалими Гайнитдиндин үй-бүлөсүндө төрөлөт. 1902-жылы энеси өлүп. Эжеси, өзү жана карындашы үчөө жетим калышат. Сегиз жашында татар мектебине кирип, аны 1907-жылы ийгиликтүү аяктайт.

1910-жылы атасы ооруп аны доктурга көрсөтүш үчүн, декабрь айында 15 жашар бала ат чана менен Кеген аркылуу Верный (Алма-Ата) шаарына алып барат. Барган түнү атасы өлүп, доктурга көрсөтө албай калат. Атасынын тааныштарынын жардамы менен атасын Алма-Атанын мусулмандар көрүстөнүнө коюп, Каракол шаарына кайтып келет. 1914-жылы биринчи дүйнөлүк согуш башталганда армияга чакырылып Перовский (Кызыл Ордо) шаарында атчандар полкунда шорник болуп 1917-жылга чейин кызмат өтөйт. 1917-жылы отпускага келип февраль революциясынан кийин кайра барбай коет. 1918-20-жылдары Үркүндөн кайра келе жатышкан кыргыздарды тосуп алууга, аларды отурукташтырууга, жаштарын тактап, сабатсыздыктарын жоюуга активтүү катышат.

1920-жылы Жолголот айылынын карыларынын суроосу боюнча мектеп ачып. жаштарды окута баштайт. Орозалы деген киши өзүнүн тамын (үйүн) мектеп үчүн бошотуп берет. 1920-жылы Жолголоттук Шорук деген кишинин Сулайкан деген кызына үйлөнөт. (1938-жылы репрессияга туш келип атылып, сөөгү Чоң-Таштан табылган Кыргыз мамлекетинин Москвадагы биринчи өкүлү, биринчи Саламаттык сактоонун элдик комиссары (Наркомздравы) болгон Шоруков Кожокандын карындашы). Ак-Суу районундагы Май-Булак, Таш-Кыя айылдарында мектеп ачып жаштарды окуткан. Ак-

Суу районундагы мектептерде мугалим болуп иштеп жүрүп 1935-38-окуу жылдарында Челпек айылындагы ШКМде (школа крестьянской молодежи) мугалим болуп иштеп жүргөндө «контурдун күйөө баласы» деген күнөө коюлуп мугалимдик кызматтан бошотуп коет. Үч ай бош жүрөт. Мугалим болуп иштеп жүрүп, педучилишанын жана педагогикалык институттун химия-биология факультетин сырттан окуп бүтүрөт. 1938–жылы Ак-Суу районундагы Сары-Камыш айлындагы мектепке мугалим болуп дайындалат. 1941-жылы согуш башталганда армияга чакырылып, брон менен калтырылат. 1942-жылдын ноябрында энебиз өлүп беш бала калдык, эң улуубуз 15 жашта, кичүүбүз бир жарым жашта элек. Экинчи жолу армияга чакырылганда балдарың жаш экен деп дагы убактылуу калтырып коет. 1944-жылдын башында тиф менен ооруп аксап, майып болуп калат.

Согушка барбаганы менен тылда үзүрлүү эмгектенет, мугалим болуп иштөө менен, бош убактыларында колхоздун айыл чарба техникаларын ремонттоого жардам берет. Окуучуларга химия-биология сабактарынан терең билим берүүгө аракеттенет. Мектептин участогуна жемиш бактарын, жашылча-өсүмдүктөрдү отургузуп, окуучулар менен практикалык сабактарды өткөрөт. Атабыздан билим алган окуучулар жогорку окуу жайларын бүтүрүп Кыргыз Республикасынын көрүнүктүү окумуштуулары. Алардын ичинде эки академик Мамакеев Мамбет, Иманакунов Бейшен, он-дон ашык илимдин кандидаттары бар. Атамдын үзүрлүү эмгектери мамлекет тарабынан бааланып, «Эл агартуунун отличниги» төш белгиси, Эмгек Кызыл Туу, Ленин ордени менен сыйланат.

Атабыз эмгекчил, туура жүргөн чынчыл адам эле, бизди да, окуучуларын да ошондой духта тарбиялоочу. Абам Акмат, эжем Зейнеп, карындаштарым Разия, Асия өз кесиптери менен ак ниет иштеп жүрүшүп, ардактуу эс алууга чыгышып, кайтыш болушкан. Мен да атамдын кесибин улантып 1953-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин физика-математика факультетин бүтүрүп, 42 жыл мектептерде мугалим жана Эл агартуу мекемелеринде, советтик органдарда иштеп жүрүп, 1992-жылы ардактуу эс алууга чыктым.

1992-жылдан бери шаардык ардагерлердин иштерине активдүү

катышып, 2000-жылдан бери Каракол шаардык ардагерлер кеңешинин төрайымынын орун басары болуп иштеп жүрөм.

**Шамиль ИШМУХАМЕДОВ.**
**баласы.**

# ЖЕРДЕШИБИЗ МЕНЕН СЫЙМЫКТАНАБЫЗ



Касым Кадыров 1925-жылы Ысык-Көл областынын Ак-Суу районундагы Ичке-Жергез айылында туулган. Эмгек жолун 1939-жылы 14 жашында баштаган. 1941-1945-жылдары Улуу Ата Мекендик согушта миңдеген кыргыз жоокерлери сыяктуу эле эл алдындагы жигиттик да, атуулдук да милдетин өтөгөн. Согушта көрсөткөн каармандыгы үчүн «За боевые заслуги», «За победу над Германией в Великой Отечественной войне 1941-1945 гг.» медалдары менен сыйланган. Согуш аяктагандан кийинки жылдарда кандуу майдандын катышуучусу катары «XX лет победы в Великой Отечественной войне 1941-1945 гг.». «XXX лет Советской Армии и Флоту», «50 лет вооруженных сил СССР», «XXX лет победы в Великой Отечественной войне» медалдарынын ээси болгон.

Аскерден кайтып келген соң Пржевальск шаарындагы айдоочулар курсунда окуп, аны аяктайт да, ошондон тарта өмүрүнүн акырына чейин Ысык-Көл өндүрүштүк автотрестинин 2916- автоколоннасында эмгектенген.

Касым Кадыров жөнөкөй, бирок татаал жана жоопкерчиликтүү айдоочулук кызмат менен агарып-көгөрүп, элдин да, мамлекеттин да урмат сыйына арзыган инсан. Эл алдындагы атуулдук милдетин ак ниеттүүлүк менен өтөп, мамлекетибиздин эл чарбасынын өнүгүшүнө кошкон салымы, адал эмгеги үчүн бир катар жогорку сыйлыктарга татыктуу болгон. Алардын эң бийиги "Социалисттик Эмгектин Баатыры" ардактуу наамы (1966). Андан башка да,

★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★

В.И.Ленининдин туулганынын 100 жылдыгына арналган "Каарман эмгеги үчүн медалы (1970), Орок жана Балка, Ленин ордендери (1966), Октябрь революциясы ордени (1971), III даражадагы Эмгек даңкы ордени (1975), II даражадагы Эмгек даңкы ордени (1981), I даражадагы Ата Мекендик согуш ордени (1985) анын өрнөктүү өмүр жолу жана эмгеги арзыган сыйлыктары болуп саналат. Ал Кыргыз ССР Жогорку Советинин (1967), СССР Жогорку Советинин (1970) депутаты болгон, бир канча жолу Кыргызстандын Компартиясынын съезддерине, СССР профсоюздар комитетинин съезддерине делегат болуп шайланган, ВЦСПСтин мүчөсү болгон.

Айдоочулук кесиптин кыйма-чийме жолдору 60-жылдары Касым агага залкар жазуучу Ч.Айтматов менен таанышууга мүмкүнчүлүк берген. Ал кездеги журналист Ч.Айтматов бул таанышуудан алган таасирлеринин негизинде "Я - Тянь-Шаня" аттуу көлөмдүү макала жазып, ал советтик мезгилдүү басма сөздөрдө жарыяланган. Ошондуктан залкар жазуучубуздун "Делбирим" повестиндеги жана анын негизинде тартылган "Көк мелжиген тоолордо" ("Я - Тянь-Шань") көркөм фильминдеги айрым айдоочулардын образдарынан, иш-аракеттеринен Касым аганын сапаттарын табууга болот. К.Кадыров кыргыз элинин башка да чыгаан уулдары менен жакындан тааныш, мамилелеш болгон. Алсак, XX кылымдын 60-70 жылдарындагы белгилүү мамлекеттик жана коомдук ишмерлердин бири Абылкасым Кангелдиев менен ага-ини катары да, замандаш катары да, коомдук ишмерлер катары да абдан тыгыз алака- мамиле күтүп, бирибирине жардамдаш, кеңештеш болушкан.

Касым ага жеке эле эмгек каарманы эмес, бактылуу үй-бүлөнүн ээси, 3 уул, 4 кызга татыктуу таалим тарбия, билим берип өстүргөн, алардын урмат-сыйын көргөн бактылуу ата болгон.Анын уул-кыздары азыр турмуштан ордуларын тапкан, элге алымдуу, канат-бутагы жайылган адамдар катары белгилүү.

Социалисттик Эмгектин Баатыры, даңктуу жердешибиз К.К.Кадыров 1994-жылы, 69 жаш курагында дүйнөдөн кайткан.

**Эркингүл КАДЫРОВА,**
**К. Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**китепканасынын башчысы.**

## ПУТЕВОДНАЯ ЗВЕЗДА



Несколько лет назад в Киргизстане вышла в свет «Книга памяти». В ней собраны тысячи имен киргизстанцев, не вернувшихся с полей сражений Великой Отечественной войны. Листаешь страницы книги и не перестаешь удивляться силе, сплоченности поколения, разгромившего ненавистного врага. Каждое имя - это судьба, каждая судьба - это миг единого подвига Великого народа, принесшего Великую Победу

Думаю, нет ничего удивительного, что среди инициаторов сохранения исторической памяти о людях, вставших на защиту Отечества, были фронтовики. Верные идеалам боевого братства, они посчитали своим гражданским, человеческим, солдатским долгом перед павшими увековечить их имена.

Мой отец - Абылкасым Шерботаевич Кангельдиев участвовал в выпуске республиканской «Книги памяти». С 1964 по 1991 год он трудился в Москве заведующим отделом Верховного Совета СССР. В конце 80-х годов он с головой окунулся в сбор материалов о киргизстанцах, принимавших участие в Великой Отечественной войне. Подольский архив Министерства обороны СССР на долгие месяцы стал местом его поисков, раздумий, переживаний. Так, тысячи имен киргизстанцев из официальных сводок военной поры перекочевали на страницы будущей «Книги памяти». Думаю, что работу эту отец считал главным делом жизни, потому что он был солдатом Великой Отечественной.

Отец родился в 1924 году на Иссык-Куле. В 1941 году поступил в Пржевальский педагогический институт, но несмотря на бронь, в марте 1942 года добровольцем вступил в ряды РККА. Окончив ускоренные курсы политсостава Фрунзенского пехотного училища, в воинском звании младшего лейтенанта он попадает в самый ад - под Сталинград.

Тяжесть войны он, политрук стрелковой роты, испил сполна. Из его воспоминаний можно было представить кровопролитные бои за Сталинград. На подступах к железнодорожной станции Степная отец получил первое ранение в плечо. Кратковременное лечение в полевом госпитале и снова на передовую. В ходе наступления в феврале 1943 года отец был ранен в руку и отправлен в Новосибирский военный госпиталь. Пройдя курс лечения, он несколько месяцев исполнял обязанности заместителя начальника госпиталя по политической части вплоть до своего увольнения в декабре 1943 года с военной службы.

За мужество и отвагу, проявленные в Сталинградской битве, отец награжден медалью «За боевые заслуги». Его имя высечено на мраморе в Мемориальном музее истории Сталинградской битвы на Мамаевом кургане.

Порой звучат мнения, что надо бы забыть ту проклятую бойню. Нет и еще раз нет, говорю я. Память и гордость за солдатский труд наших отцов - наша путеводная звезда. Так завещал мой отец, познавший цену солдатского подвига. Перед ним я склоняю голову.

**Талант КАНГЕЛЬДИЕВ,**
**сын.**



# ОТГОЛОСКИ ДАЛЕКОЙ ПОРЫ

Кендирбаев Усупбек родился в 1903 году в с. Каирма-Арык Ново-Вознесеновского района Иссык-Кульской области в крестьянской семье. В 9 лет остался без матери, а в 13 лет стал круглым сиротой. С 1916 года стал сам зарабатывать себе на пропитание, батрачил сначала у кулака с. Ново-Константиновка Зубкова, затем у кулака Стаценко.

После Октябрьской Социалистической революции на местах повсеместно стали

создаваться школы - интернаты для сирот. В 1924 году он поступил на учебу в волостной интернат (до поступления в интернат учился в сельской школе). В 1925 году ушел добровольцем в ряды Красной Армии. Служил рядовым, затем после шестимесячных курсов - командиром отделения в киргизском национальном кавалерийском эскадроне. Во время службы в Армии был принят в ряды КПСС. В 1927 году Каракольский кантонный Коммунистический комитет ВКП(б) направил Кендирбаева на учебу в Киргизскую областную совпартшколу в г. Фрунзе. Будучи курсантом совпартшколы, в 1929 году становится комиссаром добровольческого отряда и участвует в разгроме басмаческих банд на юге Киргизии. В 1930 году, после завершения учебы, был принят на работу инструктором Кировкома ВКП(б), затем был направлен ответственным секретарем Аламединского райкома ВКП(б), ответственным секретарем Центрального комитета батрацко – бедняцких организаций при Кировкоме партии. В связи с выездом на постоянное местожительство в г. Каракол, в 1932 г. направлен на работу секретарем парткома совхоза «Каракол». В 1933 году назначен заведующим Джеты-Огузского районного отдела народного образования. а в 1934 году - на должность ответственного секретаря Президиума Каракольского горсовета, в 1935 году - инструктором Каракольского РК ВКП(б), в 1937 году - заведующим райздравотделом Каракольского района.

В марте 1938 года был арестован органами НКВД как враг народа и на протяжении 15 месяцев находился под следствием в Иссык-Кульской областной тюрьме. 26 мая 1939 года дело было прекращено. Кендирбаев был оправдан и освобожден из-под стражи. В 1939 года после реабилитации был назначен зам. начальника Иссык-Кульского окрлита. В 1942 году был заместителем начальника Теплоключенского политотдела, в 1943 году -цензором, а с 1944 года до 1953 годы начальником обллита (областное подразделение главного управления по охране государственных тайн в печати при Совете Министров Киргизской Республики).В 1953 году назначен директором областного музея, в 1954 году - инструктором облисполкома, в 1955 году - начальником горжилуправления, в 1956 году вновь -цензором обллита. В 1959 году вышел на заслуженный

отдых персональным пенсионером.

Находясь на пенсии, до 1971 года продолжал работу в Пржевальском лесхозе, в зональной опытной станции, на заводе им. С.М.Кирова. После перенесенной операции на оба глаза, в 1971 году стал заниматься пчеловодством, личным подсобным хозяйством: разведением овец и выращиванием фруктов и овошей.

Член КПСС с 1928 года. Кендирбаев всю жизнь трудился там, куда его направляла Коммунистическая партия.

Когда проходила коллективизация, он организовывал колхозы в Чуйской долине, потом был на партийной, советской работе. Он вырастил и воспитал восьмерых детей. Всем дал высшее образование. Всех воспитывал по своим принципам; предельная честность, трудолюбие, доброта и человечность. «Никогда не берите даже чу-



жой иголки. Если что-то нашли, обязательно спросите, чье это, найдите хозяина. Всегда будете спать спокойно. А к людям, которые обращаются к вам за помощью или с просьбой, относитесь так, как будто вы находитесь на его месте и этот вопрос касается лично вас»-говорил он.

Он любил вспоминать дни своей молодости, когда в 1928 году он опубликовал свои первый заметки на страницах газет. Он писал о лучших людях кыргызских аилов, о том, как шла борьба с лицами, притеснявшими народ, он считался активным селькором республиканской газеты. Свидетельством этому является то, что в 1929 году он был избран делегатом Первого всесоюзного слета рабочих и сельских корреспондентов, проходившего в мае 1930 года в Центральном доме Красной Армии в г.Москве. В то время он был курсантом 3-х годичной областной советской партийной школы в г. Фрунзе. В числе участников слета от Киргизии было два делегата; он и работница завода «Интергельпо», к сожалению, фамилии ее он не помнил, но говорил, что она была по национальности чешка. В работе слета участвовали председатель ВЦИК Михаил Иванович Калинин, Надежда Крупская и сестра В.И.Ленина - Мария Ильинична Ульянова. Все они выступали на слете, они говорили о роли рабселькоров и их задачах в укреплении связей между городом и деревней, между рабочими и крестьянами. Особенно вспоминал он речь Михаила Ивановича, которая было простой и доходила до глубины сердца. И вообще, всесоюзный староста был настолько прост и доступен, что во время перерывов он часто беседовал с делегатами, живо интересовался положением дел на местах, спрашивал о жизни рабочих и крестьян.

Высокой оценкой деятельности и активной жизненной позиции Кендирбаева У. было избрание его членом пленума Киробкома ВКП (б) на 6-ю областную партийную конференцию Киробкома в 1930 году. Указом Президиума Верховного Совета СССР от 6 июня 1945 года он награжден медалью «За доблестный труд в Великой Отечественной войне 1941-1945 г.г.». 1 февраля 1951 года Президиум Верховного Совета Киргизской ССР наградил Кендирбаева Усупбека – начальника Иссык-Кульского обллита -

Почетной грамотой Верховного Совета Киргизской ССР за достигнутые успехи в работе.

В 1970 году он награжден юбилейной медалью «За доблестный труд в ознаменование 100-летия со дня рождения В.И.Ленина». Ярким праздником в жизни ветерана Коммунистической партии СССР Кендирбаева У. был день, когда ему, в числе пяти коммунистов г. Пржевальска вручили юбилейный знак «50 лет пребывания в КПСС». Но он не любил вспоминать годы репрессии. Когда мы его просили рассказать об этом периоде жизни, он говорил: «Никому не желаю пережить то, что пережили мы в эти годы». Хочу отметить, что он никогда никого не обвинял, отмечая, что это наша история. Он был ярый сталинист, с огромным уважением относился к Сталину, но признавал. что в его окружении были двуликие люди - предатели. Сегодня мнение Кендирбаева У. совпадает с мнением великого писателя России Карпова В.В., который на основе архивных документов представил на суд читателей свое произведение «Генералиссимус». В своей автобиографии от 13 июля 1939 года Кендирбаев собственноручно пишет; «В проведении линии партии никаких колебаний у меня не было, в оппозициях не участвовал никогда, потому что меня воспитала Коммунистическая партия и советская власть, освободившие от угнетения и темной жизни и сделавшие меня человеком.

Из рассказов мамы я узнала о том, что по возвращении из магазина, куда она ходила за продуктами, она увидела распахнутую входную дверь в квартиру, где они проживали, разбросанные книги, вещи и фотографии. Соседка сообщила, что мужа арестовали НКВДшники и увезли его на дрожках в наручниках. Маме долгое время никто не говорил, где находится ее муж. Люди стали избегать ее. Те, кто общались с нами, стали обходить ее седьмой дорогой и резко сворачивали в другую сторону при виде ее. Она осталась с детьми, в государственной квартире, без средств к существованию. Мама, оказывается, тоже была сиротой (об этом она нам рассказала в 1991 году перед смертью), но ее вырастили и воспитали ее родной дядя с женой (по отцовской линии), которых мы считали родными дедушкой и бабушкой. Они ее и забрали к себе с 5 детьми в село

Отуз-Ул. После допроса в органах НКВД сообүили, что ее муж - враг народа и заключен в тюрьму. Долгое время она пешком ходила из села в тюрьму и просила принять передачу для папы, но передачи не принимали. Папу долго пытали и заставляли подписать признание, что он - член социал-туранской партии. От жажды лопались губы, из них сочилась кровь и он падал в обморок. Следователь, пытавший его и предлагавший признание в членстве в социал-туранской партии в обмен на кувшин с водой, выливал воду в лицо, и когда папа приходил в сознание, начинал избивать его. Избитого его волокли в одиночную камеру и бросали на бетонный пол, который заливали водой, чтобы папа не мог сидеть на полу. Единственный топчан, прикованный к стене, надзиратель отстегивал и подставлял две ножки только глубокой ночью, до рассвета. Маленькое зарешеченное окошечко была под потолком и выходило во двор тюрьмы, через него в камеру еле попадал свет. Ночью во дворе расстреливали заключенных, тела их бросали в кузов грузовика и увозили в неизвестном направлении. На требование подписать признание, папа отвечал, что лучше он умрет, чем подпишет такое признание.

Мама очень обрадовалась, когда ей сказали, что она может забрать своего мужа из тюрьмы. Когда ворота тюрьмы открылись, папу вынесли, потому что он не мог ходить на отекших ногах. Это она с ужасом вспоминала до конца дней своих. Дома валенки пришлось срезать маленькими кусочками при помощи лезвия - бритвы, лечить очень долго не только ноги. Когда я узнала обо всем от мамы, я больше никогда не задавала папе вопросы на тему репрессий и социал-туранской партии. Я знала, что он крепкий, сильный, мужественный, честнейший человек, но его надо беречь. Он прожил 80 лет. Сколько бы он прожил, если бы не те невзгоды, лишения и испытания, выпавшие на его долю?!Я, горжусь своим отцом, который говорил, если бы ему предложили начать жизнь снова, он прожил бы ее именно так.

**Анаркуль КЕНДИРБАЕВА,**
**дочь, бывший комсомольский и партийный работник,**
**ныне персональный пенсионер.**

# ИШИ ҮЛГҮ



Кыдыралы Керимкулов 1898-жылы Ысык-Кол облусунун Тору-Айгыр айылында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1916-жылга чейин араб тамгасы менен 4-класска чейин окуп, ошол жылдагы чоң Үркүндө кытайдын Турпан, Аксы деген жерине үркүп барышкан. Жолдо көп кыйынчылыктарды көргөн учурлары да болгон. Үй-бүлөсу 8 адамдан турган. Ата-энеси менен бирге алардын алты баласы. 1917-1918-жылдары Кыдыралы Касым деген байдын коюн кайтарып, эл катарлуу жашоосун өткөрүп турду. 1918-жылы кеч күз менен Ысык-Көлгө кайтып, жерине келди.

1919-жылы Совет бийлиги тарабынан Тору-Айгыр айылында башталгыч мектеп ачылып, ал ошол мектептин 4-классына окууга кирген. Мектепте балдарды окутууга бир аз билими бар Сарбаев Касым, Тукбаев Намат аттуу мугалимдер иштер эле. Атабыз окууну «эң жакшы» деген баада бүтүрүп, 1920-жылы Каракол уездик эл агартуу бөлүмү тарабынан Алма-Ата шаарындагы мугалимдерди даярдоо курсунан окууга жиберилет. Алты айлык курсту бүтүп келгенден кийин 1926-жылга чейин Тору-Айгыр айылындагы мектепте мугалим болуп иштей баштаган. 1927-жылы Ысык-Көл районундагы Темир айылындагы Кашат башталгыч мектебинин башчысы кылып дайындаган. Бул мектепте 1933-жылга чейин эмгектенген. Ушул учурда Фрунзе шаарындагы педтехникумдун алдындагы мугалимдерди даярдоочу 3 жылдык курсту аяктаган. 1934-жылы Чоң-Өрүктү мектебине иштөөгө которушкан. 1936-1948-жылдар ичинде Чоң-Өрүктү, Карал-Дөбө, Көк-Дөбө, Кожояр, Тору-Айгыр, Көк-Мойнок мектептеринде директор болуп иштеген. 1949-1960-жылдар аралыгында балдарга билим берүүдө тынымсыз иштеп, 40 жылдык эмгек стажысы менен ардактуу эс алууга кеткен.

Кыдыралы Керимкуловдон билим алган окуучулардын көпчүлүгү Ата Мекенине кызмат кылган, кыргыздын чыгаан уулдарынан болуп чыгышты. Алардын катарында Ахунбаев Иса Коноевич, Сатар Илязов, Бакас Чормонов, Мукан Туруспеков, Карымшак Токтомамбетов, Закир Абдыкеев, Жапар Шабырбеков жана башкалар бар. Атабыз менен 1919-жылы чогуу окуган классташтарынан Молдогазы Токобаев жазуучу болсо, Акеш Урмамбетов менен Ашым Матаев өзү сыяктуу ардактуу мугалимдерден болушкан.

Өкмөт менен партия анын эмгегин жогору баалап Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы жана республиканын 20 жылдыгына карата Грамота, ЛКСМ Борбордук Комитетинин Ардак грамотасы жана башка сыйлыктар менен сыйланган. 1941-1945-жылдардагы Ата Мекендик согуштагы эмгектеги артыкчылыгы үчүн медалы жана эл агартуунун отличниги наамы атабыздын ким экендигин айгинелеп турат.

**Жумабүбү ТЮЛЕЛИЕВА,**
**небереси, эмгектин ардагери.**

# МЫ ВОЙНУ ПОМНИМ!



Верность долгу, преданность Родине - этот девиз юных комсомольцев колхоза Кызыл-Аскер села Талды-Суу не просто слова. Прежде всего это воплощенные в образ мысли талдысуйцев, их жизненное кредо, духовная установка, с которой они жили весь период Великой Отечественной войны.

С первых дней войны половина села ушла на фронт, остались дети, старики и юные комсомольцы, не достигшие призывного возраста. Летом 1941 года комсомольцы Салык Асаналиев, Тукеш Кооманов, Бектур Байсеитов окончили шестой класс восьмилетней

школы. Им было по шестнадцать лет, они неоднократно ходили в районный военкомат с просьбой призвать их в Красную Армию. Военком Кудинов объяснил им, что они еще не достигли призывного возраста. Но молодые комсомольцы рвались на фронт. Они начали искать другие пути получения повестки на фронт.

Весной 1942 года они обратились в сельский совет, требуя внести изменения в свидетельство о рождении, даже привели свидетелей, подтвердивших, что действительно они родились в 1923 году. Через два месяца сельсовет выдал им новые свидетельства о рождении.

Осенью 1942 года ребята получили повестку о призыве их в действующую Красную Армию. После прохождения курса молодого бойца неразлучным друзьям вручили направления-предписания в разные части действующей Армии.

Кооманов Тукеш попал в учебный полк, где готовили военных связистов. После завершения учебы он получил предписание в 46-ю армию второго Украинского фронта. Во время освобождения города Кишинева от фашистов он получил ранение в плечо. Больше месяца лечился в госпитале, получил направление в другую часть второго Украинского фронта. В тыл фронта прибывали новые части. Солдаты в новых полушубках шагали бодро и пели полюбившуюся всем «Катюшу». По шоссе тянулись артиллерийские орудия, проносились укрытые чехлами установки.

Армия готовилась к новому удару по противнику, шла подготовка к форсированию реки Прут. Активное сосредоточение войск осуществлялось на советско-румынской границе.

И вот однажды полк совершил марш-бросок по глубокому снегу в пургу, ночью, затемно прошел по улицам Черновцы и к рассвету занял окопы на передовой. Бойцам выдали полный комплект боеприпасов. Обеспечили всех теплыми полушубками, рукавицами.

Утром по ротам объявили приказ о предстоящем на их участке наступлении, раздался грохот артиллерийской канонады. Первыми прочертили огненные полосы над полем боя катюши. Их снаряды, оставляя за собой светящийся след, с оглушающим шумом проносились над головами. И как только оборвались огненные стрелы, над



окопами зычно раздалась команда:
-За Родину! За Сталина! Вперед! Ура!
Красноармеец Тукеш Кооманов решительно выпрыгнул из траншеи и побежал вперед, стреляя на ходу и стремясь скорее сблизиться с врагом. Он сравнительно легко преодолел нейтральную полосу и вдруг прямо напротив открыл огонь вражеский автоматчик. К счастью, стрелял не в него, а чуть правее. Тукеш сорвал с пояса гранату и метнул ее в окоп. Фашистский автоматчик замолк. Тукеш пробежал еще немного и прыгнул во вражескую траншею.

Из-за поворота окопа внезапно выскочил немец. Тукеш мгновенно присел, и автоматная очередь прошла над его головой. Поднявшись, он произвел резкий выпад и штыком заколол врага. Но дюжий немец занес над его головой автомат. Тукеш увернулся, но сильный удар пришелся ему в плечо. Он не устоял на ногах, упал на дно окопа, и гитлеровец насел на него, пытаясь задушить его.

Спас Тукеша один из молодых бойцов, пришедших в роту накануне наступления. Тукеш даже имени его не запомнил. Солдат ударил гитлеровца с маху прикладом по голове, и тот повалился в сторону.

Первую траншею рота заняла, почти не понеся потерь. Еще недавно покрытая снегом земля теперь чернела воронками от снарядов и была густо расчерчена танковыми гусеницами. Бойцы бежали ко второй траншее гитлеровцев вслед за взрывами наших снарядов. Это помогло уберечься от ответного пулеметного огня противника.

Когда бойцы приблизились ко второй траншее, плотнее стал автоматный огонь противника. Слева застучал фашистский пулемет. Тукеш упал на мягкий пушистый снег и, придавливая его грудью, пополз к пулемету. Он метнул одну за другой две гранаты. На другой день рота овладела важным опорным пунктом противника и вместе с полком устремилась вперед.

Поздним вечером, когда стемнело, пришел комбат Шаталов. На

его сумрачное лицо набегала улыбка, глубоко поставленные глаза излучали добрый свет.

-Вот что, братцы, - без всякого выступления сказал капитан, присаживаясь на притоптанный снег. —Видели впереди высотку? Завтра ее приказано взять. Она - главное препятствие на нашем пути наступления. Заранее прицеливайтесь. Как только артиллерия заработает, вы вперед, поближе к разрывам своих снарядов. Чтоб немец не успел очухаться. Надеюсь на вас, дорогие друзья. Пусть враг навсегда запомнит нашу предновогоднюю атаку.

-Не подведем, товарищ капитан, - за всех ответил Орлов.

В наступление поднялись дружно. Красноармеец Кооманов бежал за своим другом Орловым, за ними справа и слева бойцы роты. Он наметил себе цель - высоту и спешил к этой цели, время от времени на ходу снимая с пояса гранату и бросая ее далеко вперед, чтобы расчистить отделению путь.

Он был уже близок к цели, когда справа ударил станковый пулемет врага. Кооманов упал на снег, отполз в сторону.

Махнул Василий рукой, дескать, давай за мной, и пополз к пулемету, стремительно работая локтями. Вражеская пуля ударила ему в левое плечо, но он продолжал ползти, налегая теперь на правый бок. От большой потери крови он лежал без движения. Подполз к нему Тукеш, оказал первую медицинскую помощь. Тукеш у друга забрал гранаты. До пулемета оставалось метров пятьдесят. Красноармеец Кооманов приподнялся и метнул гранату. Пулемет замолк, но едва бойцы поднялись, как он застучал снова. Тукеш прополз метров десять и бросил вторую гранату. Потом поднялся, пробежал метров двадцать. У него ноги стали ватными, упал. Жгло в правом боку, белый снег стал красным от крови. Попытался встать, но не хватило сил. А время шло. Уже смеркалось.

Поправив свое здоровье, Кооманов Т. в том же году вернулся в родной полк. При освобождении Венгрии от немецко-фашистских захватчиков красноармеец Кооманов Тукеш героически погиб.

Более шестидесяти пяти лет отделяет нас от того майского дня, когда над поверженным рейхстагом взвилось Знамя Победы. И сегодня, по истечении времени, мы по - особому воспринимаем величие подвига

советского солдата.

Говорят, когда народ забывает о войне минувшей приходит война новая.

МЫ ВОЙНУ ПОМНИМ! Помним цену, которой достигнуты независимость и победа. Помним, что именно советская армия и народ смогли не только выстоять, но и в конечном счете разгромить гитлеровскую армию.

В одном строю вместе с братскими народами героически сражались на фронтах Великой Отечественной войны и достойные сыны кыргызского народа.

За совершенные подвиги в годы войны тысячи воинов - кыргызстанцев были награждены орденами и медалями, 73 кыргызстанца удостоены высокого звания Героя Советского Союза.

**К. КООМАНОВ,**
**полковник запаса.**

## ӨМҮРҮ ӨРНӨК ИНСАН



Ак-Суу районунун тарыхында аты калган апаларыбыздын бири Кожогелдиева Рахима. Ал 1924-жылы ушул эле райондогу Кереге-Таш айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1931-жылы айылдагы толук эмес орто мектепке кирип, кат сабатын жоюп, 1936-1942-жылдары Ош облусунун Ноокат районунда окуусун улантып, аяктаган.

Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында башкалардай эле согуштун түйшүгү келип, оорукта эмгектенген. 1942-жылы Пржевальск районунун Кереге-Таш айылдык Советинин салык боюнча агенти болгон. Өз ишине тың Рахима салык чогултуу милдеттенмесин ашыгы менен аткарган. 1944-жылы жылдык планды 3 кварталда эле аткарып, айыл чарба салыгын 3 күндүн ичинде чогулткан. «Бардыгы фронт үчүн, бардыгы жеңиш үчүн» деген ураандын алдында күнү-

түнү тыным албаган элден да салык чогултуу өтө кыйынга турган. Анткени элдин жашоосу начарлап, тамак-аш тартыш боло баштаган.

Мында Рахима апабыз элге салык чогултуунун максатын түшүндүрүп, элдин сезимин патриоттуулукка чейин көтөрө алган. Ушундан кийин эл өзүлөрү жыйноо пунктуна салыктарды алып келип беришкен. Рахима Кожогелдиеванын мындай эмгеги унутта калбай 1945-жылдагы салык каражатын чогултуудагы артыкчылыгы жана 1946-жылы Кыргыз ССРинин 20 жылдыгына карата республиканын Жогорку Советинин Президиумунун грамотасы менен сыйланган.

Бир мезгилде эле Р. Кожогелдиева 1943-жылдын 1-январында Кереге-Таш айылдык Советинин секретары да болуп шайланган. Бул кызматта ал 1948-жылга чейин иштеген. Пржевальск райондук аткаруу комитетинин төрагасы Күчүковдун 1948-жылдын 23-августунда берген мүнөздөмөсүнө караганда, Рахима апа тапшырылган ишти ак ниеттүүлүк менен аткарып, иш кагаздарын тыкаттык менен жүргүзгөндүгү, берилген тапшырманы так аткаргандыгы айтылып, коомдук иштерге активдүү катышкандыгы баса белгиленген.

1948-жылы Рахима Кожогелдиева райондук социалдык камсыздоо бөлүмүнүн инспектору болгон. 1950-1951-жылдары айыл чарба мастерлерин даярдоо боюнча агротехникалык курста окуйт. Мындан кийин Кереге-Таштагы кызыл үйдүн-китепкананын башчысы болуп эмгектенген. Кичинесинен калган иштемчилдиги, ак ниеттүүлүгү да бул иште даана байкалып, Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган. !972-жылдан тартып ардактуу эс алууга чыкканга чейин Ысык-Көл совхозунун балдар бакчасын жетектеп келген. 1976-жылы ага «Эмгек ардагери» медалы берилген.

Рахима апа жеке эле иште баатыр болбостон, жеке турмушунда да бактылуу инсан, 4 уул, алты кызды тарбиялаган эне. Рахима Кожогелдиева катуу оорудан кийин 1976-жылы 54 жаш курагында дүйнөдөн кайткан.

**Базаркан ӨМҮРЗАКОВА,**
**кызы, К. Тыныстанов атындагы ЫМУнун бухгалтери.**

**************************************

# МЕН ҮЧҮН ЫЙЫК



Атабыз Кожомбердиев Токтакун эркектен үч, кыздан үч алты бир тууган болгон. Атасы 1917-жылы, энеси 1930-жылы кайтыш болгон. Алардын уулу Токтахун 1928-жылы Бөрү-Баштагы башталгыч мектепти бүтүрүп, мурдагы Пржевальский шаарындагы педагогикалык окуу жайга кирет. Жаштайынан зээндүү улан окууга кош канатын талпынтып, алдыдагы жарык шооланы алгач билим алуудан издейт. 1935-жылы, жогоруда аталган окуу жайынан кийин Фрунзедеги (Бишкектеги) чарбачылык адистерди даярдоочу курстан билим алат да атайын жолдомо менен Токтогул районундагы райондук чарбалык учет башкармасында, андан кийин Үч-Терек районунда ушул эле аты уйкаш мекемеде инспектор болуп иштейт. 1938-1940-жылдары партиянын Үч-Терек райондук комитетинде сектор башчысы болуп кызмат аткарат.

Атабыз кайсыл эл, кайсыл жер болсо да ак эмгек өтөдү. 1940-1942-жылдары партиянын Жалал-Абад райондук комитетинде кадрлар бөлүмүнүн башчысы, 1942-1947-жылдары партиянын Октябрь райондук комитетинде секретарь болуп болуп кызмат аткарат. Кыркынчы жылдар согуш кыйнаган мезгил. Жоопттуу кызматкерлер үчүн бул жылдар оңойго турган эмес. Жоокерлерди согушка узатуу, тылдагы иштерди уюштуруу, бала-бакыралар үчүн кам көрүү, толуп жаткан чарбалык маселелер-мунун бардыгын күн-түн иштөөгө туура келген. Андагы партиялык кызматкердин колунда-адам тагдыры, өмүр үчүн күрөш турган.

1947-жылы атабызды машина-трактордук станцияларды чыңдоо жөнүндөгү Кыргызстан Борбордук Комитетинин бюросунун чечимине ылайык Пржевальский районундагы Теплоключенка МТСине директордун орун басарлык кызматына иштөөгө жиберилет. Бул кызматта 4 жыл эмгектенип, андан колхоз,

совхоздорду сезондук жумуштарда техника менен камсыз кылуу боюнча олуттуу милдеттерди аткарган. 1951-1953-жылдары Жыргаландагы машина мал чарба станциясында, 1953-жылдан 1957-жылга чейин Кызыл-Октябрь МТСинде жетекчилик иштерди өтөгөн. Бул милдеттерди аткарууда дагы өзүн такшалган адис, уюштуруучу, адам үчүн камкор мамиле жасай билген айкөлдүгүн көрсөтүп, өз жердештеринин алдында жүзү жарык, жүрөгү таза болду. 1957-жылдан октябрь айында Кыргыз өкмөтү Токтакунду отуз миңчилердин катарында Пржевальский районундагы Жданов атындагы колхозго, андан кийин жаңыдан бириккен Ильич атындагы чарбага башкармалыкка дайындайт. 1961-жылдан тартып «Ысык-Көл» совхозунда директор, кийин сегиз жыл бою «Түргөн» колхозунда башкарма болуп иштейт.

-Мен Токтакун абамды жакшы билем,-деп эскерет Бөрү-Баш айылынын тургуну, эмгек ардагери, мурдагы чарбалык жана партиялык кызматкер Курманкул Жамалов. «Башкарма, директор болобу, кайсы кызматта жүрсө да калыстыгынан жазган жок. Элдин оюндагысын таба билген, ар бир татаал маселени так, таамай чечкен адам эле. Боорукердиги, сергектиги менен башкалардан айырмаланып турчу.»

Атам 1950-жылы Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин алдындагы партиялык мектепти, 1955-жылы Москвадагы МТСтин курсун окуп бүтүргөн. Өзү иштеген жерлердеги партиянын райондук комитеттеринде бюро мүчөлүккө көрсөтүлүп келген. Бир катар эл депутаттарынын райондук кеңешине депутат болуп шайланган. Ал Ардак Белгиси ордени, «1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуш», СССРдин куралдуу күчтөрүнө – 50 жыл, В.И.Лениндин 100 жылдык жана башка медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталары жана башка сыйлыктар менен сыйланган. 1939-жылдан тартып КПССтин мүчөсү эле.

Биз он бир тууганбыз, Бөрү-Баш айылынын тургундары Кожомбердиев Токтакун атабыздын ысымын өчүрбөйлү, урматтайлы дешип айылдын бир көчөсүн анын атынан аташкан.

**Медил КОЖОМБЕРДИЕВ,**
**уулу.**

# ИШИ ТҮБӨЛҮКТҮҮ



Бизде кезегинде атам, ал тургай биз сыймыктанып жүргөн бир документ бар. Ал Улуу Ата Мекендик согуш жүрүп жаткан мезгилде И.Сталинден атама келген телеграмма. Анда: ***«Киров атындагы колхоз, Балыкчы району, Ысык-Көл областы, Кыргыз ССРи. Колхоздун председатели Коңурбаевге.***

*Киров атындагы колхоздун колхозчулары менен колхозчу аялдарына, жолдош Коңурбаев Сиздин өзүңүзгө Кызыл аскердин чопкуттуу танке жана аба күчтөрү жөнүндө көргөн камкордугуңар үчүн алкыш айтамын. Менин саламымды жана Кызыл аскердин алкышын кабыл алыңыздар.*

**И.Сталин»** деп жазылган.

Улуу уруш учурунда тагдыры кылдын учундагы өлкөгө, кан майдандагыларга оруктагы чарбалардын бардыгы колдорунан келген көмөктөрүн көрсөтүшкөн. Алардын ар биринин иши өзүнчө дастан. Антсе да Совет мамлекетинин эки тизгин, бир чылбырын бек кармаган, өзү журт атасы катары эсептелип, ысмы ыйык күчкө айланган Иосиф Виссарионович Сталинден мындай телеграмманы алгандар сейректир. Эл башына күн түшкөн учурда алапайын таппай калбай, чарбасындагыларды эл башчысынын көңүлүнө толор ишке баштай алган Коңурбаев биздин атабыз.

Акимкан Коңурбай уулу мындан туура 115 жыл илгери азыркы Тамчынын аймагындагы Кара-Чекенде деген жерде туулган. Молдодон окуп, жазууну да үйрөнгөндүгү өспүрүмдүн сергектигинен кабар берет. Ал 16–жылдагы алааматта айылдаштары менен Теңир тоонун ар жагына үркүп, Кызыл-Суу, Көк-Терек деген жерге чейин барган.

1918–жылы Ысык-Көлгө кайра кайтып, мүлдө өмүрүн жаңы турмушка арнаган. 1924-жылы ага Чолпон-Ата болушунун аткаруу

комитетинин төрагасынын орун басарлык милдети ишенилген. 1929-жылы «Тамчы» совхозунун уюштуруу бөлүмүнүн башчылыгынын түмөн түйшүгү тапшырылган. 1932-жылы Темир жана анын жан жакасындагы айылдардан жүзгө жакын киши козголоң чыгарганда, аларга атайын тапшырма менен барып, туура эмес иш кылып жатышканын, өздөрү да кырылып, башкалардын да убалына каларын түшүндүрүп, элди бөөдө кырсыктан сактап калат. 1939-жылы Чырпыкты айылындагы Киров атындагы колхозго башкармалыкка шайланат. Эл малдан айрылып, жерди жеткилең иштетүүнү билбей, эмгек күнү үчүн акы албай, арып-ачып калган экен. Жаңы башкарма менчик аттарды байлатып, жазында алар менен колхоздун кошун айдатат. Түшүм жакшы болуп, эмгеги үчүн элге эгин тийип, ортолук ишке кызыгуу артат.

Гитлерчилер басып киргенде атам, эр-бүлө жабыла аскерге кеткенде кары-жаш каржалбай иштешине баш-көз болот. Чырпыктылыктар мамлекетке эгин тапшыруунун пландарын ашыра аткарышып, малды кемитпей, төлдү арбытышат, танктарды, самолетторду жасоого акчалай жардамдарды борборго тынымсыз жөнөтүп турушат. Аскерге кеткендердин үй-бүлөсүнө, кары-картаңдарга, оору-сыркоолорго азык-түлүк жагынан жардам берүү башкарманын демилгеси менен уюштурулат. Ошол көрсөтүлгөн көмөк далай кишилердин ажалына арачы болгонун карыялар эскерип калышат. Акимкан Коңурбай уулу башкарган чарбадагылардын кыйын кырдаалдагы ургаалдуу, өрнөктүү иштери жөнүндө «Кызыл Кыргызстан» гезити 1943-жылы 4 жолу жазган. Башкы кол башчы Сталин алкаган колхозго Советтер Союзунун Баатыры Дайыр Асанов атайын тапшырма менен 1944-жылы 22-февралда келип, Кызыл аскерлердин атынан ыраазычылык билдирген. Жетекчилерибиз айткандай эл да, жер да, түзүлүш да жаңырды. Бирок ийги иш түбөлүктүү тура, Акимкан Коңурбай уулунун аты эл оозунда. Эмгегин эли унутпай, атабыздын атын түбөлүккө калтыруу максатында Чырпыкты айлынын бир көчөсүн Коңурбаев Акимкан атындагы көчө деп аташкан.

**Ишен АКИМКАНОВ,**
**уулу.**

************************************

# БИР КӨЧӨ АТАМДЫН АТЫНДА



Менин атам Кожобаев Тутай 1900-жылы азыркы Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Аң-Өстөн айылында жарык дүйнөгө келген. Тирүү болсо быйыл 110 жашка чыкмак. 1920-1924-жылдары айылдан башталгыч мектепти бүтүрүп, тез эле активдүүлүгү менен чарбалык, саясий иштерге аралаша баштайт. Анткени Октябрь Революциясынын жеңиши менен кыргыз элинин тарыхында көчмөн калк отурукташып, апааттуу 1916-жылдагы Үркүн окуясынан кийин социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр башталган эле.

Атам 1924-жылы ВКП (б)нын мүчөлүгүнө кабыл алынат. Ошондон баштап кеңеш өкмөтүнүн айыл-кыштактагы эмгекчи массаларынын маданий-агартуу, саясий жана чарбалык жактарын учур талабына ылайык өнүгүшүнө карата партиянын саясатын иш жүзүнө ашырууга белсенип киришкендигин айтып ой бөлүшөөр эле. Ал кезде Аң-Өстөн айылы Сталин атындагы колхоз болучу.

1920-жылдан баштап атам Сталин колхозунда бригадир, айыл өкмөтүндө катчы, колхоз башкармасынын орун басары, кийин башкармасы болуп иштөө менен катар эле айлыбыздагы адамдарды кичине, чоң дебей жалпы сабатсыздыкты жойуу боюнча окууга тартууга өтө зор көңүл бурган экен. Алгачкы жылдары латын алфавити менен окутулуп, кийинчерек азыркы жаңы алфавит менен окушкан экен.

-Окуу колхоздун жумушун бүтүргөндөн кийин, кечкисин жүргүзүлгөн. Окуу куралдары жок, эптеп эски гезиттердин четтерине жазышкан. Сыяны айылдын аягындагы, көл жээгиндеги өскөн кулпунай, бөрү карагат, чычырканактын ашы жана башкалардан даярдачубуз, - деп энем Кожобаева Бүбүй айтып калар эле. Айылдагы классташтары жөнүндө кызыктуу кеп кылучу. Бул

1935-1940-жылдардагы сабатсыздыкты жойуу маселенин чечилишине жасалган алгачкы кадамдар болгон.

Жер-суу реформасын жүргүзүү иштери жогорку партиялык жана советтик органдардын көрсөтмөсүнө жараша эмгекчилердин жерди пайдалануусуна туура багыт берилген. Айылдын аягында көл тараптары «Ас казан» деп аталган аймагында жерлерди пайдалануу, сугат иштерин жөнгө салуу, тоют топтоо, дан эгиндеринен жакшы түшүм алуу жумуштарынын аткарылышында атам мыкты уюштургуч-чарба жетекчиси, ак ниет коммунист экендигин көрсөтө алды.

Айрыкча өндүрүмдүүлүгү төмөн, дээрлик жакыр жеке менчик дыйкан чарбасын коллективдешкен советтик чарбага айландырууга учурунда мактоого татыктуу өз салымын кошконун атамдын замандаштары Мусакеев Молдо, Боромбаев Капар, Танабаев Ыманалы аталар кийин да, узун сабак сөз кылып жүрүштү.

1941-жылы Улуу Ата-Мекендик согуш башталганда атамды колхоздо чарба иштеринин жүрүшүн жакшы билгендигинен улам болсо керек, эки жолу бронь менен калтырышкан экен. Бирок, совет мамлекетиндеги согуштук кырдаалга байланыштуу абалдан улам Жети-Өгүз райондук аскер комиссариатынын чакыруусу менен Кызыл Армиянын катарына кызмат кылууга жиберилет.

Каракол шаарынын Пристань кеме-байырынан энем туугандардын коштоосунда көз жашын төгүп, пароходдогу кетип бара жаткан атамды узатышкан экен. Ошентип аскерге чакырылгандар Балыкчыда, андан соң Алма-Ата шаарында атайын аскердик машыгуудан өтүп жатканы туурасында энеме кат келген.

1943-жылдын февраль айы Улуу Ата Мекендик согуштун жүрүшүнө түп тамырынан бери бурулуш этаптын башталышы болгон, советтик Кызыл Армиянын Сталинграддын алдындагы тарыхый жеңишине эң маанилүү согуштук-саясий жыйынтык чыгарылгандыктан, айрым аскер бөлүктөрүнөн түзүлгөн рота менен атам Куйбышев, азыркы Самара шаарына жиберилет.

...Согуш деген согуш да, учурдагы өтө татаал кырдаалга байланыштуу айрым аскер бөлүктөрү фронтко ар түрдүү кызмат көрсөтүү менен ишканаларда күчөтүлгөн режим менен иштөөнү

камсыз кылуу, Кызыл Армияга стратегиялык ийгиликтерди жаратууларына көмөктөшүү, согуштук кемелердин тетиктерин жасоо, оңдоо, курал-жарактарды, жер астындагы мастерскойлордо мина, граната ж.б. даярдоо жумуштарын аткарууга туура келген.

Душмандын жүрөгүн титиреткен реактивдүү миниметторун, муну солдаттар эркелетип «Катюша» деп коюшкан, даярдоого жана орнотууга көмөк көрсөтүү зарыл болгон. Ошону менен эле курулуштарда, темир жолдордо, дарыя портторунда жана башка тармактарда өтө оор жумуштарды аткаруу да солдаттардын милдети эле. Айрыкча Куйбышевдеги металлургиялык, нефте-химиялык, машина куруу, токой жыгачтарын иштетүүчү, целлюлоза-кагаз, курулуш материалдарын, күкүрт өндүрүү завод-фабрикаларында жумушчу күчү жетишпегендиктен мындай оор сыноону аскер бөлүгүндөгү солдаттар аткарган

1943-жылдын күзүндө атам катуу ооруп калат, андан мурда Волга дарыясынын жээгиндеги бир госпиталда үч жолу дарыланган экен. Ошондуктан ден соолугуна байланыштуу аскерден бошотулат.

Туулган жердин топурагы алтын дегендей ден соолугу бир аз түзөлгөндөн кийин кайрадан чарба иштерине аралашып, кохоздо комплекстүү бригаданын чарба-курулуш иштерин жөнгө салган соң, жылкы фермасына башчылык кызматта үзүрлүү иштеген. Согуштан кийинки чарбадагы оорчулукту, тынчтык бейпилдикте, эл-журттун арасында кайраттуулук менен чыныгы коммунисттик ак кызматы менен туулуп өскөн айылына кошкон чакан эмгектик салымы кезегинде жердештеринин урмат-сыйына татыктуу болгону белгилүү.

1948-жылы атамдын демилгеси менен Караколдо азыркы «Кумтөр» соода түйүнү жайгашкан аймакта «Сталин» колхозунун ашканасы ачылган. Андан шаардагы калкка тейлөө кызматы көрсөтүлүп, Аң-Өстөн жана коңшу айылдардын эмгекчилери даярдаган азык-түлүк товарлары (эт, сүт, кымыз, жумуртка ж.б.) менен камсыз кылынып, колхозчулардын да, кошумча кирешe табышарына шарт түзүлгөн. Учурда бул иштер көпчүлүктүн колдоосуна ээ болгон экен. Арадан убакыттар өтүп, согуштун кезиндеги турмуштун кыйынчылыгы аз да болсо жеңилдегенсиди.

★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★

Аскерде жүргөн учурдагы кыйынчылыктарды, атам бир топ солдаттар менен он чакты күнгө жакын Красноводск шаарында ачка калышкандыктарын, Куйбышевдеги ишканаларда күчөтүлгөн режимдеги «Баардыгы фронт үчүн, Жеңиш үчүн» деген ураандын аткарылышы үчүн Кызыл Армиянын талыкпаган күжүрлүү эмгектери, ар түрдүү улуттардагы адамдарынын бир-бирине жасаган боордоштук сезимдери, достук ынтымагы жөнүндө узун сабак кеп салып берээр эле.

Атамдын солдаттык сумкасын (күрөң түстүү, эки бөлүктүү болор эле), суу ичип жүргөн жалпак, оозу буралып бекиген алюминий идишин (солдатский котелок) жана кашыгын («Куйбышев кашык» деп) өзүмдөн кичүү бөбөгүм Кожобаев Туратбек экөөбүз мектепте экскурсияга барганда окуучуларга көрсөтүп мактанаар элек. Биз ага айран же кымыз куюп барчубуз, кээде талаша да кетер элек.

Согуштун учурундагы тийгизген оор таасирден улам болсо керек, атабыз күлгүндөй 58 жашында узакка созулган ашказан дартынан улам 1958-жылдын 12-сентябрында жарык дүйнө менен кош айтышып кеткен.

Көптөгөн замандаштарынын эскерүүсүндө атабыз сөзмөр, чечен, эч нерседен тартынбаган, адилетүү сүйлөгөн, кайраттуу адам эле дешчү. Комузун чертип олтуруп жайдары, шайыр мүнөзү менен тегерегинде угуп отургандарды каткыртып күлкүгө карк кылып, санжыраны да айткандарын укканыбыз бар. Бирок, балалык байоо сезим менен көп элес албаган экенбиз, алар жазылып калбаптыр, аттиң чиркин балалык ай…

Атабыз каза болгондо райондон да көп адамдар келишкен. Райком партиянын өкүлү болсо керек эле, атамдын партиялык билетин алып кеткенде бөбөгүм Туратбек экөөбүз кучакташып ыйлаганбыз, биздин кенжебиз Муратбек кичинекей, мектепке бара элек болучу, ал түшүнбөй эле бизди кучактап ыйлаганда, энебиз да буркурап, көз жашын төгүп «Силер да чоңоюп, атаңардай болуп партиялык билет алууга татыктуу болгула да»,-дегенде басылганыбыз, али да эсимде...

Ооба, мезгил өтүп, биз да коммунисттик партиянын мүчөсү болдук. Бардык бир туугандардын бирөөсү эле медициналык,

калгандарыбыз жогорку педагогикалык кесипке ээ болгонбуз...

Айылдаштары атамдын ак эмгегин унутушпады, азыр айлыбыздын бир көчөсү атабыздын ысмы менен аталган. Учурунда атам да, энем Кожобаева Бүбүй да «1941-1945-жылдардагы каармандыгы үчүн», «За Победу над Германией в Великой Отечественной войне» медалдары жана көптөгөн мактоо баракчалар менен сыйланышкан.

**Жаркын ТУТАЕВА,**
**К. Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**ага окутуучусу, эмгек ардагери.**

# АДАМКЕРЧИЛИКТИ ТУУ ТУТКАН



Белгилүү партиялык кызматкер Көчөрбаев Курманбек 1910-жылы Кызыл-Аскер районундагы Чала-Казак айылында туулган. Ата-энеден эрте ажыраган Курманбек чоң атасынын колунда калат да, кийин алар кулак катары Украина жерине айдалганда ал Фрунзе шаарындагы жетим балдар үйүнө келип түшөт. Алгач чоң атасынын алган кыргыздын нукура тарбиясынан кийин балдар үйүндө жүргөнүндө орус элинин тарбиясы менен терең айкалыштырып жаш кезинен эле зээндүү бала болуп чоңойгон.

Ал 1924-1930-жылдары Фрунзе шаарындагы борбордук педагогикалык техникумда окуп, аны ийгиликтүү аяктагандан кийин министрлик тарабынан Ош областына жөнөтүлүп Араван районунда алгач райондун элге билим берүү бөлүмүндө инспектор, андан соң 1933-1934-жылдары Араван-Сура районундагы Ювашенск айылында жаш дыйкандар мектебинин директору, 1934-1935-жылдары Куршаб айылындагы

толук эмес орто мметтепте директор болуп иштеп турган. 1935-1938-жылдары Каракол районунда советтик-партиялык мектептин мугалими, 1938-1939-жылдары округдук «Ысык-Көл правдасы» газетасынын жооптуу редактору, 1939-1940-жылдары партиянын Каракол обкомунун инспектору, 1940-1941-жылдары Кыргызстан Компартиясынын Түп райкомунун агитация жана пропаганда бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген.

1941-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылган. Улуу Ата Мекендик согуш учурунда Панфилов дивизиясынын 8-гвардиялык ротасында саясый жетекчи болуп туруп, 1943-жылы ден соолугуна байланыштуу аскер кызматынын милдетинен бошотулган.

1943-1949-жылдары Кыргызстан компартиясынын Борбордук Комитетинин Ысык-Көл райкомунда кадрлар боюнча катчы болуп иштеген.

1949-1955-жылдары Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин Балыкчы райкомунун экинчи катчысы болуп иштеп туруп ден соолугуна байланыштуу иштен кетип, өмүрүнүн акырына чейин ар кандай чарбалык кызматтарда иштеген.

Турмушта жана эмгекте өмүрлүк жары Асанкулова Хадича ар дайым бирге жөлөк-таяк болуп, беш баланы тарбиялап өстүрүшкөн. Азыркы учурда апабыз эмгек сиңирген мугалим, эмгектин ардагери, ардактуу эс алууда.

Жан дүйнөсү акыл менен айкөлдүккө, боорукердик менен тазалыкка, акыйкаттык менен адамкерчиликке терең ширелишкен атабыздын жүрөгү 1959-жылы эл кызматын аткарып жатып кызмат учурунда токтогон.

Атам бүтүндөй өмүрүн элине, жерине арнаган, жогорку максаттарга жетүү үчүн жан үрөп иштеген, сөзү менен да, иши менен да калайык калкка жаккан, ак иштеп так жүргөн, суудай таза өмүр сүргөн, өтө маданияттуу, терең билимдүү, адамкерчиликти туу туткан, бир жагынан кыргыз элинин намысына, экинчи жагынан Байтик чоң атасынын беделине доо кетирбеген, намыскөй инсан болгон.

**Ирина КӨЧӨРБАЕВА,**
**кызы.**

# АТАБЫЗДАЙ ЭМГЕК ӨТӨСӨК ДЕЙБИЗ



Айтып олтурса улуу муундагылардын-биздин ата-энелерибиздин шыбагасына не деген кыйынчылыктар, азап-тозоктор туура келбеген. 1916-жылдагы Үркүн, колхоздошуу, Улуу Ата Мекендик согуш, андан кийинки согушта бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүү өңдүү тарыхта унутулгус болуп калган XX кылымдагы оор окуяларды баштарынан өткөрүшүп, барга-жокко, ачка-токко карабай, элибиздин эртеңкисинин пайдубалын түптөшкөн. Алардын бири биздин сүйүктүү атабыз Муса Кулатаев.

Атабыз балалыктын даамын татпай жаштайынан эмгек казанында кайноо тагдырына туш болгон. Башкача айтканда сегиз жашка толуп, толбой 1917-жылдан 1922-жылга чейин койчу болуп тоо-таш аралап, кой артында жүрөт. Койчунун иши айтканга оңой болгону менен иш жүзүндө кыйла кыйынчылыктарды баштан өткөрүүнү, чыдамкай чыйрактыкты талап кылган, таң аткандан күн батканга чейин тоо-ташты аралап, кокту-колотторду кезип, кой артынан жүрүүнү талап кылган иш. Башкасын айтпаганда да жайдын мээ кайнаткан ысыгы менен нөшөрлөгөн жамгыры, кыштын сөөктөн өткөн суугучу. Чырымтал түгү түшө элек, баштар эти ката элек бала болсо да атабыз ошончо кыйынчылыктарга чыдап, чыйрылып, эмгек деген эмне экенин боолголоп болсо да түшүнүп калат. Ошентип беш жылдан кийин тоодон айылга түшүп, Боз-Учук айылындагы мектепке кирип, төртүнчү классты бүтүрүп, анан 1926-жылы өз ыктыяры менен Кызыл Армиянын катарында кызмат өтөөгө кетет. Кичинесинен чыйрак жана сезимтал өскөндүктөн аскерде да жакшы кызмат кылып, ал үчүн КПССтин катарына кабыл алынат. Эки жылдан кийин элине кайтып келет. Кадрларга, айрыкча партияга мүчө болгон кадрларга муктаж болуп, кайсалап турган жергиликтүү бийликтегилер аскерден келээри

менен атамды ошол кездеги Каракол районуна караштуу Ичке-Жергез айылдык Кеңешине төрага кылып жиберишет. Бул кызматта төрт жыл (1928-1932-жылдар) иштейт. Андан кийин эки жыл Отуз-Уул айылдык кеңешине караштуу «Кызыл Туу» колхозуна башкарманын төрагасы болуп дайындалат. 1936-жылы кайрадан айылдык кеңештерди башкарууга жиберилет. Ошентип кайрадан Ичке Жергез андан кийин Челпек айыл кеңештеринде төрага болуп эмгектенет. Ошол жылдары бузукулардын чагымынан «улутчул Туран партиясынын мүчөсү» деген жалган жалаа менен жазага тартыла турган болот. Ак жеринен айдалып абака түшөрдө тузакка илинбей качып жүрүп аман калат.

Согуштун алдында Зындан айыл Кеңешине караштуу «Эл коргоо» колхозун жетектеп туруп, 1942-жылы аскерге кетет. Эки жыл душман менен салгылашуулардын чордонунда болуп, 1944-жылы кандуу кармаштардын биринде немецтик-фашисттердин огунан жарадар болуп, айылына келип, кайрадан жооптуу иштерге аралашат. Ачык айтканда 1944 1947-жылдары партиянын Каракол шаардык райкомунун мобилизация боюнча орун басары болуп төрт жыл иштегенден кийин 1951 жылы Пржевальск районундагы эң артта калган чарбага, Жданов атындагы чарбага (Бөрү-Башка) жиберилет, атам ошол кездерди эскерип кеп салып бергенине караганда чарбадагы акыбал аябай начар болгон. Ошол жылы кар да аябагандай калың түшкөндүктөн малдын көбү кырылып калган. Ачарчылык аралап, элдин жашоо турмушу аябагандай оор абалда калган. Атамдын уюштуруучулук, иштин көзүн таамай таба билгендик сапаттары кыйынчылыктардан чыгууга өбөлгө болгон. Колхоздун чарбалык иштерин жолго салуунун айла-амалдарын издеп, аларды табат. Ар бир өнөктүктү өз учурунда бүткөрүүгө, чарбада пайдаланылбай жаткан мүмкүнчүлүктөрдү аракетке келтирүүгө, элди эмгекке көтөрүү жаатында уюштуруучулук иштерди колго алууга шымалана киришет. Аракет кылса берекет дегендей, чарбада иш алга жылып, эки жылга жетип, жетпей эл турмушу оңолуу жолуна түшөт. Эзели эмгекке акы алып көрбөгөн колхозчулардын эмгегине жараша эгин бериле баштайт. Ошол атам башкарма болуп иштеп турганда колхозчулардын эмгекке алган

эгиндерин кайда койоорун билбей калышканын, ал түгүл катар жерибиз жок дешип бир жылдары эмгектерине берилген эгинди албай коюшкандыктарын Бөрү-Баштык карыялар азыр да айтып жүрүшөт.

Колхоз райондогу алдыңкы чарбалардын сабына кошулуп калганда атам Фрунзе шаарындагы Кыргызстан КП БКнын алдындагы колхоздордун башкармаларынын төрагаларынын бир жылдык курсуна жиберилет. Аны бүтүп келээр замат Пржевальск районундагы "Кызыл Туу" колхозуна жиберилет. Атамдын уюштуруучулук, адамдар менен иштөө жөндөмдүүлүгү бул жерде да көрүнөт. Чарбанын иши илгерилеп, алдыңкы чарбага айланат.

Ошол жылдары дейт бир сапар сөз арасында эмгектин ардагери, ардагерлердин Каракол шаардык Кеңешинин төрайымы, калкыбыздын кадырманы болгон Салима Орозбаева: -анда мен партиянын Пржевальск райкомунда катчы элем. Райондогу «Путь Ильича» колхозу аябай артта калып, райондун жалпы көрсөткүчүн артка тартып жүргөн. Аны кризистен алып чыгууга жиберген башкармалардын эч кимисинин алы жетпей койду. Ошондо бюро мүчөлөрү кеңешип чарбаны оңдосо Кулатаев Муса гана оңдойт, бул иш башканын колунан келбейт. Ошондуктан «Путь Ильичке» Мусаны жиберели деген бир пикирге келип, бул жөнүндө анын өзүнө айттык. «Ит өлчү жер болсо мени айдай бересиңерби» дегендей маанайда «барбайм» деп эле кесе айтты. Ал учурда райкомдун катчысынын айтканы закон эле. Андан эч ким баш тарта алчу эмес. Катчы катары айтканымды кабыл албай койгонуна бир чети таң калсам, бир чети катардагы коммунисттин катчынын сөзүн жерге калтырганы кандай деп тырчый түштүм. Анан дагы «барасың» дедим өктөмдөнө. Муса барбайм деп кабинеттен чыгып кетти. Кандай болсо да аны айтылган чарбага жиберүүнү ойлоп, райкомдун бюросуна ушул боюнча бир маселе атайлап коюлду. Бюрого Муса да чакырылды. Бюродо аны бир добуштан Муса Кулатаевди «Путь Ильичке» барсын дешип, анда кабыл алынган токтомдо да ошондой деп жазылды. Бюронун токтомун аткарууга аргасыз болуп Муса «Путь Ильичке» башкарма болуп барган. Ошентсе да анын кандан бектен кайра тартпаган кашкөйлүгүн, ким болсо да

**************************************

оюндагысын бетке айтып, бирөөлөргө жасакерленип, жагынбагандыгын жактырам. Адамкерчилиги артык, бейбечарага жан тарткан өзгөчө боорукер, анан да өз ишинде камчы салдырбаган эмгекчилдиги аны башкалардан айырмалап турат.

Ошентип атам «Путь Ильичте» 12 жыл башкарма болуп иштеп, колхоздун социалдык, экономикалык абалын мурда болуп көрбөгөндөй жогорку деңгээлге көтөргөн экен. Муну ушул күндө да эл айтып жүрөт. Элге кылган кызматы жогору бааланып, эки «Эмгек Кызыл Туу», эки «Ардак белгиси», 3 даражадагы «Даңк» ордендерин алган. Алардан тышкары 4 медалдын, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин бир нече Ардак грамоталарынын ээси. Дыйканчылыкты көтөрүүгө кошкон барандуу эмгеги үчүн «Кыргыз ССРинин Социалисттик жер иштетүүсүнүн устаты» деген жогорку наамга татыктуу болгон.

Биз сегиз бир тууганбыз. Ар кимибиз ар кандай кеңештерди аркалоо менен элге атабыздай ак эмгек өтөөнү көздөп келебиз.

**Солдатбек КУЛАТАЕВ,**
**уулу.**

# АТАБЫЗ МЕНЕН СЫЙМЫКТАНАБЫЗ



Атам айтып калат: -Мен эне мээриминен эрте ажырадым, -деп. Көрсө чоң энебиз атабыз жерден боорун ала электе келбес сапарга кеткен экен. Ошондо аны чоң энебиздин бир тууганы Эгемберди багып алып эресеге жеткириптир.

-Мени өз баласындай асырап, какпай-сокпой чоңойтту, - деп калат атабыз балалык күндөрү жөнүндө кеп боло калганда.

Атабыз Кулумбаев Молдоакмат отузунчу-кыркынчы жылдардагы шартка жараша онунчу классты бүтүп, айылдагы мектепке мугалим болуп иштейт, бирок анысы көпкө

созулбайт. Башкача айтканда, 1942-жылы өз курбалдаштары менен бирге аскерге алынып, согушка кетет. Эки жыл кан майданда жүрүп, көрөр күнү, ичээр суусу бар экен 1944-жылы согушта алган жаракаты оор болгондуктан, андан ары аскерде кызмат өтөөгө жараксыз болуп, туулуп өскөн айылына -Түп районундагы Талды-Сууга кайтып келет да, мурдагы мугалимдик ишине киришет. Согушта кандай согушкандыгы жөнүндө сурап калганыбызда «эл катары» деп гана коөт. Бирок, көкүрөгүн көрккө чыгарып турган Улуу Ата Мекендик согуштун биринчи даражадагы ордени ж. б медалдарды карап туруп, алда нече сапар ажалдын оозуна барып, аман калгандыгын, кантсе да согушта душмандар менен бет бурбай салгылашканын баамдайбыз жана ага сыймыктанабыз. Баса, жогоруда аталган орден көрүнгөндөргө эле бериле бербей тургандыгын билебиз.

Жетим жетилет дегендей атабыз кийин Караколдогу пединститутка кирип аны ийгиликтүү бүтүрүп, анан Ош, Жала-Абад областтарынын мектептеринде мугалим болуп иштеп, эмгек жолун улантат. Энебиз Сагындык Сыдыкова экөө тең педагогдук кесипти аркалап, өздөрүнүн бул кесип менен өткөргөн жарым кылымга жакын мезгилдин ичинде, ондогон, жүздөгөн балдарга билим-тарбия беришкен. Жаман иштешпептир. Муну экөөнүн тең «Эл агартуунун отличниги» деген төш белгиге ээ болушкандыктары, башка сыйлыктары айгинелеп турат.

Айылдын кадырман карыясы катары атам дайыма эл арасында. Жаштарга акыл-насаатын айтып турат, карыяларга кыргыздардын келип чыгышын, анын жаралышын жиликтеп берген санжырачы, «Санжыра-дастан» деген китеби Манас эпосунун 1000 жылдыгы белгиленген маарекеде үчүнчү сыйлыкка арзыган.

Токсонунчу жылдарда Жети-Өгүз районундагы Шалба (азыркы Тилекмат) айылында өткөрүлгөн санжырачылардын Республикалык биринчи конкурсуна катышып кыргыздын кырк уруусунун түпкү ата-тегин тегиз чечмелеп берген. Бул короонун жыйынтыгында анын биринчи даражадагы диплому менен 500 сом акчалай сыйлыгына татыктуу болгон. Түшүнгөн адамга бул да оңой нерсе эмес.

Санжыра - элибиздин тарыхы. Аны ар ким эле көкүрөгүнө сактап

жүрүү менен көпчүлүккө айтып бере албастыгы айтпаса да түшүнүктүү эмеспи. Бүтүндөй кыргыздын ата-тегин териштирүүнү мындай кой, жети атасын билбегендер четтен табылат.

Үйүбүздүн куту, төрүбүздүн көркү болгон атабыз азыр 87 жашка келип, балдарынын төрүндө бактылуу карылыктын күндөрүн кечирүүдө. Үч уул, бир кыздын атасы.

Бизди - балдарын окутуп-чокутуп дегендей, турмуштун туура жолуна салган. Беш небере, төрт чөбөрөсү бар.Атабыз «адам болуу аста-аста, айбан болуу бир паста» деп бизди ар дайым Ата-Журттун жүгүн аркалаган, эли, жерин сүйүп, алар үчүн ак ниет кызмат өтөгөн, жакшы жагынан баягынын баласы дедирген адамдардан болушубузду тилек кылып, ар качан акыл-насаатын айтып турат. Биз да өзүнүн адамкерчилиги, акыл тунуктугун, басып өткөн өрнөктүү жолу менен эл кадырына ээ болгон атабыздын атына көлөкө түшүрбөс үчүн далалаттанабыз.

**Алмазбек МОЛДОАКМАТОВ,**
**уулу.**

# ЭМГЕК АРМИЯСЫНДА БОЛГОН

Менин атам Кубатов Калчеке 1894-жылы азыркы Түп району Ичке-Суу айлында үй бүлөнүн бешинчи баласы болуп төрөлгөн. Эмгек жолун ата-энеси, бир туугандары менен өзүмдүк чарбасын улантуу менен иштешкен. 1916-жылкы Үркүндө ата-энеси, бир туугандары менен Кытайдын Текес деген жерине барышып, Октябрь Революциясынан кийин кайра келип, Талды-Суу айлына отурукташкан. Совет бийлигин орнотууга активдүү катышып, колхоз уюшулганда биринчилерден болуп колхозго мүчө болуп кирген. 1937-жылдарда кыска мөөнөттүү асиминаторлорду даярдоо курсунан окуп, ассиминатор болуп согушка кеткенге чейин ушул иште иштеген.

Согуш башталганда ал армия жашынан өткөндүктөн армияга алынган эмес. Тек гана 1943-жылы айылдагы жашы өткөндөр эмгек армиясына аскер комиссариатынын буйругу менен алынышкан.

Алар Россиянын Челябинск областынын Златоуст шаарында иштеген. Ал жерде иштегендер фронтко карагай материалдарын даярдап, жөнөтүп турушкан. Сибирдин суугуна чыдабаган солдаттардын айрымдары качууга аргасыз болгон. Ошондогу чогуу иштеген жолдоштору атабызга да качууну сунуш кылышкан. Бирок сунушту четке каккан, анткени ал Коммунистик партиянын мүчөсү болгондуктан аларга тартипти бузбашын эскерткен. Согуштун акыркы жылдарында атабыз каза болгон. Бирок өлгөндүгү туурасында так маалымат алынбай калган. Кайсы жылы кайсы жерде, ооруп же кырсык болуп өлгөнү жөнүндө маалымат берүү боюнча биздин бир канча кайрылганыбызга карабастан жооп ала алган жокпуз.

Атабыз кең пейилдүү, ыймандуу, туугандарына, балдарына мээримдүү адам эле деп биз чоңойгондо айылдагылардан жакшы сөздөрдү уктук. Бул дагы бизге дем күч бергенсиди. Ата жолун жолдоп эл үчүн кызмат кылуу максатында борборубуздагы политехникалык институттун автомобиль боюнча факультетин бүтүрүп, Красноярский крайында Ямало-Ненец улуттук округунун Норильск шаарында башкы автомобилисттер мекемесинде жана Мосгазопровод ишканасында инженер- механик, башкы механик болуп жети жылга жакын, ал эми жолдошум Байызова Майрам врач болуп иштеди. Норильск шаарында Айгүль жана Элден аттуу балалуу да болдук.

1978-жылы партиянын чакырыгы боюнча кара топурак эмес дың жерлерди өздөштүрүү боюнча КПСС Борбордук Комитетинин токтому менен Ярославль областындагы Ростов Великий шаарынан 5 км. алыстыкта жайгашкан Пушвол жана Шурскол айылдарын бириктирген «Кыргызстан» деген совхоз уюшулду. Мен Кыргыз Минавтошосдорунун тапшырмасы менен бешинчи колоннанын начальниги болуп ал жерде жети жыл иштедим. Ярославль областында иштеп жүргөндө дагы Эдик жана Света аттуу эки балалуу болдук.

Мыкты иштегендигим үчүн Бишкектен төрт бөлмөлүү үй Кыргызстан Компартиясынын Борбордук комитетинин чечими менен берилди. Акыркы жылдары СССРдин башкы жол куруу



уюмунда мастер болуп иштеп, Кеген, Сары-Жаз, Эңилчек, Барскоон жолдорун курууга катыштым. Учурда ардактуу эс алуудамын, төрт баланын атасымын, балдарымдын баары жогорку билимдүү. Ушул тапта бекер олтура албай Октябрь районунун аксакалдар кеңешинин төрагасы болуп иштейм. Келечекте Кыргызстандын гүлдөшү, элибизде тынчтык болушун тилейм.

**Мурат КАЛЧЕКЕЕВ,**
**эмгектин ардагери.**

# ОТЕЦ ВЕРНУЛСЯ ДОМОЙ



Кулахметов Иса родился в 1909 году в городе Пржевальске Иссык-Кульской области, член КПСС с 1935г. В 1941 году, 25 сентября, мой отец Кулахметов Иса был призван в ряды Красной Армии из села Кочкор Тянь-Шанской области. В день его отъезда на фронт родилась моя младшая сестренка Кулахметова Халима. Нас в семье было трое. Я, Жахан, младший братишка Муслим (умер в 1947году), Халима.

Мать бросила нас, вышла замуж за другого мужчину. Мы остались с дедом и бабушкой. После возвращения отца с фронта мы воспитывались у мачехи. Отец служил на Дальнем Востоке.

В июне 1944 года был переведен в Нарынскую погранчасть, где прослужил до июля 1945 года. После окончания войны работал, в послевоенные годы с 1945 года до 5 марта 1948 года работал в Нарынской швейно-обувной фабрике, с 1945 года июля по 1947 год работал заведующим закройного цеха. С 1947 года до последних

дней своей жизни работал директором Нарынской швейно-обувной фабрики.

5 апреля 1948 года скоропостижно скончался от обширного инфаркта миокарда. Похоронен Кулахметов Иса в Нарыне с почестями офицерами и солдатами Нарынского пограничного гарнизона. Награжден орденами и медалями.

Я, Кулахметова Жахан Исаевна, 1937 года рождения, образование средне-специальное - фельдшер с 47-летним стажем. Работала линейным фельдшером в Каракольской скорой неотложной помощи. «Отличник здравоохранения СССР» с 1974 года. В данное время на пенсии. Руковожу обществом женщин «Ак-Мечит» им. Авахана Ажи, проводим благотворительную работу, оказываем материальную помощь Ак-Суйскому психоневрологическому инвалидному дому с 1994 года и детским домам Иссык-Кульской области. В 2007 году совершила хадж.

**Жахан КУЛАХМЕТОВА, дочь.**

## ЭЛ СЫЙЛАГАН АДАМ ЭЛЕ



Атабыз Күчүков Иса 1905-жылы Жети-Суунун Каракол уездиндеги Токтоян кыштагында кедейдин үй бүлөсүндө туулган. Атасынан эрте ажырап, үркүндө энеси менен Кытайга качып, көрбөгөн азап-тозокторду тартып, өз жерине «Кеңеш өкмөтү» орноду дегенди угуп, үй бүлөсү менен кайрылып келген. Кытайдан кайрылып келип 13 жашынан байларга малай болуп иштеп, Совет бийлиги орногон мезгилден тартып мектепте окуп, эрте жетиле баштаган. Билим алып, жетекчилик курстарда окуп, 1925-1927-жылдары айылдык кеңештин катчысы, 1927-1930-жылдары Кыргыз

АССРинин Каракол кантонунда аткаруу комитетинин катчысы, аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары болуп иштейт. 1929-жылдан тартып КПССтин мүчөсү болгон. Андан кийин Орто Азиялык Коммунисттик университетке жиберилип, аны ийгиликтүү аяктагандан кийин 12 жыл Ысык-Көл областында жана Чүй өрөөнүндө партиялык, советтик, административдик-чарбалык органдарда иштейт.

1943-1953-жылдары Пржевальск (Каракол), Ысык-Көл райондук аткаруу комитеттеринин төрагасы, 1953-жылы республикалык жогорку партиялык Советтик мектепке кирип, аны аяктагандан кийин, Түп, Каракол жана Пржевальск райондук аткаруу комитеттеринин төрагасынын орун басары, төрагасы болуп эмгектенет.

Эмгекти сүйгөн, патриот, инциативалуу кызматчы катары бир канча ирет Кыргыз ССР Жогорку Советине, областтык, райондук кеңештерге депутат болуп шайланган.

Түп, Ак-Суу райондук аткаруу комитетинин төрагасы болуп турганда колхоз, совхоздун кой чарбасын өнүктүрүп, өстүрүүдө көп эмгек кылган. Анткени республикабызда, областта ички жайыттар жылдан жылга тарып, кой чарбасын тоют менен толук камсыз кылууда, жайыт маселеси туулган. Ошол маселени чечүүдө Каркыра, Сары-Жаз, Эңилчек, Койлуу, Кайыңды жайыттарын өздөштүрүп, аларга жол чаптырып, дарыяларга көпүрө салдырган. Натыйжада, эки райондун колхоз, совхоздорунун ири малдары жайлоодо кыштап, толук тоюттандырылган.

Райондун дээрлик бардык жетекчилеринин арасында чоң урмат, сыйга ээ болчу. Кай бир убакта жетекчилер тарабынан кетирилген кемчиликтерди, же чечилбеген маселелерди сезип калса, кабинетиндеги терезеге барып, унчукпай туруп калчу дешет. Анын сырын билген жетекчилер, төраганын ачууланып жатканын сезишип, ишти оңунан чыгарууга жан дилдери менен аракет кылышкан.

Эч бирөөнүн көңүлүн калтырбаган, өтө жөнөкөй, ишке тынымы жок адам болгон. Жазгы кош айдоо, чөп чабуу, күзгү түшүм жыйноо мезгилдеринде асманды булут басып калса эле шыпшынып:

-»алда катыгүн ай-ээ, күн дагы жаайт белем», деп тышка улам кирип-чыгып, капалана берүүчү. Тескерисинче сугат учурунда асман ачык болуп калса:- «кап ай-ээ, эгин күйүп кетмек болду го, кудайдын күнү жаап койсо боло»,-деп күйүп бышкан адам эле.

Атабыздын кыргыз элинин алдындагы эбегейсиз зор эмгегин баалап Ленин, Эмгек Кызыл Туу, «Кызыл Жылдыз» ордендери жана көптөгөн медалдар, бир канча ирет Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталары менен сыйлаган.

Күчүков Иса өмүрүнүн акырына чейин бүт күчүн, билимин кайсы гана кызматта болбосун өзүнүн ак ниеттүүлүгү, ишке берилгендиги менен элдин ишеничине ээ болуп келген.

Өмүрлүк жубайы, энебиз Күчүкова Шаарба, өзүнө окшогон жоош адам болгон, атам байбичеси экөө 8 уул-кызды тарбиялап, өстүрүшкөн. Көптөгөн небере-чөбөрөлөрү бар. Алар ата-энесинин атын жерге калтырбастан мамлекетибиздин ар кайсы чарба тармактарында, урмат сыйга жетүү менен үзүрлүү эмгектенип келе жатышат.

Атабыз Күчүков Иса 1982-жылдын 7-январында 77-жаш курагында дүйнөдөн кайткан.

Алар азыр биздин арабызда жок. Ошондой болсо да, биз алардын жолу менен Кыргызстандын гүлдөшү, элибиздин бакыбат турмушта жашоосу үчүн абийирдүү, адилет кызмат кылуубуз керек.

**Мэлис КҮЧҮКОВ,** уулу.

## ЗАМАНДАШТАРЫ ЭСКЕРИШЕТ

Кыштобаев Курманалы 1905-жылы Жети-Өгүз районунун Желе-Дөбө айылында туулган. 13–14 жашында Алдаяр Жээнике уулу–Алдаш Молдодон окуган жана бул адамдан билим алган. Анткени, Алдаш Молдо Караколдо белгилүү Шакир дамбылданын медресесинде окуп, аны бүткөндөн кийин, айылына боз үйгө мектеп ачып, 1916-жылдагы үркүнгө чейин балдарды окуткан. Алдаш Молдо эл ичинде кадырлуу, барктуу инсан болгон жана ошол кездеги абалды, элинин тагдырын, өткөнү менен келечегин сезе

билген акын болгон. Атабыз мына ушундай чыгаан адамдан алган билимин өркүндөтүү жөнүндө көп ой толгоолорун өмүрлүк жары, ардактуу энебиз Абдылда кызы Жамыйлага айтканын ал дайыма эскерип, балдары Теңмайдан, Бейше жана мага айтып берээр эле.



Атабыздын тилеги оңунан чыгып, 20-жылдын ортосунда сабатсыздыкты жоюу боюнча комиссия түзүлгөн. Ошол комиссиянын чечими менен атам Каракол, Бишкек шаарларынан окуп, мугалимдик кесипке 1922-жылы ээ болгон. Ошол эле жылы Жон-Булак айылында толук эмес орто мектепти негиздегендердин бири болуп, эмгек жолун баштаган. Кийин Ичке-Булуң айлындагы толук эмес орто мектепте, Тоң районуна караштуу Дөң-Талаа айылындагы, Нарын облусуна караштуу Ак-Талаа районунун мектептеринде директор болуп иштеген. 1939-жылы кайра Тоң районуна келип, андагы Таш-Дөбө толук эмес орто мектебинде мугалим, 1940-жылы ушул эле райондун Ак-Терек айылындагы толук эмес орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. 1941-жылы Жети-Өгүз районунун Ак-Кочкор айылында, андан кийин Кытай айылындагы толук эмес орто мектебинде директор болуп иштеп жатып, 1942-жылы 11-ноябрда, 37 жаш курагында Ата Мекенди коргоо үчүн согушка аттанган. Фронтто, артиллерист, ага лейтенант чинине ээ болуу менен ротанын командири кызматында жүрүп, айтылуу Курск дугасындагы кандуу кармашта эрдик менен курман болгон.

Өтө кыйын кезде Кыргыз мамлекетинин пайдубалын бекемдөөгө, жаштарга билим-тарбия берүүдө эмгегин аябай, партия кайда жумшаса ошол жакка барып иштеген. Өз ишине берилген,

уюштургуч адам эле деп, замандаштары эскеришет.

Энебиз Абдылда кызы Жамийла, атабыз фронтко кеткенде 29 жашта экен. Үч баласы менен калат. Башка эл катарында эле, суу сугарып, эгин оруп, машак терип, апийим отоп, аны кесип балдарын багып, жеңишке өз салымын кошкон мээрман эне эле. Ата-энебиздин эмгеги кайтып, агам Курманалиев Теңмайдан ата жолун жолдоп өмүр бою мугалимдик кесипте иштеп жүрүп көзү өттү. Ал 11 баланын, 30дан ашык небере-чөбөрөлөрдүн чоң атасы эле. Курманалиев Бейше колхоздун ар кандай жооптуу кызматтарында ийгиликтүү иштеп, эс алууга чыккан. Азыр 78 жашта, 8 баланын 23 неберенин бактылуу чоң ата, тай атасы.

**Клара КУРМАНАЛИЕВА,**
**Кызы**

# КӨЛДҮН ДҮЙШӨНҮ

Өз ата–эне жөнүндө жазуу, эскерүү бир жагынан сыймыктуу болсо, экинчи жагынан кыйын да болот экен. Себеби балалык сезим алардын ишин кандайдыр көтөрүнкү айтып алгандай болот турбайбы. Бирок ошого карабастан мүмкүнчүлүк болушунча мен өзүмдүн калыс оюмду айтууга тырыштым.



Менин атам, Заит Кыдырбаев 1919-жылдан тартып, Ысык-Көл аймагында эл агартуу ишине кызуу киришип, ошол өрөөндө бир топ айыл мектептерин өз демилгеси менен уюштуруп, өзү мугалим болуп кызмат өтөгөн адамдардын бири.

Эми атамдын өмүр баянына байланыштуу фактыларга токтоло кетейин. Заит Кыдырбаев агартуу ишине 1919-жылдын ноябрь айынан тартып киришкен. 1919-жылы Каракол шаарында билимдүү кишилерди топтоп, алардан экзамен алып, жарагандарын туш-тушка окутуучу кылып дайындоо башталып калган экен, атам да ошол

сыноодон өтүп 25-жашында (1897-жылы төрөлүп, 1974-жылы кайтыш болгон) Жети–Өгүздөгү мектепти уюштуруу иштерине киришет. Өзүнүн өмүр баянында ушул окуя жөнүндө мындай деп жазыптыр. «Мен да экзамен бердим эле. Сен окутуучулукка жарайт экенсиң. Жети-Өгүздөгү Арашанга мектеп башчысы кылып дайындадык, барып мектеп ач деп жиберишти. Бул мектеп беш айылды кучагына алат, окуучулар ар кайсы жерден келишет. Кээ бирөө жөө келишет. Өтө ыраак тургандарга мектептен үй бердик. Мектепке биринчи класстан 3-класска чейин окуучулар жыйналды».

Атам өз колу менен жазган таржымалында биринчи мектептер кандай оорчулуктар менен ачылганын, китеп, окуу куралдын жокко эсе экени, отуруп жаза турган орунтуктар жок болгону, өзү тактайларды алып келип отургуч өңдөнтүп жасап, балдарды ага отургузганы жөнүндө жана дагы бир топ кыйынчылыктар жөнүндө баяндаган экен.

Ошол 1919-1920-жылдарда мектептерде дин сабагы да окутулуп жүргөнү да айтылат. Арашан мектебинде дин сабагын молдо Султаналы Түмөнбаев деген киши алып баруучу экен. Ошол учурда агартуу бөлүмүнүн инспектору болуп Шакир Дамбылда деген атактуу молдонун баласы Кашафи Мужаниров иштептир. Кийинчерээк 1924-жылдан баштап мектептерде дин окулбасын деген маселе коюлуп, Каракол шаарындагы бир кеңешмеде ал маселе каралып, дин сабагы окутулбай калат. Мугалимдердин кызмат акысына кээде эл колунан келген нерселерин берип турган. Кийинчерээк мугалимдердин эмгек акысын агартуу бөлүмү камсыз кыла баштайт. Мына ушундай иштерге катышып жүргөн атам 1920-жылы Алма-Ата шаарына окутуучуларды даярдоо курсуна жиберилет, аны бүтүп келгенден кийин 1920-1921-жылдары өзүнүн суроосу боюнча өзү туулуп өскөн Чырак айлына мектеп башчысы болуп дайындалат. Ушул айылдагы Бакал деген кишинин үйүндө эң биринчи мектепти уюштуруп, ачкан атам болгон. Ал анда окутуучу да болуп, күндүзү окуучуларды окутуп, кечкисин сабатсыздарды окутуп жүргөн экен.

1923-жылы Каракол шаарында «Союз Кошчу» деген мектеп уюштурулат, ошол мектепте мугалим болуп иштеп турганда 1924-

1925-окуу жылында атама Каракол шаарында 7 жылдык биринчи кыргыз мектебин уюштуруу тапшырылат. Ушул аталган 7 жылдык кыргыз мектеби азыркы Киров атындагы мектебинин башаты болгон. Ошол кезде Ысык-Көл өрөөнүндө бул биринчи жети жылдык кыргыз мектеби болуп саналып, атам ошол мектепке директор болуп дайындалат. Бул мектепке тегеректеги айылдардан көп окуучулар келип окушат. Ушуга байланыштуу атам 1925-жылы Караколдогу эски почтонун имаратында кыргыз балдары үчүн интернат уюштурат. Интернатта жетим жана кедейлердин балдары болушкан.

Директорлук ишин атам 1927-жылга чейин өтөйт. Ошол эле учурда 20-30 жылдардын арасында, бөтөнчө бүткүл союздук жалпы билим берүү компаниясы башталганда атам Ат-Башы районунда 15 мектеп, Тоң районунда 12 мектеп уюштурууга катышкан экен. Андан соң 1928-жылдан 1932-жылга чейин Фрунзе шаарында атам областтык совпарт мектебинде мугалим болуп иштейт да, 1932-жылы Караколдогу район аралык совпарт мектебине директор болуп дайындалат, ушул мектепте сабаты төмөн партиянын мүчөлөрүн окутат, сабатын көтөрүүгө жардам берет.

1936-жылдан 1945-жылга чейин атам мугалимдик кесибин Пржевальскидеги педагогикалык окуу жайда улантат. Ушул окуу жайында атам он үч жылга жакын иштеп калат. Мына ушул окуу жайда окуп калган Советтер Союзунун Батыры Калыйнур Усенбеков өзүнүн студенттик мезгилин эскерип атам жөнүндө мындай деп жазганы бар:

«Пржевальск педагогикалык окуу жайында окуп жүргөнүмдө Заит Кыдырбаев билим гана берип тим болбостон педагогикалык көп кеңештерин, акыл-насааттарын айтчу. Андан адам жана анын келечеги, коомдо алган орду жөнүндө биринчи жолу түшүнүк алдым. Заит Кыдырбаев бизге талапты катуу кое турган. Адегенде анын талабы бизге ашыкчадай сезилип, жаман да көрүп жүрдүк».

Балким бизге, азыркы учурда, кадыресе уюштуруу, мугалим болуу катардагы эле жөнөкөй иштей байкалар. Ал эми ошол 1919-жылдын тарыхый кырдаалын эске алсак, элдин текши билимсиз абалын көз алдыга келтирсек, анда кудум Чыңгыз Айтматов сонун

сүрөттөгөн биринчи мугалимдин демилгеси эске келет. Чынында да ошондой. Анткени, ал өзүнүн билими, аң-сезими чектелүү экенине карабастан, элдин, келечек муундун көзүн ачып, ошондой ишке аттануу эмне деген атуулдук, эмне деген кеменгерлик иш! Мында апыртылган артыкбаш пафос жок, бул ырасында да тарыхый маңызы бар өмүрлүк максат да болгон, аткарган, жүзөгө ашырган кызмат да болгон. Ошол аткарган ак кызматтары эл, өкмөт тарабынан, өз учурунда татыктуу баасын алган. Агартуу майданында сиңирген эмгеги үчүн Эмгек Кызыл Туу ордени жана бир нече медалдар, башка өкмөттүк сыйлыктар менен сыйланып, 1945-жылы «Кыргыз ССРинин мектептерине эмгек сиңирген мугалим» деген ардактуу наам берилген, ал эми 1969-жылы атабызга «Пржевальск шаарынын ардактуу атуулу» деген наам берилип, аты шаардын ардактуу атуулдары китебине жазылган.

Атабыз менен энебиз-Хадича экөө коюн колтук алыша өмүр бою агартуу майданын аркалоо менен өздөрүнүн 6 баласына да (үч уул, үч кыз) татыктуу тарбия беришкен. Биз азыр очор-бачар болуп билим, маданият жана башка тармактарда эмгектенип жатабыз.

***　　　***

## ЧЫРАКТАН БАШТАЛГАН ЧЫЙЫР



# ОКУУЧУЛАРЫ ДА СЫЙМЫКТАНГАН



Илгериден бери элибиз өзүнүн мыктуу уул, кыздары менен сыймыктанып, аларды даңазалап келген. Ошол мен сыймыктанган жана аны даңазалайын деген эжем Зайраш Орозбаева. 1924-жылы Талды-Суу айылында кызматчынын үй бүлөсүндө экинчи баласы болуп жарык дүйнөгө келген. Атасынын улам бир айыл өкмөтүнө кызматка которулганына байланыштуу азыркы

Түп районунун Тасма жети жылдык мектебинен биринчи класста билим алган. Атасы 1937-каардуу жылдарда партиянын жалган куугунтугуна кабылып, массалык репрессияга кабылган. Репрессияга кабылгандардын бардыгын, ошол кезде «эл душманынын үй бүлөсү», деп балдарын чогулушта элдин алдында комсомолдун катарынан чыгарышкан, ошол катарда Зайраш эжем да болгон.

Учурда жаш, интузиаст өспүрүмгө эмне деген катуу, моралдык жактан сокку болгон, аны кайраттуу адам гана көтөрө алган. 1939-жылы атасынын иши акталып, реабилитацияланган, Зайраш эжемди комсомолдун катарына кайра кабыл алышкан.

Онунчу классты Талды-Суу айылындагы Элебаев атындагы орто мектебинен 1942-жылы бүтүргөн, мектепте активист, жаштар арасында «лидер» болгон. Согуш башталып, жаш жигиттер армияга алынгандан кийин, онунчу классты бүтүрөөрү менен Түп райондук комсомол комитетинин чечими менен Кара-Чуңкурдагы саясий бөлүмдүн жаштар арасында башчысы болуп иштөөдөн баштап, согушка барбай калган жаштардын, айрыкча кыздардын арасында «Бардыгы фронт үчүн» деген багытта иш жүргүзгөн. Армияга алынган аталарынын, агаларынын иштеген иш ордун басып, бири тракторист болсо, бирөө малчы, бирөө апийим айдаса, дагы бирөө эгин айдап, армияга кеткендерди жоктотпой көп иштерди аткарышкан. 1943-жылдан баштап КПССтин мүчөсү.

Кара-Чуңкурда иштеген мезгилде анын уюштуруу жөндөмдүүлүгүн көрүп, Түп райондук комсомол комитетинин биринчи катчысы кылып жаштар өзүнүн конференциясында шайлаган. Ал жерде да согуштун кайнаган мезгилинде согуштагы солдаттар менен кат жазышып, посылка жиберишип, орукта «Бардыгы фронт үчүн» деп иштеп жаткан. Согуш бүтөөргө жакын комсомолдун Ысык-Көл областтык комитетинин жаштар боюнча сектор башчысы болуп иштеген. Көп убакыт өтпөй Кыргызстан комсомолдук Жаштар союзунда жаштар боюнча сектордун башчысы болуп дайындалат. Андан соң Фрунзедеги эки жылдык партиялык мектепке жиберилген. Окууну бүткөндөн кийин, Быстровка райондук партия комитетинин идеология боюнча

секретарь болуп шайланат. Ивановка райондук партия комитетинин, Токмок шаардык партия комитетинин идеология боюнча катчысы болуп иштеп, согушта артта калган чарбаларды калыбына келтирүү боюнча маданият, эл агартуу тармактарында, калкты медициналык жактан тейлөө багытында, айыл маданиятын өнүктүрүү боюнча эбегейсиз зор эмгек жүргүзгөн.

Эжем алты балалуу жана алардын жаш болгонуна байланыштуу башка кызматка которуусун сурап, Фрунзе обкомуна кайрылганда Социалистик Эмгектин эки жолку Баатыры Зууракан Кайназарованын айылына мектеп директору кызматына жиберилген. Кийин аны Чоң-Кеминдеги, азыркы Шабдан айылына мектептин директору кызматына жиберип, ал жерде 10 жыл иштеп, көптөгөн жаштарды уядан учуруп, алардын көпчүлүгү жогорку окуу жайларды бүтүрүп, республиканын бардык райондорунда абийирдүү иштеп жатышат. Азыркы Шабдан айылындагы мектеп эжемдин демилгеси менен курулуп, бүткөрүлгөн.

Ошол мезгилде да колхоздун, совхоздун мүлкүнө суук колун салгандар көп болгон. Булар менен айоосуз күрөш жүргүзгөн. Көп учурда күч органдарынын жетекчилерин ушундай ишке кайдыгер караганын баса белгилеп, пленумдарда, сессияларда, айылдык жыйындарда катуу сынга алып, кемчиликтерин ачык бетке айта алчу, аны карапайым адамдар колдочу. Ушуга байланыштуу өзү иштеген жерлерде «Зайраш органда иштесе, жеп ичкендерди токтотот эле» деген сөздөр көп айтылчу.

Эжем үйгө кирип аялдын жумушун, сыртка чыгып эркектин жумушун бүтүргөн кайраттуу адам болгон. Эжебиздин иштеген иши, баскан жолу бизге үлгү болду. Балдары, неберелери туура жолдо бара жатат. Бирөөнүн эмгегине кол салуу, же айрым адамдардай коррупцияга малынуу болгон жок. Жездем Молдосопиев Белек «Эл агартуунун отличниги». Жаштарды тарбиялоодо зор эмгек сиңирди.

Эмгеги текке кеткен жок. Жогорку органдар орден, медаль, грамоталар менен сыйласа, өздөрү окуткан окуучулары жездем, эжем менен сыймыктанышат.

Алар азыр биздин арабызда жок. Бул жаратылыштын мыйзам

ченеми. Алар биздин эсибизден эч качан чыкпайт. Биз алардын бизге чаап берген даңгыр жолу менен Кыргызстандын гүлдөшү, элибиздин бакыбат турмушта жашоосун улантып абийирдүү, адилет, улууну урматтаган, кичүүнү сыйлаган адамдардан болушубуз керек.

**Жийдегүл АСЫЛБАЕВА,**
**сиңдиси, Кыргыз Республикасынын Улуттук Академиясынын профсоюз комитетинин төрайымы.**

## ВНУК ОДНОГО ИЗ СЕМИ АКЕ



Внук выдающего мыслителя, одного из семи аке - Карач аке, Орозобеков Бакыр родился в семье крестьянина-бедняка в селе Жылуу-Булак Талды-Суйского района Иссык-Кульской области в 1925 году. Его родители до и после Октябрьской революции занимались крестьянством. В 1930 году отец Бакыра Орозобек Карач уулу вступил в колхоз.

В 1935 году он поступил учиться в семилетнюю школу совхоза «Санташ» Талды-Суйского района и в 1941-1942 учебном году окончил ее. С августа 1942 года по март 1943 года работал бухгалтером колхоза «Жылуу-Булак» Талды-Суйского района.

В 1943 году, как многие юноши-патриоты, добровольцем ушел на фронт. Прошел двухмесячные курсы молодого бойца в артиллерийских войсках в городе Фрунзе, затем в городах Алма-Ата и Семипалатинск. В том же году направлен на службу в Дальневосточный военный округ, в город Биробиджан, (Еврейский автономный округ) в артиллерийские войска под командованием генерала армии Пуркова. Сначала служил в качестве связиста в артиллерийской батарее связи. В апреле 1944 года его часть расформировали и эшелоном отправили на Западный фронт. Через накоторое время часть, в

которой он служил, разгрузился и с ходу принял бой в городе Кенигсберг (нынешний Калининград), который являлся второй столицей фашистской Германии. Жестокая оборона фашистов была сломлена натиском советских войск, в это посильный вклад внесла артиллерийская батарея младшего сержанта-наводчика, а после и командира орудия Орозобекова Бакыра, которая героически сражалась, освобождая город, неся немалые потери в своих рядах.

Проявив немало героических боевых действий, его часть в составе советских войск освободила от фашистов город Кенигсберг. После освобождения города Кенигсберг их по приказу Генштаба погрузили на эшелоны и отправили обратно на восток. В июне 1945 года его часть дислоцировалась в поле у реки Амур, на Дальнем Востоке. В военной части, специально отведенной Ленинской комнате, каждый день проводились политические занятия для солдат и офицеров, где их информировали о политической ситуации в стране и за рубежом. На одном из таких занятий было объявлено, что СССР объявил войну против японских милитаристов (союзников фашистской Германии). В августе советская авиация начала наступление, зенитно-артиллерийская батарея, где служил наш дедушка, была оснащена зенитно-артиллерийским орудием, названным «Катюшей». Они перед атакой пехотинцев провели артиллерийскую подготовку по всему фронту. Через понтонную переправу и на плотах форсировали реку Амур.

Успешно переправившись на восточный берег реки Амур, попали в Манчжурию, где с ходу с боями освободили города Мухден и Харбин от японских войск. На линии фронта по нашим солдатам и офицерам, особенно против артиллеристов охотились японские «снайперы», коварные и профессионально обученные, так называемые «кукушки». Группе под командованием младшего сержанта Орозобекова Бакыра было приказано выявить, найти и обезвредить хитрого и матерого «снайпера». Сколько жизней им удалось спасти, уничтожив коварных «кукушек». Но не обошлось и без потерь, героически погибали и солдаты этой специальной группы. За проявленную отвагу и героизм солдаты группы младшего сержанта Орозобекова Бакыра были награждены орденами и медалями.

В конце августа 1945 года его часть дошла до Порт-Артура (порт, который был позорно захвачен японцами в 1905 году) и освободила его от врага.

Через некоторое время погрузили их часть в большой пароход «Родина», вместе с семьями офицеров также снабдили продуктами питания на 11 месяцев. В открытом океане проплыли много времени, попали под большой шторм, но, к счастью, целыми и невредимыми добрались до Курильских островов. С боями освобождали каждый остров от японцев. После освобождения Курильских островов их на пароходе переправили на остров Сахалин. Высадились в Паранайском районе, это север Сахалина, южный район Тойхора (нынешний Южно-Сахалинск, был окуппирован японцами). С тяжелыми боями они освобождали остров, в частности, поселки Кетон и Китон. Так, 3 сентября 1945 года был подписан акт о безоговорочной капитуляции японских войск. И закончилась Вторая Мировая война, принесшая всему миру большое горе.

Но служба для Орозобекова Бакира еще не закончилась. В городе Паранайск находился штаб Армии, где дислоцировалась 637-я КАБР (корпусно-артиллерийская бригада). Каллиграфический подчерк был у нашего дедушки очень хороший и красивый (по сей день). Заметив это качество, командование отобрало его в штаб, назначив его писарем в секретную часть. Командиром полка был полковник Малых, начальником ОВС-майор Болдырев Иван Яковлевич, а начальником ПФС-капитан Равинович. Там он в качестве старшего писаря, выполняя секретные поручения командования, прослужил до 1950 года. После войны со ставшими ему родными командирами он долго вел переписку.

Долгое отсутствие очень беспокоило его старых родителей, им хотелось поскорее увидеть единственного сына, обнять живым и невредимым. Часто он писал родителям, что как только придет весна и растают льдины на острове, вернется с победой на Родину, домой. Так, в 1950 году Приказом Главнокомандующего И.В.Сталина его демобилизовали из рядов Советской Армии в звании младшего сержанта и в должности старшего писаря.

Отец, не дождавшись сына с фронта, скончался на 81-м году жиз-

ни в 1949 году 24 февраля. Он до последнего вздоха надеялся увидеть и обнять своего единственного. Но, увы, старый аксакал не дождался этого дня.

После демобилизации из Армии с августа по октябрь 1950 года работал колхозником в колхозе имени Маленкова Талды-Суйского района.

В 1950-1951 учебном году окончил экстерном 10 классов средней школы имени М.Элебаева Талды-Суйского района. В 1950 году его рекомендовали на должность инструктора Талды-Суйского райкома КП Киргизии. С января 1951 года по октябрь 1952 года работал зав. сектором партстатистики и единого партбилета, где оформлял учетные карточки и партбилеты членам КПСС района. Затем с октября 1952 года работал заведующим организационно-инструкторским отделом Талды-Суйского РК КП Киргизии. В 1955–1959 годы по рекомендации был направлен на учебу в Высшую Партийную школу в город Фрунзе. В 1959 году поступил в сельскохозяйственный институт имени Скрябина, на агрономический факультет, и с отличием ее закончил в 1963 году.

В рядах ВЛКСМ - с 1943 года. С 1947 года - член КПСС. Много лет являлся членом бюро Талды-Суйского РК КП Киргизии, также много лет был заседателем Верховного суда.

Родина высоко оценила подвиги и заслуги нашего дедушки Орозобекова Бакыра перед Отчизной и наградила его 14 медалями и двумя орденами, многочисленными Почетными Грамотами, знаками Почета, значком ударника соцсоревнований с 1973 по 1977 год.

В 2000 году участвовал в параде Победы в городе Москве, посвященном 55-й годовщине Победы советского народа над фашистской Германией, где его лично приветствовали Президенты России и Кыргызстана.

Супруга Сыдыкбекова Гулжамый Тумонбаевна родилась 3 марта 1929 года, она- сестра знаменитого и выдающегося писателя кыргызского народа Туголбая Сыдыкбекова. Является матерью - героиней, вместе с супругом они вырастили и воспитали десятерых сыновей и дочерей. 35 лет она проработала учительницей средних школ. Отличник народного образования, депутат разных созывов

областного совета народных депутатов. Имеет много наград и поощрений от руководства Правительства и Министерства образования республики. В данное время у дедушки с бабушкой 25 внуков и 11 правнуков. Дети и внуки имеют высшее образование и плодотворно работают в разных отраслях хозяйства, внося посильный вклад в развитие нашей республики. Сын Орозобеков Султангазы Бакирович, 1952 года рождения, доктор медицинских наук, профессор.

Орозобеков Бакыр по сей день здравствует и занимается хозяйством. Аксакал дает советы молодому поколению в своем родном селе Жылуу-Булак Тюпского района Иссык-Кульской области.

**Азамат, Абсамат ОРОЗОБЕКОВЫ,**
**внуки**

# ДҮЙШӨНДҮН МЕКТЕБИНЕН ОКУГАН



Абдынапык Осмонов 1923-жылы 22-декабрда азыркы Карасаев округуна караштуу Токтоян айылында ишкердин үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Осмон Мойноков партиялык кызматтарда-Таластагы Көк-Сай совхозунун ферма-башчысы, совхоздун директору болуп иштеген мезгилде, Таластын Шекер, Грозный айылында балалык кездерин өткөргөн.

Абдынапык атабыз Чыңгыз Айтматовдун «Биринчи мугалим» повестиндеги каарман Дүйшөндөн башталгыч билим алган. «Дүйшөн буудай жүздүү, кара торусунан келген чымыр денелүү, эмгекчил адам эле. Бизге туура жазганды, так окуганды, эсеп чыгарганды жан-дили менен үйрөтчү. Дүйшөн агай бизге, эң башкысы–адам болгула, улуу адамды урматтап, кичүү адамды сыйлагыла, адам адамга дос, бир тууган, боорукер болууга

тийиш. Ал ошону үчүн адам. Ыплас иштен, кара ниеттиктен алыс болгула»,-дечү. Дүйшөн агайдын айтканы 50 жылдык мугалимдик кесибимде, көрсөтмө курал катары кызмат кылды, деп эскерчү атабыз. Аны менен биз, урпактары ушул күнгө чейин сыймыктанабыз.

1938-1939-жылдары Киров районунун Көк-Сай айылындагы мектептен окуусун улантып, аны бүтүргөн. 1939-1940-жылдары Талды-Суу райондук комсомол комитетинин катчысы болуп иштеген. Ошол жылдары таланттуу жаш жетекчи айыл жаштарынын арасында драмалык ийрим уюштуруп, «Кайгылуу Какей» аттуу драманы коюп, элди абдан таң калтырган. 1940-жылы Пржевальск (Каракол) шаарындагы педагогикалык мектептен билим алган. 1942-1943-жылдары Тоң районунун Тоң айылында НКВДда иштейт. 1943-жылы Кызыл аскердин катарына чакырылып, Улуу Ата Мекендик согушка катышат. Каардуу согуштун азап-тозогун тартып, үйгө 1946-жылы кайтып келет. Атабыз согуштан келгенден кийин, билимин жогорулатуу үчүн, Пржевальск педагогикалык институтунда окуп аны ийгиликтүү аяктаган. Жогорку билим алып, 1956-1966-жылдары Ак-Суу районундагы Боз-Учук айылында мектеп директору болуп иштейт. 1966-жылы Түп районундагы Токтоян айылына көчүп келет, да Тасма орто мектебинде кыргыз тил жана адабияты мугалими болуп иштейт. Класс-кабинеттерди жасалгалоо, техникалык каражаттарды колдонуу, кол өнөрчүлүк, ыр-музыка боюнча дагы баа жеткис салымын кошкон.

Ары жөнөкөй, машакаттуу, сыймыктуу мугалимдик кесипти аркалап жүздөгөн муундарга татыктуу тарбия берген. Алардын кээ бирлери республикалык деңгээлде элдин жүгүн ар-намыстуулук менен аркалап жүрүшөт. Атабыздын түздөн-түз көмөгү менен эмгек сиңирген мугалим, министр, инженер, врач сыяктуу ар кыл кесипти аркалаган окуучулары жүздөп саналат.

Жаш муундардын келечек шыгына, жөндөмүнө аталык камкордук, мугалимдик кыраакылык менен көз чаптырып, адабият жана тилге жөндөмдүү окуучулардын төл чыгармаларын мезгилдүү басма сөз беттерине үзгүлтүксүз бастырып, аларга адабий кеңешчи, илимий жетекчи болуп, алардын жөндөмүнө жөндөм, шыгына шык кошкон. Өзүнүн чыгармаларынан үзүндүнү сунуштайбыз:

**ФРОНТОВИКТИН ЫРЫ**
**(17.04.45.)**

**Бороондо жаттым акмалап,**
**Боорума кысып автомат.**
**Кучактап сени сүйгөнсүп,**
**Жаш жүрөк толкуп шаттанат.**

**Окопто күн түн жатсам да,**
**Белчемден суyга батсам да.**
**Сагыныч күндө шыктантты,**
**Душманды тозуп атканга.**

**Жоокерди сүйгөн жардан сен,**
**Моймолжуп жашып калган сен.**
**Кыйратпай жоону түбөлүк,**
**Намыз го жеңбей барсам мен.**

**Ашыктык жоого талпынтты,**
**Тез жең деп кайрат алкынтты.**
**Унутпайм жаным, унутпайм,**
**Тылдагы сендей жаркынды.**

**Душмандын самап өлүмүн,**
**Талбастан иште күнү түн.**
**Зор жеңиш менен кайтканда,**
**Ошондо кысып өбөрмүн.**

1990-жылдары ардактуу эс алууга чыккандан кийин Токтоян айылында аксакалдар сотунун төрагасы болуп иштеди. Бул учурда элибизге Бакай атадай кызмат кылды десе аша чапкандык эмес.

Айылыбыздын кыйла проблемаларынын бири болгон «Таза суу» менен калкты камсыз кылуусунда чоң салымын кошуп, уюштуруу иштеринин башында турду. Ошону менен бирге айылыбызга заңгыраган маданият үйүн орноп калышында, айылыбыздын ар бир тургунунун үйүнө кирип, түшүндүрүп, үгүт ишин жүргүзүп, башын

алар менен баштап, андан кийин өзү окуткан окуучулары республикалык деңгээлде колдоо көрсөтүшүп, бүгүнкү күндө ак сарайыбыз, өзгөчө жаш муундарыбыздын өнөрканасы, элибиздин маданий очогуна айланды. Улуу Ата Мекендик согуштун баатыры, айылдашыбыз Ашырбай Коенкозовдун ысымын Каракол шаарынын көчөлөрүнүн бирине ыйгаруудагы эмгектери да зор. Орус жазуучусу Соловьевдун Ашырбай жөнүндөгү китебиндеги даректүү маалыматтардын көпчүлүгүн окурмандарга жеткиликтүү берип турган.

Кыйла жылдар айылыбыздагы «А.Коенкозов» атындагы Токтоян орто мектебинде ата-энелер комитетинин төрагасы болуп иштеп, көп жылдык тажрыйбасы бар кадырлуу мугалим катары баалуу кеңештерди, олуттуу ойлорун ортого салып турду.

Элине «Данкодой» кызмат кылган, жердин ядросун кармап турган, элдин уюткусу болгон калкыбыздын асыл адамдарынын бири болгон атабыздын эмгеги жогору бааланып «Эл агартуу отличниги» төш белгиси, «Усулчу мугалим» наамы, Агартуу министрлигинин Ардак грамоталары, юбилейлик орден жана медалдар менен сыйланган.

Энебиз Валентина (документи боюнча орус калкы көп жашаган жерлерде туруп калгандыктан, ысымы да Валентина болуп бурулуп калган, өз аты Баалкан) менен бактылуу үй бүлөлүк өмүрдү сүрүп, тогуз баланы татыктуу тарбиялашып, уул-кыздардын, небере-чөбөрөлөрдүн сүйүктүү чоң ата, тай ата, чоң эне, тай энелери болушкан. Балдарынын бардыгы жогорку билим алышкан.

Бир тууганы Кадыр Осмонов 1939-жылы Кызыл аскердин катарына кызмат өтөөгө чакырылып, 1941-жылы Улуу Ата Мекендик согуш башталаардын алдында Белоруссиядагы «Брест чебинде» кызмат өтөп жатам деген кабар үйдөгүлөргө келген. Ошол бойдон, Кадыр агабыз жөнүндө эч кабар жок. Бирок, бардык дүйнө элдерине белгилүү болгондой, Улуу Ата Мекендик согуштун эң алгачкы мүнөттөрүндө (1941-жылдын 22-июнунда саат эртең мененки 4-00дө), дал ушул Кадыр агабыз кызмат өтөгөн «Брест чеби», фашисттик Германиянын эбегейсиз күчтүү куралданган армиясына каршылык көрсөтүп, баатырлык менен өзүнүн чебин, үч ай бою коргошкон.

Атабыз Осмонов Абдынапык 2002-жылы 30-сентябрда катуу оорудан кийин дүйнөдөн кайтты.

Атабыздын жаркын элеси урук туугандарынын, уул-кыздарынын, небере-чөбөрөлөрүнүн, айылдаштарынын, жалпы таанытан кыргыз калкынын эсинде дайыма сакталып калаарына ишенебиз.

**Данияр ОСМОНОВ,**
**уулу.**

# АТАМ САЯПКЕР ДА БОЛГОН



Өмүрзаков Зайнидин 1910-жылы Кереге-Таш айылында туулган. 1916-жылкы Үркүндө алты бир тууганы ата-энеси менен Кытайга качышкан. Ал жерде атасы кайтыш болот. Атам 6 жашында энесинин этегин кармап, көрбөгөн азап-тозокторду баштан өткөрүп, кытайдан жөө кайткан. 91 жаш өмүр жолунда атам 1916-жылкы үркүн, 1917-жылкы Кыргыз жергесиндеги Совет бийлигинин орношу, аны чыңдоого активдүү катышканын эскерчү.

Колхоздоштуруу башталганда биринчилерден болуп колхозго мүчө болуп кирип, комсомолго, андан кийин партияга мүчө болуп кабыл алынат. 1935-1941-жылдарда Жолголот айлында айыл кеңешинин катчысы болуп эмгектенет.

Каракол шаарынан бухгалтердик курсту окуп бүтөт. 1935-жылы жубайы Каленге үйлөнөт. Үч балалуу болуп, отуздан жаңы өткөндө Улуу Ата Мекендик согуш башталып, майданга аттанат. Атам менен чогуу айылдаштары Асанакун, Раимбек жана Пионер айылынан Дөөлөткелди аталар согушка кетет. Ажал отун аралап, кан суудай аккан эчен согуштарга катышып, ал бир бутунан ажырап 1944-жылы согуштан кайтып келген. Айылдагы эр азаматтын баары

фронтто, айылда жумушчу күчү жетишпей, кыйынчылыктар көп, турмуш оор эле.

Ден соолугунун начарлыгына карабай, атам Кереге-Таш колхозунун башкармасынын төрагасының ишин аткарат. Ал учурда биздин айыл Орто-Арык жана Кереге-Таш болуп 2 колхоздон турган. Өмүрзак уулу Зайнидин башкарма болуп иштеп турган мезгилинде, эл-журтуна ак кызмат кылып, мөгдүрөп турган айылдаштарынын оорун колдон, жеңилин жерден алган боорукер адам болгондугу али да элдин эсинде. Эл кыйналганына карабай ынтымактуу эле. Согуш күчөп турган учурда фронтко жардам катарында бир самолеттун баасын өкмөткө төлөп берип, Сталинден ыраазычылык кат алган. Колхоздун кой фермасы болуп Сатыбалдиев Токтосун да атам менен иштеген. Мезгилдин кыйынчылыктарына карабай келечекке умтулуп, согуш жылдарында, согуштан кийинки мезгилде айылдан мыкты адистердин өсүп чыгышына көп көмөк берген. Кыргыз Эл Баатыры Мамбет Мамакеев өз китебинде «башкарма мага ишенип мени кырман башчысы кылып дайындаган эле» деп эскерет. Атамдын көзү өткөнчө Мамбет ага келген сайын биздин үйгө келип, учурдагы иштери жөнүндө кеп салып, согуш учурундагы кыйынчылыктарды эскерип калаар эле.

Колхоздун чарбалык иштери жалаң аялдар менен кары картаңдардын мойнунда, жазгы кош айдоо, жайкы сугат, чөп чабуу, күзгү оруп-жыйуу, үрөн тазалоо дегендин баарын ошолор бүтүргөн. Турмуштун оордугун айтпа, тамак-аш өтө тартыш, нан жок, талкан да өп-чап. Эл картошка жумурткадай болгондон баштап чукуп жей баштоочу. Арпа, буудай дүмбүл болгону эле аларды жей берген учурлар болгон.

Атабыз башкарма болуп 1951-жылга чейин иштеп, кийин узак жылдар колхоздун текшерүү комиссиясын жетектеп жүрдү. Өз өмүрүндө атам 5 кыз, 4 уулду тарбиялап, өстүрдү. Небере, чөбөрө, кыбыраларын көрдү. Атамдын дагы бир артыкчылыгы санжыраны, кыргыз тарыхын анын ичинде өз уруусу болгон Эштек уруусунун, Эштек тукумдарынын ата-тегин жакшы билген. Эштек тукумунун бүгүнкү күнгө чейинкисин кол жазма түрүндө жазып, калтырып кеткен. Бул кол жазманы иниси Шаршекеев «Эштек» деген китеп кы-

лып чыгарды. Анан дагы атабыз ат жандуу, ат кастарлаган адам эле. Ат адамдын канаты дегенди отурса, турса оозунан түшүрбөй, аны кантип асырап багып, минүүнү бизге көп айтып берчү. Ошентип, балдары биз да жылкы жандуу болуп өстүк. Азыр биз да жорго, күлүк жылкыларды өстүрүүнүн аракетиндебиз.

Атабыз өзүнүн байсалдуу өмүр жолунда иш билгилиги, сөз билгилиги менен элдин зор кадырлоосуна ээ болгон.

Жогоруда айтылып өткөндөй, ал киши атты абдан баалаган, атты таптаганды саяпкер Баячоров Жумадылдан үйрөнгөн. Атам «мен таякемди ээрчип жүрүп, жылкыга болгон кызыгуум артты. Колхоздун кызматын аткаруу менен жорго, күлүктөрдүн үстүнөн түшкөнүм жок» деп калаар эле.

Атам өз өмүрүндө татыктуу эмгекти үй бүлөсүнө, элине да ыйгарганга жетише алды. Мен 55 жашка чыкканча атамдын көзү тирүү болду. Ошол мезгилде кыйла тарбиясын алдым. Адамгерчиликти, эмгекчилдикти үйрөндүм. Кантсе да атамдын айткан акыл насааттары, берген тарбиясы биздин турмуштан өз ордубузду табууга өбөлгө түздү.

**Айтике ЗАЙНИДИНОВ,**
**баласы, пенсионер.**

# ВОСПИТАЛ ПЛЕЯДУ ЮРИСТОВ



Омуралиев Чыпаш родился 23 марта 1920 года в селе Шаты Тюпского района Иссык-Кульской области в семье крестьянина-бедняка.

В 1956 году окончил юридический факультет Киргизского государственного университета по специальности «юрист-правовед».

В 1940 году был призван в ряды Советской Армии. С первых и до последних дней

Великой Отечественной войны был на фронте, в рядах пограничных войск. Участник боев на советско-румынской границе, за освобождение городов Львов, Каменск, Подольск, Киев. (1942-1943гг.). Участник Сталинградской и Курско-Орловской битвы. Освобождал Украину от фашистских оккупантов: форсировал реку Днепр. Также участвовал в освобождении городов Люблин и Варшава (Польша). После окончания войны, до июня 1946 года принимал участие в охране нового руководства Польши.

В июне 1946 года был демобилизован из рядов Советской Армии и начал работать инструктором райкома партии Тюпского района Иссык-Кульской области.

По решению ЦК ВКГТ (б) в 1947 году был направлен в г. Ленинград на годичные курсы прокуроров районов и городов. В 1948 - 1954 годах работал в органах прокуратуры на должностях районных прокуроров Джети-Огузского и Балыкчинского районов, в 1954-1958 годах - председателем исполкома Балыкчинского райсовета, в 1958 - 1961 годах - прокурором Иссык -Кульского района.

По решению ЦК Компартии Киргизии в 1961 году был назначен председателем Ошского областного суда, где проработал до 1968 года. В 1968 – 1971 годах - первый заместитель прокурора Киргизской ССР. С августа 1971 по апрель 2001 года в течение 30 лет проработал заведующим юридической консультацией Первомайского района г. Фрунзе (Бишкек), воспитал целую плеяду высококвалифицированных юристов.

Основной специализацией были уголовные дела. Принимал участие в рассмотрении многих крупных уголовных дел. касаюүихся расхищения социалистической собственности, убийств и особо тяжких преступлений.

Воинское звание - капитан запаса. Классный прокурорский чин - государственный советник юстиции 3-го класса, что приравнивается к воинскому званию генерал-майора.

Награжден орденами «Отечественной войны», "Славы" 3 степени, «Знак Почета», медалями «За боевые заслуги», «За оборону Сталинграда», медалью Кыргызской Республики «Данк» и многими другими медалями СССР.

Воспитал семерых детей, все получили высшее образование, из которых трое - юристы.

**Болотбек ОМУРАЛИЕВ, сын.**

# СПАСИБО ЕМУ ЗА МУДРОСТЬ

***Прошла война, прошла война,***
***Но боль взывает к людям.***
***Давайте люди никогда,***
***Об этом не забудем!***

**А.Т.Твардовский.**



1965 год - двадцать лет Победы над фашистской Германией. Мы навсегда запомнили этот день 9 мая. На городской площади собрались участники Великой Отечественной войны, все с боевыми наградами, еще молодые, бодрые и уверенные в себе. В одном строю с ними были и женщины, им тогда было не больше сорока лет. Шли панфиловцы, бойцы Украинского фронта, Степного, Белорусского фронтов. И нам казалось, что каждый год они в таком же составе будут проходить в строю, но время беспощадно. С каждым годом их оставалось все меньше и меньше. Сказывались раны, многие не дожили до тридцатилетия Победы. Как горько и печально было нам, когда наш отец умер в 1983 году, не дожив до сорокалетия Победы. Для нас это был самый святой праздник. Внуки и дети поздравляли его и всегда читали стихи, и это приносило ему радость. Он никогда не жаловался, трудности преодолевал, сжав зубы, работал до последних дней, его увезли прямо с работы в больницу: открылись раны, полученные на войне.

Родился отец в 1921 году в городе Уч-Турфане, Синьзянского

уйгурского автономного района КНР. В 1922 году после смерти мужа бабушка переезжает в город Пржевальск. Здесь прошло его детство. В 1932 году поступил в школу и после окончания семи классов в 1938 году поступил в Пржевальское педагогическое училище, которое окончил в 1940 году. Был направлен в Кочкорский район в школу имени Калинина, где проработал учителем начальных классов с 27 августа по 5 марта 1941 года. С 10 марта 1941 года по 5 сентября 1942 года работал в Краснооктябрьской семилетней школе Янги-Наукатского района Ошской области.

С первых дней Великой Отечественной войны обивал пороги военкомата, просился на фронт, но ему отвечали, что не хватает учителей и его дело обучать и воспитывать детей, чтобы из них выросли настоящие защитники Отечества. В начале нового учебного года он получает повестку из военкомата. 5 сентября 1942 года молодого и любимого учителя провожали всем селом. Начала работать молодая жена, которая осталась вместо него в школе, преподавала в начальных классах. Новобранцев из Киргизии и Казахстана направили в город Мары Туркменской ССР, затем в город Андижан для прохождения курсов подготовки командирских кадров.

Весной 1943 года 22 — летний младший лейтенант Сабитов А. направляется в 36-ю гвардейскую дивизию Степного фронта под командованием маршала Советского Союза И.С.Конева. Его назначают командиром второго стрелкового взвода. Многие сослуживцы были из Средней Азии и Казахстана. Каждый день на войне был проверкой на выносливость, смелость, умение и смекалку.

Первое боевое крещение бойцы получили в боях за Днепр. Шли ожесточенные бои за каждое село, за каждый населенный пункт, за каждую высоту. 10 октября 1943 года при форсировании Днепра взвод подвергается обстрелу. Все те, кто остались живыми, переправились на другой берег. В этом бою молодой лейтенант был ранен в ногу. Он не покинул своих боевых товарищей и до самого конца боя был с ними. Несколько дней он провел в санчасти и снова вернулся в строй. Ожесточенные бои шли на подступах к городу Кировограду. В этих боях он потерял многих товарищей: командира третьего стрелкового взвода младшего лейтенанта Абдылду Сарым-

сакова, командира первого взвода Ивана Щукина. Взяв всю ответственность на себя, младший лейтенант Сабитов А. ведет в атаку три взвода. С ожесточением шли бойцы в бой, чтобы отомстить за смерть своих командиров. Автоматной очередью сразил Сабитов А. несколько фашистов.

104-й полк в упорном бою одерживает победу, отбивает атаку за атакой. В этом бою отец получает очень серьезное ранение в левый глаз и живот. Зажав одной рукой глаз, а другой - живот он с помощью медсестры Гали доползает до медсанбата. Медсестра наложила повязки на раны, только на вторые сутки ему сделали операции. Осколок задел левый глаз и зрение на 50% было потеряно, а затем с годами полностью утрачено.

С ранением в живот оказалось намного серьезнее, в эвакогоспитале №3050 города Саранска ему будет сделана операция и целых девять месяцев он проведет на больничной койке.15 июня 1944 года его демобилизовали из армии. В военной форме лейтенанта, с медалью «За отвагу» на груди вернется домой, сначала поедет за семьей в Ошскую область, а затем в родной город Пржевальск.

Дома его ждали мать, родители жены. Приятной неожиданностью было то, что у него появилась сестра. Когда в город привезли из блокадного Ленинграда детей, его мать приняла в семью маленькую девочку по имени Роза. Отец будет писать письма в различные органы, чтобы узнать, живы ли родные и близкие девочки, но всегда получал ответ, что никого не осталось в живых. Он старался дать ей хорошее образование, учил читать и писать, а после окончания семи классов определил учиться в педагогичсское училище, которое, к сожалению, она не окончила и в семнадцать вышла замуж. Отец всегда поддерживал и помогал молодым. Тяжело перенес трагическую гибель зятя.

Сейчас его сестра проживает в городе Караколе. В послевоенные годы много сил отдает педагогической деятельности, экстерном оканчивает Учительский институт в городе Пржевальске, затем Киргизский государственный университет. С ним вместе учились Л.А.Шейман, автор учебников по русской литературе для учащихся киргизских школ, К.Бейшембаев, первый доктор наук Пржевальско-

го педагогического института. Помимо педагогической деятельности он очень много пишет, занимается переводами. Его стихи для детей пользуются определенной популярностью.

Отдельной книгой вышел сборник стихотворений для детей под названием «Балаты». Многие стихи были опубликованы в сборнике «Учкун», периодически стихи и рассказы печатались в различных республиканских, областных газетах и журналах, передавались по радио. С 1948 года он - член Союза журналистов, отличник профтехобразования.

Последнее прижизненное собрание стихотворений под названием «Тартуу», так и не опубликовали, и я думаю к 90 - летию со дня рождения издать его стихи - это будет данью памяти отца. Отец нас воспитал своим примером, своим трудолюбием, бескорыстной любовью к близким и родным. Никогда не любил неправды, был прямолинеен и даже резок, когда видел несправедливость. Из своего детства помню, как он приносил книги, специально оставлял на столе и предупреждал, чтобы мы не трогали, нам было любопытно, и мы обязательно брали книгу, прочитывали, и затем как ни в чем не бывало спокойно завернув в газету, возвращали книгу на место.

Отец, хитро улыбаясь вечером, ненавязчиво спрашивал, о чем мы прочитали, что больше всего нам понравилось. Это был особый прием приучения к чтению. Спасибо ему за мудрость. Он воспитал и вырастил восьмерых детей, семерых внуков. Его студенты и ученики впоследствии стали известными учеными, партийными работниками, врачами, учителями.

На каком бы посту он не работал, он всегда оставался неравнодушным к чужой боли, старался создать условия для молодых учителей, сотрудников. Многие годы он работал заместителем директора в школах Иссык-Кульской области, затем директором, главным редактором областного комитета по радиовещанию, с 1961 года и до конца своей жизни работал преподавателем в СПТУ №2.

На примере отца мы воспитывали своих детей и внуков, рассказывая о прадедушке. Все мы имеем не одно высшее образование, сыновья закончили военные академии, поступать туда теперь соби-

раются внуки, многие из нас работают не только в нашей республике, но и в России и за рубежом. Его портрет висит в доме у каждого из нас.

**Кульсун САБИТОВА,**
**дочь, преподаватель Евразийского института информационных и инновационных технологий.**

# ВОЙНЫ СВЯЩЕННЫЕ СТРАНИЦЫ



*Куда б ни шел, ни ехал ты,*
*Но здесь остановись.*
*Могиле этой дорогой*
*Всем сердцем поклонись.*

*И для тебя, и для меня,*
*Он сделал все, что мог:*
*Себя в бою не пожалел*
*А родину сберег.*

**М. Исаковский.**

22 июня 1941 года войска Германии, нарушив пакт о ненападении, вторглись на советскую территорию. Эта дата останется в сердцах каждого, как начало Великой Отечественной войны. Я с гордостью могу сказать, что дедушки, бабушки, прадедушки и прабабушки мужественно отвоевали победу, ведь они рискуя своими жизнями, зашищали нашу Родину, как настоящие патриоты. В их рядах был и мой дедушка. Я, как и все мои близкие и родные, безумно горжусь им.

Моего дедушку звали Самсаков Шакир. Он родился в Иссык-Кульской области в селе Бору-Баш в 1920 году. Его профессия - учитель физики и математики. В 1940 году, когда ему исполнилось 20 лет, пошел служить в армию. Через год началась война, и его отправили на фронт. Мой дедушка воевал в 625-м стрелковом полку.

К сожалению, я не знаю подробностей, ведь я родилась после его смерти. Но папа часто рассказывает мне о нем, показывает его фотографии, медали и награды. Однажды папа повторил слова дедушки, которые тот ему говорил: "Снаряды, бомбы, трупы, кровь, плен. Тогда и смерти в глаза не раз смотрел. Шла война, и так хотелось мстить за всех погибших и за слезы матерей, детей".

9 мая 1945 года народ Советского Союза одержал победу. Дедушка, к счастью, остался жив и приехал домой. Дома его ждали родные и близкие. На глазах у них были слезы, но это были слезы радости. Это был долгожданный день ПОБЕДЫ!!!!

В 1947 году он вернулся на работу учителем физики и математики семилетней школы "Кашка Терек". В том же году он встретил бабушку, и они поженились. Родилось шесть сыновей. Третий по счету - мой папа.

Но война отразилась на здоровье деда, так как он пролежал несколько дней в сырой земле в окружении, отморозил обе ноги. Ему пришлось их ампутировать. В 1992 году дедушка умер. Его сейчас нет рядом с нами, но память о нем останется всегда в наших сердцах. Я горжусь своим дедом!

Вечная Слава Героям! Вечная Слава!

**Айдэна САМСАКОВА,**
**сш.№7, 11 класс.**

# АЛГАЧКЫ МАЛ ЧАРБА АДИСИ

Энебиз Зайра Сариева 1926-жылы 1-январда туулган. Түп жергесинде гана эмес бүтүндөй Көл өрөөнүндө аялдардан чыккан алгачкы мал чарба адистеринен болгондугун бардык эле кишилер биле бербесе керек.

Айыл чарба боюнча атайын орто окуу жайын бүтүрүп, зоотехник деген адистикке ээ болору менен 1950-жылы 24 жашында райондогу Корумду айылында зоотехник, ферма, гурт башчысы өңдүү кызматтарда иштөө менен, билимин жана бардык күч-аракетин малдын башын көбөйтүүгө, азык-түлүктү жогорулатууга жумшайт. Аракеттеринин акыбети кайтып чарбанын малы сан жагынан гана



көбөйбөстөн, сапаты да жогорулап асыл тукумдуулугу артат.

Кийин чарбалар ирилештирилгенде энебиз Ордженикидзе, андан соң «Талды-Суу» совхозунда кесиби боюнча эмгектенип, элдин алкоосуна татыйт. Ага энебиздин бир нече сапар эл депутаттарынын Түп райондук кеңешине депутат болуп шайлангандыгы эле күбө болот. Кесиби боюнча билимин өркүндөтүп 1955-жылы Пржевальск шаарындагы Киров атындагы айыл чарба техникумун бүтүрөт.

Алган теориялык билимин практика жүзүндө кеңири пайдаланып, саан уйларды уруктандыруу жана алынган төлдүн башын аман сактоо иштерин жолго коюуга өзүнүн олуттуу салымдарын кошот.

Талыкпаган эмгек татыктуу сыйлыктарга ээ кылат. Бир нече грамоталар менен көптөгөн баалуу сыйлыктар, «Коммунистик эмгектин ударниги» деген төш белги, «Эмгек ардагери» медалы менен сыйланган.

1978-жылдан бери ардактуу эс алууда. Айылдагы эл урматтап, сыйлаган карылардан. Энебиздин эл үчүн жасаган жакшы иштери менен сыймыктанып, биз дагы ата журтубузга энебиздей кызмат өтөөгө аракеттенебиз.

**Салтанат, Салима Сариева,**
**кыздары.**

## НА ФРОНТ- С БОЛЬНЫМИ ЛЕГКИМИ

Султаналиев Малик родился в 1919 году. Поступил в школу в 1927 году. В 1937 году стал студентом Фрунзенского пединститута. В 1939 году со второго курса его взяли на финскую войну. Затем началась Великая Отечественная война и его отправили на фронт сержантом, воевал с больными легкими. В конце войны, в 1945 году из-за болезни его комиссовали. Но к тому времени и война закончилась.

С 1948 по 1950 год работал в артели «Швейник», затем с семьей переехал в г.Фрунзе и работал коммерческим директором Фрунзенской табачной фабрики в 1950-1956 гг. Затем из-за болезни вернулся в г.Пржевальск, где он работал в обл.торге и других организациях . Имел много наград. Любимой наградой был орден Красной Звезды, которым очень гордился. Был награжден медалями «За отвагу», «За оборону Советского Заполярья», «За победу над Германией в ВОВ 1941-45гг.», «За доблестный труд в ВОВ 1941-45 г.г.».



Умер в 1969 г. после продолжительной тяжелой болезни.

**Дети СУЛТАНАЛИЕВА.**

# СОХРАНИМ В НАШИХ СЕРДЦАХ



Наш отец и дедушка, Сулайманов Саламат, родился в 1922 году в с. Кен-Суу Тюпского района в семье крестьянина - бедняка. Он прошел большой жизненный путь. После окончания Пржевальского педагогического училища работал учителем в средней школе с.Кен-Суу. В 1940 году был призван для прохождения срочной службы в рядах Советской Армии. Когда началась Великая Отечественная война, участвовал в обороне Сталинграда, в сражениях на Курской дуге. В 1944 году после получения ранения попал в госпиталь, и в этом же году был демобилизован по состоянию здоровья.

Вернувшись к себе на Родину, поступил в 1947 г. во Фрунзенскую республиканскую юридическую школу Министерства юстиции Киргизской ССР. Окончив её в 1949 году, начал работать в

системе правопорядка.

В 1951 году поступил в Киргизский Государственный университет на юридический факультет и в 1956 г. окончил по специальности «правоведение».

Работал членом Иссык-Кульского областного суда, в 1956-1957 г.г.-народным судьей Джеты-Огузского района; с 1957 г. по 1969 г. работал следователем, помощником прокурора и прокурором Тюпского района.

За хорошую работу неоднократно награждался правительственными наградами: в 1951 г.-Почетной грамотой Президиума Верховного Совета Киргизской ССР, в 1957 г.- медалью «За доблестный труд», в 1963 г.- Почетной грамотой Президиума Верховного Совета Киргизской ССР. Юрист первого класса .

Ранения, полученные в годы войны, подорвали его здоровье и в 1969 г. после тяжелой продолжительной болезни наш отец и дедушка скончался. Ему не довелось увидеть своих внуков, но светлая память о нем навсегда сохраним в сердцах.

**Дети и внуки.**

## ЫРААЗЫБЫЗ



Менин атам Сургашкаев Чалакыз 1907-жылы Ысык-Көл областынын Түп районунун Күрмөнтү айылында кедей-дыйкандын үй бүлөсүндө туулган. Ата-энеси революцияга чейин өздөрүнүн чарбасында эмгектенген, ошол эле убакта Барнабарев, Чуркеев деген байларга жалданып иштеп, үй бүлөсүн баккан.

Ата-энеси 1916-жылкы үркүндө Кытайга качышкан. 1917-жылы Ысык-Көлгө кайтып келе жатканда жолдон атасы каза тапкан.

Он жашында жетим калган эжеси экөө энесинин колунда калып, Калатимин деген бай оруска жалданып күн өткөрүшөт. Кичине кезинде чыйрак

чыгып, окууга умтулат.

Революциянын беш солдатын айылга мугалим кылып калтырышкан экен. Ошол солдаттардан орусча сүйлөгөндү, жазганды үйрөнөт. 1921-1923-жылга чейин Күрмөнтү айыл мектебинде окуп, дагы бир жыл, ошол кездеги Монастырдан (Ак-Булуң айылы) жетим балдар үйүндө билим алат.

1924-1928-жылга чейин ЛКСМдин мүчөсү болгон. 1928-жылы КПССтин мүчөлүгүнө өткөн. 1927-жылы Күрмөнтү айыл кеңешинин төрагасынын орун басары, 1928-жылы төрагасы, 1928-1929-жылдары айыл кооперативинин төрагасы, 1929-1930-жылдары Талды-Суу районундагы «Лентехсырьенун» башкаруучусунун орун басары болуп иштеген 1933-1936-жылдары Фрунзедеги айыл чарба Коммунисттик мектебинин студенти.

1936-1937-жылдары Жумгал районунда элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы. 1939-жылы Ыраакы-Чыгыштагы Хабаровск шаарынан МГБнын 10 айлык курсун бүтүрүп келген. 1941-жылга чейин Тянь-Шань облусунун УНКВДсында оперуполномоченный болгон. Ата Мекендик согуш башталганда, атамды бронь менен согуштан алып калышып, аны олуттуу мезгилде жооптуу кызматтарга коюшат. 1941-1945-жылга чейин Балыкчы районунун РОНКГБсында оперуполномоченный болуп иштейт. Ата Мекенди коргоого чоң салымын кошкондугу үчүн, өкмөт эмгегин баалап көп сыйлыкка көрсөткөн. Кыргыз ССРинин НКВД МГБсынын Ардак грамотасы, «За Победу над Германией», «XXX лет Советской Армии и Флоту», «За боевые заслуги» деген медалдар менен сыйланган.

1951-жылы Талды-Суу районунун РОМГБсынын начальниги, 1951-1953-жылдары Жети-Өгүз РОМГБсынын начальниги, 1953-1954-жылдары УНКВДда оперуполномоченный болуп иштеген. 1954-1955-жылдары Жети-Өгүз районунда МТС боюнча секретарь болот. 1955-1959-жылдары колхоздун председатели болуп иштеп, колхоздун чарбасын көтөргөн. Ошол эмгеги үчүн, өкмөт тарабынан ВДНХга барып күмүш медаль менен сыйланат.

Өмүрүнүн аягына чейин айылда сельсоветтин председатели, колхоздун зав. склады болуп иштейт.

Энебиз Аккабакова Уулбүбү 8 баланы тарбиялап, ошол мезгилде эле колхоздун бардык жумушуна катышып жүрүп пенсия курагында да иштеген адам болгон.

Биз бардыгыбыз үй бүлөлүбүз. Ата-энебиздин таалим-тарбиясына чоң ыраазычылыгыбызды билдиребиз.

**Замирбек СУРГАШКАЕВ,**
**баласы**

# ПОМНИМ И ГОРДИМСЯ



Султанов Жумаш родился в 1921 году в селе Чоң-Кызыл-Суу Джеты-Огузского района Иссык-Кульской области. В 1940 году окончил 10 классов средней школы имени Горького села Саруу.

После окончания десятилетки в 1940-1942 годах работал инспектором райфинотдела в селе Покровка Джеты-Огузского района. В 1942-1946 годы находился на службе в рядах Красной Армии, в пограничных войсках Забайкальского военного округа командиром отделения. После демобилизации из армии работал в 1946-1947 годы председателем сельского совета села Чоң-Кызыл-Суу. В 1947-1948 годы - заместитель председателя райисполкома Покровского района, в 1948-1950 годы - председатель колхоза «Умют» села Чоң-Кызыл-Суу Покровского района. В 1950-1951 годы - заместитель областного Минзага по заготовкам в Иссык-Кульской области. В 1951-1954 годы был слушателем Высшей заготовительной школы Министерства заготовок СССР в городе Москве. Затем работал уполномоченным по заготовкам Тянь-Шаньской области.

После упразднения Минзага в 1956 году работал председателем райисполкома Куланакского района Тянь-Шаньской области.

В 1957-1959 годы находился на учебе в высшей партийной школе при ЦК КПСС в городе Москве. После его окончания в 1959-1961 годы работал начальником управления сельского хозяйства Тянь-Шаньской области.

После упразднения Тянь-Шаньской области в 1961-1963 годы являлся директором мясокомбината города Нарын. С 1963 года работал директором мясокомбината города Рыбачье.

В 1968-1977 годы работал председателем горисполкома города Рыбачье Иссык-Кульской области. В 1977-1983 годы работал первым секретарем Рыбачинского горкома партии.

Постоянно с 1961 года избирался депутатом районных, городских,областных Советов депутатов трудяшихся, был депутатом Верховного Совета Кыргызской ССР.

Член КПСС с 1944 года. За боевые и трудовые заслуги Султанов Жумаш был награжден орденом «Знак почета», пятью медалями и грамотами Верховного Совета Кыргызской ССР

**Таалайбек СУЛТАНОВ,**
**сын, военком города Каракол.**

## КИЙИНКИ МУУНДАРГА ӨРНӨК



Көзү өтсө да аты, аткарган иштери элдин эсинде сакталып келе жаткан эр азаматтар арбын. Алардын бири биз туу тутуп жүргөн атабыз Исак Табалдиев. 2010-жылдын август айында туулуп өскөн айылында атабыздын туулган күнүнүн 100 жылдыгы зор салтанат менен белгиленди. Маарекеде атабыздын туугандары, жоро-жолдоштору, аны көрүп билген, бирге иштешкен адамдар атамдын өмүр жолу, элге кылган кызматы, жетекчилик артыкча сапаттары, эли-жерине сиңирген эмгеги туурасында көргөн билгендерин зор канааттануу менен ортого салышты. Атын түбөлүккө калтыруу максатында айылдын бир

кечесүнө атамдын аты берилди. Ушуларды угуп, көрүп туруп, атамдын көзү өтсө да анын артында өчпөс из калгандыгын ачык-айкын түшүндүм.

Атам 1910-жылы Ысык-Көл районуна караштуу Тегирменти азыркы Кожояр айылында жарык дүйнөгө келиптир. Үркүндө 1916-жылы энеси, андан көп өтпөй 1919-жылы атасы дүйнөдөн кайтып борбую, боконосу ката элек бала жетимдик турмуштун далай азап, тозогуна туш келет. Үч жылга жакын агаларынын колунда, андан кийин ошол кездеги Сазановка айылындагы орус байларында малайлыкта жүрүп, өлбөстүн күнүн кечирет.

Жергебизге Совет бийлиги орногондо атам эс тартып, жаман-жакшыны ажырата билип калган экен. Орустарда малайлыкта жүргөндүктөн орус тилин дурус үйрөнүп калган болот. Өзү теңдүү балдарга аралашып, турмуш агымын баамдап, чөйрөсүндө болуп жаткан өзгөрүүлөргө байкоо салып, бара-бара комсомолго өтөт. Ошентип 1929-жылы комсомолдук иштерге аралашып жүрүп Сазановка волостук комсомол комитетинин катчылыгына дайындалат. Ошол күндөн баштап жаштарды жаңы заманды колдоого, билим алууга, коллективдүү чарбаны түзүүгө, анын ишин алга жылдырууга үндөгөн. Жаңы заманды, колхоздоштурууну жериген, ага бут тоскон бай-манаптар эл арасында бузукулук, тескери үгүттөрдү жүргүзүшкөн. Элдин башын айландырууга жасалган душмандык андай аракеттерге атам баш болгон комсомолдор каршы турушуп, жалындуу жаштыктын күчүн көргөзүп, жаңы заманды орнотууга, аны бекемдөөгө баа жеткис кызмат кылгандыгын тирүү кезинде атабыз айтып калаар эле.

Атамды партиянын Каракол кантондук комитети 1930-жылы Фрунзе шаарындагы областтык партиялык мектепке окууга жиберет. Аны аяктагандан кийин жети жылга жакын комсомолдун Сүлүктү, Калинин жана Чүй райондук комитеттеринде катчы болуп иштейт.

Маңыздуу иш аракеттери эске алынып, партиянын катарына кабыл алынат. 1937-жыл атамдын турмушундагы оор мезгилдерден болуп, репрессиянын капканына кабылып, жалган жалаа менен камакка алынат. Жабылган жалган жалааларды мойнуна

алдыруунун амалында уруп-токмоктоп, адамга эмес айбанга ыраа көрбөй турган кыйноолорго салышат.

-Ак ийилет бирок сынбайт,-деген чын окшобойбу. Көрөөр күн, ичээр суум бар экен акыры акталып чыктым. Ошондо мени менен бир камерада ак жеринен айыпталып жатышкан К.Тыныстанов, Т.Айтматов жана башка кыргыз элинин мыкты чыккан бир далай эр азаматтары ак жеринен бейкүнөө атылып кетишпедиби,-деп калчу атам өкүнүчтүү.

Абактан акталып чыккандан кийин ошол эле 1937-жылы партиянын Жумгал районунун биринчи катчысы болуп дайындалат. Ал жерде эки жыл иштегенден кийин Республиканын Эл комиссарлар Советинин алдындагы калкты жерге жайгаштыруу бөлүмүнүн башчысы, андан соң Тоң районунун, Балыкчы аткомунун төрагалык кызматтарында үзүрлүү эмгектенет. Ишке көзү каныгып, жетекчи катары калыптанып, такшалуунун чоң мектебинен өтүп калганда Улуу Ата Мекендик согуш башталат. Эр бүлөнүн баары немецтик-фашисттик баскынчылардан эл, жерди коргоо үчүн согушка кетип жатышты. Ушундай кырдаада 1942-жылы атам да Кызыл аскердин катарына кызмат өтөөгө чакырылып, ротанын командиринин саясий иштери боюнча орун басары катары жоокерлерди фашисттик баскынчыларды каармандык менен жок кылууга шыктандырып, аларды кандуу кармаштарга баштап барып турган. Алда нечен сапар ажал атамды кыйгап өтүп, акыры 1943-жылы душман огунан оор жаракат алат. Госпиталда дарыланып, жараты айыккандан кийин Буй, Саратов шаарларындагы танкалык окуу жайында окуп, аны бүтөөрү менен танкалык бригаданын улуу механик айдоочусу катары 2-Белоруссия фронтунда кайрадан согушка кирет. Үч жылга чукул кан күйгөн кармаштарда жүрүп, 1946-жылы аман-эсен туулган жерине кайрылып келет.

Согуштан келгенден кийин атам партиянын Ысык-Көл обкомунун айыл чарба бөлүмүнүн башчысынын орун басары, андан партиянын Талды-Суу райкомунун биринчи катчылыгына дайындалат. Ушул кызматта иштеп турганда республикалык партиялык мектепке окууга жиберишет. Окууну бүткөндөн кийин партиянын Тоң райкомунун биринчи катчысы, анан Ысык-Көл

★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★

районунун аткаруу комитетинин төрагасы, кийин Ысык-Көл питомник совхозунун директору болуп иштөө менен көл өрөөнүнүн социалдык-экономикалык абалынын жакшырышына салмактуу салымын кошкон. Муну биз атамдын 100 жылдык юбилейине катышкан аттуу, баштуу адамдардын айткан сөздөрүнөн дагы бир жолу ачык-айкын баамдадык. Алардын айтымында атабыз адамдарды түшүнө билген, кимдин кимдигине карабай калыс мамиле жасаган, элге кайрымдуу адам болгон.

Эл алдында сиңирген эмгеги өзүнүн жогорку баасын алган. Буга атамдын «Кызыл Жылдыз», Эмгек Кызыл Туу, Ардак Белгиси ордендери баш болгон бир нече күжүрмөн орден медалдар менен сыйлангандыгы, учурунда Кыргызстан КП БКнын мүчөлүгүнө, Кыргыз ССР Жогорку Советине эки сапар депутат болуп шайлангандыгы күбө.

Ардактуу эс алууга чыккандан кийин да областтын, Ысык-Көл районунун коомдук турмушунан кол үзбөй, насаатчы катары кийинки муундарды патриоттуулукка, эмгекке тарбиялоодо көп иштерди аткарган. Деген менен атабыздын өмүрү кийинки муундарга өрнөк. Биз ушуга сыймыктанабыз.

**Закия ТАБАЛДИЕВА,**
**кызы.**

## АТАБЫЗ 88 ЖАШТА



Ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет дегендей атамдын онунчу классты бүтүп, андан кийин жогорку окуу жайына кирип окуп, бир адистикке ээ болуп, анан элим үчүн кызмат кылам деген ой-тилеги оңбогон согуштун кесепетинен орундалбай калганын өзөк өрттөгөн өкүнүч менен ушул күндөрдө да айтып калат.

Анын да жөнү бар экен. Анткени онунчу классты бүтөөрү менен боз улан

кезинде 1941-жылы аскерге алынып, адегенде Токмок шаарындагы Кыргыз атчандар полкунда согушка даярданат. Бир жылдан кийин адам жаны суудай агып, айыгышкан салгылашуулар жүрүп жаткан Москва алдындагы фронтко келет. Кудай салбасын немецтер Москваны алууга, биздикилер аны коргоого жан үрөп, адам өмүрү түккө турбай айыгышкан күрөш жүрүп жаткан кез экен. Мен согушка замбирекчи болуп кириштим.

Замбиректердин снаряддары каршы-терши учуп, кара жерди солкулдатат. Бир кадам да артка чегинүүгө болбойт, бир метр болсо да алга жылуу керек. Ошол күндөрдө талап ушундай болгон. Душмандын снаряддарынын осколкалары менен аткан октору кулак учунан ышкырып өтөт. Андан жарат алып жаткандар, курман болгондор канча. Ага карабай болгон аракет душмандын жолун бөгөп, Москваны алуу үчүн жасаган чабуулдарынын мизин кайтарууга багытталууда. Акыры советтик жоокерлер душмандын тилегин таш каптырып аларды батышты карай сүрүп салды. Бул да болсо көп улуттуу совет элинин биримдигинин, ынтымагынын натыйжасы деп ойлоймун,- деп калат атам.

Согуштун чордонунда болуп, атам Россиянын Житомир, Брянск, Тула, Орел шаарларын немецтик баскынчылардан бошотууга катышат. Советтер Союзунун маршалы Конев командалык кылган 1-Украина фронтунда кызмат кылып, Киев, Харьков жана башка шаарлардан душманды кууп чыгуу үчүн болгон айыгышкан кармаштарга катышкан. Венгрия, Чехославакия Республикаларынан фаүисттик-баскынчыларды айдап чыгуу операцияларына катышып, жеңишти 1945-жылдын 11-майында Прага шаарында тосушат. Жалын жүрөк жаштыгынын алты жылдан ашыгын кандуу кармаштарда өткөрүп 1947-жылы августа гана атам аман-эсен туулуп өскөн айылы Талды-Сууга келет. Ошол күндөн баштап колхоздо, кийин совхоз болгондо чарбачылык иштерде билек түрүнө иштеп, ак эмгегинен баар табат. Эмгеги менен элдин урматтоосуна алынып, кадырбаркка ээ болот. Айылдын ардактуу карыларынын бири болгон атабыздын өмүрү текке өтпөгөндүгүн анын төшүндөгү Кызыл Жылдыз ордени баш болгон 19 орден, медалдары эле айгинелеп турат.

Чоң үй-бүлөнүн туткасы болгон атабыздын сегиз уул-кызы, 24

небереси, 10 чөбөрөсү бар. Балдары-биз да атабыздай эл кадырына ээ болгон адамдардан болууга далалаттануудабыз. Атабыз Салык Табышев азыр 88 жашта, уулдарынын урматын, кыздарынын сыйын көрүп, бактылуу карылыктын күндөрүн башынан өткөрүүдө. Арка-жөлөк болгон атабыз ден соолукта болуп, аман-эсен төрүбүздө отура берсе деп тилейбиз.

**Жолдошбек САЛЫКОВ,**
**баласы.**

# ИШИ ӨРНӨК



Атабыз Тенти Тамашаевдин кийинки муундарга өрнөк боло турган өмүр жолу жөнүндө айта турган сөздөр арбын. Ошондой болсо да анын айрым урунттуу учурлары жөнүндө учкай сөз кылууну туура көрдүм. Атабыз 1921-жылдын 2-февралында жарык дүйнөгө келиптир. Ата-эне малдуу болгондуктан, балалыгы Жалаңач-Булак кыштоосунда өтөт. Боорун жерден алгандан баштап малга аралашып козу, кой кайтарып өсөт. Тогуз жашында жети жылдык Талды-Суу мектебине кирип, зээндүлүүгүнөн бир жылда эки класстын-биринчи, экинчи класстардын программаларын өздөштүрүп кеткен. Алтынчы классты бүткөндөн кийин Фрунзе (Бишкек) шаарындагы финансы техникумунун даярдоо бөлүмүнө кирип, андан кийин 1938-жылы Караколдогу Максим Горький атындагы педагогикалык окуу жайына окууга кирип, аны 1941-жылы бүтүргөн. Дал Улуу Ата Мекендик согуш башталган 22-июнь күнү дипломдорубузду алган элек - деп калат атабыз өткөн күндөрү жөнүндө сөз жүрүп калганда.

Окуу жайды бүткөндөн кийин Түп райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысынын буйругу менен райондогу 7 жылдык Долон мектебине мугалимдик кызматка жиберилет. Бирок, ал мектепте

ошол 1941-жылдын 6-декабрына чейин гана иштеп, армияда кызмат өтөөгө чакырылат.

-Адегенде Токмок шаарындагы Кыргыз атчандар двизионуна туш келдик. Андан тез эле Оренбургдагы атчан аскерлердин окуу жайына барып, ал жерден 1942-жылдын майына чейин аскердик даярдыктан өттүк. Анан Бузулук шаарына барып, ал жерде кандуу кармашка катыштык. Ошол жылдын ноябрь айында өлүм менен өмүрдүн өчөгүшүп өрт чачып жаткан Сталинградды коргоо үчүн жүргүзүлүп жаткан салгылашууларга катышып, немецтик - фашисттик аскерлердин түштүк группировкасын, Гитлердик 6-армиянын командачысы генерал-фельдмаршал Паулюстун аскерлерин курчоого алып, жок кылууда согушкамын,-деп айтып калат атабыз.

Өзү кызмат өтөп жүргөн бөлүктүн жоокерлери менен душманга чабуул коюп бараткан учурда душмандардын огунан оор жарадар болуп, ар кайсыл ооруканаларда даарыланып, анан аны Пермь-Ураль шаарындагы госпиталга которгон. 1943-жылы 25-мартта дарыгерлердин комиссиясы атамды аскерде кызмат өтөөгө жараксыз деп таап, атам айылга келет да райондук «Колхоз жолу» деген газетада жооптуу катчы болуп иштей баштайт. Бирок редакцияда көпкө иштебей, райондогу Көчү мектебине директор болуп дайындалат. Бул кызматта бир жылча гана иштеп, 1944-жылдын июнь айында кайра аскерге чакырылып, адегенде Семипалатинск шаарына жайгашкан тогузунчу запастагы бөлүктө кызмат өтөп, андан сентябрь айында фронтко жөнөтүлөт. Бул сапар душмандардан Варшава шаарын бошотууга катышып, андан ары Берлинди көздөй бет алып, алда нече айыгышкан кармаштардын чордонунда болот. Атам өзү зор сыймыктануу менен айтып жүргөндөй ал фашисттердин уюгу болгон Рейхстагды алуучулардын катарында кызмат кылгандыгы.

-1945-жылдын 9-майында Берлин шаарында жеңишке арналып өткөрүлгөн парад менен митингке катышып, жеңишке жеткенибиз үчүн кубанычыбыз койнубузга батпай, майрамды да ошол жерден майрамдаганбыз,-дейт атабыз.

Атамдын кесиби мугалим болгондугуна байланыштуу армияда

кызмат өтөөдөн бошотулуп, айылга келет. Партиянын катарында болгондуктан келери менен партиянын ошол кездеги Талды-Суу райкомунда адегенде инструктор, андан кийин уюштуруу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп жүрүп, 1946-жылы республиканын партиялык мектебине окууга жиберилет. Аны 1948-жылы бүтүрүп, 5 жылга чукул партиянын Ысык-Көл обкомунда, партиянын Пржевальск шааркомунда инструкторлук кызматтарда, андан соң Түп райаткомунун төрагасынын биринчи орун басары, 1959-жылдан 1962-жылга чейин партиянын Түп райкомунун экинчи катчысы, кайра райаткомдун төрагасынын биринчи орун орун басары, анан райондогу Орджоникидзе атындагы колхоздун башкармасынын төрагасы, лекарспромдун директору, Түп райондук газетасынын партиялык бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп жүрүп, 1984-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Ата-журт алдында өтөгөн ак ниет эмгектери үчүн “Ата Мекендик согуш” орденинин биринчи жана экинчи даражаларына, “Ардак Белгиси” ордендери менен бирге Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин эки Ардак грамотасына, 20дан ашык медалдар менен сыйлангандыгын сыймыктануу менен белгилей кетмекчимин. Республикалык маанидеги персоналдык пенсионер.

Мындай урмат, сыйга ээ болуу ар кимдин эле маңдайына жазылбаса керек. Эл кызматын ак ниет менен аркалоодон тышкары ата-энебиз 4 уул, 2 кызды тарбиялап өстүрүп, алардын өз конуштарына шарт түзгөндүгүн айта кетпесек болбос. Атабыздын укум-тукуму өсүп, ушул күндө 32 небереси, 24 чөбөрөсү бар.

-Ушуларым аман болсун, жамандык көрбөй жашасын,-деп атабыз отурса, турса кудайдан тилеп, ар кимибиздин жасаган жакшы ишибизге, кичинекей болсо да жетишкен ийгиликтерибизге кубанып, курсант болуп турат. Кудай буюрса атабыз ушул жылы 90 жашка чыгат. Биз ал кишинин жүзгө чыгышын тилек кылабыз. Ар дайым бар болуңуз асыл атаке!

**Артур ТАМАШАЕВ,**
**баласы.**

# ХЛЕБНУЛИ ЛИХА СПОЛНА



Клянчин Иосиф Иванович, 1916 года рождения, родился в с. Никольское Омской области, Тюкаминского района. В семье было пятеро детей: четыре брата и сестра. В детстве учился в церковной школе. Создавались колхозы и молодым братьям приходилось работать вместе со взрослыми на полях, косили сено, сажали, пололи грядки. В 1938 году был призван в армию. В 1940 году демобилизовался. Работал в селе начальником отделения связи. Грянула война...Это было горем для всего народа. У папы престарелые родители, жена и к тому времени должен был родиться второй ребенок.

В июне 1941 года был призван на фронт Тюкаминским РВК. Воевал в 813-м стрелковом полку, 146-м авиаполку стрелком. Получил тяжелое ранение в ногу в 1943 году, легкое ранение голени - в 1944 году.

Награжден медалями «За боевые заслуги», «За победу над Германией». Демобилизовался в мае 1946 года. Сразу же приступил к работе начальником почтового отделения. Добивался хороших показателей. Был уважаемым человеком в селе и районе, был награжден орденом Трудового Красного Знамени. После тяжелой болезни ушел из жизни в 1969 году.

## МОЯ РОДОСЛОВНАЯ

Я, **Таранова Раиса Иосифовна**, являюсь дочерью Клянчина Иосифа Ивановича и Анны Никитичны. Родилась 27 сентября 1941 года. С 1960 года по воле судьбы живу в Кыргызстане, в Караколе - с 1961 года. О войне знаю в основном по рассказам родителей, дядей. Но помню, как мама получила похоронку на папу. Она плакала и мне было её жаль. Но позже мама получила письмо от папы с фронта, к счастью, он тогда остался жив. Просто был ранен и лечил-

ся в госпитале.

Маме было трудно, с ней жили родители папы. Дедушка с бабушкой в годы войны ушли из жизни. Маме приходилось одной воспитывать нас с братом, работать в колхозе. Первым с войны вернулся дядя Федор Иванович с тяжелым ранением в голову. А какая радость была для нашей семьи, когда в мае 1946 года приехал наш папа. Ведь я его не знала и брат забыл за 5 лет. В общем, мы заново знакомились с папой и дядями-Клянчиным Василием и Федором Ивановичами. Бывшие фронтовики занимались восстановлением народного хозяйства. Трое из наших родственников погибли и пропали без вести. О них я знаю по рассказам родителей. Это Думанов-Киселөв Н.Г., мой дед Клянчин Михаил Иванович, Третьяков Андрей. Они погибли. Здесь в Караколе мы вели розыскную работу по учёту всех участников войны, оставшихся в живых. А теперь появилась возможность рассказать о своих родных, которые всегда жили в России. Я горжусь тем, что мои родные, как и миллионы других, воевали и отдали жизни за нашу страну, её будущее.

**Клянчин Василий Иванович,** 1925 года рождения. Родился в с. Николаевское, Омской области. Учился в школе. Закончил водительские курсы. И в 17 лет ушел на фронт. Прошел войну водителем. Был в Венгрии, дошел до Берлина, получил ранения, выжил. Демобилизовался в 1947 году. Имел награды: «За боевые заслуги», «За победу над Германией» и др.



После войны работал в потребсоюзе. Имел семью: жену и двоих детей. Пользовался большим уважением в селе и районе. Ушел из жизни в 1997 году.



**Клянчин Михаил Иванович,** 1918 года рождения. До войны работал в колхозе водителем. На фронт был призван Тюкалинским РВК в первые дни войны. Воевал на Орлово-Курской дуге. Там и пропал без вести. Его фамилия высечена на обелиске в своем родном селе Никольское Омской области. Мы пытались разыскать сведения о нем, но

все напрасно. В Тюкалинском РВК значится, как пропавший без вести.



**Клянчин Федор Иванович,** 1923 года рождения. Работал до войны в колхозе. Закончил бухгалтерские курсы. В первые дни войны был призван Тюкалинским РВК на фронт. Где воевал, какие были награды, не знаю. Документы не сохранились. Но был ранен два раза: в ногу и голову. Из-за ранения в голову был демобилизован до окончания войны. В селе работал бухгалтером, затем перевелся в лесхоз по состоянию здоровья. Был женат. Детей не было. Ушел из жизни после тяжелой болезни в 1976 году.



**Думанов - Киселёв Никита Герасимович,** 1896 года рождения. Мой дед по материнской линии. Родился и вырос в с.Никольское Омской области. Когда началась война, у него было уже 7 детей. Призван на фронт в конце 1941 года. Воевал на Ленинградском фронте, там и погиб. Захоронен деревне Кузьминки в братской могиле, с 1600 товарищами по оружию.



**Третьяков Андрей Кириллович**, 1923 года рождения. До войны учился в ФЗУ. Затем работал на Ишинской железной дороге. Призван на фронт в 1941 году. Где воевал, не известно. Погиб, была похоронка. Сейчас никого из близких нет в живых. Это мой дядя. Знаю о нем по рассказам. В селе на обелиске есть его фамилия.



**Дулганова Мария Тимофеевна**, моя бабушка, 1900 года рождения. Семья большая. Работала птичницей в колхозе. Дети ей помогали ухаживать за птицей. Дедушка погиб на фронте. Все заботы легли на плечи бабушки. Надо было воспитывать детей. После

войны бабушку наградили медалью «За доблестный труд в ВОВ 1941-45 гг.».



**Клянчина Анна Никитична**, 1919 года рождения. Родилась и выросла в с.Никольское Омской области. В семье было 7 детей, мама-старшая из них. Ей приходилось нянчить младших братьев и сестер. Параллельно с этим работала в колхозе в летнюю пору на сенокосе, на уборке картофеля. В 1938 году вышла замуж.

Через 8 месяцев папу призвали в Армию. Служил до середины декабря 1940 года. Сын родился без отца (через месяц, как папа служить ушел). В декабре 1940 года папа вернулся из Армии. Стало легче вместе жить. В июне 1941 года папу призвали на фронт. Через месяц родился я. Мама работала: днем выхаживала телят, ночью пряла пряжу, вязала носки, варежки, готовила посылки, писала добрые письма воинам на фронт. Как и всем женүинам в селе, приходилось делать и мужскую работу: убирала хлеб, косила сено,вручную заготавливала дрова в лесу, вывозила на санях. Папа вернулся с фронта в мае 1946 года. Мы с братом подросли. Помогали уже взрослым на поле, собирали колоски, картошку. А весной перебирали в хранилище овощи. В 1947 году маму наградили медалью «За доблестный труд в ВОВ 1941-45 гг.». Имела она юбилейные медали.

**ТАРАНОВА Раиса Иосифовна,**
**ветеран труда.**

# ОКУУ КИТЕБИНИН АВТОРУ БОЛГОН

Токоев Касымбай 1912-жылы Бөрү-Баш айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

Ал мугалимдердин эки айлык курсун бүткөндөн кийин 1930-жылы Каракол районундагы Челпек айлында башталгыч мектепте мугалим болуп иштеген.

1933-жылы Пржевальск районундагы Ичке-Жергез жети жылдык



мектебинде мугалим, андан кийин окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген.

1941-жылы Сары-Камыш орто мектебине кыргыз тили адабияты сабагынын мугалими жана директорлук кызматка которулган жана ушул эле мектепке 23 жыл бою, башкача айтканда 1964-жылга чейин директор болуп эмгектенген. 1964-жылы Бөрү-Баш сегиз жылдык мектебине директор болуп которулган. 1946-50-жылдары Фрунзе шаарындагы Кыргыз мамлекеттик пединституттун филология факультетин сырттан окуп бүтүргөн. Касымбай агай учурунда 1960-1962-жылдары кыргыз мектептери үчүн «Кыргыз тилинин окуу китеби» окуу китебинин автору болгон. Мугалимдик иштеги эмгегин жогору баалап өкмөт аны ордендер жана медалдар менен сыйлаган.

1945-жылы «Эл агартуунун отличнигине» көрсөтүлсө, 1946-жылы «Эмгектеги артыкчылыгы», 1949-жылы «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалдары тапшырылган.

1950-жылы «Ардак Белгиси» орденин алган. 1953-жылы «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими» ардактуу наамын жана 1960-жылы «Ленин» орденин алган.

Токоев Касымбай 1968-жылы 2-майда узак оорудан кийин каза болгон.

**Анарбек ТОКОЕВ, баласы.**

# ДАЙЫНСЫЗ ЖООКЕРДИН ЭРДИГИ

Азыркы Түп районуна караштуу Тасма айыл өкмөтүнүн аймагында өткөн кылымдын жыйырманчы, отузунчу жылдарында төрт айыл болгон. Токтоян айылына жакын жерде Чоң-Тогузбай деген чакан айыл жайгашкан. Ал жерде жашаган адамдар негизинен мал чарбасы менен эмгек кылышкан. 1930-жылдары колхоздор уюшулуп жаткан мезгилде бул төрт айыл да Тасма айыл өкмөтүнүн



карамагына киришкен. Чоң-Тогузбайда негизинен бир атанын балдары жайгашкан. Ошол жерде эл башкарган Токторбай деген адам жашап, анын Ыманкул аттуу баласынан 1923-жылы эркек бала төрөлүп, анын атын Сулайман коюшат. Ал чоң атасы Токторбайдын колунда тарбияланып, Тасма жети жылдык мектебинин биринчи классына барганда фамилиясын Токторбаев деп жазышкан.

Токторбаев Сулайман 7-классты Тасма жети жылдык мектебинен бүтүргөндөн кийин, Талды-Суу орто мектебине окууга келип, анда 8-10-классты 1941-жылы бүтүргөн. Талды-Суу мектебинин алдында уюшулган мектеп интернатында Тасма, Арал, Долон айлынын балдары окушуп, билим алышкан. Чоң-Тогузбай айылынан Абийиров Асамбай, Бекбоев Мукай деген балдар да окуп, 1941-жылы онунчу классты бүтүрүшүп, айылдарына эмгек жолун баштоого кетишкен.

Токторбаев Сулайман 1942-жылга чейин өз айылында колхоздо жумушчу болуп эмгектенип, ошол жылдын март айында Кызыл армиянын катарына аскер кызматына Түп райондук аскер комиссариаты тарабынан чакырылып, Ата Мекендик согушка өз айылдаштары менен бирге Талды-Суу айылынан узап кеткен. Согуштун алааматында 2-Украина фронтунун 69-аткычтар гвардиялык дивизиясында, штабда комендanttык ротада кызматын өтөгөн. 1944-жылдын 14-мартында Советтик Армия бүткүл «Батыш фронту» боюнча душмандын армиясын Украинанын аймагынан тазалоо максатында чабуулга өткөн кези. Ошол учурдагы салгылашуулардын биринде Токторбаев Сулаймандын ротасы да душман менен кандуу кармашууга учурайт. Баатырдык менен салгылашып, өзүнүн ротасынын солдаттары менен чогуу Украинанын Одесса областынын Гвардейский районунун Могильное айылын бошотуп, ал жердеги салгылашууда, катардагы жоокер Токторбаев Сулайман баатырдык менен курман болгон. Салгылашуу аяктагандан кийин кандуу кар-

машууда баатырдык менен курман болгон жоокерлер ошол айылдын четиндеги көрүстөнгө коюлган. Согуш аяктаганы ал баатыр жоокерлерге, түбөлүк эстелик орнотулган.

Өз мекенинде баласын зарлап, согуштан күткөн ата-эне, өмүрүнүн акырына чейин баласынын согушта каза болгонуна ишенбей, душмандын колуна түшүп, учурда чет элде үйлөнүп-жайланып, бала-бакырасы менен жашап жүрөт деген кеп-сөзгө ишенип, үмүт менен жашап, акыры түңүлбөстөн көз жумушкан.

Токторбаев Сулаймандын жана бир топ жашы он сегизге чыгып, чыкпаган уландардын жаркын элестери, аскерге айылдаштары менен узап жатканы, ушул күнгө чейин эсинен кетпегени, ата-энесинин зарлап калганына күбө болгон Каракол шаарынын ардагерлер Кеңешинин төрайымы Орозбаева Салима Орозбаевна экерип, талбай издөөгө салып жатып, «дайынсыз жоокердин» баатырдык менен каза болгон жерин таап, ушул китепке түбөлүккө, киргизип жатат. Ата Мекендик согушта курман болгон жердештерибиздин бардыгына түбөлүк даңк!

Кайрылуу катары: «дайынсыз жоокер» аталып калган үй бүлөлөрдүн укум-тукумдары аталарын издөөгө салып, таап, маркумдарды эскерип, даңазалоого милдеттүү деп эсептеймин.

**Нурбек МОКЕШОВ,**
**жээни.**

## АТАБЫЗ МЕНЕН СЫЙМЫКТАНАБЫЗ

**Жамандыкка барбаган.**
**Калыстыктан тайбаган.**
**Молдоусуптун сөзү деп.**
**Азыр да айтып тамшанган.**

Токомбаев Молдоусуп 1900-жылы Акчийде (азыркы Маман айлы, Ак-Суу районунда төрөлгөн). 1916-жылдагы кыргыз көтөрүлүшүндө ата-энеси жана бир тууганы менен Кытайга барган. Октябрь Революциясынын кийин кайра Ысык-Көлгө ата-энеси, бир туугандары менен өз мекенине кайтышкан.



1930-жылдан 1946-жылга чейин милициянын аппаратында (участковый милиционерден, начальниктин орун басарына чейин) иштеп, ден соолугуна байланыштуу бошотулат.

1947-жылы элдин талабы менен Октябрь (Маман) селолук советинин председательдигине шайланат.

Экономикалык жактан артта калган «Жаңы жылдыз» (Маман айылы) колхозунун экономикалык маданий жактан көтөрүүдө колхоздун башкармасы Түлөбердиев Окен жана Молдоусуп экөөнүн уюштуруучулук жөндөмүнүн негизинде «Жаңы жылдыз» колхозу Ысык-Көл областы боюнча гана эмес кыргыз республикасынын алдынкы чарбаларынын катарына кирген. Жыйынтыгында «Жаңы-Жылдыз» колхозунун башкармасы Түлебердиев Океш «Социалисттик Эмгектин Баатыры» наамына татыктуу болгон.

Токомбаев Молдоусуп Октябрь сельсоветине (ирилешкен айылдардын–Маман, Жолголот, Жаңы–Арык, Үч-Кайнар, Отуз-Уул) председатель, Ысык-Көл областтык Советинин депутаты болуп шайланган жана ар кандай медалдар, Ардак грамоталар менен сыйланган. 1976-жылы каза болгон. Маман айлынын негизги көчөлөрүнүн бирине Молдоусуп атанын аты ыйгарылган.

Анын балдары: -Кыдырмыш, 1933–жылы туулган.. 1957-жылы Кыргыз мединститутун бүтүрүп, ишин Чоң-Алай райондук (Ош областынын) башкы дарыгери жана хирург болуу менен баштаган. 1959-1961-жылдары И. К. Ахунбаевдин клиникасында хирургия боюнча клиникалык ординатураны бүтүрүп, Ысык-Көл районунда башкы дарыгер жана хирургия бөлүмүнүн башчысы (1961-1980), Ысык-Көл областтык ооруканасынын хирургия бөлүмүнүн башчысы (1980-1985), Ысык-Көл областтык онкодиспансеринин башкы дарыгери (1985-1997), 1997-жылдан тартып пенсионер.

-Кыдыралы, (1936-1992) Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика факультетин бүтүргөн, «Ысык-Көл правдасы» газета-

сында кабарчы болуп иштеген.

-Эсеналы, (1940-1989)–Кыргыз мамлекеттик мединститутун бүтүргөн, врач дарыгер, советтик аскер врачы болуп Германияда, Казакстанда, Кыргызстанда иштеген.

-Рысалы, (1942-2005) Кыргыз мамлекеттик университетинин экономика факультетин бүтүргөн. Колхоздордо, совхоздордо жана башка айыл чарба мекемелерде башкы экономист болуп иштеген.

**Кыдырмыш МОЛДОУСУПОВ, уулу.**

# ЭЛ ЭМГЕКТЕН ЭСКЕРЕТ



Турдукеев Азиз 1913-жылы Ысык-Көл областына караштуу Түп районундагы Миң-Булак айылында колунда бар, үй-турмушу жакшы үй-бүлөдө туулган. Эс тартып чоңойуп калган кезинде атасы Турдуке Каракол шаарындагы педагогикалык мектептен окутат. Окуусун бүткөндөн кийин Арал айылындагы мектепте мугалим болуп иштейт. Аралда иштеп турган кезинде Советтик Армиянын катарына чакырылып, ал Ташкент шаарындагы пехота (мотострелковый) окуу жайын бүтүрөт.

Окуу жайын бүтүрүп келген соң Рыбачье шаарында аскерлерди даярдоо курсунда жетекчи болуп иштеп туруп, НКВДнын (народный комиссариат внутренних дел) тышкы чалгындоо (внешняя разведка) бөлүмүндө, Иран мамлекетинде командачылык аскер кызматын өтөйт. Аскердик наамы Советтик Армиянын капитаны. Иран мамлекетинде командачы болуп жүргөндө Кыргызстандан барган аскер балдарга чоң жардам кылган. Аларды тамак-аш, кийим-кече менен камсыз кылып Мекенине кайтып

келүүсүнө көмөк көрсөткөн. Алардын айтуусунда Турдукеев Азиз Мекенин жан дили менен сүйгөн, элдердин биримдигин бекем сактаган, өз ишин так аткарган, кыргыздын чыгаан инсаны экендигин тастыкташкан.

Кайтып Кыргызстанга келгенден кийин советтик партиялык мектепти бүтүрөт. 1940-жылы «Саз» башталгыч мектебинин директору болуп иштейт. 1942-жылы Нарын областынын партиянын Ак-Талаа райондук комитетинин пропагандисти болуп эмгектенет. 1944- жылы партиянын Талды-Суу райондук комитетинин пропаганда жана агитация бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенет. 1951-жылы Ысык-Көл областынын Талды-Суу райондук айыл чарба бөлүмүндө жетекчи болуп иштейт. 1953-жылы 1-январда партиянын Ысык-Көл райондук комитетинин 2-секретары, 1954-жылы Түп районундагы "Орджоникидзе" колхозунун башкармалыгынын председатели болуп эмгектенет. КПСС Борбордук Комитетинин 1951-жылкы Пленумунун чечимине ылайык «Отуз миңинчи коммунист» деп 1954-жылы эң акыркы орунда калган чарбага Түп районундагы Талды-Суу айылына "Орджоникидзе" колхозунун башкармалыгынын председатели болуп дайындалат. Кийинчереек ал чарба райондун эмес, областын алдыңкы чарбаларына айланат.

1961-жылы 10-январда Түп районундагы "XXII партсъезд" колхозунун башкармалыгынын председатели болгон. 1965-жылы Советтер Союзунун Баатыры Сидор Артемьевич Ковпак жана Орто Азия Борбордук Аскер округунун командачысы, генерал-полковник Ляшенко бул колхозго келип, председатели Азиз Турдукеевге КСАВОнун Грамотасын жана баалуу белегин тапшырышкан.

1967-жылы ал оорусуна байланыштуу ардактуу эс алууга чыгып, бирок дагы эле Арал айылдык Советинин председатели болуп шайланган. Бул кызматта өмүрүнүн акырына, 1970-жылдын 27-апрелине чейин эмгектенди.

Уюштургуч, эл жүгүн биринчи орунга койе билген атабыз мамлекет тарабынан "Эмгек Кызыл Туу" жана "Ардак Белгиси" ордендери, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы жана көптөгөн медаль, грамоталар менен сыйланган.

Атабыздын талыкпай эмгектенген жылдарын эске алып Кыргыз ССР Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитети персоналдык пенсияга «Волга М-21» автомашинасын белекке берүү менен узатышкан.

Энебиз Ормонбекова Шакен катардагы сатуучудан сельпонунун председателдигине чейинки жолду басып, 1969-жылы дүйнөдөн кайткан.

Адамдын элге кылган жакшылыгы эч качан унутта калбайт демекчи учурда атабыздын атын өзү туулуп өскөн айылы Мин-Булактын бир көчөсүнө беришкен.

**Шайлообек ТУРДУКЕЕВ,**
**баласы.**

# СВЕТЛАЯ ПАМЯТЬ ОБ ОТЦЕ



Турдубеков Омурбек родился в 1922 году в селе Мин-Булак Тюпского района, в семье крестьянина-батрака. Детство прошло в нелегкие годы коллективизации всей страны. С малых лет прошел через нелегкие для всего советского народа тяготы сельской жизни. Пахал, сеял, дни и ночи мальцом проводил за плугом, вырос на колхозном поле.

Получил в родном селе семиклассное образование. В 1940-1941 годах обучался в учкомбинате города Пржевальск, где получил специальность «бухгалтер колхозов». В 1941-1942-годах работал бухгалтером в родном колхозе «Мин-Булак».

1942 году был призван в ряды Красной Армии, участвовал во многих боях в составе артиллерийского батальона на Белорусском фронте. В составе своего батальона героически воевал на Курской Дуге, там же в одном из ожесточенных боев с неравными силами противника, выполняя приказ командования и удерживая стратеги-

чески важный район, был тяжело ранен. Лечился в госпитале в городе Иркутске, поправив здоровье, вновь вернулся в свою часть и до Победы героически сражался с врагами, освобождая от фашистов народы Европы, а также участвовал в боях за взятие Берлина. Был награжден медалью «За отвагу», также лично был отмечен листом благодарности приказом Верховного Главнокомандующего Маршала Советского Союза товарища Сталина.

В 1947 году, демобилизовавшись из рядов Советской Армии, вернулся в родное село, где выполнял обязанности бухгалтера в колхозе «Мин-Булак», а затем председателя колхоза. В нелегкое послевоенное время пришлось вместе с сельчанами поднимать экономику и социальную жизнь своего колхоза. В 1949-1950 годы был слушателем шестимесячных курсов по переподготовке председателей колхозов в городе Фрунзе (Бишкек).

После окончания курсов вернулся в колхоз «Мин-Булак» на прежнюю руководящую должность, а через два года был назначен председателем колхоза имени Никиты Сергеевича Хрущева Талды-Суйского района. После работал бригадиром строительной бригады колхоза имени Хрущева, заместителем председателя колхоза «Кызыл -Туу» Тюпского района.

В 1960–1970 годы работал председателем ревизионной комиссии колхоза «XXII партсьезд» села Мин-Булак. В 1970-1979 годы был председателем совхоза. В 1979-1985 годы работал заведующим овцеводческой фермой, в 1986-1992 годы до пенсии был заведующим складом.

Был членом КПСС с 1946 года. Имя Турдубекова Омурбека навсегда вписано в когорту лучших хозяйственников-руководителей Тюпского района Иссык-Кульской области, внесших весомый вклад в развитие экономики колхозов, совхозов, сельского хозяйства страны.

Вырастил дочь и двух сыновей, которые по стопам отца добросовестно работают в разных отраслях хозяйства.

Турдубаев Омурбек скончался в 2004 году на 82-м году жизни в родном селе Мин-Булак Тюпского района.

Светлая память о Турдубаеве Омурбеке навсегда сохранится в

сердцах родственников, односельчан, знавших его людей, детей и внуков.

**Тилек ТУРДУБЕКОВ,**
**сын, фермер.**

# ТУБАСА ЖЕТЕКЧИ БОЛЧУ

Азыркы күнгө чейин эл арасында атам жөнүндө, адамдар менен тил табыша билген, өтө уюштургуч адам эле деген кептер айтылып жүргөндүгүн көп угам.

Ошондой адамдын баласы болуп калганыма сыймыктанамын. Атам Түлөбердиев Океш 1904-жылы Тоң районундагы Ак-Өлөң айылында туулган. Пржевальск (Каракол) шаарында өнөр-жай ишканаларында жумушчу болуп иштеп, жаштайынан эмгекке бышат.

1932-жылы партиянын катарына кабыл алынып, согуш башталганга чейин Ак-Суу районундагы Зындан айыл кеңешинин аткомунун төрагасы болуп иштейт.

1941-жылы Кызыл Армиянын катарына кызмат өтөөгө чакырылып, Улуу Ата Мекендик согушта 1943-жылга чейин болуп, эчен



кандуу кармаштарга катышат. Согуштан аман келип Ак-Суу районундагы Октябрь айыл кеңешинин аткомунун, андан кийин «Жаңы-Жылдыз» колхозунун башкармасынын төрагасы болуп иштөө менен колхоз өндүрүшүн уюштуруп, аны жолго салууга, чарбалардын экономикасын чыңдоого, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн, малдын саны менен продуктуулугун жогорулатууга, айыл элинин жашоо-турмушун жакшыртууга олуттуу салымын кошкон.

Карапайым, өз ишин билген, билимдүү жетекчилерден кем калбаса да ашыра, катыра аткарган жетекчинин башынан өткөргөн, бир олуттуу окуя эл арасында айтылып калат. 1959-жылдары «Советтик Кыргызстан» газетасынын башкы редактору, Кыргызстан ЦК КПнын бюросунун мүчөсү Суванбердиев баштаган бир топ жетекчилер, адатынча чарбаларды текшерип, кыдырып жүрүп, Түлөбердиев Океш жетектеген чарбага туш келишет. Контордон жетекчини таба албаган топ, чарба аралап барып, тамактанып бүтүп, боз үйдөн чыга берген атам Суванбердиев менен сүзүшүп калат. Кимдин-ким экенине көңүл бурбаган башкарма, биз келдик,- дегендерге, - мен лесхозго кеттим, - деп жооп кайтарып, келген конокторго көңүл бурбай, аларды тиешелүү каадада тосуп албастан, өз иши менен чарбасына кетип калат. Мындай мазакага шагы сынган Суванбердиев, Борборго бараары менен Түлөбердиевди чарбасына жана жеке өзүнө катуу текшерүүнү уюштуруп, жиберет. Анын артынан түшкөн партократтын камчысы, анын шорун кайнатат. Акыры аягы жакшы кишилердин кийлигишүүсү менен ал окуядан кутулуп чыгат. - Ой, тобоо, мен ушул кишинин Суванбердиев экендигин билгенде, башкача мамиле кылбайт белем, - деп калчу атабыз. Карапайым, чынчыл, кошоматты билбеген, жетекчилер менен деле көп иши жок жетекчинин башына ушундай да окуялар туш келген.

Бирок, ак эмгек өз баасын алып, 1957-жылы «Социалистик Эмгектин Баатыры» эң жогорку наамга татыктуу болот, андан кийин ага эки «Ленин» ордени, көптөгөн медалдар, Ардак грамоталар кошулат.

Ак эмгеги менен улуулардын урматына, кичүүлөрдүн сыйына ээ болгон атабыз күүлү-күчтөн тайый элек чагында 1972-жылы

★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★

дүйнөдөн кайткан. Бирок атабыз ак ниет, асыл иштери менен өзүнө өчпөс-өлбөс эстелик тургузуп кетти. Өзү жашап өткөн айылдын жана Каракол шаарынын көчөлөрүнө атабыздын ысымы берилген.

**Балдары.**

## АРДАГЕР - АТАСЫ ЖӨНҮНДӨ



Менин чоң атам Түлөбайдын төрт уулу болгон; Токтонаалы, Жаманак, Бегаалы жана Асанаалы. Менин атам Түлөбаев Бегаалы, апам Жоошпаева Шалый, Покровка районунун Саруу айылындагы Орток колхозунда колхозчу болуп иштеп турушканда гитлердик фашисттер Советтер Союзуна кол салышкан. Ошол учурда атам Бегаалы 31де, апам Шалый 27де болушкан экен. Алар төрт балалуу болушкан. Жумашы 1931-жылы, Зыйнашы 1935-жылы, Жумабек 1939- жылы, Какен 1941-жылдары туулушкан.

Атам Бегаалы 1941-жылдын июль айларында аскерге чакыртылган. Ал жакта «талма» оорусуна чалдыгып, 1942-жылдын январь айында демобилизацияланган. Бирок, ошол эле жылдын октябрь айында кайра армияга чакыртылып, экинчи жолу Сталинград фронтунун 64-чү армиясына жиберилет.

1942- жылдын ноябрь айында Сталинград курчоодо калганда, немецтерге чабуулга өтүш үчүн «доброволецтер» даярдалган, эл үчүн өзүн тобокелге салып ошол отрядга кеткен. Ошол учурда бөлүктө чогуу болгон Бейше деген теңтушу: -«Бегаалы сен өзүңдү эмнеге курмандыкка чалып жатасың, барба, бул жерде чогуу эле бололу» - десе болгон эмес. Бул сөздү уккан айылдаш курбулары согуштан аман келишип кийин кайтыш болушкан.

Менин атам Бегаалы ошол чабуулга өз ыктыяры менен барып, Сталинградды коргоодо чабуулга өткөндө окко учураган. Атамдын

өз эрки менен октон коркпой чабуулга кетип каза болгону - эрдик. Ошондон улам райондук аскер комиссариатына кат жөнөтүп, атамдын дарегин сураган элем. Алардын жообун да кошо тиркедим.

**Исп. Вх. №278**

**ПРОКУРОРУ ДЖЕТЫ-ОГУЗСКОГО РАЙОНА**

**с. Покровка На №343**

**Сообщаю, что по архивной книге № 35 регистрации извещений рядового и сержантского состава учтенных погибших и без вести пропавших значится рядовой ТЕЛЕМБАЕВ Бегалы.**

**Из бюро потерь в Джеты-Огузский РВК поступило извещение 12.11.1949 г. и извещение получено дочерью 14.11. 1949 г.**

**Джеты-Огузский райвоенком**

**полковник К. ИЛИПОВ.**

**Исп.Шумаев**

Жети-Өгүз районунун, Саруу айылынын Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондордун тизмегинде менин атамдын да аты катталган. Атамдын иниси Асанаалы да согуш майданында болуп аман-эсен келип кийин кайтыш болду. Аталардын кан төгүп жетишкен жеңиши ар кимибиздин эсибизден кетпейт. Алардын элеси түбөлүктүү.

Мен 1958-жылы Пржевальск (азыркы Каракол) шаарындагы Киров орто мектебин аяктагандан кийин Кыргыз Мамлекеттик университетинин юридика факультетине тапшырып, ал окуу жайын 1963-жылы бүтүрдүм.

Ошондон бери өз кесибим боюнча кызмат аркалап Нарын областтык прокуратурасынын тергөө бөлүмүндө он жыл, андан кийин он жыл Тогуз-Торо районунун прокурору болуп эмгектендим. Андан кийин Ысык-Көл областынын прокурорунун жардамчысы болуп 18 жыл иштеп жүрүп, ардактуу эс алууга чыктым. 1981 жылы «Ардак белгиси» ордени менен сыйландым.

Менин атам жеке керт башынын кызыкчылыгын ойлобой

адамдык бийик аброюн журт кызыкчылыгы үчүн жумшап окко учкан. Ошондуктан учурда өзүм ардагер болсом дагы атам менен ар дайым сыймыктанам.

**Какен БЕГАЛИЕВА,**
**кызы, ардагер.**

# ЖИЛ И ТРУДИЛСЯ НА БЛАГО ОБЛАСТИ



Урмамбетов Молдогазы родился в 1913 году в селе Темировка Иссык-Кульской области. В 1937 году окончил с отличием рабфак в городе Фрунзе. В 1937-1939 годы работал учителем средней школы в Алайском районе Ошской области. В 1939 году был участником первой декады Кыргызской ССР в городе Москве. В 1939 -1941 годы работал учителем средней школы села Талды-Суу Тюпского района. В 1941 году был призван в ряды Красной Армии. В годы Великой Отечественной войны воевал на Прибалтийском фронте, был командиром разведывательного взвода в звании лейтенанта. В 1944 году был тяжело ранен, после госпиталя был отправлен в тыл.

В 1944 - 1945 годы работал председателем Ак-Суйского райисполкома. С осени 1945 по 1947 год - слушатель партийной школы города Фрунзе. В 1947-1949 годы - второй секретарь Джумгальского района Нарынской области.

В 1949 -1953 годы - завотделом Нарынского обкома партии. В 1953 -1957 годы - председатель комитета социального обеспечения Иссык-Кульской области. В 1957-1959 годы работал председателем райисполкома и вторым секретарем Тонского райкома партии. В 1959 -1970 годы - председатель колхоза им. Ленина села Темировка. Во время его работы председателем колхоз занимал вторые и третьи

места в республике по показателям сельскохозяйственного производства.

Также в селе Темировка были построены Дом культуры и сельская больница, проведен водопровод. Большое внимание уделял благоустройству и быту животноводов, обеспечил их кошары и животноводческие дома электричеством, водой и т.д. В 1970 - 1972 годы - председатель республиканского комитета по туризму и экскурсиям, большой вклад внес в развитие туризма и процветание здравниц в Иссык-Кульской области, которые по сегодняшний день в действии.

Являлся персональным пенсионером республиканского значения. Почетный житель села Темировка. Награжден орденом «Знак почета», медалями «За трудовую доблесть», «За боевые заслуги», «За трудовое отличие» и т.д. Удостоен Почетной грамоты Совета Министров Кыргызской ССР и Республиканского Совета профсоюзов Кыргызской ССР, Почетной грамоты Министерства образования и профсоюза работников образования Кыргызской ССР.

Урмамбетов Молдогазы ушел из жизни в 1972 году. Его жена Шукурбаева Шарый родилась в 1922 году в селе Талды - Суу Тюпского района. Окончила педагогический институт. Работала учительницей средних школ в селах Темировка, Теплоключенка, Чаек и городах Пржевальск, Нарын, Фрунзе. В 1967 году была удостоена звания «Заслуженный учитель Кыргызской ССР».

**УРМАМБЕТОВ Бакыт Молдогазиевич,**
**сын, профессор АУЦА.**

# АКТИВНЫЙ ТРУЖЕНИК ТЫЛА

Как известно у каждой фамилии имеется своя история, и сохранение сведений о возникновении своей фамилии, знание своего рода и является духовной частью фамильной ценности. И я, как полноправный член Урсеитовых, считаю своим долгом передавать сведения о своих предках подрастающему поколению.

История становления фамилии Урсеитовых началась еще в дале-

ком XIX веке, с моего дедушки, которого звали Кубат уулу Урсеит, что в переводе означает Урсеит сын Кубата. Урсеит в совместном браке с Кенже вырастили пятерых детей, младшим сыном был мой отец Урсеитов Аман, родившийся 27 августа 1924 года в родном селе Талды-Суу Тюпского района Иссык-Кульской области.



Все братья и сестры отца прожили счастливые, но в то же время интересные годы жизни. Судите сами: старшая сестра Урсеитова Карачач, по взаимной любви и с согласия родителей вышла замуж за Илипаева. В семейной жизни она следовала примеру своих родителей, родила и воспитала пятерых детей: Анипу, Загиру, Бурмаш, Кадыра, Жумагуль. Урсеитова Азима по воле судьбы жила в Казахстане, в Алма-Атинской области в селе "Жанылаш". Брат отца Урсеитов Каракуш создал семью с Сүйөркан, которые как уже было принято в семье, тоже вырастили пятерых детей: Султай, Алтынжан, Сүйүндүк, Атыркуль, Жыпаркуль. Урсеитов Мусажан создал интернациональную семью, на этот выбор, наверное, повлияли слова дедушки, которые очень часто цитировал и мой отец: "Не говори о человеке, посмотрев на него, скажи кто он, поговорив с ним". Жена у Мусажана была русская, которая взяла фамилию своего супруга — Урсеитова Дуся. В совместном браке они воспитали дочь - Марусю.

И как уже было сказано выше, младшим рос мой отец. Встреча отца и матери была, как говорится, ниспослана свыше. На примере моих родителей люди верили в силу любви с первого взгляда. Мама Шаршенбиева Рысбала родом с Казахстана, в Тюп приехала с кон-

цертом, как раньше было принято, концерт проходил на импровизированной сцене. Один из таких концертов посетил и мой отец, где и увидел длинноволосую девушку-казашку и влюбился. И так как воспитание отца заставляло сначала получить согласие родителей, он снарядив коня через горы отправился на родину понравившейся ему девушки. Родители мамы отца встретили хорошо и дали своё согласие на свадьбу. Плодами родительской любви, для которых главной ценностью была семья, явились 14 детей, выросших дружной сплоченной семьёй: это Советкан, Бекбосун, Каликан, Зуура, Зууракан, Тамара, Жолдошбек, Дамира, Эмиль, Эрмек, Кубанычбек, Болотбек, Талайбек, Жылдыз. Молодость братьев и сестер отца прошла в военные годы, когда все силы были брошены на фронт. Два старших брата Каракуш и Мусажан ушли на фронт. Каракуш волею судьбы попал в легендарную Панфиловскую дивизию, которая формировалась из числа призывников Кыргызстана и Казахстана. В 1942 году попал в плен к фашистам, где по истечении некоторого времени совместно с сослуживцем устроил побег. После чего он вновь вступил в ряды Красной армии. В 1943 году был тяжело ранен и госпитализирован.

Мусажан на фронт пошел также в 1941 году. Участвовал в боях на подступах к Берлину, где и получил многочисленные ранения. Был награжден медалями "За отвагу", "За боевые заслуги".

Отец Урсеитов Аман совместно с братьями хотел также выполнить свой гражданский долг, но возраст не позволил ему вступить в ряды Красной Армии. Дедушка умер, когда отцу было 14 лет, бабушка была уже стара. И так как братья с оружием в руках заүиүали Родину, отец остался единственным кормильцем и был вынужден переехать в совхоз «Санташ», где и начал свою трудовую деятельность.

Отец одновременно выполнял функции кормильца и активного труженика тыла, и только после победы Советского Союза над фашистскими оккупантами решил жениться. Но и после создания семьи отец остался работать в родном совхозе «Санташ», где за добросовестный труд дослужился до главного инженера совхоза.

Отец написал следующие стихи, вспоминая родное село:

**Атамдын тиккен тереги,**
**Бар экен элге кереги.**
**Баратсам көчө аралап,**
**Балкытып кетти денени.**

**Эки терек, эски там,**
**Эстетти өткөн күндөрдү.**
**Басалбай калдым калтырап,**
**Бала чак ойноп жүргөндү.**

В любви и согласии Аман и Рысбала родили и воспитали 14 детей, которые выросли на примере своих родителей, с учетом высоких моральных ценностей. Все дети являются достойным продолжением своего рода, получили образование и работают на благо Кыргызской Республики по следующим специальностям: учителя, врачи, милиционер, инженер, строитель, плотник, фармацевт, экономист, электромонтер.

Братья и сестры создали свои семьи и продолжают воспитывать своих детей на тех же моральных устоях, которые вложили в нас родители. Дочь: Урсеитова Калиман Амановна - заслуженный работник образования Кыргызской Республики, отличник образования, директор специализированной школы -интерната для слепых и слабовидящих детей, координатор Кыргызско-Кувейтского общественного фонда «Зеленый колос». Сын - Урсеитов Жолдошбек Аманович - кандидат в мастера спорта по классической борьбе, участник и призер многих Всесоюзных турниров по данному виду спорта.

**УРСЕИТОВ,**
**сын.**

## БИЗДИН КЕЛЕЧЕГИБИЗДИ ОЙЛОГОН

Тарыхты барактап окуп отурсаң дүйнөдө көп согуштар болгон. Бирок 1941-1945-жылкы Улуу Ата Мекендик согуштай согуш болбосо керек, болсо да өтө сейрек учурайт. Согуштун бүткөнүнө



65 жылдан ашуун убакыт өттү, ошого карабастан ушул күнгө чейин ар бир адамдын жүрөгүндө согуш деген кара так жоголбой келе жатат. Мен согуш бүткөндөн кийин төрөлгөмүн, ошого карабастан менин жүрөгүмдө ошол кара так пайда болуп дайыма согушта курман болгондордун эстелигине таазим кыламын. Ошол каардуу согушта биздин чоң атабыз Кубат, Сейитказынын балдары да армияга алынды. Сейитказынын Айбаш, Калчанбай, Жалгасын аттуу балдары да алынган. Айбаш атам согуштан аман-эсен келген. Калчанбай, Жалгасын аталарыбыз дайынсыз жок болду. Менин атамдын эки агасы Каракуш, Мусажан Урсеитовдор катышып оор жарадар болгондон кийин айылына келген.

Каракуш атам кийин 1942-жылы армияга чакырылып, Сталинград багытындагы согушка катышкан. Ал эми Мусажан атам 20 жашында 1931 - жылы жаш совет өкмөтүнө басмачылар жана тышкы душмандар кол салганына байланыштуу Түркмөнстандын Кушка шаарында кыска мөөнөттүү командирлерди даярдоо курсунда окуп, жөнөкөй солдаттан взводдун командирине чейин жетип, Түркмөнстандагы басмачылар менен 1936-жылга чейин күрөшкөн. Анын далысында кылыч менен чабылган так бар эле. Ошентип кыргыз жаштары өзүнүн туулган айылында советтик коомду гана курбастан боордош түркмөн элине да салымын кошкон. Түркмөнстандан келгенден кийин Түп районунда ОСОВИАХИМде инструктор болуп иштеген. Жаштардын дене тарбиясын жакшыртууга бир кыйла иштерди жүргүзгөн. Бул кызматта 1941-жылдын июнь айына чейин иштеген. Согуш башталганда биринчилерден болуп армияга алынып, Кыргызстанда уюшулган Панфиловдун дивизиясында болуп, андан Алматы шаарынан Москвага барып, ал жерден Сталинград багытындагы согушка катышып, өтө оор жарадар болуп келген. Анын денесиндеги

осколкалар, акыркы күнгө чейин болду. Армиядан келгенден кийин Талды - Суу айылынын жаштарына кыяк, мондалинде ойноону үйрөтүү боюнча кружок уюштуруп жүрдү. Анын музыкага болгон шыгы да бар эле. Биздин аталарыбыз биздин келечегибизди ойлоп өздөрү эч кандай балалык доорду же карылык доорду көргөн эмес.



Алар өздөрүнүн мүмкүнчүлүгүн биздин келечегибиз үчүн жумшаганы баарыбызга белгилүү. Ошондуктан, өткөн адамдардын тарыхын эске алып, абийирдүү, ыймандуу, адептүү, өлкөбүздү сүйгөн адамдардан болушубуз керек.

**Бекен АМАНОВ,**
**пенсионер.**

# БИЗДИН СЫЙМЫГЫБЫЗ



Биздин атабыз Усупбеков Турдубектин алгачкы өмүр чыйыры улуттук аскердик түзүлүшүбүздүн башаты болгон Кыргыз улуттук атчандар полкунун даңктуу тарыхы менен тыгыз байланышкан. Ал жөнүндө эскадрондун ошол кездеги командирлеринин бири полковник В.А. Калачевдин "Солдаты Киргизии", Осмон Лайлиевдин "Последняя схватка", "Дети бурь", Назарбек Тунтеевдинн «Красные кавалеристы Кыргызстана», Кыргыз эл акыны Эрнис Турсуновдун "Усупбеков Турдубек", Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмерлер Токтосун Иязалиевдин "Кыргыз Туусунда" жарыяланган "Жалында өткөн өмүр" деген көлөмдүү макаласында, Кыялбек Урманбетовдун "Менин атакем" деген музыкалаштырылган ырында, акын Аскар Макешовдун "Кыргыздын Кызыл кыраны" поэмасында жана башка авторлордун чыгармаларында Турдубектин бийик адамкерчилигин, билимдүүлүгүн, жоокерлерди окутууга жана машыктырууга

устаттыгы жагынан өзгөчөлөнүп, чоң кадыр-барктуу болгонун эскерип жазышат.

Т. Усупбековдун белгилүү замандашы Кыргыз атчандар полкундагы жоокердик кызматташы Кадыркул Качкеев эскерүүсүндө: «Биз экөөбүз дивизиондук чалгынчы болуп көп кокустуктарга кабылчу элек, ошолордон чыгуунун жолдорун оңой эле таап койчу. Өтө ишенимдүү, өтө акылдуу, күч-кайраты, баатырдыгы төп келген жигит эле. Анын эрдиктеринин бирин 1934-жылы чыккан «Ленинчил жаш» гезитинен да окудуңуздар.

Көп кырдуу өнөргө жакындыгын анын жоокердик баскан жолу да айтып турат, эскадрондун командири, саясий жетекчиси, дивизиондун чалгынчысы деген жооптуу милдеттерди аткарган.

«Кызыл туу» орденине да чоң эрдиктери үчүн 1930-жылы көрсөтүлгөн.

Атабыз 19 жашында 1925-жылы уюшулган Кыргыз атчандар эскадронуна өз ыктыяры менен кирип, бир аздан соң командирлерди даярдоо мектебин «эң жакшы» деген баалар менен аяктайт да, ошондон 1935-жылга чейин аскердик кызматтардын жооптуу жана ардактуу көп баскычтарынан өтөт.

Орто Азия аскердик округунда өткөргөн машыгууларда Т. Усупбековдун атчандары мыкты ийгиликтерге жетишкендигин Орто Азия аскер округунун ошол кездеги командири П.Е. Дыбенко буйруктары менен нечен ирет белгилегендиги тарыхый даректерден маалым.

Ташкендеги Орто Азия бириккен аскер мектебин эң жогорку баалар менен бүтүп келген соң Кыргыз улуттук атчандар полкунун 1-эскадронуна саясый жетекчи, командири болуп дайындалат. Атчандар полкунда он жылга жакын жетекчи кызмат өтөгөн соң 1935-жылы демобилизацияланат.

1942-жылдын башында Москванын алдындагы кандуу согуштарга катышат. Согуштун кызуу учурунда парашют менен түшүүнү өздөштүрүп, «отличник парашютист» төш белгиси менен сыйланганда атайын сүрөткө түшүп ата-энесине, жубайына, балдарына-ар-бирибизге өзүнчө жибергени атабыздын акыркы белеги болду.

Гвардиянын ага лейтенанты Усупбеков Турдубек кыргыз жоокерлеринен биринчилерден болуп, 21-гвардиялык аба десанттык полкунун ротасынын командирлигине дайындалат. Өзүнүн ротасы менен Украина жергесинде көп шаарларды, айыл-кыштактарды бошотууга катышат.

1943-жылы 21-августта Полтава облусундагы Котельва шаарын бошотуу үчүн болгон катуу салгылашта 37 жаш курагында курман болуп, сөөгү шаардын борбордук паркындагы «Боордоштор көрүстөнүнө» коюлган. Эстеликтин бетинде баатырдык менен курман болгондордун тизмесинде Турдубек Усупбековдун да ысымы ташка чегилип, жазылып турат.

1988-жылы жыйырма жылдан ашык иликтеп жүрүп, СССР Коргоо министрлигинен берген жооп каты боюнча атамдын баатырдык менен курман болуп, сөөгү коюлган дарегин билип энем экөөбүз, андан кийин иним Мурат экөөбүз Котельва шаарындагы «Боордоштор көрүстөнүнө» барып, туулган жеринин топурагын септик.

Атамдын сакталып калган көптөгөн өкмөттүк сыйлыктары, документтери, ажалдуу октон каткан каны менен «Офицердик күбөлүгүн», анын ичинде жубайы Жамыйланын алты айлык уулу Мурат менен түшкөн сүрөтү, алган белектери азыр М.В.Фрунзенин үй-музейинде, Чолпон-Ата, Каракол шаарларындагы музейлерде коюлган.

**Дамира УСУПБЕКОВА,**
**Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген экономисти.**

## АЛГАЧКЫ СТАХАНОВЧУ

Үрүстөмов Дунгана 1890-жылы туулган. 1916-жылы Кыргыз эли менен чогуу Кытайга үркүп барып, 1918-жылы кайтып келген. 1918-1927-жылдары ар кандай жумуштарда иш кылат. 1927-жылы айылда колхоз уюшулат. 1928-жылы «Пионер» колхозу уюшулуп, анда атабыз койчу болуп иштейт.

1934-1936-жылдары ошол эле колхоздо жылкычы болуп

★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★



эмгектенет. Бул жылдар аралыгында жылкыларды мыкты асырагандыгы жана алардын санын көбөйткөндүгү үчүн колхоздун эң алдынкы жылкычысы аталган. 1936-жылы Москвага Бүткүл Союздук малчылардын кеңешмесине (съездине) катышып, Стахановчу аталып, СССР Жогорку Советинин Президиумунун председатели Калининдин колунан «Ардак белгиси» орденин алган, ал кеңешмеге И.В.Сталин да катышкан.

1936-1940-жылдары «Пионер» колхозунда ферма башчысы болуп иштейт. 1938-жылы Челпек шайлоо округунан Кыргыз ССРинин Жогорку Советине депутат болуп шайланган. Депутаттык милдетти 1946-жылга чейин аткарган.

1940-1947-жылдары «Мирный» колхозунун башкармасынын төрагасы болуп иштейт. 1947-1960-жылдары ошол эле колхоздо ферма башчысы болуп эмгектенет. 1960-1980-жылдары токой чарбасында, баш токойчунун милдетин аткарат. Атабыз Үрүстөмов Дунгана 1994-жылы жарык дүйнөдөн кайткан.

**Абдыкалык ДУНГАНАЕВ,**
**уулу, филология илимдеринин кандидаты,**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун доценти.**
**Максат РЫСКЕЛДИЕВ,**
**Каракол шаардык мэриянын Муниципалдык мүлктү**
**башкаруу департаментинин начальниги, небереси.**

# ПИСЬМА - БЕСЦЕННЫЕ СВИДЕТЕЛИ ИСТОРИИ



Удивительное явление представляют сегодня фронтовые солдатские письма. Прошло шестьдесят пять лет с тех пор, как закончилась Великая Отечсственная война. Давно превратились в прах павшие в боях, но нетленными остались солдатские треугольнички-письма, маленькие пожелтевшие листики бумаги, торопливо исписанные простым карандашом. Они - бесценные свидетели истории и память о родных и близких, ушедших и не вернувшихся с полей брани. Более тридцати лет хранила такие письма моя бабушка, а потом передала их мне. Автор этих писем - мой дед Чонкобаев Асан, его нет в живых уже шестьдесят восемь лет. Но жив человек, которому они были адресованы, кто свято хранил эти обжигающие сердце ветхие солдатские треугольники. Они, как следы в памяти и если идти по этим следам, то можно составить своеобразную летопись войны.

Чонкобаев Асан родился летом 1917 года в селе Талды-Суу Тюпского района Иссык-Кульской области в семье батрака. В 1935 году закончил семилетнюю школу, поступил в Пржевальский педтехникум, в 1937 году успешно окончил его и был направлен в город Ош преподавателем школы. В 1939 году назначен директором школы города Ош, вступил в ряды Коммунистической партии. Осенью 1941 года переведен директором школы села Корумды Тюпского района. Он неоднократно писал заявления в районный военный комиссариат с просьбой отправить его на фронт. Однако военком отказывал ему, ссылаясь на то, что он имеет бронь обкома партии, как нужный специалист в сфере образования.

Только летом 1942 года его призвали в ряды Красной Армии. Перед уходом на фронт вынул из люльки меня, двухмесячную Жамалкан, прижал к груди и, смахнув набежавшую слезу, проговорил:

«Кенжекан, береги моих детей. Что бы со мной не случилось, ты должна вырастить и воспитать их. А я постараюсь остаться в живых...». Потом он попрощался со своей матерью, крепко поцеловал ее, что-то пытался сказать ей, но его слова заглушал раздирающий душу плач Асылкан эне. Когда он перешагнул порог дома, она заголосила так, что, казалось, содрогнулся земляной пол, содрогнулась вся деревня.

Закрыв лицо руками и продолжая плакать, Асылкан эне шла, пошатываясь. Слезы застилали ей глаза, а она все шла и шла. Потом от бессилия упала. Сын помог ей встать, уговаривая беречь себя и детей, обещал скоро вернуться. Асылкан эне до самой смерти ждала сына, все время смотрела на дорогу. Недаром в народе говорят: «Ждет солдата только мать».

По дороге он прощался с каждым, кто встречался ему на пути. Женщины, давно проводившие на фронт мужей, утирали горькие слезы.

Он уходил все дальше и дальше, часто оглядывался и прощально махал руку. Кенжекан эне, закрыв лицо руками, продолжала плакать. Она, наверное, чувствовала, что видит мужа последний раз. Но давайте вчитаемся в пожелтевшие от времени и стершиеся на сгибах треугольники, которые бережно хранила моя бабушка.

Вот первое письмо от 15 июля 1942 года:

**«Здравствуйте, дорогие мои!**

**Наконец-то мне предоставилась возможность написать вам. От волнения даже руки дрожат. Нахожусь на военных курсах в Кой-Таше, учусь воевать. Вернее, учусь убивать, хотя никто из нас никогда и не думал, что придется это делать. Но судьба обязывает нас к этому: надо защищать страну от фашизма, а если потребуется, то и отдать жизнь за Родину. А вообще-то, как говорил нам инструктор, вернувшийся с войны инвалидом, погибнуть несложно, а вот труднее остаться живым, потому что только живые приносят победу.**

**Учеба идет быстро. Наши солдатские университеты: день за месяц, месяц за год. Через месяц заканчиваю курсы. Когда нас отправят на фронт - неизвестно. Во всяком случае скоро.**

**Крепко целую вас всех тысячу раз. Береги детей и себя во имя их. Ваш Асан».**

Кенжекан эне каждый день по несколько раз перечитывала это письмо со слезами на глазах, вечером после тяжкой работы в колхозе. Мы не знаем, что она написала ему в ответ, но второй треугольник пришлось ей ждать долго. Письмо от мужа пришло лишь 30 октября 1942 года.

**«Дорогие мои любимые мама, Кенжекан,**

**Мухамеджан, Жамалкан!**

**Я получил от вас весточку еще там, в Кой-Таше. Если бы ты знала, милая моя, сколько радости она мне принесла! Как только выдается свободная минута, так читаем твое письмо вместе с Тукешем, нашим родственником и односельчанином. Он, кстати, передает тебе привет и завидует мне, ведь у меня есть семья - Мухамеджан, Жамалкан и ты.**

**Ответить из Кой-Таша у меня не было времени, спешно шли сборы к отъезду на фронт. Я попал туда, где идут кровопролитные оборонительные бои на подступах к Сталинграду. Как видишь, угодил я в самое пекло войны на передовую. И уже успел испытать себя в первом бою. Жуткое это зрелище, не дай Бог увидеть это моим детям. Каждому солдату всегда хочется выйти из боя живым, но когда нужно, он поднимается и идет в атаку, не думая о смерти. Кто хоть раз ходил в атаку, тот, конечно, смотрел смерти в лицо, тот знает и понимает истинную цену жизни.**

**Пока все. Пиши мне почаще. Обнимаю вас всех и целую. Мой адрес: ППО 9177. Ваш Асан, 30.10.1942г. ».**

Это письмо примечательно тем, что правдиво, без прикрас и приглаживаний передает душевное состояние солдата. Очень точно это состояние перед боем выразил поэт-фронтовик Гудзенко:

***Когда на смерть идут - поют,***
***А перед этим можно плакать.***
***Ведь самый страшный час в бою,***
***Час ожидания атаки.***

В октябре в Сталинград по решению Ставки было переправлено через Волгу более шести доукомплектованных дивизий, так как от старого состава 62-й армии, по сути дела, ничего не осталось, кроме штабов.

Ожесточеннейшие сражения в самом городе и прилегающих районах продолжались. Гитлер требовал от командования группы армии «Б» и от командующего 6-й армией Паулюса в самое ближайшее время взять Сталинград. В течение октября противник развернул новое наступление в надежде уже на этот раз обязательно покончить со Сталинградом. Но вновь, как прежде, он встретил упорную оборону советских войск. Особенно ожесточенно дрался наряду с другими дивизиями 109-й полк 138-й дивизии, где служил красноармеец Чонкобаев Асан.

Дни и ночи не прекращались бои на улицах города. В домах, на заводах, на берегу Волги, везде и всюду. Части Красной Армии, понеся большие потери, остались в небольших «островках» Сталинграда. Но уже в ноябре 1942 года он пишет, что письма от него будут приходить редко.

**«...Мы прорвали оборону противника и перешли теперь в наступление. Вот уже четыре ночи не спим, все время гоним фашистов на запад.**

**Война, Кенжекан, это тяжкая работа. Трудно сосчитать, сколько мы уже вырыли окопов, траншей, землянок и могил. Всего того, что я пережил за это время, не расскажешь.**

**На этом всё. Иду в бой. Целуй за меня моих детей и береги их. Как я был бы рад увидеться с вами хоть на часок. Это письмо я отправляю перед боем. Все может быть, мы совсем не отдыхали несколько дней.**

**До свидания, дорогие мои. Если погибну, то встречу смерть мужественно».**

Перед Новым годом почтальонша принесла похоронку: **«Смертью храбрых в боях за Родину погиб красноармеец Чонкобаев Асан».**

В начале 1943 года Москва торжественным салютом возвестила

миру о разгроме 6-й армии Германии под Сталинградом. Но время не властно над подвигом наших отцов, дедов и прадедов, отстоявших свободу и вписавших яркие страницы в героическую историю страны.

Вечная память и слава солдатам Великой Отечественной. Низкий поклон их праху, они навсегда останутся в наших сердцах героями Великой Отечественной войны.

**Жамалкан АСАНОВА, дочь.**

# АТАБЫЗДЫ ЭСКЕРЕБИЗ



Мамыркул Чөкүев 1905-жылы Энчилеш айылында кедей дыйкандын үй-бүлөөсүндө туулган. Мамыркул кичинесинен эле тири карак болуп өстү. Муну байкаган агасы Мөкү Боз-Учук айылындагы тааныш досу И.Шубинге берип, кат сабатын ачууну өтүнөт. Бул адамда жүрүп Мамыркул орус тилин билип, кат сабаты жоюлуп, көп нерсеге көзү каныгат.

1916-жылы Үркүндө Мамыркул чет жерде өлбөстүн күнүн өткөрүп, эптеп кайра элине келет. Совет бийлиги орногондон кийин Мамыркул айылда комсомолдук ячейкага жетекчилик кылат. Кийин билимин улантып Каракол шаарындагы орус-тузем мектебинде окуп, ал жерден көп нерселерди үйрөнөт.

1929-жылы ВКП (б)нын катарына өтүп, атчандар дивизиясында уюштурулган партиялык уюмдун катчысы болуп иштейт. Ташкент шаарындагы аскердик окуу-жайында, кийин Орто Азиялык коммунисттик университетинде билимин улантат. 1940-1942-жылдары Москва шаарында ВКП(б)нын алдындагы жогорку саясий партиялык мектептин угуучусу, 1942 - жылы август айында Мамыркул Кыргызстанда уюштурулган 107-улуттук атчандар дивизиясында саясий жетекчи болуп кызмат өтөп, майор деген

аскердик чин алат. 1943-жылдын аягында Украинанын Белгород жана Харьков шаарларын душмандардан бошотуу үчүн болгон согуштарга катышат. 1944-жылдын 22-сентябрында Латвияны фашисттик баскынчылардан бошотуу үчүн согушта баатырларча курман болгон.

Азыркы учурда Мамыркулдун неберелери Кыргызстандын өсүп өнүгүүсүнө өз салымдарын кошууда.

**Өмүрзак уулу Канатбек.**

# БЫЛ НАГРАЖДЕН САБЛЕЙ



Черикбаев Карасарт - кавалер ордена Красной звезды, Великой Отечественной войны 2 степени, имел 4 медали «За отвагу» и 8 других медалей. Он был очень уважаемым и почитаемым аксакалом в родном селе Талды-Суу Тюпского района. Дети его просто обожали и постоянно окружали его, для каждого ребенка у него находились теплое слово и конфетка.

Черикбаев Карасарт родился в 1911 году в семье крестьянина. Он был трудолюбивым и любознательным парнем. Рано освоил грамоту, работал бригадиром в колхозе с. Талды-Суу. В 1935 году был назначен начальником Ананьевского отдела милиции, вел борьбу с контрабандистами. За отличную работу и поимку особо опасной банды был награжден именным холодным оружием - саблей.

22 июня 1941 года фашистская Германия напала на Советский Союз. Дедушка Карасарт всегда вспоминал этот день с болью. В тот день родилась его третья дочь, а спустя несколько часов он узнал, что началась Великая Отечественная война. Он сразу же обратился в военкомат, с просьбой отправить его добровольцем на войну, но ему отказали, мотивировав это тем, что он должен подготовить молодежную смену в органах милиции.

В октябре 1941 года дедушку Карасарта направили в Воронеж, на обучение в артиллерийский полк. Дома остались молодая жена с тремя малолетними детьми и старики - родители. Через месяц он оказался на передовой в составе Воронежского артиллерийского полка, командиром орудийного расчета. Воевал он мужественно, был награжден орденом и медалями. В декабре 1943 года он был тяжело ранен в боях под Сталинградом. Почти полгода он лежал в госпиталях, перенес несколько сложнейших операций. В госпитале г. Горького у него началась гангрена, где ему отняли ногу.

Выписавшись, приехал в родное с.Талды-Суу дедушка Карасарт в августе 1944 года, иивалидом II группы. Бабушка Калбубу была рада, что он вернулся живой. Несмотря на отсутствие ноги, он стал работать контролером на весах в колхозе. Позже, когда уже здоровье не позволило ему работать целыми днями в поле, перевелся почтальоном в почтовое отделение и там проработал более 10 лет, несмотря на то, что уже был на пенсии. Все любили его, он хорошо знал людей и помогал каждому. Работал он почти до 75 лет. Свою жизнь он посвятил детям и поискам пропавшего без вести младшего брата, но так его и не нашел.

Он был почетным пионером в школах не только Тюпского района, но и школах №5, №39, №64 г. Бишкека. В 1993 году дедушка Карасарт умер в окружении домочадцев: 7 детей, 39 внуков, 58 правнуков, 5 праправнуков. Все они знают, что у них был легендарный дедушка.

**Чинара БИЯЛИЕВА,**
**внучка, кандидат философских наук.**

# ЧАРБАКЕР АДАМ БОЛЧУ

Сокен Чекиров Көл кылаасында жаңыдан эл отурукташа баштаган чакта, 1927-жылы Чолпон-Атада жарык дүйнөгө келген. 1937-жылы «Бирлик» башталгыч мектебинин 4-классын, 1941-жылы «Долинка» толук эмес мектебинин 7-классын, 1942-жылы «Бостери» орто мектебинин 8-классын бүтүргөн. Анын өспүрүм кези Улуу Ата Мекендик согуштун 1942-жылына туш келип, каруусу



ката элек, бели бекий элек, ойносо оюнга тойбогон жаш курагы ушинтип алаамат күндөргө камырдай жуурулушкан. 1942-1944-жылдары «Бирлик» колхозунда колхозчу болуп иштейт. Жаш уландын ушунчалык тырышчаактыгын жана зиректигин баамдашып, аны 1944-1947-жылдары эсепчиликке дайындашат. Жеңиш кубаныч тартуулаганы менен элдин жашоо тиричилиги али жакшыра элек, эл тыңый элек чакта, атабыз билимин өркүндөтүүнү көздөп, ач-токко карабай, тартыштыкты санабай, билим алуудан жадабай, келечекти кең ойлоп, 1947-жылы Фрунзе (Бишкектеги) айыл чарба техникумуна кирип, 1949-жылы анын бухгалтериялык бөлүмүн ийгиликтүү аяктаган. Окуусун бүтүп келгенден кийин 1950-жылдан 1956-жылга чейин «Бирлик» колхозунда эсепчи, башкы эсепчи болуп иштейт.

Ар бир мезгил өз учурунда турмуштук тарбия, кыйынчылык менен жокчулук, согуштун азаптуу күндөрү менен жылдары, анын тактары менен кесепеттери, азап-тозоктору адамды чыйрак, зирек, бүйрө кылып бышыктырат окшобойбу. Бар-жокко бирдей мамиле жасоого дасыктырат тура.

Атабыз турмуштун ысык-суугун башынан кечирип, айылдыктардын жашоосун беш колдун салаасындай билип, түшүнүп калган. Бат эле чарбанын экономикасы көтөрүлүп, социалдык абалы жакшырып, өрүшү малга, кампасы данга толот. Колхозчулар эмгегине эгин, акча алып калышат. 15 жыл ошол чарбада иштеген.

1956-жылы партиянын чакырыгы боюнча артта калган «Өрүктү» колхозунун айыл чарбасын алга жылдыруу максатында отуз миңчилердин катарында төрагалыкка жиберилген. 15 жыл колхозду башкарып, жыйнаган-тергени бир машинага да толбоду. «Мурдагылар түн жамынып көчүп, эмне деген оокатты ташып кетчү эле, Сокин чынында элге ак ниет мамиле жасап, бирөөгө да, өзү да тыйынчалык зыян келтирбептир. Ак жеринен кетти...» дешип уу-дуу

сөз тараган...

-“1967-жылы мен, Ысык-Көл райондук аткаруу комитетинин председатели болуп иштеп турганда, Чоң Өрүктү айылынын тургуну Жаныбеков Асандан кайрылуу арызы түшөт. Арызда ал тургундун абдан оор ахывалы тууралуу жазылат. Аскерде өз кызматын аткарып жатып, оор жаракат алып, ошонун натыйжасында колу, буту шал болуп, кыймылсыз жатып калгандыгы, үй бүлөсү материалдык жактан абдан начар абалда болгондугу баяндалат. Райондун башкы терапевти Мария Григорьевна Кондратьева, МСОнун начальниги Фома Харитонович Кан, үчөөбүз Чоң Өрүктүгө, Сокин Чекиров башкарган чарбага келдик. Оорукчанды таап, ал жигит чындыгында эле энеси экөө бир кичине бөлмөдө турмуш сүрүп, өзү жупуну керебетте кыймылсыз жатканын көрдүк. Ал жигиттин «кудай берген чымыны бар» ыр чыгарып, аны энеси кагазга түшүрөт экен. Ошол замат чечим кабыл алып, эки бөлмөлүү үй салып берүүнү чечтик. Жогорку бийликтегилерден кеп-сөзгө калуудан коркпойсузбу, деп кайрылгандарга, жоопкерчиликти өз мойнума алаарымды айттым. Чечим кабыл алынган күндөн баштап, бир айдын ичинде, эки бөлмөлүү үй салып, аларды үйгө киргиздик. Ошондо майып жигит ыраазычылыгын билгизип, - өлүү болсом арбагым ыраазы, тирүү болсом, кудайдан тилеймин, башыңардан жакшылык кетпесин, деп батасын берип, алкышын айткан. Ошол учурда Сокин башкарма эле», деп эскерет Салима Орозбаевна Орозбаева.

1971-жылы Чолпон-Атадагы коммуналдык чарбага жетекчи болуп дайындалат. Арадан эки жыл өтпөй, 1973-жылы №54 жылкы заводунун «Өрүктү» бөлүмүнө башкаруучулукка жиберилет. Ошентип «Өрүктү» кайрадан өзүнчө совхоз болгонго чейин иштейт. 1974-1987-жылдары «Көгүлтүр Ысык-Көл» санаторийинде башкы дарыгердин чарба иштери боюнча орун басары, коммуналдык чарбанын начальниги, 1983-1987-жылдары Чолпон-Ата мейманканасынын директору болуп эмгектенип, 1987-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Өлкө алдында сиңирген эмгектери үчүн алты медал, 1958-1966-жылдары Кыргыз Республикасынын эки Ардак грамотасы, 1959-жылы Кыргыз Республикасынын грамотасы, 1978-1980 жана 1982-

жылдары Кыргыз Республикасынын коммуналдык чарбасынын Министрлигинин Ардак грамоталары менен сыйланган. 1959-1966-жылдары иштеген ишинде жетишкен ийгиликтери үчүн Москва шаарындагы Бүткүл союздук көргөзмөгө (ВДНХ) жолдомо берилип, ага катышып келген. Кыргыз Республикасынын алдында өзгөчө сиңирген эмгеги үчүн 1997-жылы персоналдык пенсионер болгон.

Чекиров Сокин иштеп турган убактарда бир нече жолу Чолпон-Ата шаардык, Өрүктү айылдык, Ысык-Көл райондук жана облустук кеңештерге депутат болуп шайланган.

Өрүктү колхозунда 16 жыл башкарма болуп иштеген эмгегин баалашып, 2005-жылы атабыздын атын түбөлүккө калтыруу максатында Чоң-Өрүктү айылынын эли айылдын бир көчөсүнө Чекиров Сокиндин ысмын берип, өзү иштеп турганда салдырган эки кабат клубка, азыркы учурда «Маданият үйүнө» сүрөтү менен мемориалдык тактасы илинген. 11-май 2010-жылы Ысык-Көл райондук кеңешинин №7 токтомунун негизинде Чолпон-Ата шаарындагы «Горький» атындагы көчөсүнө Чекиров Сокиндин ысымы ыйгарылды.

12 баланы - 9 эркек, үч кызды тарбиялап, уядан учурган, 40 небере, 12 чөбөрөсүн көрүп калды. 2003-жылы 29-августта дүйнөдөн кайткан.

**Жоомарт ЧЕКИРОВ,**
**уулу.**

## ЖАШ КУРАГЫН АЯГАН ЖОК

Эгембердиев Самак 1909-жылы Ысык-Көл районуна караштуу Чок-Тал кыштагында кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Эмгек жолун 4-класс билими менен 1930-жылы колхоз уюштуруудан баштап, Чок-Тал колхозунда бригадир, кампачы, ферма башчысы болуп иштеген. 1936-жылдан 1959-жылдын ноябрь айына чейин Чок-Тал, Тегизчил колхозунун башкармасынын төрагасы, 1959-жылдан 1962-жылга чейин Чоң-Сары-Ой айылдык аткаруу кеңешинин төрагасы, 1962-жылдан баштап кайрадан Чок-Тал колхозунун



башкармасынын төрагасы жана Карл Маркс атындагы колхоздун №3 комплекстүү бригадасынын бригадири, 1966-жылдын март айынан 1967-жылдын май айына чейин Чоң-Сары-Ой айылдык кеңешинин аткаруу комитетинин төрагасы болуп иштөө менен эл чарбасын өнүктүрүүгө олуттуу салымын кошкон.1967-жылдын май айынан тартып жергиликтүү маанидеги персоналдык пенсионер.

1930-жылдан берки жана 1941-1945-жылдагы Улуу Ата Мекендик согуштун учурундагы, эл чарбасын өнүктүрүүдөгү эмгеги бааланып,\ "Эмгек Кызыл Туу" жана үч жолу "Ардак Белгиси" ордендери жана көптөгөн медалдар менен сыйланган. Кыргыз ССРинин Ардак грамотасына татыктуу болгон. Кыргыз ССР Жогорку Советинин 2-жана 3-чакырылышынын депутаты болуп шайланган.

Эл агартууну, ден соолукту сактоону өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурган. Ушул жааттагы ишмердүүлүгү үчүн Кыргыз Республикасынын Эл агартуусунун жана Ден соолукту сактоонун отличниги, 1969-жылдын 1-мартынан тартып Карл Маркс атындагы колхоздо ардактуу колхозчу, пенсияга чыкканына карабастан өмүрүнүн акырына чейин эл чарбасында ар кандай иштерди аткарган.

Самак эл үчүн эбегейсиз зор эмгек жумшап, ишкердүүлүктүн, мээримдүүлүктүн, эмгекчилдиктин, ыймандуулуктун үлгүсүн көрсөттү. Эс тарткандан эмгек менен жуурулуп, калк кызматын кайраттуу аткарды. Жүрөк отун, жаш куракты аябай, дыйканчылыкты өнүктүрүүдө өзү иштин башатында болду. Эгембердиев Самак 1990-жылы 4-апрелде 81 жаш курагында дүйнөдөн кайткан.

**Небереси.**

# КЫЗЫЛ МУГАЛИМ



Ушул кезге чейин бул адамдын аты эл оозунан түшпөй жүргөнүнүн жөнү бар. Бул бактарды Дүйшөбай Эркимбаев тиктирген. Чоң көчө менен орто көчө, чолок көчөлөр ошонун жетекчилиги астында пайда болгон дешет. Агартуу майданынын алгачкы азаматы, «кызыл мугалим» деген атка конгон калк кадырлаган адамдан биз дагы көп тарбия, таалим алганбыз.

Жеке эле агартуу иши эмес, маданият, адабият, эмгекчилердин саламаттыгына чара көргөн. Коллективдүү чарбаны уюштурууда көп эмгек сиңирген.

1921-жылдан баштап жаңы турмушту курууга, Советтик түзүлүшкө каны-жаны менен берилип, далайларын артынан ээрчитип иш артынан көшөрө түшүп элдин көзүн ачкан — Дүйшөбай Эркимбаев жакшы иштердин демилгечиси, дели айтылганы да ошондон.

Адегенде 15-16 гана мүчөдөн турган Күрмөнтү айылынын комсомол ячейкасы Дүйшөбай Эркимбаевдин демилгеси менен бара-бара 100гө жеткен. Айылдагы түз көчөлөр, жаңы, жакшынакай үйлөр. мончо куруу, саламаттык сактоо пунктун ачуу, балдарды мектепке тартуу сыяктуу жаңы жышаандар Дүйшөбай Эркимбаевдин түйшүктүү аракети менен ишке ашкан. Керектүү кезде өзүнүн жыгач үйүн коомдук иштерге пайдалануу үчүн да бошотуп берген. Айыл адамдары Ленин, большевик, Совет деген жаңы кулакка жагымдуу сөздөрдү ушул айыл активистинен уккандыгын эскеришет. Жаңыча кийингенди да ушул адамдан үйрөнүшкөн.

Кезегинде тап душмандары Дүйшөбай Эркимбаев жана ал сыяктуу жаңынын жарчыларын жок кылууга аракеттеништи. Жаш уландар менен кыз-келиндерди, үй-бүлөлөрүн, жакындарын кысмакка алышты. Бирок кандай кыйынчылыктар болсо дагы айылдын комсомолецтери жаңылыкка кадам шилтешти.

«Кызыл мугалимдер» нан, кийим-кече, унаанын жана башкалардын жоктугуна карабастан карандаш, кагаз жетишсиз болсо да маданиятсыздыкка, бейкапарсыздыкка, ар түрдүү диний көрүнүштөргө, эскинин калдыктарына каршы келишпес күрөш ачышты. Бул күрөштү көпчүлүк учурларда Дүйшөбай Эркимбаев жетектей турган. Тап душмандар аны чач койдуруп, жаштарды азгырды, динден чыгып кетти деп аябай жектешкен.

Дүйшөбай Эркимбаев Волисполкомдун, Каракол кантондук комсомолдун сьездине делегат болуп катышкан. Анын Түркстан комсомолунун жаштарынын 5-сьездине 1924-жылы делегат болуп катышышы сезимине зор таасир этти. Жаңы канат бүткөндөй болду. Шаар аралап көп нерсеге көзү каныкты. Кайтып келген соң сьездин чечимдерин жаштарга кеңири баяндоо иштерин жүргүздү. Комсомолдун катарына өткөндөр көбөйө берди.

Күндөлүк эмгеги бааланып ага Каракол Угоркому тарабынан алкыш жарыяланып, Ташкенттеги Коммунисттик Университеттин жумушчу факультетине окууга жиберилди. Бул ошол учурда зор ишенич эле. Билимге умтулган элеттик комсомолец алыс жүрсө дагы өнүп-өскөн айылындагы жаңы турмушту курууну эсинен чыгарган жок. Жаңы милдеттер жөнүндө кеңешин айтып кат жазып турган. Айылдаштарынын аң-сезимин өстүрүү максатында каникул мезгилинде улуу Лениндин осуяттары, милдеттери жөнүндөгү китепчелерди, «Эркин Тоо» газетасынын көп сандарын таратып берип жүрдү.

Ташкентте окуп жүрүп катуу ооруп калганда кектүүлөр, жаңынын душмандары айыл арасында «чийинден чыккан немеге каргыш тийди»- деген сыяктуу жөө туман сөздөрдү да таратышты. Экинчи курсту жаңы эле аяктап окуусунан өксүгөн Дүйшөбай Эркимбаев Каракол-Нарын кантонунун аймактарына агартуу иштери боюнча инспектор болуп иштеди. Жол катнаш өтө кыйын жана эл

жаңы гана отуруктакашкан, өтө чачкын кез. Кызыл куржунга керектүү кагаздарды салып атчан бир айылдан экинчи айылга сапар чегээр эле. Көп учурда ишенимдүү адамдардын коштоосу менен жүрүүчү.

Күндөп-түндөп айлап эмес, ой-тоодо жарым жылдап да жүрүүчү. Мектептеги архивинде тиркелген документтер ошол кездеги узун сапардын даана күбөсү. Кочкор, Нарын, Түп, Барскоон, Түргөн. Чок-Тал, Өрүктү, Чолпон-Ата жана башка болуштардагы мектептерди кыдырып, балдарды, айрыкча кыздарды окууга тартуу, окуу тарбия иштерди жакшыртуу, мектептин имаратын оңдоо, кошумча класс бөлмөлөрүн ачуу жагынан көп күч жумшады. Албетте, бул ишке жергиликтүү партиялык, советтик уюмдар жигердүү жардам берип турушкан. Ал үчүн алар менен тил табышуу да кыйынга турган.

Дүйшөбай Эркимбаев өзүнүн саясий билимин тынымсыз өркүндөтүү менен методикалык көрсөтмө жагынан ар бир агартуу кызматкерлерине көп кырдуу жардамын аяган эмес. Жалпыга милдеттүү окуу законун турмушка ашырууда ата-энелер жана коомдук уюмдар менен тил таба билген. Дал ошол жылдары Үлгү, Барскоон, Чолпон-Ата, Талды-Суу, Кереге-Ташта анын түздөн-түз демилгеси менен мектептердин чакан имараттары курулган. Алар шартка жараша зарыл жасалгалар менен жабдылган. Мектеп айланасына бактын көчөттөрү тигилген. Ата-энесиз жана муктаждыгы бар балдарга жардамы уюштурулуп, ар кайсы шаардагы окууларга жөнөтүүгө жардамдашкан. Ал далай өмүрүн күрөштүн кырдаалында өткөрдү. Жашында жаңылыктын жарчысы катары чыгып, элди маданият сересине үндөгөн.

1928-жылы Дүйшөбай Эркимбаевге дагы бир өз мезгилиндеги өтө маанилүү иш тапшырылды. Ал жаңы алфавитти окутуу боюнча курска жетекчи болуп дайындалды. Андан кийинки жылдарда агартуу майданында ат салыша иштеп, зор жумуштарды аткарган.

1937-жылы бул адам Түп райондук элге билим берүү бөлүмүн жетектеди. Эркимбаевдин ал мезгилдеги активисттерден айырмасы - агартуу майданынын татаал маселелерин жергиликтүү уюмдар менен биргелешип өз орунунда чечүүчү. Бир көрсөң Ой-Талда, Кудургуда, ал эми бороон улуп турган кезде Сары-Тологой, Кең-

Суу мектептеринде иш менен алек болгонуна таң калаар элек. Көбүнчө жердин шартына ылайык коомчулуктун, ата-энелердин кол кабышын уюштуруп, кемчиликтерди жоюуга аракет кылуучу. Иш десе ичкен ашын жерге койгон адам Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында Талды-Суу райондук агартуу бөлүмүнүн башчысы болуп үзүрлүү эмгектенди. Ошол жылдары кыскача курс ачтырып, мугалимдин жергиликтүү отрядын даярдоого көп күч жумшады. Экинчи жактан жоокерлерге жылуу кийим жана танканын курулушуна материалдык жардам уюштуруу ишин да колго ала жүрдү. Буга Коргоо Комитетинен рахмат айткан каттары күбө. Дүйшөбай Эркимбаевдин уул-кыздарынын баары эмгекчил болуп, орто жана жогорку окуу жайларын бүтүрүшкөн, өмүрлүк жарынын көкүрөгүндө «Баатыр эне» алтын жылдызы жаркырайт.

**Зина МАМБЕТСЕИТОВА,**
**СССР журналисттер союзунун мүчөсү**

## ЖООКЕР-ЖАЗУУЧУ



Унутта калып бара жаткан 1937-80-жылдардын китеп күйөрмандарынын сүрөттөгү сүйүктүү балдар жазуучусу Кусейин Эсенкожоев жөнүндө 90 жылдык маарекесин өткөрүүгө байланыштуу токтоло кетүүнү чечтим. Бул мезгилге чейин ал киши жөнүндө жазгандардын көпчүлүгү өмүр баянын, фронтко барганын, өлгөнү жөнүндө божомолдоп туура эмес маалыматтар берилип келген. Кыргыз Совет энциклопедиясында, окуу китептерде Ата Мекендик согушка бараары менен 1941-жылы өлдү деген туура эмес жазуулар калып калган. Юбилейине даярдануу менен бирге биз көптөгөн архивдик

материалдарды карап чыгып, толуктоолорду, тактоолорду киргиздик.

Кусейин Эсенкожоев коңурат уруусунан. Чоң атасы Мадылдын 5 уулу болгон. Анын үчүнчү баласы Тажыбектен 5 бала: Иманкожо, Эсенкожо, Эсеналы, Мукамбет, Абдылда төрөлгөн. Иманкожонун неберелери биз сегиз бир тууган. Эсенкожодон төрт бала, анын экинчиси Кусейин, Эсенаалыдан 12 небере бар. Биз бир туугандары мен, Берен, бир тууган жээни Маралбаев Баяке болуп 2009-жылы 22-сентябрда атайын К.Эсенкожоев атындагы коомдук фонду түзүп тукум калтырмак түгүл, үйлөнбөй баатырдык менен Улуу Ата Мекендик согушта 15-март 1944-жылы курман болгон агабыз жалгыз гана бизге тууган болбостон,бүтүн Кыргыз журтчулугуна таандык экенин белгилөө менен бирге, өзү туулуп өскөн Ичке-Булуң айылында монументалдуу эстелигин тургузуп, китептерин чыгаруудабыз. Бул демилгебизди райондук, областтык администрациясы колдоодо. Кусейин Эсенкожоевдин өмүр жолун, чыгармачылыгын тактоодо областтык район-шаардык архивде, китепканаларда чыгармалары, жазуучу жөнүндө баяндама жокко эсе экендигине күбө болдук. Эбепке себеп демекчи, 2010-жылы 7-августа Араб өлкөсүндөгү элчибиз Жусупбек Шариповдун келишинде Каракол шаардык ветерандар Кеңешинин төрайымы Орозбаева Салима эженин Ата Мекендик согушка катышкан инсандар жөнүндө китеп чыгаруу оюу, Кусейин Эсенкожоев жөнүндө малымат берүүгө түрткү болду.

Кыргыздын биринчи фантаст-балдар жазуучусу Кусейин Эсенкожоев 1920-жылы 20-майда Жети-Өгүз районундагы Ичке-Булуң айылында туулган. Атасы Эсенкожо кат тааныган молдо болгон.1928-жылы Кытайда Үркүндө калып калган бир тууган карындашына бара жатып, Казакстандын Сумбо деген жеринде бөөдө кырсыктан каза болот. Энеси Бүбүш Талып молдонун карындашы болгон. Ал 1962-жылы 10-майда каза болгон. Кусейин 4 бир тууганды экинчиси. Улуу бир тууганы Сана 1914-жылы төрөлгөн, согушка 1941-жылы Сүлүктү шаарынан кетип дайынсыз. Андан кийинки иниси Аскарбек согуштун алдында атчандар тобуна алынып, Кеминдин Жаңы Алышында машыгуудан кокустук менен

казa тапкан. Эң кенжеси Зайнакан 1999-жылдын 30-августунда кайтыш болгон.

К.Эсенкожоев тогуз жашынан баштап таякеси-учкуч Байымбетов Иманкулдун тарбиясында болот. 1937-жылы педагогикалык окуу жайына кирип, аны артыкчылык-сталиндик диплому менен бүтүргөн. 1938-жылдын 25-июнунан 1939-жылдын 1-сентябрына чейин Кыргызстан Мамлекеттик басмасында редактор, балдар адабиятында бөлүм башчы болгон. 1939-жылдын 1-сентябрынан пединституттун студенти. 1941-жылы өз каалоосу менен 3-курста окуп жатканда Улуу Ата Мекендик согушка аттанат.1941-жылы 14-декабрда Алма-Ата шаарынан командирлик курсту аяктап, лейтенант деген чин алып, согушка кирген. 1942-жылы 23-августа Калуга шаарында жарадар болуп, айыгып кайрадан согушка кирген 1944-жылы 15-мартта минометтук взводдун командири, гвардиялык Нижнеднепровск Кызыл Туулуу гвардиялык дивизиянын офицери, Каармандык үчүн медалдын, Кызыл Жылдыз орденинин ээси Кусейин Эсенкожоев душмандын снарядынан курман болгон.

Өзүнүн кыска өмүрүндө балдар үчүн суу жана боз куштарды сүрөттөгөн 35 ырлары, 1937-жылы «Шарше», «Саякатчы бала», 1938-жылы «Үчүнчү шар», «Родинанын уулу» чыгармалары 1939-жылы Казан шаарында латын тамгалары менен жарык көргөн.

Өзүнүн чыгармаларында 1930- жылдарда ити жана өзү шарга отуруп учушу, кийинки 60 жылдарда анын фантастикасы ишке ашып космоско ит, анан кишилердин учканына күбө болдук

Котормолорунан 1939-жылы С.Михалковдун «Жолдоштор», 1940-жылы Жонатан Свифтин «Гулливер алптары», А.С. Пушкиндин «Падыша Салтан анын баатыр уулу князь Гвидон жана каныша Аккуу тууралуу» жомогун, К.Чуковскийдин «Айболитин», И.Рахтановдун «А.Иманов» аттуу ангемесин, М. Лермонтовдун «Акындын өлүмү», А.Пушкиндин «Көчкү», В.Маяковскийдин «Согуш жарыяланды», Байрондун «Караңгылык» деген ырларын кыргыз тилине которгон. 1939-жылы Одессага Жазуучулар Союзунун чогулушуна баргандыгы тууралу бир тууган бөлөсү Абдулхай Алдашовго (академик) Кусейин Эсенкожоев «мен каттоодон өтүп коридордо турсам, эки киши келип сен ким менен,



кайдан келдиң ата-энең эмне иштейт деп кызыгышып сураштьт. Мен өзүм эле келдим, атам өлгөн, энем жөнөкөй эле үй кызматта десем аябай таң калышты» деп айткан экен. Көрсө орусча тың сүйлөгөн 19 жаштагы К.Эсенкожоевди чоң кызматтагы атасын ээрчип келген деп ойлошуптур. Алар орустун белгилүү жазуучулары сүрөттөгү Василий Гросман жана Александр Фадеев болгон.

Биринчи фантас-жазуучунун чыгармалары 1952-жылы «Жалындуу жаштык»,1957-жылы «Ангемелер жана ырлар», 1972-жылы «К.Эсенкожоев», 1989-жылы «Биздин жердин куштары», 1990-жылы «Птицы нашей земли» жарык көргөн. К.Эсенкожоев менен фронтто чогуу кызмат кылган Белоруссиянын балдар жазуучусу, бүгүнкү күндө маданиятына эмгек сиңирген кызматкери Муравейко Иван Андреевичтин 1944-жылы 24-марттагы Кыргызстан Жазуучулар Союзуна жазган катын жазуучу Омор Сооронов 1990-жылы «Ала Тоо» журналынын 9 санына жарыяланган «Балдар адабиятынын баатыр жазуучусу» деген макаласында кенири токтолгон .Ал мындай башталган: ***«Кечээ, 23-мартта 1944-жылы К.Эсенкожоевдин наамына Кыргыз Республикасынын Гимнин түзүү жөнүндө кат келди. Бирок ал тирүү эмес эле. Экообүз бир жарым жыл бою бир полкто кызмат кылдык. Ал боорукер, камкор жана таланттуу акын эле. Ал менин ырларымды кыргыз тилине, мен анын ырларын орус тилине которчу элек. Мен бир нерсеге өкүнөм-анын дептерин алып силерге жибере албаганымда, анткени аны алып калууга мүмкүн болбогон шартта өлдү. Эгер мүмкүн болсо мага бир жакшылык кылып, Эсенкожоевдин чыгармалар жыйнагын жиберсеңер. Кыргыз элинин баатыр уулу, өз Мекенинин жалындуу патриоту жөнүндөгү эстелик, биздин жүрөгүбүздө***

*сакталып калсын. Ал душманды акын катары кыйратпастан, анын колунан жүздөгөн гитлерчилер кырылды. Анын көкүрөгүн «Эрдик» медалы жана «Кызыл Жылдыз» ордени коодоп турчу. Менин тилегим-согуш бүткөндөн кийин өзүмдүн эң жакын жолдошумдун жергесине барып келүү.*

**Гвардиялык саламым менен фронт акыны**
**И. Муравейко. 24-март, 1944-жыл.**

Өзүнүн өтө кыска өмүрүндө элине опол тоодой кызмат кылып, өзүнө өлбөстүн эстелигин тургузган чоң агабыздын аты өзү туулуп өскөн айылдагы көчөгө жана мектепке коюлган. Жазуучунун 90 жылдыгына карата Кусейин Эсенкожоев атындагы фондунун демилгеси менен мектептин алдына монументалдык эстелиги орнотулуп, чыгармалары кайрадан басып чыгарылды. Жогоркуларды жазуу менен бирге, алгачкы балдар жазуучубуз 19-20 жашта жараткан өзүнүн өлбөс-өчпөс чыгармалары менен кылымдан кылымга кала берет деген ойдомун.

**Шайы ИМАНКОЖОЕВА,**
**небере карындашы, Кусейин Эсенкожоев**
**атындагы коомдук фондунун төрайымы.**



★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★★

**УДК 85/815.0**
**ББК 88. 3 Ки**
**А 96**

**Жооптуу редактор:**
С. ОРОЗБАЕВА - коомдук ишмер, Кыргыз Республикасынын алдында сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн персоналдык пенсионери, Ардагерлердин Каракол шаардык кеңешинин төрайымы.

А 96. **УЛУУЛАР БАСКАН ЖОЛ-УРПАКТАР ҮЧҮН ЫЙЫК -.**
III-китеп. «Карга Аке» басма Үйү. 2011-жыл.
ISBN 978-9865-425-16-8

| | |
|---|---|
| **Редактор** | **С. НАМАЗБЕКОВ** |
| **Тех.редактор** | **Ч. АТАНАЕВА** |
| **Корректор** | **З. НАРЗУЛЛАЕВА** |
| **Верстка** | **А. КЕРИМБАЕВ** |

Сдано 20.12.2010. В печать 21.03.2011.
Формат 60х84/ Офсетная бумага №1.
Отпечатано офсетным способом. 19 п/л.
Тираж 1000. Заказ №180.

Типография ОсОО ПИ «фирма Дархан».
Изготовлено и отпечатано в издательском
доме «Карга Аке». г.Каракол, ул. Токтогула,104.
Тел.: 03922 5-23-08.